**Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу
Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча
улуттук комиссия**

**Кыргыз энциклопедия жана терминология борбору**

# МЕДИЦИНАДА КӨП КЕЗДЕШҮҮЧҮ ТЕРМИНДЕРДИН ОРУСЧА-КЫРГЫЗЧА ТҮШҮНДҮРМӨ СӨЗДҮГҮ

***Түзүүчүлөр: А. А. Эшбаев, Ч. А. Эшбаева***

**Бишкек – 2023**

УДК 614(038)
ББК 51.1я2
М 42

Сөздүк «Кыргыз Республикасында 2021-2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү» программасынын алкагында жарык көрдү.

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын алдындагы Терминология комиссиясы тарабынан басууга сунушталды.

**Рецензенттер:** К. Б. Бактыгулов, Т. Курманалиева, Т. Абдиев

**Редакциялык коллегия (Терминология комиссиясы):** Ж.К. Орозобекова (комиссиянын төрайымы), Н.К. Маражапова (комиссиянын төрайымынын орун басары), Т. Курманалиева (комиссиянын катчысы), мүчөлөрү: А.Э. Орозакунов, У.С. Чанов, Ч.И.Арабаев, Г.Т. Курманбекова, К.Дж. Джумабаев, Т.К. Сыдыкова, Т.Дж. Чортонбаев, Г.Т. Жаманкулова, А.А. Жапанов, Б.А. Жайлообаев, К.Б. Бактыгулов, А.К. Шаршенбаев, Э.А. Аламанова, Ы.К. Кадыров, А.Т. Абдиев, И.Ш. Султаналиев, С. Джаанбаев, А.К. Кылчакбаев.

М 42 **Медицинада көп кездешүүчү терминдердин орусча-кыргызча түшүндүрмө сөздүгү:** / Түз. А. А. Эшбаев, Ч. А. Эшбаева. – Б.: «Кут-Бер», 2023. – 288 б.

ISBN 978-9967-14-184-1

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили – кыргыз тилинин мындан ары дагы калыптануусуна жана өнүгүүсүнө, улуттук терминологияны мүмкүн болушунча ар кандай кемчиликтерден арылтууга жана мамлекеттик тилдин маданиятын көтөрүүгө салым кошуу бул сөздүктү түзүүнүн максаты болуп эсептелет. Сөздүккө медицинада көп кездешүүчү сөздөр, сөз тизмектери жана алардын маанилери камтылды, терминология жаатындагы так эместиктерди жана карама-каршылыктарды жоюу үчүн медициналык терминдерди бирдейлештирүү, иш кагаздарын, бейтап баяндарын мамлекеттик тилде жүргүзүүдө медицина кызматкерлерине жана башка пайдалануучуларга арналат.

УДК 614(038)
ББК 51.1я2

ISBN 978-9967-14-184-1

© Түз. Эшбаев А.А., Эшбаева Ч.А., 2023
© Кыргыз энциклопедия жана терминология борбору, 2023

## Баш сөз

Медициналык терминдерди кыргыз тилине которуу оңой эместигин моюнга алышыбыз керек. Ушул күнгө чейин медициналык аталыштардын (терминдердин) жана айрым сөздөрдүн кыргыз тилинде аталышы жана кыргыз тилине которулушу туурасында медициналык кесиптин ээлери арасында, ошондой эле жалпы калк ичинде ар кандай ой-пикирлер жаралып келүүдө.

Алгачкы медициналык-санитардык жана адистештирилген медициналык жардам, дарт табуучулук, дарт атын коюу, лабораториялык изилдөөлөргө анализдерди алуу ыкмалары, анализдердин аталыштары, ошондой эле медициналык манипуляциялардын үлгүлүк (стандарттары) алгоритмдери боюнча медициналык терминдер кыргыз тилине мүмкүн болушунча которулуп берилгени менен көп талаш-тартыштар болуп, көндүм болуп калган чет тилиндеги салттуу терминдердин «өзгөртүлүп» аталышына кайдыгер карабагандар дагы арбын. Ошол эле учурда сөзмө-сөз которулбаган көптөгөн дарт аттары байыркы грек, латын тилдериндеги аталыштар менен өзгөрүүсүз аталышы абзел.

Медицинада көп кездешүүчү сөздөрдүн, аталыштардын (терминдердин) орусча-кыргызча жана түшүндүрмө сөздүгү практикалык медицинада, медициналык иш кагаздарын алып барууда чоң жардам көрсөтөт.

Республикада мектепти кыргыз тилинде бүткөндөр басымдуулук кылганы менен, медициналык окуу жайларда адистик окуу стандарттары жана окутуу негизинен орус тилинде жүргүзүлөт, бул жагдайда кыргыз тилине которулуп жазылган колдонмо сөздүк өтө баалуу деп эсептеймин.

Колуңардагы колдонмо сөздүк практикалык медициналык кызматкерлердин ишинде пайдалануу жана дагы өзүнүн

дабагердик же медайымдык ишин жаңыдан баштаган, айрыкча практикалык көндүмдөргө ээ боло элек жаңы адистер үчүн керектүү стол үстүндөгү китеп боло алат.

Сөздүк негизинен медициналык кызматкерлер үчүн сунушталганы менен окурмандардын жаш курагына, улутуна ошондой эле кесиптик адистигине карабай, жалпы эле кеңири чөйрөдөгү адамдар пайдалана турган колдонмо китеп, маалымат булагы.

Сөздүктө медициналык аталыштардын кыргызчага которулуп, түшүндүрмө берилиши саламаттык сактоо кызматкерлери үчүн өтө керектүү жана медициналык иш кагаздарды жүргүзүүдө жакындан жардам берет.

**Г.М. Баатырова,**
Кыргыз Республикасынын
Саламаттык сактоо министри

## Кириш сөз

Медициналык аталыштардын кыргыз тилинде айтылышы жана жазылышы боюнча бүгүнкү күндө кесиптештер арасында, ошондой эле жалпы калк ичинде көп эле талаш-тартыштар болуп келүүдө. Бул сөздүк түпкү теги негизинен байыркы грек, латын жана башка чет тилиндеги терминдердин сакталуусу менен орус тилинен кыргыз тилине которулуп жана түшүндүрмө берилип, мүмкүн болушунча кыргыздын төл сөздөрү менен байытылып басмадан жарык көрүүдө.

Учурда биздин жазма тилибиз дагы эле болсо калыптануу процессиндеги абалда болгондуктан, нукура улуттук кыртыштан өнүп чыккан сөздөр жана аталыштар менен баюуга муктаж. Сөздүктү түзүүдө орус тилиндеги медициналык терминдерди жөн эле чет тилдеги окшош сөздөр менен алмаштырбай, кыргыз элинин көөнөрбөс сөз казынасынан алынуусуна мээнеттүү аракет жасалды. Буга чейин илим-билимдин көпчүлүк тармагы боюнча орусча-кыргызча сөздүктөр, Кыргыз Улуттук илимдер академиясынын, КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиясынын алдындагы Терминологиялык комиссиянын аракеттери менен жарык көргөн.

Ошондой эле медициналык багыттагы «Медициналык энциклопедиялык түшүндүрмө сөздүк», «Оорулардын эл аралык классификациясы» кыргызчага которулган, бир катар сөздүктөр басмадан басылып чыккан жана пайдаланылууда, ал эми колуңардагы «Медицинада көп кездешүүчү сөздөрдүн, аталыштардын орусча-кыргызча түшүндүрмө сөздүгү» мурда жарык көргөн эмгектерди байытат жана толуктайт.

Бул сөздүктүн өзгөчөлүгү, медициналык аталыштарды жөн эле кыргызчага которууда эмес, мисал келтирилип кошумча түшүндүрмө берилүүсүндө. Сөздүк саламаттык сактоо кызматкерлеринин күндөлүк жумушунда, медициналык документтерди (бейтап баянын жазууда, медициналык картаны толтурууда, дарт атын туура жазууда жакындан көмөкчү, жардамчы жана колдоочу болоруна ишеним бар. Терминология комиссиясы терминдерди тактоодо, башка чектеш илимдердеги терминдер менен бирдейлештирүүдө чоң жардам көрсөттү, ал эми терминдердин түшүндүрмөлөрүнүн жоопкерчилигин авторлор өз моюндарына алат.

Медицинада көп кездешүүчү сөздөрдүн, аталыштардын орусча-кыргызча түшүндүрмө сөздүгү дабагерлер, илимий кызматкерлер, медайымдар, фельдшерлер, акушерлер, фармацевттер, медициналык окуу жайларынын студенттери үчүн сунушталат жана жалпы эле сөздүктү пайдалануучуларга жардам бере алат.

**Авторлор**

# А

**АБАЗИЯ** *гр.* – **абазия** – негизинен нерв системасынын ооруларында оорулуунун басуу жөндөмүн жоготуусу.

**АБДОМИНАЛЬНАЯ ХИРУРГИЯ** *лат.* – **абдоминалдык хирургия** – ич көңдөй органдарынын хирургиясы. Ич көңдөйүндөгү мүчөлөрдүн ооруларын, мертинүүлөрүн хирургиялык ыкма менен аныктоо, операциялык жол менен дарылоо.

**АБДУКЦИЯ** *лат.* – **абдукция** – кол, бутту тик сызыктан сыртка тартуу, кол, бутту жазуу.

**АБОРТ** *лат.* – **аборт** – боюнан алдыруу, бойдон түшүрүү. Түйүлдүктү жатындан алып таштоо. М: медициналык бойдон алдыруу – кош бойлуулукту жасалма жол менен токтотуу (медицинский аборт – искусственное прерывание беременности); аялдын өмүрүн сактап калуу үчүн бойдон алдыруу сунушталган (чтобы сохранить жизнь женщины рекомендован аборт); коопсуз аборт (безопасный аборт); дарынын жардамы менен бойдон түшүрүү (медикаментозный аборт).

**АБСОРБЦИЯ** *лат.* – **абсорбция** – сиңирүү, тамак сиңирүү органдарынын аш болумдуу заттарды сиңирүүсү; дары-дармектердин канга сиңирилүүсү.

**АБСТИНЕНЦИЯ** *лат.* – **абстиненция** – өзүн-өзү тыюу (кармоо, токтотуу); өзүн-өзү кыйноо, өзүн-өзү кууратуу. Организмге чукул арада адаттагыдай спирт ичимдиги же баңгизат, же болбосо анын токсиндери кирбей калгандагы психикалык жана физикалык кескин өзгөрүү, өзүн-өзү кыйноо түрүндөгү бузулуу синдрому.

**АБСЦЕСС** *лат.* – **абсцесс** – туюк ириңдөө, ириң тебүү. Ткандардын ириңдеп, чектелген сезгениши; денедеги ткандарда же органдагы сезгенүүдөн пайда болгон туюк (чектелген) ириңдөө. М: өпкө ткандарынын абсцесси (абсцесс легких); боордун туюк ириңдөөсү (абсцесс печени).

**АБСЦЕСС БРОДИ – броди абсцесси** – сөөктүн ички ткандарынын чектелген ириңдөөсү; сөөктүн ич көңдөйүндөгү абсцесс.

**АБУЛИЯ** *гр.* – **абулия** – эрки боштук, чечкинсиздик. Айрым неврологиялык бейтаптарда чечкиндүүлүктүн төмөндөшү же жоголушу байкалуучу оору белгиси.

**АВИТАМИНОЗ** *лат.* – **авитаминоз** – организмде витаминдердин жетишсиздиги (кескин төмөндөшү). Организмде витаминдердин жетишсиздиги айрым ооруларды пайда кылат. М: Цинга оорусу – С витамининин жетишсиздиги; бери-бери оорусу – $B_1$ витамининин. жетишсиздиги; көздүн көрүүсүнүн начарлашы «куриная слепота» – А витамининин жетишсиздиги; рахит оорусу – D авитаминозу; пеллагра оорусу – РР витамининин жетишсиздиги.

**АГГЛЮТИНАЦИЯ КРОВИ** *лат.* – **кан агглютинациясы** – кан денечелеринин (антиген жана анти(тело)зат клеткалардын) бири-бири менен чапташуу (жабышуу), жалгануу реакциясы.

**АГНАТИЯ** *гр.* – **агнатия** – үстүңкү же астыңкы жаактын тубаса жоктугу (аномалиясы).

**АГНОЗИЯ** *гр.* – **агнозия** – угуу, көрүү, акыл-эс жана сезүү жөндөмү бар болуп, айырмалап сезүү, түшүнүү же түшүндүрүү жөндөмсүздүгү. М: сезүүчүлүгү бар, бирок даана айырмалай албайт (астереогнозия); угуу агнозиясы, жакшы укканы менен иликтеп, талдай албаган мээ оорусу (слуховая агнозия); көрүп тааныпбоо агнозиясы (оптикалык) көргөнүн ажыратып биле албайт (зрительная агнозия).

**АГОНИЯ** *гр.* – **агония, жанталашуу** – жандалбас күрөшүү; жан чыгаар алдындагы абал. М: жүрөктүн согуусу жана дем алуусу байкалбайт, бирок адам өлүмгө учурабаган абал. Өлүм алдындагы жанталаш, алпурушуу (агональный); жабыркаган адам өлүм алдында жанталашып жаткан (пострадавший был в состоянии агонии).

**АДАМОВО ЯБЛОКО – кекиртек кокосу** – кекиртектин байкалып турган дөмпөгү.

**АДАПТАЦИЯ** *лат.* – **адаптация** – көнүп калуу, ыңгайлашуу, ылайыкташуу, көнүм, байыр алуу. Ар бир биологиялык түрдүн организминин морфофизиологиялык, популяциялык, жүрүм-турумдук жана башка өзгөчөлүктөрүнүн чөйрө шарттарына ыңгайланышуу өзгөчөлүгү. Бардык тирүү организмдердин жана алардын органдарынын курчап турган жашоо чөйрөсүнө ыңгайлануусу, жаңы шартка көнүү жөндөмдүүлүгү.

**АДВЕНТИЦИЯ** *лат.* – **адвентиция** – кан тамырдын сырткы чарым кабыгы.

**АДГЕЗИЯ** *лат.* – **адгезия** – түрдүү заттардын бири-бирине жармашуусу, чапташуусу; эки заттын беттери бири-бирине тийишип ажырабай калышы. М: Силикоз – фиброгендик пневмокониоз; тромбоциттердин кан тамырдын жабыркаган ички бетине жабышып калуусу.

**АДДУКЦИЯ** *лат.* – **аддукция** – жыйрылта тартуу, кол, бутту тик сызыктан ичке көздөй тартуу (бүгүү).

**АДЕНОИДЫ – аденоиддер** – алкым лимфа бездеринин ооруп, шишип өсүп кетиши, чоңоюшу.

**АДЕНОМА МАТКИ – жатын аденомасы** – жатындын залалсыз шишиги.

**АДИНАМИЯ** *гр.* – **адинамия** – шалдыроо, күч-кубаттын алсыздыгы, күч-кубаттын төмөндөшү.

**АДРЕНАЛИН – адреналин** – бөйрөк үстүндөгү эндокриндик ички без органы иштеп-бөлүп чыгаруучу адреналин гормону. Организмге ар кандай оң же терс чукул факторлордун таасиринде көп иштелип чыгып, канга кошулуп, адамдын күчтүү эмоциялык реакциясын жаратат жана денедеги зат алмашуу процесстери күчөйт.

**АДСОРБЦИЯ** *лат.* – **адсорбция** (үстүңкү + бети + жанаша) – сиңирүү, соруу, жабышуу. Өз алдынча соруу. М: Канды токсиндерден тазалоо; тамак сиңирүү (ичеги-карын) органдарын зыяндуу заттардан тазалоо (альмагель, фосфалюгель).

**АЗООСПЕРМИЯ** *гр.* – **азооспермия** (терс, жок + жаныбар + урук) – эркектердин бел суусунда (эякулят, эрендик) сперматозоиддердин жоктугу, акта.

**АЗОТЕМИЯ – азотемия** – канда азоттуу заттардын көбөйүп кетиши.

**АКАРИАЗ** *лат.* – **акариаз** – адамдардын, жаныбарлардын жана өсүмдүктөрдүн мите ооруларынын жалпы аталышы, көбүнчө теринин кенеден жабыркашы.

**АККЛИМАТИЗАЦИЯ – климатташуу** – адамдардын (жаныбар жана өсүмдүктөрдүн) жаңы климаттык тиричилик шарттарына көнүгүүлөрү, үйүр алышуу.

**АККОМАДАЦИЯ ГЛАЗА – көздүн көнүгүүсү** – ар түрдүү алыстыктагы нерсени караганда аны таамай көрүүгө көздүн ийкемделиши, көздүн ар кандай аралыкка ыңгайланышы.

**АКРОМЕГАЛИЯ** *гр.* – **акромегалия** (кол + бут + чоң) – гипофиздин алдыңкы бөлүгүнүн функциясынын бузулушунан көп иштелип чыккан соматотропин бет (жаак, ээк) сөөктөрүн, баш сөөктөрүн чоңойтуп, кол, бут сөөктөрдү узартып, гигантизмге алып келген оору.

**АКСЕЛЕРАЦИЯ** *лат.* – **акселерация** – бул медицина жана антропологияда, мурдагы муундагы балдарга салыштырмалуу, акыркы 100 жылдыкта балдардын жана өспүрүмдөрдүн боюнун өсүшүнүн тездигин жана боюнун узундугун түшүндүрөт.

**АКУПУНКТУРА** *лат.* – **акупунктура** (ийне + саюу) – теринин белгиленген жерине ийне менен саюу аркылуу дарылоо; салттуу кытай медицинасында ийне саюу менен дарылоо ыкмасы.

**АКУШЕР-ГИНЕКОЛОГ – акушер-гинеколог** – аялдардын тукум улоо саламаттыгы боюнча адис доктур, төрөт доктуру.

**АКУШЕРКА – акушер** – киндик эне, аялдарга кош бойлуу кезинде жана төрөгөн учурда жардам көрсөтүүчү орто медициналык билими бар кызматкер.

**АЛГОРИТМ ДИАГНОСТИЧЕСКИЙ – дарт табуучулук алгоритми** – дарт атын коюу үчүн белгилүү бир тартиптеги ырааттуулукта жүргүзүлүүчү дарт табуучулук операцияларды аткаруунун эрежелер системасы.

**АЛГОРИТМ ПРОЦЕДУР – процедуралар алгоритми** – процедураларды аткаруунун ырааты (алгоритми). М: антибиотик менен электрофорез жасоонун ырааты (алгоритм электрофореза с антибиотиком).

**АЛЛАНТОИС** *гр.* – **аллантоис** – түйүлдүк менен жатынды байланыштырган түйүлдүктүн арткы өсүндүсү, жогорку баскычтагы омурткалуу жаныбарлардын эмбриондук дем алуу органы.

**АЛЛЕРГИЯ** *гр.* – **аллергия** (башка, бөлөк, чоочун + таасир) – организмдин иммундук системасынын чоочун аллергендин таасиринин негизинде иммунпатологиялык процесси; дененин, аллергендердин организмге кайталама таасиринен болгон ашкере сезгичтик абалга жетиши.

**АЛЛОПЛАСТИКА** *гр.* – **аллопластика** (башка + чаптайм, жабыштырам) – бир адамдын организминдеги дене бөлүгүнүн кемтигин, ошондой эле органын экинчи бир адамдан, же атайын биоматериалдан же болбосо жасалма материалдардан (темир, титан, полипропилен) жалгаштырып жасоочу пластикалык реконструктивдик хи-рурургиялык операция; жандуу тканга жасалма (жансыз) ткандарды, мүчөлөрдү операция жолу менен жалгаштыруу. М: дене бөлүгүндөгү кемтикти башка адамдын тканынан алып жалгаштыруу; омурткалардын деформациялык кыйшаюусун (ийилүүсүн) серпилгич зым менен түздөөчү хирургиялык операция.

**АЛЬБИНИЗМ – альбинизм** – алалык, пигмент жетишпегендиктен теринин, чачтын жана түктүн агарып кетиши.

**АЛЬВЕОЛА** *лат.* – **альвеола** – а) өпкө тканы, өпкөдөгү туруктуу формасы жок өтө кичине көлөмдөгү аба баштыкчасы. Альвеолдор аркылуу канга аба (кычкылтек) өтүп, ички дем алуу процесси (газ алмашуу) жүрөт. б) үрптөгү майда исиркектер.

**АЛЬВЕОЛА ЗУБА – тиш альвеоласы** – тиштердин дүмүрчөлөрү жайгашкан жаак сөөгүндөгү уячалар. М: Альвеолит – жаак сөөгүндөгү уячанын сезгениши; альвеолярдык дого (альвеолярная дуга).

**АЛЬТЕРАЦИЯ** *лат.* – **альтерация** – ар кандай факторлордун (физикалык, механикалык, химиялык) таасиринен же оорунун залакасынан организмде клеткалардын, ткандардын жана органдардын түзүмүнүн бузулушу (дүүлүгүү, өзгөрүү).

**АМАВРОЗ** *гр.* – **амавроз** – эки көздүн тең көрбөй калышы, карама сокур.

**АМБУЛАТОРНАЯ КАРТА – амбулатордук карта** – өзү келип кетчү бейтаптын саламаттык баяны.

**АМЕНОРЕЯ – аменорея** – төрөт жашындагы (16-49 жаш) аялдарда этек кирдин (айыз) жарым жылдан ашык келбеши; а) баштапкы аменорея: кыздардын жыныстык жетилүү курагына карабастан (17 жаштан жогору) этек кирдин жоктугу (себептери: генетикалык тукум куучулук, психикалык-эмоционалдык факторлор, Тернер синдрому, жыныстык бездеринин аномалиясы); б) жыныстык жетилүүдөн кийинки айлык айыздын катуу бузулуусу (себептери: анорексия, ички эндокрин бездеринин оорулары, психикалык оорулар ж.б.).

**АМНЕЗИЯ** *гр.* – **амнезия** – өткөндү эстөө жөндөмсүздүгү, унутчаактык.

**АМНИОН** *гр.* – **амнион, күмөн чели** – түйүлдүктү сырткы терс таасирден коргоочу чел кабык. Түйүлдүктүн өсүшү үчүн суулуу чөйрө түзүүчү жатындагы утурумдук орган (временный орган, обеспечивающий водную среду для развития зародыша).

**АМПУЛА – ампула** – ичинде бир дозалык дары заты бар, оозу ачылгыс кылып бүтөлгөн майда шише.

**АМПУТАЦИЯ** *лат.* – **ампутация** – дене мүчөсүнүн четки (уч тарабы) бөлүгүн кесип алып салуу; мертинүү кокустугунан кол же буттун үзүлүп калышы.

**АНАЛИЗ КРОВИ – кан анализи** – доктур-лаборант тарабынан изилденүүчү клиникалык жана биохимиялык анализ. М: кандын жалпы анализи (общий анализ крови); кандын биохимиялык анализдери (биохимические анализы крови).

**АНАЛЬГЕЗИЯ – анальгезия** – ооруу сезимин азайтуу, ооруганды сезүүнү басаңдатуу, ооруунү сездирбөөчү каражаттар менен дене бөлүгүн ооруксуздандыруу, оорутпоо.

**АНАЛЬГЕТИК – анальгетик** – оорутуу сезимин жок кылуучу дары каражаты.

**АНАЛЬГИН – анальгин** – дары каражаты; пиразолон тобундагы анальгетик, антипиретик; ооруу сезимин жоготуу же азайтуу максатында, шакый кармаганда, невралгияда, күйүктө, курт-кумурска чакканда жана мертинүүлөрдө пайдаланылат.

**АНАМНЕЗ** *гр.* – **анамнез** – эске түшүрүү. Оорусу жөнүндө маалымат, жашоо-турмуш баяны.

**АНАСТОМОЗ** *гр.* – **анастомоз** – көңдөйлүү органдарды, кан тамырларды улап тигүү. М: ашказан менен ичке ичегини улап тигүү (наложение анастомоза между желудком и тонкой кишкой).

**АНАТОКСИН** *гр.* – **анатоксин** – ууга каршы зат (уу сымал); токсинден жасалган, ууландыруучу таасири күчсүздөндүрүлгөн, организмдеги токсиндерге каршы телолорду пайда кылуучу дары каражаты.

**АНАТОМИЯ ЧЕЛОВЕКА – кишинин анатомиясы** – кишинин денесинин, органдарынын түзүлүшү, көлөмү жана жайгашуусу жөнүндөгү илим.

**АНАФИЛАКСИЯ – анафилаксия** – организмдин аллергенге (антиген) карата өмүргө коркунуч алып келген чукул жооп реакциясы. Анафилактикалык шок – өмүргө коркунуч келтирип, кан басымынын кескин төмөндөп кетиши, коллапс, бронхиолдордун кысылышы, фибринолиз.

**АНГИНА – ангина** – тамак бездеринин сезгенүүсү, тамак таңдайындагы (алкымдагы) бадам сымал бездин сез-

генүүсү. Сезгенүүнүн жугуштуулук процессинин негизги себептери болуп стрептококк, стафилококк, пневмококк ж.б. микробдору эсептелет. Ириңдүү сезгенүүнүн лакунардык жана фолликулярдык түрлөрү кездешет.

**АНГИОКАРДИОГРАФИЯ – ангиокардиография** – жүрөк-кан (коронардык) тамырларын, жүрөктүн алдыңкы бөлүгүн, карынча, дүлөйчөлөрүн рентген нуруна чагылуучу контрасттык суюктук жиберүү менен патологиялык же аномалиялык кемтиктерин дарт табуучулук жана инвазивдик же хирургиялык кийлигишүү ыкмаларынын бирин жасоону тандоо максатында рентгенологиялык изилдөө.

**АНГИОЛОГ – ангиолог** – кан тамырлар боюнча адис доктур.

**АНГИОМА – ангиома** – кан же лимфа тамырларынын залалсыз шишиги.

**АНДРОГЕН – андроген** – эркектердин жыныстык стероиддик гормондорунун жалпыланган аталышы (андростерон, тестостерон).

**АНДРОЛОГ – андролог** – эркектердин тукум улоо саламаттыгы боюнча адис доктур.

**АНЕВРИЗМА – аневризма** – артериянын (аортанын) булчуңдуу катмарынын жабыркоосунан, анын каптал бетинин керилип (чоюлуп) жукарышынан шар сыяктуу дөмпөйгөн формага ээ болушу. М: миокарддын инфарктынын натыйжасында жүрөктүн сол карынчасында аневризманын пайда болушу (вентрикулярная аневризма).

**АНЕМИЯ – анемия** – организмдеги кандын эритроциттеринин (формен элементтери – кызыл кан денечелер) жана гемоглобиндин азайышынан болгон оору. М: витамин ($B_{12}$) жетишсиздик анемиясы; гемолиздик аз кандуулук; апластикалык аз кандуулук; кан агуудан аз кандуулук; темир жетишсиздик анемиясы.

**АНЕСТЕЗИЯ** *гр.* – **анестезия, ооруксуздандыруу** – оорутпоо. Анестезиялык каражаттын таасири менен дененин бүтүндөй же кайсы бир бөлүгүндөгү ооруткanды сезүү

сезимин жок кылуу. 1. Жергиликтүү анестезия: а) тери астына, андан ары терең катмарларына сиңирип ооруксуздандыруу (инфильтрационная); б) былжыр челге сыйпоо же чачыратуу (аппликационная); в) нерв түйүндөрүнө сиңирүү {регионарная (проводниковая)}. 2. Жүлүндүк (омурткалар аралык жол менен жүлүндү курчаган катмар ичине анестетик жиберип дененин ылдыйкы бөлүгүнүн сезимин жоготуу) ооруксуздандыруу (спинномозговая анестезия); а) субарахноиддик ооруксуздандыруу; б) эпидуралдык анестезия. 3. Акупунктуралык ооруксуздандыруу (рефлекстик терапия).

**АНКИЛОЗ СУСТАВА – муун сенектиги** – сөөктөрдү бириктирүүчү муун тутумдарында сөөктүү, кемирчектүү же фиброздук өсүндү пайда болуусунун натыйжасында, муун кыймылынын чектелиши жана оорушу; кээ бир оорулар менен (кургак учук, кызыл жүгүрүк, анкилоздолуучу спондилит) жабыркоодон болот.

**АНОМАЛИЯ** *гр.* – **аномалия** – ченемден четтөө, жалпы көрүнүштөн башкача, туура эместик; тубаса кемтик оорулар (аномалии (пороки) развития).

**АНОРЕКСИЯ** *гр.* – **анорексия** – тамакка табиттин жоктугу, тамакка көңүлү чаппоо, бейтабит. Табиттин жоктугу салмагынын азайышы менен коштолот.

**АНОСМИЯ – аносмия** – жыт сезбөөчүлүк. М: «*COVID–19*» оорусунда жыт сезүү жөндөмүнүн төмөндөшү же жоголушу неврологиялык симптому.

**АНТАГОНИЗМ** *гр.* – **антагонизм** – келишпес карама-каршылык, жарышуу, атаандашуу, талашуу, каршы күрөшүү, келишпестик. М: айрым микроорганизмдердин штаммы башка микроорганизмдерди жок кылышы; айрым дарылардын бири-бирине келишпестиги.

**АНТИБИОТИК – антибиотик** – дары заттары; микробдордун өсүүсүн жана көбөйүүсүн токтотуучу, микробдорду өлтүрүүчү синтетикалык, жарым синтетикалык, химиялык, биологиялык жана жаратылыш заттарынан жасалган

дары-дармектер. М: абактал, синтетикалык антибиотик дары каражаты.

**АНТИГЕН** *англ.* – **антиген** – бөтөн зат, өгөй зат, организмде аллергия чакыруучу зат.

**АНТИДОТ** *гр.* – **антидот** – организмге түшкөн ууга (токсинге) каршы дары заттары.

**АНТИСЕПТИКА – антисептика** – микробдорду өлтүрө турган химиялык заттарды пайдалануу жана физикалык ыкмаларды колдонуу аркылуу жараларды (жарааттар) жугушсуз кылуу.

**АНТИТЕЛА – антителолор** – эндогендик жана экзогендик өзгөчө антигенге каршы жугуштуу ооруларда иммундук реакциясы катары, орган трансплантацияланганда ткандык жерүү катарында лимфоиддик ткандар бөлүп чыгарган кандагы белок заты.

**АНТИТОКСИН – антитоксин** – ууга (уулануга) каршы дары каражаты. Денеге оору жуктургуч бактериялар бөлүп чыгарган токсиндерге каршы таасир көрсөтүүчү организмдин коргонуу антителолору.

**АНТРОПОГЕНЕЗ – антропогенез** – азыркы замандагы кишинин алгачкы муундардагы биологиялык эволюция процесси жана анын келип чыгышы, өзүнчө түр катары коомдогу калыптанышы.

**АНТРОПОЛОГИЯ** – **антропология** – адамдын биологиялык жаратылышы тууралуу илим.

**АНТРОПОМЕТРИЯ** *гр.* – **антропометрия** – адам денесинин өзгөчөлүгүн ченөө, баалоо, организмдин мүчөлөрүн ченөө, өлчөө.

**АНУРИЯ** *гр.* – **анурия** – бөйрөктө сийдиктин өтө аз өлчөмдө иштелип-бөлүнүп чыгышы же сийдиктин бөлүнүп чыкпай калышы. Сийдиктин чыкпай калышы заара чыгуу жолдорунун бүтөлүп калышынан болушу мүмкүн. Мындай учурда токтоосуз операция жасалат. Ал эми анурия убакыт өткөн сайын кабылдоого учурап, уремиялык абалга дуушар болушуна алып келет. Оорунун клиникалык өтүшүнө жараша гемодиализдик тазалоо жүргүзүлөт.

**АОРТА** – **аорта** – толто тамыр. Жүрөктүн сол карынчасынан башталган эң чоң артерия кан тамыры: а) алкактуу колко тамыр; б) аортанын (толтонун) догосу; в) аортанын (толтонун) ылдыйкы бөлүгү: көкүрөк толтосу; ич көңдөйүнүн толтосу.

**АПАТИЯ** *гр.* – **апатия** *(ооруу белгиси)* – көңүл чөгүү, эч нерсеге көңүл чаппагандык, кош көңүлдүк.

**АПЕРТУРА** *лат.* – **апертура** – тешик, көзөнөк. М: жамбаштын үстүңкү жана астыңкы шарттуу апертурасы (верхняя и нижняя апертуры таза).

**АПИТЕРАПИЯ** – **апитерапия (**аары + терапия**)** – аарынын уусу менен дарылоо, бал аарыга чактыруу, аары чарбасынын өнүмдөрү менен дарылоо; аары уусун пайдалануу (апитоксинотерапия); бал менен дарылоо; эне аары сүтү терапиясы (апилактерапия) ж.б.

**АПЛАСТИЧЕСКАЯ АНЕМИЯ – апластикалык анемия** – кан жаратуу системасынын оорусу, кан клеткаларынын же эритроциттердин жетишсиздиги (аздыгы), аз кандуулук.

**АПНОЭ** *гр.* – **апноэ, демсиздик** – дем алуунун токтоп калуусу (оору белгиси): а) борбордук апноэ – мээдеги дем алдыргыч борбор дем алууга буйрук бербей калгандагы оору абалы; б) тоскоолдуу (обструктивдүү) апноэ кармаганда, жогорку дем алдыргыч жолдордун капталдары дээрлик жабылып, абанын өтүшүнө механикалык жолтоо кылуусу.

**АПОНЕВРОЗ – апоневроз, чарым** – организмдеги булчуңдарды, этти сөөктөргө жана башка ткандарга бириктирип, жабыштырып туруучу жалпак тарамыш. М: булчуң чарымы (апоневроз мышц); курсактын ички чарымы (апоневроз передней брюшной стенки); алакан чарымдары (ладонные апоневрозы).

**АПОПЛЕКСИЯ ЯИЧНИКА** *гр.* – **жумурткалык апоплексиясы** – жумурткалык органда кан куюлуунун кесепетинен анын ткандарынын жарылып жабыркашы жана ич көңдөйүнө кандын куюлушу.

**АПОФИЗ** *гр.* – **апофиз** – сөөктүн (жиликтин) эки учундагы өскүлөң башы; сөөктүн эпифиздеринен кийинки уркуюп чыгып өскөн бөлүгү, сөөк урчугу.

**АППАРАТ БОБРОВА – бобров аппараты** – оозу тыгын менен жабылган калың айнек идиш, сыйымдуулугу 1.5-2.0 литр болгон медициналык идиш.

**АППЕНДИЦИТ** *лат.* – **аппендицит, сокур ичеги** – мөөндүн туюк учундагы өсүндүсүнүн сезгениши. *Курсактагы ички органдардын ичинен эң көп кездешүүчү хирургиялык оору.* М: өткүр (курч) мүнөздөгү аппендицит (острый аппендицит); өнөкөт (создуккан) аппендицит (хронический аппендицит); морфологиялык өзгөрүүсү боюнча: жөнөкөй кызарган сезгенүү (катаральный); сезгенүүнүн карайып чириген түрү (флегмонозный); сезгенүүдөн сокур ичеги өсүндүсүнүн жарылып (тешилип) кетиши (перфоративный).

**АППЕТИТ – табит** – тамак ичүүнү каалоо сезими.

**АПТЕКА – дарыкана** – дары-дармектерди сатуучу, таркатуучу, дарыларды даярдоочу мекеме.

**АПТЕКАРЬ – дарыканачы** – дарыкана адиси, фармацевт, дарыгер.

**АПТЕЧКА – аптечка** – биринчи жардам көрсөтүү үчүн зарыл болгон дары-дармектердин топтому.

**АРАХНОИДИТ – арахноидит** – мээ же жүлүндүн желе сымал катмарынын сезгениши.

**АРГУМЕНТ – жүйө** – далил, негиз. М: дарт атын коюудагы жүйөлөр (аргументы в постановке диагноза).

**АРЕОЛА СОСКОВ – үрп айланасы** – эмчектин үрпүнүн пигменттүү айлана-тегереги.

**АРИТМИЯ СЕРДЦА** *гр.* – **жүрөк аритмиясы** – байланышсыз, жүрөктүн согуу ыргагынын бузулушу; жүрөктүн үзгүлтүктүү согушу; синустук ритмдин ыргаксыз болушу: экстрасистола (эктопикалык систола); эктопикалык тахикардия; фибрилляция, жүрөк блокадасы, энтигүү жана көкүрөк туштун ооруксунуусу мүнөздүү.

**АРОМАТНЫЙ – жыпар жыттуу** – жагымдуу, аңкыган жакшы жыт. М: медицинада балдарга ылайыкташтырылган айрым дары каражаттары жагымдуу назик жыттуу дарылык касиети бар өсүмдүктөр (гүлдөрү, жалбырактары) кошуп даярдалат.

**АРТЕРИОЛЫ – артериолдор** – майда кызыл кан тамырлар.

**АРТЕРИЯ – артерия** – кызыл кан тамыр; канды жүрөктөн бүткүл денеге алып баруучу кан тамыр.

**АРТРАЛГИЯ** *гр.* – **артралгия** – муундардын сыздатып ооруусу.

**АРТРОДЕЗ** *лат.* – **артродез** – муундун оорудан жабыркоосунун негизинде, деформацияланышында, өнөкөткө айланган инфекциялык оорулар менен жабыркаган учурда муундун сөөктөрүн кыймылсыз кылуучу же сөөктөрдүн жана муундун кыймылын чектөөчү операция.

**АРТРОЗ – артроз** – муун кемирчегинин дегенеративдик-дистрофиялык бузулуулары.

**АРТРОТОМИЯ** *гр.* – **артротомия** – дарылоо максатында муунду кесип-тилүү хирургиялык операциясы.

**АРЭОМЕТР – арэометр** – суюктуктун тыгыздыгын жана салыштырма салмагын өлчөөчү медициналык прибор.

**АСЕПТИКА – асептика** – операция кылуу жана башка медициналык процедура жасоо үчүн пайдаланылуучу бардык предметтерди жана аспаптарды залалсыздандыруу (вирус, бактерия, кычыткы же башка оору жаратуучу микроорганизмдерди таптакыр жок кылуу менен жараатты (жараны) ырбоодон сактоо).

**АСЕПТИЧЕСКАЯ ПОВЯЗКА – асептикалык таңгыч** – залалсыздандырылган, зыянсыз таңгыч.

**АСИММЕТРИЯ – асимметрия** – өлчөмү туура келбестик, дал келбестик, шайкеш келбестик. М: оң жана сол тараптагы көкүрөк булчуңдарынын бирдей эмес көрүнүшү (асимметрия тела, груди).

**АСКОРБИНОВАЯ КИСЛОТА – аскорбин кислотасы** (жок, терс + цинга) – С витамини, $C_6H_8O_6$ органикалык кошулмасы.

**АСПЕРМИЯ** *гр.* – **аспермия** – эрендиктин чыкпай калышы (анэякуляция) же жоктугу (асперматизм). Уруксуздук.

**АСПИРАЦИЯ** *лат.* – **аспирация** – сорулуу, организмдеги органдар тутумунун иштөөсүндө кайсы бир ыңгайда басымдын төмөндөшүндө заттардын сорулуу процесси. М: а) дем алуу учурунда бөтөн заттардын дем алуу жолдоруна кирип кетиши; б) төрөлүү учурунда ымыркайдын каканак суусун жутуп алуусу; в) дене көңдөйлөрүнөн (көңдөйчөлөрүнөн) суюктуктарды сордуруу.

**АССИМИЛЯЦИЯ** *лат.* – **ассимиляция** – окшотуп алуу, сиңирип алуу (синтездөө), кабыл алуу; тирүү организмге сырттан кирген органикалык жана органикалык эмес заттарды сиңирип алып, синтездөө процесси.

**АСТЕНИЧЕСКИЙ СИНДРОМ – астениялык синдром** – патологиялык күч-кубатсыздык абал, алсыздык, тез чарчоо, арыктоо.

**АСТМА** *гр.* – **астма, муунтма** – эндогендик же экзогендик таасирлердин, аллергендердин натыйжасында бронх жолдорунун ичкерүүсү менен жөтөл жана думугуу мүнөздөлгөн абал. М: бронх астмасы (бронхиальная астма).

**АСФИКСИЯ** *гр.* – **тумчугуу** – муунма дарты, думугуу. а) дем алуу системасынын жабыркоосунун натыйжасында өпкөгө кычкылтектин келбей калышы менен мүнөздөлгөн коркунучтуу абал; б) дем алуу жолдорундагы кандайдыр бир тоскоолдордун болушу менен коштолгон учурдагы думугуу (төрөлүү учурунда тумчугуу, уулуу газ түрлөрүнө ууланук, сууга чөгүү ж.б.).

**АСЦИТ** *гр.* – **асцит** – оорунун натыйжасында пайда болгон патологиялык суюктуктун ич көңдөйүнө чогулушу. Мындай клиникалык абалдын басымдуу көпчүлүк себеби боордун циррозу, залалдуу шишиктер, жүрөктүн оң

карынчасынын жетишсиздик оорусунан чоң кан айлануу системасындагы жетишсиздик, бөйрөк ооруларындагы гипопротеиндик шишик ж.б.

**АТАВИЗМ** *лат.* – **атавизм** – теги; белгилүү бир түрдүн организминде эволюция процессинде алыскы тегинин белгилеринин пайда болушу; тукум куучулук.

**АТАКСИЯ** *гр.* – **атаксия** – кыймылдын биргелешкен иретинин бузулушу; түрдүү булчуңдардын иретсиз кыймылынын негизинде кыймыл-аракеттин бузулушу; темтеңдеп басуу.

**АТЕЛЕКТАЗ ЛЕГКИХ** – **өпкө ателектазы** (бүтө элек, толук эмес + керилүү) – өпкө ткандарынын толук керилбей калышы, өпкө бүрүшүүсү.

**АТЕРОСКЛЕРОЗ** *гр.* – **атеросклероз** (атерос – топон, суюк ботко жана скопос – катуу, бекем) – өнөкөт жүрөккан тамырлар оорусу. Артерия тамырларынын ички бетин май басып, негизинен холестериндин топтолушу бул оорууга алып келет.

**АТОНИЯ** *гр.* – **атония** – шалдыроо, шалдаю, алсызданую, былбыроо, бошоңдоо. М: булчуңдардын жыйрылышынын начарлашы.

**АТОНИЯ КИШОК** – **ичегилердин атониясы** – ичегилердин кыймыл-аракетинин жоктугу.

**АТРЕЗИЯ** – **атрезия** – организмдеги табигый тешиктердин жана каналдардын тубаса жоктугу (туюктугу), же оорунун кесепетинен бүтөлүп калышы. М: жатын кынынын ички беттеринин тубаса чапталып калышы (атрезия влагалища).

**АТРОФИЯ** *гр.* – **атрофия** – азыктын жоктугу, ач калуу; клеткаларда тамактануунун бузулушу, тирүү клеткалардын, көлөмүнүн кичирейиши дегенеративдик өзгөрүүлөрдүн натыйжасында болот, күн өткөн сайын ткандардын өнүгүшү начарлап токтойт. Ткандын кан менен жетишсиз камсыз болбой калышы, органдын мертинүүдөн же оору-

дан кыймылсыз болушу, нервдик сезим жоголушу (полиомиелит), органга басым жасалуудан (глаукомада – көздүн көрүүчү нерви) жана айрым физикалык-химиялык таасирлерден органдар же ткандардын чүрүшүп кичирейиши.

**АУСКУЛЬТАЦИЯ** *лат.* – **аускультация** – тыңшоо; фонендоскоп (стетоскоп) менен тыңшоо, медициналык изилдөө ыкмасы.

**АУТОГЕМОТЕРАПИЯ – аутогемотерапия** – кишинин өз канын алып кайрадан өзүнө куюп дарылоо ыкмасы.

**АУТОЛИЗ** *гр.* – **аутолиз** – клеткалардын өзүнүн гидротикалык ферментинин таасири менен молекулаларын талкалап, эритип, сиңирүү физиологиялык жөндөмдүүлүгү. Мындай процесс дененин кичинекей некротикалык жерлеринде да болот.

**АУТОПЛАСТИКА – аутопластика** – бейтаптын өзүнүн дене ткандарын (булчуң эти, сөөк же кемирчек) экинчи жерине көчүрүп жалгаштыруу.

**АФАГИЯ** *гр.* – **афагия** – жута албастык, тамак жебестик. М: гипоталамустун функционалдык бузулушунан тамактануудан баш тартуу (отказ от пищи при повреждении латеральной части гипоталамуса); тамак органдарынын жабыркоосунан болгон жута албастык: жаракаттануу, невроздор, шишик, тырыктар (повреждения, неврозы, опухоль, рубцовые сужения).

**АФАЗИЯ – афазия** – сүйлөй албастык, үнү чыкпай калышы. М: инсульттун кесепетинен сүйлөй албастыктын байкалышы (проявление афазии при инсульте).

**АФОНИЯ – афония** – үн жоктук; үнү чыкпай, шыбырап сүйлөп калуу; кишинин көмөкөйүндө үн байламталарынын ооруларында, функционалдык бузулууларында, же узак убакыт ашыкча үн чыгаруудан үнү чыкпай калуу.

**АФТЫ – ооздун майда жаралары** – былжыр чел катмарында пайда болуучу майда жаралар. М: ооз көңдөйүндөгү майда жарачалар (афты слизистых оболочек рта).

**АХОЛИЯ – ахолия** – өттүн жетиштүү бөлүнүп чыкпай калышы же өттүн он эки эли ичегиге толук түшпөй калышы.

**АЦЕТОНУРИЯ – ацетонурия** – сийдикте ацетондун пайда болушу.

**АЦИДОЗ** *лат.* – **ацидоз** – кычкыл; организмде (канда жана ткандарда) кычкыл заттардын көбөйүшү, организмдеги кычкылдык/негиздик (pH) тең салмактуулуктун бузулушу.

**АЭРОТЕРАПИЯ** *гр.* – **аэротерапия** – ачык абада организмди чыңдоо жана дарылоо ыкмасы. Таза абада болуу узактыгы жыл мезгилине, аба ырайына (абанын температурасына, нымдуулугуна, шамал күчүнө), дененин чыдамдуулугуна, ден соолукка жараша болот.

**АЭРОФОБИЯ** *гр.* – **аэрофобия** – коркуу, жерден бийиктегенде желден коркуу; самолётто учуу алдындагы, учуп бараткандагы өзүн башкара албаган коркуу сезими.

# Б

**БАКТЕРИИ** *лат.* – **бактериялар** – фосфолипиддик мембранадан турган ядросу жок бир клеткалуу микроорганизмдер (сфералык – кокк; таякча сымал – бацилла; спирал түрүндө – спирилл; үтүр сымал – вибрион; винт сымал – спирохета).

**БАКТЕРИОФАГ – бактериофаг** – бактерияларды жеп өлтүрүүчү клеткалык зат.

**БАКТЕРИОЛОГИЯ – бактериология** – бактериялардын түзүлүшүн, өзгөчөлүгүн, өсүшүн, жашоо өзгөчөлүгүн, чөйрө жана түрүү организмге таасирин изилдөөчү илим.

**БАЛАНОПОСТИТ** *лат.* – **баланопостит** – эркек балдардын жыныстык мүчөсүнүн баш учунун (кертмек) жана анын ички катмарынын сезгениши.

**БАЛЬЗАМ НАСТОЙКА – тундурма бальзам** – жыттуу суюк чайырдан же чөптөрдөн жасалган спирттүү тундурма дары.

**БАЛЬНЕОЛОГИЯ** *лат.* – **бальнеология** – арашан (минералдуу) суулар, алардын организмге тийгизген таасири (шыпаасы) жөнүндөгү илим.

**БАЛЬНЕОТЕРАПИЯ – бальнеотерапия** – бейтапты арашан (минералдык) сууга чөмүлтүү аркылуу дарылоо.

**БАНДАЖ** *фр.* – **бандаж** – курсак тарткыч, бел курчоо; ич көңдөйүндөгү органдарды ылдый түшүрбөй кармоо үчүн курсак таңгыч; чуркунун чыгып калбашы үчүн басым жасаган атайын таңуу. Байланыштары, жаздыкчалары жана бекиткичтери бар медициналык ийкемдүү кур, курсак органдарына жасалган операциялардын бардык түрлөрүнөн кийинки тигиштердин ажыроосун, чуркуну алдын алуу жана аялдар үчүн төрөткө чейин, төрөттөн кийинки колдоо бел курчоосу.

**БАНКА МЕДИЦИНСКАЯ ОҢКО** – процедура жасоо үчүн медициналык айнек оңко.

**БАРАБАННАЯ ПЕРЕПОНКА – тарсылдак** – кулак тарсылдагы.

**БАРТОЛИНОВЫЕ ЖЕЛЕЗЫ** – **бартолин бездери** – аялдын жыныстык ички секреция бездери. М: бартолинит – аялдын Бартолин бездеринин сезгениши.

**БАЦИЛЛА** – **бацилла** – түрдүү ооруларды козгоочу таякча түрүндөгү бактериянын түрлөрү.

**БЕДРЕННАЯ ГРЫЖА – сан чуркусу** – ич көңдөйүнүн сан тарабынан ички органдардын чыгып калышы.

**БЕДРЕННАЯ КОСТЬ** *анат.* – **кашка жилик** – адам денесиндеги эң чоң жилик.

**БЕЛИ (ЛЕЙКОРЕЯ) – лейкорея** – аялдын жыныстык органы сезгенде бөлүнүп чыгуучу ак (жашыл-сары) илээшкек суюктук; жыныстык кындан ак түстөгү илээшме суюктуктун көп өлчөмдө агышы.

**БЕЛОК – белок** – ак зат. Жогорку молекулалуу бири-бири менен пептиддик байланыштагы аминокычкыл-

дыктардын кошулмасынан турган, курамында көмүртек, суутек, кычкылтек жана азот болгон органикалык зат. Белоктор организмде эң негизги зат болуп, фермент жана гормон катары физиологиялык функцияларды жөнгө салып, бардык булчуң, ткан, орган жана башка түзүмдөрдүн курамына кирет да глюкозага айлануу менен энергиянын булагы болуп эсептелет.

**БЕЛЬМО (ЛЕЙКОМА) – чел, ак** – көзгө түшкөн ак чел (дарт); көз чечи.

**БЕРЕМЕННОСТЬ – кош бойлуулук** – бойго бүтүү, боюнда бардык. Уруктанган клетканын түйүлдүккө айлануу мезгили; аялдын дене боюнда (жатында) өөрчүп жаткан түйүлдүктү көтөрүү мезгили.

**БЕРЦОВАЯ КОСТЬ – жото жилик** – чоң жото жилик, кичи жото жилик (малоберцовая кость).

**БЕСПЛОДИЕ – тукумсуздук** – аялдын кош бойлуу боло албашы, эркектик уруктун жараксыздыгы.

**БЕССОННИЦА – уйкусуздук** – уйку качуу.

**БЕШЕНСТВО – кутурма** – оору. Кутурма вирусу *«rabies virus»* негизинен сүт эмүүчү жаныбарлардан жугуучу өтө жугуштуу, аягы өлүм менен аяктоочу коркунучтуу зооантропоноздук дарт.

**БИЛИРУБИН** *лат.* – **билирубин** – өт пигменти; курамында гемоглобин болгон белоктордун бөлүнүшүнөн пайда болот.

**БИНТ – бинт** – жараат, жаракат, жара, мертинүүлөрдү таңуу үчүн колдонула турган, жазылыгы ар кандай тилке, тасма даки, чүпүрөк.

**БИОПСИЯ** *гр.* – **биопсия** – ткандан чырпым алуу; денеден, органдан лабораторияга анализге кесип (чырпып, чымчып, үзүп) алуу.

**БИОПТАТ – биоптат** – лабораториялык анализ үчүн алынган ткань чырпымы. М: гистологиялык изилдөө үчүн алынган ткань чырпымы (биоптат для гистологического исследования).

**БИОСТИМУЛЯТОРЫ – биокүчтөндүргүчтөр** – кайсыл бир органдын же организмдин жалпы жашоосуна күч-кубат берүүчү биологиялык активдүү заттар. М: элдик медицинада колдонулуучу активдүү кошулмалар (биостимуляторы применяемые в народной медицине).

**БИФУРКАЦИЯ** *лат.* – **бифуркация, эки ача** – ачаланып экиге ажыроо. М: кан тамырдын эки ача бөлүнүшү (бифуркация сосуда).

**БЛАСТУЛА** *гр.* – **бластула** – көп клеткалуу түйүлдүк, түйүлдүктүн өрчүү мезгилиндеги акыркы баскычы.

**БЛЕННОРЕЯ** *гр.* – **бленнорея** – көздүн былжырлуу челинин сезгениши, көбүнчө гонококк микробунан сезгенген гонобленнорея кездешет.

**БЛЕФАРОПЛАСТИКА – блефаропластика** – көз жапкагы, көз жапкагынын сурмасын, түзүлүшүн өзгөртүү менен пластикалык көркөмдөө операциясы.

**БЛИЗНЕЦЫ – эгиздер** – бир энеден бир кош бойлуулук учурунда төрөлгөн балдар. Алар гетерозиготтук, дизиготтук эгиздер (гетерозиготные близнецы); гомозиготтук эгиздер (гомозиготные, монозиготные) болуп айырмаланат.

**БЛИЗНЕЦЫ СИАМСКИЕ – сиам эгиздери** – дене түзүлүшү жагынан тубаса түрдө биригип калышкан монозиготтук эгиздер.

**БЛИЗОРУКОСТЬ – алысты көрбөө** – алысты бүдөмүк көрүү.

**БЛОК ПЛЕЧЕВОЙ КОСТИ – сөөк чыгырыгы** *(trochlea humeri)* – күң жиликтин чыгырыгы.

**БОЛЕЗНЬ – оору** – дарт, кесел, сыркоо, тумоо. Ден соолуктун начарлашы, түздөн-түз физикалык мертинүү менен байланышкан оорулардан тышкары (кээде кайсы бир оорунун себеби болушу мүмкүн) организмде болуп жаткан патологиялык абал. М: жаш жана шилекей бөлүп чыгарчу бездердин жабыркашы (болезнь Микулича), жаңы төрөлгөн ымыркайлардын геморрагиялык оорусу (болезнь новорожденных геморрагическая) ж.б.

**БОЛЕЗНЬ ВЕРЛЬГОФА – верльгоф оорусу** – тромбоциттердин кыйроосу менен мүнөздөлгөн өнөкөт аутоиммундук гемолитикалык оору (идиопатическая тромбоцитопения).

**БОЛЕЗНЬ ЛУЧЕВАЯ – нур оорусу** – радиоактивдүү нурлардын организмге таасир этүүсүнөн пайда болуучу оору.

**БОЛЕЗНЬ ПЕДЖЕТА – педжет оорусу** – а) баш сөөк, омуртка, жамбаш сөөктөрүн жана жилик сөөктөрдү жабыркатуучу оору; б) сүт бездеринин алдында жайгашкан көз жара сымал инфильтрациялоочу залалдуу шишик оорусу (рак Педжета); в) жыныс кынынын шишиктүү жабыркашы (болезнь Педжета вульвы).

**БОЛЕЗНЬ РЕЙНО – рейно оорусу** – кол манжаларынын суукка карата өзгөчө активдүү реакция катары жабыркоосу; ангиотрофоневроз – манжалардын кубакай тартып, түсү өзгөрүп, манжа булчуңдарынын жарылышы, манжа учтарында кан тамырлардын жабыркашы мүнөздүү (Рейно феномени).

**БОЛЬНИЦА – оорукана** – оорулуулар жатып дарылануучу медициналык мекеме.

**БОЛЬНОЙ – оорулуу** – организминин нормалдуу иштеши өзгөргөн адам. М: ал ноокастап калгандай көрүнөт (видимо он захворал).

**БОРОДАВКА – сөөл** – бул адамдын папиллома вирусунан пайда болгон теридеги залалсыз кичинекей өсүндү.

**БРАДИКАРДИЯ – брадикардия** – жүрөктүн өтө жайбаракат согушу (мүнөтүнө 40–50гө жетпеген кагылуу).

**БРАДИКИНИН – брадикинин** – кан тамырларды кеңейтүүчү тогуз кычкылдыктан турган полипептид; кан тамырлардын (капиллярлардын) өткөргүчтүгүн жогорулатуу менен жылмакай булчуң эттердин жыйрылышына шарт түзөт жана кан басымын төмөндөтөт.

**БРЕД – жөөлүү** – оору белгиси.

**БРОНХИ – бронхтор** – колконун өпкөгө аба өткөрүп, кайрадан өпкөдөгү абаны сыртка чыгарып туруучу бутак-

тары; колко бутактарынын үлүштөрү (бронхиолы), булар өз кезегинде сегментардык майда үлүштөрдөн турат.

**БРОНХИАЛЬНАЯ АСТМА** *гр.* – **бронх астмасы** – кыйналып дем алуу, энтигүү. Дем алуу органдарынын өнөкөт муунтма дарты, МКБ -10- КМ : J 45.90, J 45 жана J 45.909.

**БРОНХИОЛИТ – бронхиолит** – колко бутактарынын үлүштөрүнүн негизинен вирустук (кээ бир учурда бактериалдык) сезгенүүсү. Ооруп калуу майда бронхиолдордун ички көңдөйү тыгындалып бүтүшү менен мүнөздөлүп, аба жетишпестигинен дене териси көгөрүп, какырык менен коштолот.

**БРОНХИТ – бронхит, колко сезгенүү** – бронхтун илээшме чел кабыгынын сезгениши; бронх сезгенүү.

**БРОНХОСКОПИЯ – бронхоскопия** – бронхоскоптун (колко ичине киргизип көрүүчү аппарат) жардамы менен колкону эндоскопиялык изилдөө.

**БРОНХОСПАЗМ – бронхоспазм** – бронх булчуңдарынын рефлектордук жыйрылышынан ички көңдөй эндүүлүгүнүн тарышы; ичке аба тартууга караганда, дем чыгаруу кыйындаган абал. Бронх астмасы же бронхит ооруларынын клиникалык өтүшүндөгү симптом.

**БРОНХОЭКТАЗ** *гр.* – **бронхоэктаз** – колко бутактарынын үлүштөрүнүн патологиялык кеңейип кетиши. Көбүнчө өнөкөткө айланган оорулардын кабылдоосу катары мүнөздөлөт.

**БРУЦЕЛЛЛЗ** *лат.* – **бруцелллз** – үй жаныбарлары аркылуу кишиге жугуучу оору, жаныбарлардын жана адамдын нерв, жүрөк-кан тамыр системасын жана сөөк муундарын жабыркатуучу жугуштуу оору.

**БРЫЖЕЙКА**-*анат.* – **чычыркай** – ичеги-карындын кан тамыр жайгашкан чели. М: жатын түтүгүнүн салпынчагы; сокур ичегинин салпынчагы.

**БРЮШИНА** – **кирич** – ич көңдөйүн, курсактагы органдарды каптаган жука чел кабык

**БРЮШНАЯ АОРТА – ич толтосу** – толто тамырдын диафрагма менен кесилишкен жеринен ылдыйкы бөлүгү.

**БРЮШНАЯ ПОЛОСТЬ – ич көңдөйү** – ички органдар жайгашкан курсак көңдөйү.

**БРЮШНОЙ ТИФ – ич келте** – жугуштуу ичеги-карын ооруларынын бири.

**БУЛИМИЯ – булимия** – психикалык оору белгиси; ачкалык сезим, тамакка тойбоо сезими (тойбостук).

**БУЛЛА** *лат.* – **ыйлаакча** – дарт белгиси; өпкөдөгү ыйлаак ичинде патологиялык суюктук же аба болот.

**БУРСИТ** *лат.* – **бурсит** – муун кабынын баштыкчаларынын сезгениши.

**БЮГЕЛЬ** *нем.* – **дого** – протездин эки жагын бириктирип турган темирден жасалган жаа. М: кийме тиштердин бир түрү (бюгельный протез).

# В

**ВАГИЛАК – вагилак** – дары каражаты, интим гигиенасы үчүн гель.

**ВАГИНИТ – вагинит** – аялдын сырткы жыныс мүчөсүнүн ички көңдөйүнүн сезгениши. Медицинада бул сезгенүү жалпысынан вульвовагинит оорусу аталып, өспүрүм кыздарда вульвит оорусу, ал эми аялдарда кольпит (вульвовагинит) дарты катары белгилүү. Оорунун негизги козгогучтары (бактериалык: хламидиялар, трихомонаддар, микоплазмалар, стафилококктор, стрептококктор ж.б.) көбүнчө жыныстык катнашууда жугуучу жана жугуштуу оорулар, эндокриндик оорулардан кийин кабылдоолор болушу мүмкүн.

**ВАЗЕЛИН – вазелин** – терини жумшартуучу, жарат айыктыруучу, терини сырт таасирден коргоочу медициналык жана косметикалык май.

**ВАЗОЛИГАТУРА** *лат.* – **Вазолигатура** – а) кан тамырларды же лимфа тамырларын байлоо; б) эркектердин урук чыгуучу түтүгүн байлоо операциясы.

**ВАЗОТОМИЯ – вазотомия** – 1. Мурундун каңылжаарына хирургиялык (же радиотолкундуу, же лазердик)

операция жасоо. 2. Эркектин урукту сыртка чыгаруучу түтүкчөсүн узунунан тилүү; Урукту сыртка чыгаруучу түтүкчөлөрдү жарып (жумуртка коштондусу + көзөнөк), ички бетин ачуу операциясы; вазоэпидидимостомия – урукту сыртка чыгаруучу түтүкчө менен жумуртканын коштондусунун куйругун кескенден соң улап жамоо.

**ВАЗЭКТОМИЯ** *лат.* – **вазэктомия** – эркектин жыныстык козуу жана потенцияга тескери таасири тийбеген, анын урукту сыртка чыгаруучу түтүкчөсүн байлап салуу же кыска кесинди бөлүкчөнү алып салуу операциясы.

**ВАКУОЛЬ** *лат.* – **вакуоль** – жаныбарлардын жана өсүмдүк клеткаларынын мембранасы менен чектелип, суюктук толгон цитоплазмасындагы боштук.

**ВАКУУМ ЭКСТРАКЦИЯ – вакуум экстракция (**боштук + тартып, сууруп чыгаруу) – төрөткө жардамдашуучу операция. М: вакуум-эктрактор аппаратынын жардамы аркылуу терс аба басымын түзүп ымыркайды тартып алуу.

**ВАКЦИНА** *лат.* – **вакцина, эмзат** – эмдөөчү медициналык иммунобиологиялык дарылык каражаты; жугуштуу ооруларга каршы эмдөөчү дары-дармек. Организмдин антигендерге каршы антитело иштеп чыгуусун күчөтүү жана ар кыл оору тобуна каршы иммунитетти жаратуу үчүн антигендик, өлтүрүлгөн же алсыздандырылган оору козгогуч микроорганизмдерден же алардын тиричилик аракетинен пайда болгон материалдардан жасалуучу биозаттык атайын каражат.

**ВАННАЯ ПРОЦЕДУРА – көлкүмө процедурасы** – дене сууга көмүлүүчү гигиеналык процедура. Медицинада доктурдун көрсөтмөсү менен колдонулат.

**ВАРИКОЗ** *лат.* – **варикоз** – көк кан тамырынын кеңейиши (варикозное расширение вен), вена кан тамырларынын катмарынын ичкерүүсүнөн, анын диаметринин патологиялык кеңейүүсүнөн түйүн сымал аневризмалык кеңейиши (уюп калган кан бүртүкчөлөрү аркылуу бүтөлүп калышы мүмкүн).

**ВАСКУЛИТ ГЕМОРРАГИЧЕСКИЙ – геморрагиялык васкулит** – майда кан тамырларда микротромбдордун пайда болуусу менен коштолгон асептикалык сезгенүү оорусу.

**ВАТА – кебез** – ар кандай буладан алынган көпшөк масса. М: залалсыздандырылган медициналык кебез (вата медицинская стерильная).

**ВДОХ – дем тартуу** – өпкөгө абаны топтоо.

**ВЕЗИКУЛА** *лат.* – **исиркек** – *цитол.* дарт белгиси; клетканын тамактануусуна көмөктөшүүчү клеткалык органелла; ыйлаакча.

**ВЕЗИКУЛИТ – везикулит** – эркектин уруктук ыйлаакчасынын сезгениши.

**ВЕЗИКУЛОГРАФИЯ** *лат. гр.* – **везикулография** – урукту сыртка чыгаруучу түтүкчө аркылуу контрасттык зат киргизүү менен урук капчыкчаларын рентгендик изилдөө ыкмасы.

**ВЕНА ЯРЕМНАЯ – күрөө көк кан тамыр** – моюнда жайгашкан жана канды моюндан башка жеткирген бир нече жуп көк кан тамыр.

**ВЕНЕРИЧЕСКАЯ БОЛЕЗНЬ – венерикалык оору** – жугуштуу дарт, көбүнчө жыныстык катнаш жолу менен болгон учунуу оорулары.

**ВЕНЕЧНЫЕ АРТЕРИИ – жүрөк булчуңдарынын артериялары** – миокардды кан менен камсыздоочу артериялар.

**ВЕНЕЧНЫЙ ШОВ – баш сөөктөрдүн бириккен жери** – чеке жана төбө сөөктөрүнүн бири-бирине ашташып бириккен жери.

**ВЕНОЗНЫЕ СОСУДЫ – вена кан тамырлары** – көк кан тамырлар, вена кан тамырлар системасы – дененин ар кайсы бөлүктөрүнөн жана өпкөдөн жүрөккө кан алып келүүчү кан тамырлар.

**ВЕНТРИКУЛОСТОМИЯ – вентрикулостомия** – баш сөөк ичиндеги жогорку басымды азайтуу максатында же рентгенологиялык изилдөө учурунда контрасттык затты киргизүү, дары каражатын киргизүү, дарт аныктоочулук

изилдөөлөрдү жүргүзүү жана жүлүн суусун сордуруп алуу үчүн мээнин кайсы бир каптал дүлөйчөсүнө көңдөйлүү ийнени киргизүү операциясы.

**ВЕНУЛА – венула** – эң майда көк кан тамырлар.

**ВЕРТЛУЖНАЯ ВПАДИНА – жамбаш чөйчөгү** – жамбаш сөөгүнүн кашка жилик менен бириккен жериндеги чуңкуру, оюгу.

**ВЕСНУШКИ – сепкил** – кишинин бетинде, колдорунда, кээде денесинде болгон күрөң сары түстөгү темгилдер.

**ВЕСТИБУЛЯРНЫЙ АППАРАТ – вестибулярдык аппарат** – адамдын башынын жана денесинин мейкиндикте кыймылдашын, ошондой эле кыймыл багытын кабыл алуучу кулактын ички бөлүгүндөгү орган.

**ВЕТРЯНАЯ ОСПА – суу чечек** – жугуштуу дарт. Аба, шилекей жолдору аркылуу берилип, герпес вирусу аркылуу козголуучу женил, бирок өтө жугуштуу (инфекциялык) оору.

**ВЗДОХ – дем тартуу, дем чыгаруу** – дем тартуу жана кайра дем чыгаруу.

**ВЗДУТИЕ ЖИВОТА** – **ичтин көбүшү** – ич көндөйүнүн көлөмүнүн чоңоюшу түрүндө болгон айрым оорунун белгиси. М: ичтин көбүшү тамак сиңирүүнүн бузулушунун белгиси (вздутие живота признак нарушения пищеварения).

**ВИБРАЦИОННАЯ БОЛЕЗНЬ – титирөө оорусу** – кесипке байланышкан термелүү оорусу (3-5 жылдан ашык убакыт термелүү (чайкалуу) кыймылы менен коштолгон жумуш аткаруудан, ошондой эле МКБ-10: Т 75.2. коду боюнча ак манжа синдрому, псевдо-Рейно оорусу ж.б. катары белгилүү).

**ВИКАРНАЯ МЕНСТРУАЦИЯ – викардык айыз** (*menstruatio vicaria*) – кезектеги айыздын келүү убагында, кан жыныс кынынан эмес башка органдардан келүүсү (тери, эмчек бездери, көздүн, мурундун же карындын былжыр челинен). Мындай клиникалык абал аменореяда, жатындын өспөй калышында же жатынды операция жолу менен кесип алганда кездешет.

**ВИРГИНИТИФОБИЯ** – **виргинитифобия** *(Virginitiphobia)* – зордукталуудан коркуу сезими.

**ВИРИЛИЗМ** *лат.* – **вирилизм** – эркекке мүнөздүү белгилер.

**ВИРУЛЕНТНОСТЬ** *лат.* – **вируленттүүлүк** – уулуу; жугуштуу агенттин (микроорганизм же вирустун штаммы) дарт чакыруусу (козгоосу).

**ВИРУС – вирус** – тирүү организм (клетка) шартында өзүн-өзү жаратуучу өтө майда бөлүкчө. Вирустун негизин белоктуу катмарча менен курчалган нуклеиндик кычкылдык түзөт. Жугуштуу ооруларды козгоочу кеңири таркаган вирустар: сасык тумоо, кызамык, суу чечек, герпес, таажы вирусу, кадимки суук тийүү, гепатит, адамдын папиллома вирусу, тепки, КИЖС (АИВ) вирустары ж.б.

**ВИРУСНЫЙ ГЕПАТИТ – сарык** – A, B, C, D, E гепатит вирустары козгоочу боор оорусу.

**ВИРУС ГЕРПЕСА – герпес вирусу** – ыйлаакча бүдүрлөр. Адамда бул вирустун 8 түрү кездешет; жөнөкөй герпес, учук – эриндердин былжыр кабыкчасында суулуу бүдүрлөр пайда болот; экинчи тип – гениталдык герпес, сырткы жыныс органдарында майда ыйлаакча бүдүрлөрдүн пайда болушу; суу чечек оорусун жаратуучу герпес вирусу; Эпштейн-Барр вирусу – мононуклеоз жугуштуу оорусун жаратуучу түрү; Цитомегаловирус – жугуштуу оору жаратуучу түрү ж.б.

**ВИСОЧНАЯ КОСТЬ – чыкый сөөк** – баш сөөктүн негизин жана каптал жактарын түзүүчү жуп сөөктөр.

**ВИТАМИН** *лат.* – **витамин** (өмүр + амин) – организмдин толук кандуу өнүгүүсү үчүн аз өлчөмдө талап кылынуучу эң керектүү органикалык зат. Витаминдин кайсы бир түрүнүн жетишсиздиги адамда ар кандай ооруларды пайда кылат. М: Д витамининин жетишсиздиги итий оорусун жаратат; А витамини жаш балдардын иммунитетин чыңдоого жана жугуштуу ооруларга туруктуулугуна таасир берет.

**ВИТИЛИГО** *лат.* – **ала** – териде пигментсиз ак тактарды пайда кылуучу оору, нерв-эндокриндик бузулуунун белгиси болушу мүмкүн.

**ВЛАГАЛИЩЕ** *лат.* – **кын** – жамбаш кичи чарасында жайгашкан жатынга кире бериштеги серпилгич булчуңдуу түтүк сыяктуу орган.

**ВНУТРИМАТОЧНАЯ ИНСЕМИНАЦИЯ – жатын ичине жасалма уруктандыруу** – иштетилген сперманы жатынга киргизүү.

**ВОЗБУЖДЕНИЕ – дүүлүгүү** – курчап турган чөйрөдө түзүлгөн кырдаалга, өзгөчө таасирленүүгө, коркуу сезимине организмдин сын жана сактык абалы. Активдештирүүчү ретикулярдык система өңдүү борборлор аркылуу мээ кыртышынын физиологиялык өтө жандануусу (жээлигүүсү) же дүүлүгүүсү.

**ВОЛДЫРЬ – исиркек** – теринин сүрүлүшүнөн же күйүктөн улам суюктук (кандын сары суусу), кан же ириң толгон тери же тери алдындагы көңдөйчө.

**ВОЛЧАНКА – бөрү жатыш** – а) *Lupus Erythematosus* – кызыл бөрү жатыш, тери жана ички органдардын (муундар, бөйрөк, жүрөк булчуңдары) жабыркашына алып келе турган бейтаптын бетинде (жаак, мурун эттеринде көпөлөк сымал) кызыл кабырчыктуу бүдүрөйгөн майда жаралардын пайда болуусу менен бириктирүүчү ткандын кайталанма сезгенүү оорусу; б) *Lupus vulgaris* – кадимки бөрү жатыш, бейтаптын, көбүнчө бала кезден тартып кургак учук менен жабыркоосунан, мурдунда жана жаак беттеринде кочкул кызыл тактардын пайда болушу. Атайын химиялык дарылоонун жетишсиздигинен тактар денеге таркап, тырыктар жаралат.

**ВОЛЧЬЯ ПАСТЬ – жырык таңдай** – тубаса дарт; үстүңкү эрин жана таңдайдын тубаса жырыгы.

**ВОРОТА ГРЫЖИ – чуркунун оозу** – курсактын ички бетинин чурку чыгып калуучу кыйла алсыз жерлери. М: чуркунун оозун кичирейтип тигүү хирургиялык операциясы (ушивание (пластика) грыжевой вороты).

**ВОРСИНЧАТЫЙ – түктүү** – кыл, чачык, түтүк сымалдуу; өсүндү. М: жоон ичегинин түктүү (эпителий өсүндүсү) катмары (ворсинчатый слой толстой кишки).

**ВОСПРИИМЧИВОСТЬ – кабыл алгычтык** – тооткучтук, сезимталдык.

**ВОСПРОИЗВЕДЕНИЕ – тукум улоо** – адам организминин муундардын алмашуусун камсыз кылуучу касиети.

**ВПАДИНА – чункурча** – адамдын төш сөөгүнүн иймек болушу. Ал тубаса, ошондой эле кайсы бир оорунун натыйжасы болушу мүмкүн. М: кемирчектүү төш сөөгүнүн чункурчасы (впадина грудной клетки).

**ВРАЧ – доктур** – медициналык жогорку билими бар адис. Адистиги боюнча доктур: саламаттык сактоону уюштуруучу, стоматолог, хирург, терапевт, педиатр, психиатр гинеколог, рентгенолог, фтизиатр, коомдук медицина доктуру ж.б. болуп бөлүнөт.

**ВРАЧЕБНАЯ ТАЙНА – доктурдук жашыруун сыр** – бейтаптын ден соолугунун абалы, дартынын аты, текшерүү натыйжалары ж.б. жөнүндө үчүнчү жактарга медициналык кызматкердин билдирүүсүнө тыюу салынган медциналык, укуктук, социалдык-этикалык түшүнүк.

**НАЗНАЧЕНИЕ ВРАЧА – доктурдун дайындоосу** – оорулууга керек болгон дары-дармек каражаттарын (медициналык буюмдарды) дайындоо, белгилүү бир мезгил ичинде аларды кабыл алуу тартибин көрсөтүү.

**ВРОЖДЁННЫЙ ПОРОК СЕРДЦА – жүрөктүн тубаса кемтиги** – төрөлгөндөн эле жүрөк клапанындагы жана ири тамырларындагы оору. Ал жүрөктүн морфологиялык түзүлүшүн бузууга алып келет.

**ВРОСШИЙ НОГОТЬ – батып өскөн тырмак, ичин карай өскөн тырмак** – бул буттун тырмагынын манжалардын четтерин карай өсүшү, оорутуу сезими менен коштолот.

**ВСАСЫВАНИЕ – сиңирүү** – соруу. М: темирдин сиңирилиши (всасывание железа); тамак-аш аркылуу ичке ичегинин проксималдык бөлүгүндө темирдин сиңирилиши.

**ВСКАРМЛИВАНИЕ** – **тамактандыруу** – эмчек эмизүү (грудное вскармливание); оор абалдагы бейтапты тамактандыруу (вскармливание тяжелого больного).

**ВУЛЬВА** *лат.* – **вульва** – аялдын сырткы жыныс органдарынын жалпылоочу аты.

**ВУЛЬГАРНЫЕ УГРИ** *гр.* – **безетки** – дүркүрөп көбөйгөн безетки; өспүрүм балдар-кыздардын тери май бездеринин жана чач түбү фолликулдарынын өнөкөт сезгениши.

**ВЫВИХ – чыгып кетүү** – бертик, мертинүү. М: чыканак муундан чыгуу (вывих локтевого сустава).

**ВЫДОХ – дем чыгаруу** – өпкөдөн абаны чыгаруу.

**ВЫЗДОРОВЛЕНИЕ – айыгуу, сакаюу** – ооруп калган учурдан тартып организимдеги өзгөрүүлөрдүн мурунку калыбына келиши.

**ВЫЙНАЯ СВЯЗКА – шили байламтасы** – моюн омурткаларын желкеде бириктирип кармап туруучу байламта.

**ВЫКИДЫШ – бойдон түшүү** – кош бойлуулуктун өз алдынча үзгүлтүккө учурап, түйүлдүктүн өлүү түшүүсү. М: кош бойлуулуктун биринчи жарымында бойдон түшүп калуу (выкидыш в первой половине беременности).

**ВЫЛЕЧИТЬ – айыктыруу, сакайтуу** – дарылап ден соолугун калыбына келтирүү.

**ВЫПИСКА – көчүрмө бөлүк** – кандайдыр бир тексттен, документтен көчүрүп алынган бөлүгү. М: бейтап баянынан көчүрмө бөлүк (выписка из истории болезни).

**ВЫСЛУШИВАНИЕ – тыңшоо, угуу** – медициналык изилдөө ыкмасы, аускультация деп аталат. М: күмөндүн жүрөгүнүн согуусун тыңшоо (выслушивание сердцебиения плода).

**ВЯЗКИЙ – илээшкек** – жабышкак. М: бейтаптын заңдоосу илээшкек суюк болууда (у больного вязкий жидкий стул).

**ВЯЗКОСТЬ КРОВИ – кандын илээшкектиги** – кандын артерия жана көк кан тамыр боюнча жүрүү жөндөмүнүн

түздөн түз көрсөткүчү. М: кандын плазмасынын илээшкектиги ченемде 1,4-2,2 (вязкость плазмы крови в норме 1,4-2,2).

# Г

**ГАЗОВАЯ ГАНГРЕНА – газдуу гангрена, желкабыс** – дарт; клостридиалдык аэробдук инфекция (гангрена), мионекроз.

**ГАЙМОРИТ – гайморит** – үстүңкү жаактын Гаймор көңдөйчөлөрүнүн (мурундун кошумча коңулдары) сезгениши.

**ГАЛЛЮЦИНАЦИЯ** *лат.* – **көзүнө көрүнүү** – бейтаптын көзүнө жок нерсенин көрүнүшү, куру элес. Турмушта боло бербеген нерселерди чындык катары кабыл алуу (көрүү, угуу, жыт сезүү жана даам татуу) сезими.

**ГАЛЬВАНИЗАЦИЯ – гальванизациялоо** – бир нерседен, заттан электр тогун өткөрүү, гальваникалык ток, физиотерапиялык дарылоо.

**ГАММА-ЛУЧИ – гамма нурлары** – радиоактивдүү заттар чыгаруучу электр-магниттик нурлар. М: радиотерапия – радиациялык онкологияда рентгендик гамма нурлантуу.

**ГАНГРЕНА** *гр.* – **гангрена** – ткандардын чирүүсү, өлүмгө учурашы, бузулушу; этчирим, денечирим. Дененин мертинүүсүнөн же кандайдыр бир оорунун (үшүккө алдыруу, күйгүзүп алуу, Рейно оорусу, кан тамырлардын бузулушу, кант диабети) себептеринен дененин кайсы бир бөлүгүндө кан менен камсыздоо жетишпестигинен болгон ткандардын этчирими (бузулуусу). Жансыздануу.

**ГАРАНТИЯ – кепилдик** – бир субъекттин экинчи субъекттин алдындагы милдеттенмесин аткарууну камсыз кылуу ыкмасынын бири. М: медициналык жардам көрсөтүү Мамлекеттик кепилдик программасы.

**ГАСТРИТ** *лат.* – **гастрит** – карын (ашказандын) былжыр челинин сезгенүүсү; ашказандын былжыр челин дүү-

лүктүрүүчү же жабыркатуучу заттардын, он эки эли ичегиден ашказанга өттүн куюлушунан, карын кычкылдыгынын өтө көп иштелишинен жана *Helikobakter pylori* түрүндөгү бактериялардын таасиринен сезгениши. Көбүнчө сезгенип кабылдоо дистрофиялык мүнөздө эпителиалдык клеткаларынын атрофия болушу жана бул ткандардын ордуна фиброздук ткандардын орун алышы менен регенеративдик процесстер бузулуп, ашказандын физиологиялык абалы начарлайт да секретордук (бөлүп чыгаруу) кызматы жабыркайт.

**ГАСТРОПЕКСИЯ – гастропексия** – ашказандын ылдый түшүп калуусунда алдыңкы бетин курсактын ички бетине, боордун сол бөлүгүнүн уч тарабына жамаштыруу операциясы.

**ГАСТРОПЛАСТИКА – гастропластика** – операция жолу менен ашказандын ар кандай деформациясын оңдоп, формасын өзгөртүү.

**ГАСТРОПТОЗ – гастроптоз** – ашказандын нормалдуу анатомиялык абалдан ылдый түшүп кетиши.

**ГАСТРОРРАГИЯ** *гр.* – **гастроррагия** – карындын ички бетиндеги кан тамырлардан кан агуу.

**ГАСТРОСТОМИЯ** *гр.* – **гастростомия** – кызыл өңгөчкө хирургиялык операция жасап жатканда же кызыл өңгөчтөн ашказанга тамак өтпөй калган учурда, ашказандын сыртына операциялык жол менен же эндоскоптун жардамы аркылуу жасалма тешик жасоо менен зонд же резина түтүк коюу.

**ГАСТРОТОМИЯ – гастротомия** – ашказандын ичин изилдөө, дарт аныктоо же хирургиялык жол менен кан токтотуу максатында ашказандын сыртын жаруу.

**ГАСТРОЭНТЕРИТ** *гр.* – **гастроэнтерит** – карын (ашказан) менен ичке ичегинин сезгениши.

**ГАСТРЭКТАЗИЯ – гастрэктазия** – ашказандын ооруп жабыркоосунан же он эки эли ичегинин учунун ичкери-

шинен жана ичегиге жасалган операциядан кийинки бузулуудан карындын чоюлуп кетиши.

**ГАСТРЭКТОМИЯ – гастрэктомия** – радикалдуу операция жасоо максатында ашказанды толук бойдон же бир бөлүгүн алып салуу менен хирургиялык кийлигишүү.

**ГЕЛИОТЕРАПИЯ** *гр.* – **гелиотерапия, күн нуру менен дарылоо** – айыгуу процессин тездетүү үчүн күндүн нурун колдонуу.

**ГЕЛЬМИНТОЗЫ – гельминтоздор** – мите курттардын адам организмине кирип алуусунун натыйжасында пайда болуучу оору түрү.

**ГЕМАНГИОМА** *гр.* – **гемангиома** – кан тамырлардын түбүнүн залалсыз шишиги. Көп учурда ымыркайларда тубаса тери астында кызгылт түстөгү гемангиома денедеги кал же меңге окшобогон түрдө кездешет. Өз убагында дарылоо же хирургиялык кийлигишүү жасалбаса, каверноздук гемангиомага өтүп кетиши мүмкүн.

**ГЕМАТОЛОГИЯ** *гр.* – **гематология** (кан + окуу) – кан жана кан жаратуучу ткандарды, ошондой эле аларга байланышкан ооруларды изилдөөчү илим.

**ГЕМАТОМА – гематома** – органдардын же дене ткандарынын ичинде кандын уюп жана чогулуп катуу шишик пайда болушу; а) тери астындагы (ичиндеги) кан уюп, чогулуп калуусу; б) муун ичинде кандын уюп чогулуп шишик пайда болушу; в) мээ ичиндеги гематома – мээнин кысылуусу жана мээ басымынын жогорулоосу синдрому менен коштолот; г) экстрадуралдык гематома – менингиалдык артериянын жарылып кетүүсүнөн кандын чогулуусунан болгон коркунучтуу абал; баш сөөк менен мээнин катуу кабыгынын ортосундагы тамырдын жарылышынан пайда болот; д) интрацеребралдык гематома - баш сөөктүн жабыркоосунун негизинде же мээ артериясынын атеросклерозунан же кан басымынын жогорулашынан болгон кан куюлуудагы чукул аракетти талап кылган шишик.

**ГЕМАТОПНОЕ – кан түкүрүү** – какырык менен кандын аралаш чыгышы. Кан түкүрүү көбүнчө өпкөдөгү кан

тамырлардын жарылышы, өпкөдө кан токтоп калуу, ошондой эле кан тамырлардын өткөргүчтүгүнүн жогорулашынан болот.

**ГЕМАТОРЕЯ – гематорея** – кандын өтө көп агышы.

**ГЕМАТОЦЕЛЕ** *гр.* – **гематоцеле** – денедеги кайсы бир органдын бир жерине кандын жыйылып, топтолуп залалсыз шишик өңдөнүп калышы.

**ГЕМАТУРИЯ – гематурия** – сийдикте кандын пайда болушу.

**ГЕМАТЕМЕЗИС** *гр.* – **гематемезис** – кан кусуу.

**ГЕМЕРАЛОПИЯ** *гр.* – **гемералопия** – караңгыда начар көрүү же көрбөй калуу.

**ГЕМИКРАНИЯ** *гр.* – **гемикрания** – шакый, баштын бир жак бөлүгүнүн оорушу.

**ГЕМИПАРЕЗ – гемипарез** – дененин бир жак бөлүгүнүн кыймылынын кескин начарлашы.

**ГЕМИПЛЕГИЯ – гемиплегия** – дененин бир жак бөлүгүндөгү кол, буттардын өз алдынча кыймылынын толук жок болушу, толук кыймылдабай калышы.

**ГЕМОГЛОБИН** *гр.* – **гемоглобин** – кандын кызыл элементтерине түс берүүчү зат. Гемоглобин организмдеги ар кыл ткань жана органдардын кычкылтек менен камсыз болуусуна шарт түзүүчү өзгөчө касиетке ээ.

**ГЕМОДИАЛИЗ** *гр.* – **гемодиализ** – организмден бөлүнүп чыккан өнүм же уу заттарын кандан диализдөө аркылуу алып салуу; гемодиализ адатта бөйрөк функциялары кескин түрдө бузулган бейтаптарга («жасалма бөйрөк» диализатору) жасалат.

**ГЕМОЛИЗ – гемолиз** – кызыл кан денечелеринин (эритроциттердин) гемоглобиндерди айлана-тегерегине эритиши.

**ГЕМОПОЭЗ** *гр.* – **гемопоэз** (кан + жасоо) – кан денечелеринин жасалуу (иштелип чыгуу), өнүгүп-өсүү, жетилүү процесси. Түрлөрү: эмбриондук гемопоэз (төрөлгөнгө чейин); төрөлгөндөн кийинки гемопоэз, эритропоэз, лейкопоэз, тромбоцитопоэз.

**ГЕМОРРАГИЧЕСКИЕ АНЕМИИ – кан агуудан аз кандуулук** – организмдеги көп кан агуудан болгон патологиялык өзгөрүүлөр.

**ГЕМОРРОЙ** *гр.* – **геморрой** – көтөн чучуктагы веналардын варикоздук (түйүн сымал) кеңейүүсү.

**ГЕМОСТАЗ – гемостаз** – кан токтотуунун биологиялык жөндөмдүүлүгү жана дары-дармек (куюу, тыгындоо) же механикалык (хирургиялык кийлигишүү, кан тамырларды лигатурдук жип менен буу, коагуляциялык, тигүү) жол менен токтотуу.

**ГЕМОТОРАКС – гемоторакс** – көкүрөк көңдөйүнө же өпкө челине кан куюлуу (топтолуу).

**ГЕМОТРАНСФУЗИЯ – гемотрансфузия** (кан + куюу) – кан же кандын айрым компоненттерин бир адамдан (донор) башка бир адамга (реципиент) куюу.

**ГЕМОФИЛИЯ** *гр.* – **гемофилия** – кандын уюусунун (коагуляциялык) тубаса жөндөмдүүлүгүнүн төмөндөшү же бузулушу, кандын уюусунун жетишсиздигинен кан агуу токтобогон оору.

**ГЕН – ген** – геномхромосомалар курамында генетикалык материалдардын топтому. Бирдиктүү полипептиддик ДНК же РНК ырааттуулугун түзгөн хромосомада өзгөчө орду бар генетикалык материалдын тукум куучулук жана өзгөргүчтүк материалдын негизги бирдиги.

**ГЕНЕЗИС** *лат.* – **генезис** – келип чыгуу, жаралуу; кандайдыр бир түзүмдүн онтогенезде же филогенезде жаралышы.

**ГЕНЕОЛОГИЯ – генеология** – ата-тек тарыхы, санжыра, уруу тарыхы, тукум тарыхы.

**ГЕНЕТИКА – генетика** – организмдин тукум улоочулук жана өзгөргүчтүк касиети, тукум куучу оорулардын себеби жана айыктыруу жөнүндөгү илим. Адамдын генетикасы илими кандаш организмдердин окшоштугун жана айырмачылыгын, ошондой эле ар кыл белгилердин ата-энеден балага өтүү механизмин изилдөөнү жүргүзөт.

**ГЕНИТАЛЬНЫЙ ГЕРПЕС – гениталдык герпес** – аялдарда жана эркектерде жыныстык жол менен жугуучу дарт.

**ГЕННАЯ ИНЖЕНЕРИЯ – гендик инженерия** – генетикалык инженерия, тукум куучулук инженериясы; клеткадан гендерди бөлүп алып РНК жана ДНК деңгээлинде жогорку технологиялык операцияларды жасоо.

**ГЕНОТИП – генотип** – организмдеги гендердин жыйындысы; организмдеги гендердин аллелдик бирикмелеринин жыйындысы, тукум куума түзүлүшү; генотип сырткы чөйрө факторлору менен бирдикте организмдин фенотибин аныктайт.

**ГЕНОФОНД – генофонд** – кайсы бир биологиялык популяциянын өзүнчө жашаган түрүнүн гендик бардык вариацияларынын жыйындысы. Популяциянын генетикасында популяциянын бир бөлүгү болгон бардык адамдар ташып жүргөн аллелдердин жыйындысы.

**ГЕПАРИН – гепарин** – кандын тез уюусуна каршы дары каражаты (антикоагулянт), кандын уюу процессинде тромбин ферментинин таасирин басаңдатат.

**ГЕПАТИТ – гепатит** – организмдин жабыркоосуна жугуштуу сарык оорусун жаратуучу вирустардын жугушунан, уулуу заттардын тийгизген таасиринен же иммунитеттин бузулушунан боордун сезгениши. А гепатити – эпидемиологиялык гепатит, санитардык шарттардын начардыгынан тамак-аш же суу аркылуу жугуучу сарык оорусу. Оору бейтаптын дене табы көтөрүлүп, алы кетип, териси, көздүн агы саргыч тартып башталгандыктан сарык («желтуха») оорусу аталат. В-сарык оорусу негизинен ийне аркылуу же кан куюуда инфекцияланган кан, жыныстык катнаш, татуировка жасоо жолдору менен жугат. Гепатит В; С; Д; парентералдык, кан аркылуу жугуучу оорулар. Гепатит Е тамак-аш же суу аркылуу жугуучу сарык оорусу. Токсиндик гепатиттер дары-дармектердин же алкоголдук ичимдиктердин боорго терс таасиринен болот.

**ГЕРИАТРИЯ** *гр.* – **гериатрия** – геронтология илиминин улгайган кишилердин ооруларынын өзгөчөлүгүн изилдөөчү жана аларды дарылоо, алдын алуу жолдорун иштеп чыгуучу бөлүгү.

**ГЕРМАФРОДИТ** *лат.* – **кызтеке** – кош жыныстык, адамдын бир эле учурда эркекке жана аялга тиешелүү жыныстык органдарына же жыныстык органынын бир эле мезгилде энелик без менен бирге урук бездерине тиешелүү клеткаларга ээ болуусу.

**ГЕРМЕТИЧЕСКАЯ ПОВЯЗКА – жылчыксыз таңгыч** – аба өткөрбөөчү таңгыч.

**ГЕРОНТОЛОГИЯ** *гр.* – **геронтология** – адамдардын физикалык, физиологиялык жана акыл-эс жаатындагы жаш курактык өзгөрүүлөрдү, ошондой эле ушуга байланышкан көйгөйлөрдү аныктоочу, ал абалды жеңилдетүү жана саламаттыгын сактоо жолдорун изилдөөчү илим.

**ГЕРПЕС – учук** – организмде герпес вирусунун жугушунан пайда болуучу тери жана былжыр катмарчалар оорусу.

**ГЕТЕРОГЕННЫЙ – гетерогендүү** – теги ар кандай курамда, ар түрдүү. М: генетикалык зат алмашууларда көп түрдүүлүк, хромосомдук абберация (генетическая гетерогенность).

**ГИГИЕНА** *гр.* – **гигиена** (соо + саламаттык) – курчап турган чөйрөнүн адамдын организмине, анын өмүрүнүн узактыгына, иштешине тийгизген таасирин жана адамдын жашоо-тиричилик шартын жакшыртууну, саламаттык сактоо жана саламаттык коргоону коомдук уюштурууну изилдөөгө багытталган илим.

**ГИДРАМНИОН** *гр.* – **гидрамнион** – түйүлдүктүн айланасындагы суунун адаттан тышкары көп болушу; кош бойлуулуктун 20-аптасынан кийин ар кандай факторлордун таасиринен (суу катмарындагы эпителий ткандарынын бузулушу, амниондун патологиясы, түйүлдүктүн аномалиялык өрчүшү, киндик кан тамырынын, жатын жана түйүл-

дүк кан тамырларынын жабыркашы ж.б.) аялдын курсагы чоюлуп, чоңоюп энтигүүнү пайда кылат.

**ГИДРАРТРОЗ – гидрартроз** – муун, кан тамыр же башка органдардын ооруларынын же мертинүүлөрдүн себептерине байланыштуу, муун көңдөйлөрүндө синовиалдык (патологиялык) суюктуктун топтолушунан, муундун көлөмү деформацияланып чоңоюп оорушу.

**ГИДРОНЕФРОЗ – гидронефроз** – оору, бөйрөк чери, бөйрөк ткандарынын кичирейип, бөйрөктүн калтачаларына сийдик (суу) толуп, патологиялык кеңейип чоюлушу жана бөйрөктүн функциясынын бузулушу.

**ГИДРОТЕРАПИЯ – суу менен дарылоо** – ар кыл ооруларды дарылоо үчүн сууну пайдалануу. М: суу алдында басым менен медициналык массаждоо (подводный массаж).

**ГИДРОФОБИЯ – гидрофобия** – суудан коркуу, сууну көргөндө карышуу, сенек болуу (айрым нерв ооруларынын жана кутурма оорусунун симптому).

**ГИДРОЦЕФАЛИЯ – гидроцефалия** (суу + баш) – мээ дүлөйчөлөрү менен бирге катмарланган боштук ичинде мээ-жүлүн сары суусунун көп болушу. Жаш ымыркайларда төрөт учурундагы мертинүүлөрдөн, ал эми кийин, кош бойлуулук убагында аялдын сезгенүү оорулары, тубаса кемтик оорулар, шишик оорулары, менингококктуу жугуштуу оорулар себеп болушу мүмкүн.

**ГИМЕНОПЛАСТИКА – гименопластика** – кыздык белгинин бүтүндүгүн калыбына келтирүү максатында жалгаштыруу операциясы.

**ГИНЕКОЛОГИЯ – гинекология** – аялдардын тукум улоо органдарынын оорулары, аларды дарылоо жана алдын алуу жөнүндөгү илим.

**ГИНГИВИТ ЯЗВЕННЫЙ – жаралуу гингивит** – тиш бүйлөлөрүнүн сезгенүү оорусу. Адатта бул ооруну түрдүү бактериялар жаратат, негизги факторлордон болуп тиштин кариеси, катаралдык гингивит, Венсандын жаралуу ангинасы (гингивити), герпестик гингивит, адамдын жугуштуу

оорулар менен оорушу жана КИЖСтин бир белгиси болушу мүмкүн.

**ГИПЕРБИЛИРУ-БИНЕМИЯ – гипербилирубинемия** – канда билирубиндин көбөйүшү.

**ГИПЕРВОЛЕМИЯ – гиперволемия** – кан айланууда кандын жана плазманын көлөмүнүн көбөйүшү.

**ГИПЕРГИДРАТАЦИЯ – гипергидратация –** электролиттик зат алмашуунун бузулушунан организмде же анын айрым бөлүктөрүндө (органдарда) суунун көбөйүшү.

**ГИПЕРГИДРОЗ** *гр.* **– гипергидроз** (ашыкча + тер), **терчилдик** – дененин айрым бир жеринин ашыкча көп тердеши (колтуктун тердеши, алакандын тердеши, баштын тердеши ж.б.).

**ГИПЕРГЛИКЕМИЯ – гипергликемия** – кандын курамында глюкоза өлчөмүнүн жогору болушу.

**ГИПЕРЕМИЯ – гиперемия** – теринин чет жак кан тамырларына кан толуу, албыруу, ирeңи кызыл, бети кызаруу. М: теридеги ангионевротикалык кызаруу; коллатералдык кызаруу; теридеги сезгенүүдөн кызаруу.

**ГИПЕРЕСТЕЗИЯ – гиперестезия** – организмдин сырткы дүүлүктүргүч факторлорунун таасирлерине өтө сезгичтиги.

**ГИПЕРИНСОЛЯЦИЯ – гиперинсоляция** – күн нуруна көпкө күйүүнүн мээге оор таасири; баш калкаланбаган учурда күн нурунун оор таасиринен баш мээнин иштешинин бузулушу, катуу баш оору.

**ГИПЕРКЕРАТОЗ – гиперкератоз** – тери эпидермисинин үстүңкү катмарынын шишимек тартуусу, калыңдап карттануусу.

**ГИПЕРКИНЕЗ – гиперкинез** – кыймыл-аракеттин күчөшү; нерв системасынын түрткүсү менен булчуңдардын күчөгөн жыйрылышы. М: булчуң талчаларынын башаламан жыйрылышы (тремор, тики).

**ГИПЕРПИГМЕНТАЦИЯ – гиперпигментация** – теринин өңүнүн өзгөрүшү, карарышы; дененин айрым мүчө-

лөрүнүн терисинде карарган тактардын болушу (колунда, бутунда, далысында, тырмагында).

**ГИПЕРПЛАЗИЯ – гиперплазия** – ткандагы ченемсиз өсүү; ткань же органдагы клеткалардын тездик менен пайда болуп өрчүп өсүүсү. М: жатындын эндометрийинин (ички былжыр катмары) ченемсиз өсүүсү (гиперплазия эндометрия).

**ГИПЕРСАЛИВАЦИЯ – гиперсаливация** – шилекейдин көп бөлүнүп чыгышы.

**ГИПЕРТЕНЗИЯ – гипертензия** (чыңалуу, керүү, керилүү + артерия) – артерия кан тамырларында кан басымынын көтөрүлүшү; артерия кан тамырларында кандын жүгүрүүсүнө каршылыктын күчөшү, же жүрөктүн бүркүүсүнөн, же ушул факторлордун бирге кошулуусунан болгон оору абалы; жүрөктүн иштешине күч келип, анын карынчаларынын керилип чоңоюшу, кан тамырлардын күчтөнүп иштөөсү мүнөздөлгөн оору абалдарына алып келет.

**ГИПЕРТЕРМИЯ – гипертермия** – дене табынын жогорулашы.

**ГИПЕРТОНИЯ – гипертония** – кан басымынын жогорулашы; эссенциалдык артериалдык гипертензия; алгачкы (биринчи) артериалдык гипертензия; бул оору, артериалдык кан басымынын жогорулашы, негизинен мээ кан тамырларында, четки артериалдык кан тамырлар дагы кошулуп, чыңалуу күчөгөнү коштолуп, анын белгилери баскычтуу өрчүү менен оорунун өтүшү, нерв системасынын функционалдык абалына жараша, көптөгөн органдардын жабыркоосунан кабылдоолорго учурайт.

**ГИПЕРТРИХОЗ – гипертрихоз** – көп түктүүлүк.

**ГИПЕРТРОФИЯ – гипертрофия** – ар кандай факторлордун таасиринде ткандардын же органдын ченемсиз өсүп чоңоюшу. М: жатын моюнчасынын гипертрофиясы (гипертрофия шейки матки).

**ГИПНОЗ – гипноз** – жасалма жол менен уктатып дарылоо ыкмасы (гипноздук уйку терапиясы); гипноздук наркоз (гипнотический наркоз).

**ГИПОВОЛЕМИЯ – гиповолемия** – кан айланууда кандын көлөмүнүн азайышы.

**ГИПОГЛИКЕМИЧЕСКАЯ КОМА – гипогликемиялык эстен тануу**, гипогликемиялык кома – канда канттын (глюкоза) кескин түрдө азайып, нерв системасынын патологиялык бузулуусунан болгон оор абал.

**ГИПОКСИЯ – гипоксия, түтөгүү, түтөк** – организмде же ткандарда кычкылтектин жетишсиздиги (гипоксия, аноксия). Кычкылтектин дем алган абалда канда (гипоксемия) же клеткаларда жетишсиздиги.

**ГИПОСПАДИЯ – гипоспадия** – эркек баланын кертмегинин тубаса кемтиги; сийдик агып чыгуучу түтүктүн кертмектин ортосунда же түбүндө ачылып калышы; кертмектин начар өнүгүп калтага жабышып калышы.

**ГИПОТОНИЯ – гипотония** – а) артериалдык (систоликалык же диастоликалык) кан басымдын төмөндүгү (гипотензия); б) булчуң тонусунун төмөндүгү.

**ГИПОФИЗ** *лат.* **– гипофиз** – мээ өсүндүсү; ички секрециянын борбордук бези. Гипофиз, мээнин төмөн жагында (негизинде), баш сөөктүн түрк ээрчесинде орун алган мээнин төмөнкү өсүндүсү.

**ГИППУС** *гр.* **– гиппус** – каректин көлөмү бир калыпта бат куушурулуп же жазылып, алмашылып туруусу.

**ГИПС МЕДИЦИНСКИЙ – медициналык гипс** – өтө майдаланган ак күкүм, гипс таңгычына колдонулуучу күл майда зат.

**ГИПСОВАЯ ПОВЯЗКА – гипс таңгычы** – гипсти пайдалануу менен даярдалган катып калуучу медициналык таңгыч.

**ГИПСОФОБИЯ** *гр.* **– гипсофобия** (бийиктик + коркуу) – бийиктиктен коркуу, бийиктиктен баш айлануу.

**ГИПУРГИЯ – гипургия** – бейтапты карап багууда, анын акыбалын жеңилдетүү максатында санитардык иш-чараларды жүргүзүү жана медициналык процедураларды жасоо.

**ГИРСУТИЗМ – гирсутизм** – гиперандрогенизм, организмде эркектерге тиешелүү жыныстык гормондордун ашыкча иштелип чыгуусунун негизинде аялдардын жана жаш балдардын бети, көкүрөгү, далысы, ошондой эле курсактын үстүңкү бөлүгүнө эркектердикиндей пигменттелген катуу кылдардын өсүшү.

**ГИРУДИН – гирудин** – кан элементтеринин уюшуна (коагуляцияга), тромбин ферментине каршы таасир этүүчү касиетке ээ пептид.

**ГИРУДОТЕРАПИЯ** *лат.* **– гирудотерапия** (сүлүк + дарылоо) – медицинада сүлүктү оорулуу адамды дарылоо максатында колдонуу.

**ГИСТЕРОСКОПИЯ – гистероскопия** – гистероскоп аппаратынын жардамы менен жатындын ичин кичи инвазивдүү ыкмада изилдөө жана дарт табуу.

**ГИСТЕРЭКТОМИЯ – гистерэктомия** – хирургиялык операция жасоо аркылуу жабыркоого учураган же шишиктүү жатынды кесип алып салуу.

**ГИСТОЛОГИЯ – гистология** – организмдин клеткалык түзүлүшүн микроскоп менен изилдөөчү илим.

**ГЛАВНАЯ МЕДСЕСТРА – башкы медайым** – медициналык мекемедеги жетекчилик кызмат орун.

**ГЛАЗНИЦА – көз чанагы** – көз чечекейи жана ага жардам берүүчү органдар жайгаша турган баш сөөктөгү кош көңдөй.

**ГЛАЗНОЕ ЯБЛОКО – көз алмасы** көз чанагында жайгашып, ички ядросунан жана аны курчап турган үч катмардан (ички, ортоңку жана сырткы) турат.

**ГЛАУКОМА** *гр.* **– глаукома** – көздүн ички басымынын жогорулашы, көрүү жөндөмүнүн төмөндөшү, көз нурунун начарлашы жана көздүн көрүү нервинин атрофиясы (куурашы, соолушу) менен коштолгон көз оорулар топтому.

**ГЛИСТЫ – мите курттар** – жумуру курттар (нематоддор); тасма курттар; соргуч мителер (трематоддор).

**ГЛИЦЕРИН – глицерин** – пропантриол, үч атомдуу спирттердин өкүлү болгон химиялык зат, түссүз илээшкек суюктук. Медицинада, тамак-аш өнөр жайында, косметикалык өндүрүмдөрдү чыгарууда кеңири колдонулат.

**ГЛОБУЛИНЫ – глобулиндер** – боордо жана иммундук системада иштелип чыгуучу кандын плазмасынын негизги белоктору.

**ГЛОМЕРУЛОНЕФРИТ – гломерулонефрит** – бөйрөктүн негизги тканы, түйдөкчөлөрүнүн сезгениши.

**ГЛОССАЛГИЯ – глоссалгия** – тил ооруу, тилдин ачышып оорушу.

**ГЛОТКА – кулкун** – ооз көңдөйү менен кызыл өңгөчтүн башталган чегине чейин жеткен кобул. Бул мүчө менен тамак жутулат.

**ГЛОТОК – ууртам, жутум** – бир ууртоого ылайык келген өлчөм.

**ГЛУХОНЕМОЙ – дүлөй-дудук** – төрөлгөндөн эле укпай, сүйлөй албай калган абал.

**ГЛУХОТА – дүлөйлүк, керендик** – кулактын жарым-жартылай же толук түрдө укпай калышы.

**ГЛЮКОЗА – глюкоза** – курамына көмүртектин алты атому кирген жөнөкөй кант, $C_6H_{12}O_6$. Организмдин зат алмашуусу үчүн эң зарыл болгон (мээ үчүн жападан жалгыз) энергиянын булагы.

**ГНИЛОСТНЫЕ БАКТЕРИИ – чириткич бактериялар** – белоктордун ажыроосун жаратып, тамак-аш азыктарын бузуучу бактериялар.

**ГНИДА – сирке** – биттин жумуртткасы.

**ГНОЙ – ириң** – ткандардын чиришинен пайда болгон өңү саргыч, жыты сасык суюктук. М: ириңдөө (гноение).

**ГНОЙНАЯ ИНФЕКЦИЯ – ириңдүү инфекция** – ириңдүү дарт, ириңдүү сезгенүү, оору.

**ГНОЙНАЯ РАНА – ириңдүү жараат** – теринин бүтүндүгүн бузуп, ириңдеп кеткен жараат.

**ГНОЙНИК – ириңдүү жара,** ириңкөлкүл (абсцесс) – ириң чогулган жер.

**ГНОЙНОЕ ВОСПАЛЕНИЕ – ириңдүү сезгенүү** – бактериялык инфекциядан ириңдеп кеткен сезгенүү.

**ГНОЙНЫЙ ОТИТ – кулактын ириңдеши** – кулактын ириң аккан оорусу (булак).

**ГНУСАВОСТЬ – мурду менен сүйлөө,** киңкилдөө – адамдын кеңилжээринин анатомиялык түзүлүшүнөн келип чыккан абал.

**ГОЛЕНЬ – шыйрак** – буттун тизеден ылдыйкы бөлүгү. М: узун шыйрактуу (голенастый).

**ГОЛОВА – баш** – дененин мээси жайгашкан, жумшак ткань менен капталган баш сөөктөн турган бөлүгү.

**ГОЛОВКА – бөрк,** башча – жилик сөөктөрдүн баштары. М: кашка жиликтин өскүлөң башчасы *(caput femoris)* (головка бедренной кости).

**ГОЛОВНАЯ БОЛЬ – баш ооруу** – ар кандай оорулардын көп кезигүүчү белгилеринин бири.

**ГОЛОВНОЙ МОЗГ – мээ** – нерв системасынын борбордук бөлүгү. Баш сөөк көңдөйүндө жайгашкан.

**ГОЛОВОКРУЖЕНИЕ – баш айлануу** – айланадагы буюмдардын же өз денесинин ордунан жылгансып сезилиши жана тең салмактуулуктун бузулушу (оору белгиси).

**ГОЛОГРАФИЧЕСКИЙ МИКРОСКОП – голографиялык микроскоп** – нерсенин көлөмдүк түзүлүшүн көрүү методу.

**ГОЛОДАНИЕ – ачка болуу** – адамдын ашказанында тамак заты жетишсиз экендигин сезген абалы.

**ГОЛОДНЫЙ – ачка** – карынында тамак жок калган абал. М: ачкадан өлүү (голодная смерть); ач карын (голодный желудок); суктанган көз менен кароо (смотреть голодными глазами)

**ГОЛОЕ ТЕЛО – жылаңач дене** – жылаңач, эч бир кийимсиз ачык дене (нагота).

**ГОМЕОПАТИЯ – гомеопатия** – альтернативдик медицинанын бир түрү.

**ГОМЕОСТАЗ** *гр.* **– гомеостаз** (бирдей + кыймылсыз абал) – организм өзүнүн параметрин жана физиологиялык

функциясын белгилүү диапазондо кармоосу; ички чөйрөнүн туруктуулугу.

**ГОМОГЕННЫЙ – гомогендүү** – тутуму жана түзүлүшү боюнча бир түрдүү заттар.

**ГОНАДЫ – жыныс бездери** – адамдын жыныс органдарынын курамдык бөлүгү.

**ГОНОРЕЯ – гонорея, сүзөк** – алдынан сезгенүү, жыныстык жол менен жугуучу оору.

**ГОРБ – бүкүр** – өркөч. М: бүкүр адам (горбатый человек).

**ГОРЛО – тамак** – кекиртек, алкым.

**ГОРМОН** *гр.* **– гормон** (кыймылдатам, каалатам) – ички секреция бездери тарабынан иштелип чыгуучу организмдеги биологиялык активдүү заттар; гормондор (адреналин, норадреналин, серотонин, тироксин, дофамин, кортизол, альдестерон, тестостерон, андростендиол, дегидротестостерон, эстрадиол, прогестерон; пептиддер: пролактин, секретин, релаксин, эритропоэтин, инсулин, гонадотропин, глюкагон окситоцин, соматотропин, ж.б.) кезегинде канга аралашып бардык физиологиялык функцияларды жана зат алмашуу процесстерин жөндөйт.

**ГОРНАЯ БОЛЕЗНЬ – түтөк** – бийик тоого чыкканда абада кычкылтектин азайышынан келип чыккан оорулуу абал.

**ГОРТАНЬ** *лат.* **– кекиртек** – дем алуу системасынын бир бөлүгү. Ал коко менен трахеяны бириктирип, үн байламтасын камтыйт.

**ГОРЧИЧНИК – горчичник** – кагаз бетине жалган кычынын (горчица) данынын майдаланган күкүмү сыйпалган, өзүнө мүнөздүү өзгөчө жыты бар терини дүүлүктүрүп кызытуучу физиотерапиялык дары каражаты.

**ГОСПИТАЛИЗАЦИЯ – ооруканага жаткыруу** – оорулууну медициналык уюмдун мекемесине жаткыруу.

**ГОСПИТАЛЬ – аскердик оорукана**, госпиталь – аскер кызматчыларын жаткырып дарылоочу мекеме.

**ГРАДУС – градус** – эл аралык бирдиктер системасында колдонулуучу температуранын кеңири тараган бирдиги. М: анын дене табы 37,3° (у него температура тела 37,3°).

**ГРАНУЛА** *лат.* **– гранула** – айрым клеткалардын протоплазмасындагы урукчалар, данча, дан сыяктуу бүртүк, бүртүкчө.

**ГРАНУЛЁМА – гранулёма** – клеткалардын пролиферациясынын жана фагоцитозго жөндөмдүүлүгүнүн трансформацияланышынын негизинде түйүндөрдүн пайда болушу. М: тиш тамырынын учун курчаган ткандардын бузулуусу (гранулема под коронкой).

**ГРАНУЛЯЦИЯ – грануляция** – кесилген, жарадар болгон жердин эти жаңыланып өсүп, калыптануусу.

**ГРАЦИОЗНОЕ ТЕЛО – сымбаттуу дене** – келишимдүү дене.

**ГРЕЛКА – жылыткыч** – резинадан жасалган көңдөйлүү, 1.5-2.0 литр суу бата турган, оозу бурама менен буралып жакшы жабыла турган медициналык аспап.

**ГРИБОК – кычыткы** – дарт. М: микоз дарттары; эукариотикалык организм.

**ГРИПП – сасык тумоо** – вирустук жугуштуу оору.

**ГРУДНАЯ ЖАБА,** стенокардия **– жүрөк кысма,** стенокардия – көкүрөктү мыжыган жүрөк оорусу.

**ГРУДНАЯ КЛЕТКА – көкүрөк** – көөдөндү түзүп турган сөөктөр.

**ГРУДНАЯ ПОЛОСТЬ – көкүрөк көңдөйү** – бир жагынан төш сөөккө, экинчи жагынан омурткага ашталган кабыргалардын кобулу.

**ГРУДНОЕ ВСКАРМЛИВАНИЕ – эмчек эмизип багуу** – төрөлгөн учурдан тартып баланы эненин эмчек сүтү менен тамактандыруу.

**ГРУДНОЕ МОЛОКО – эмчек сүтү** – сүт безинин бала эмизүүгө чыгарган секрети – суюктугу.

**ГРУДНОЙ РЕБЕНОК – эмчектеги бала** – баланын туулган күнүнөн баштап бир жашка чейинки курагы.

**ГРУДЬ – көкүрөк, төш** – дене тулкусунун астыңкы жогорку бөлүгү. М: шынаа сыяктуу көкүрөк клеткасы (килевидная грудная клетка).

**ГРУППА КРОВИ – кан топтору** – ар бир кишинин канынын биохимиялык жеке өзгөчөлүктөрү.

**ГРЫЖА – чурку,** киричи айрылуу – ичтеги органдар кобулдардан, жылчыктардан, анын тегерегиндеги булчуңдардын тарамдары ажыроодон сыртка чыгып калышы. М: тубаса диафрагмалык чуркулар (врожденные диафрагмальные грыжи).

**ГРЯЗЕВЫЕ ВАННЫ – баткактуу ванна** – дарылык касиети бар баткак колдонулган ванна.

**ГУБА ЗАЯЧЬЯ – жырык эрин** – эриндин тубаса кемтиги.

# Д

**ДАВЛЕНИЕ – басым** – жашоодогу маанилүү түшүнүктөрдүн бири. М: -*физиол.* басым, кысуу, тебүү; кандын басымы (кровяное давление); а) артериалдык кан басымы (артериальное давление); б) борбордук веналык басым (давление венозное центральное).

**ДАВЯЩАЯ ПОВЯЗКА – кысуучу таңгыч** – бекем кысуучу бинт таңуусу.

**ДАКРИОСИРИНГС – дакриосирингс** – жаш чыгарчу бездин сезгениши.

**ДАКРИОЦИСТИТ – дакриоцистит** – көздүн жашы топтолгон каптын сезгениши, чыпык.

**ДАКТИЛОЛОГИЯ** *гр.* **– дактилология** (манжа +окуу) – дүлөй-дудуктарды колдун манжаларын жаңсоо менен сүйлөтүүгө үйрөтүүчү илим.

**ДАКТИЛОСКОПИЯ – дактилоскопия** – колдун манжаларынын терисинин издерин изилдеп көрүү менен идентификациялоо, дал келүүсүн аныктоо.

**ДАКТИЛОСПАЗМ – дактилоспазм** – манжалардын карышып калышы.

**ДАЛЬНОЗОРКОСТЬ – алыстан жакшы көрүү** – көрүү кемчилиги, бул учурда алыстагы нерсе жакшы көрүнөт, ал эми жакындагы нерсе жакшы көрүнбөйт.

**ДАЛЬТОНИЗМ – дальтонизм** – көздүн кээ бир түстөрдү ажырата албастыгы.

**ДАНТИСТ** *фр.* **– дантист** – тиш салуучу адис, стоматолог; тиш дарылоочу орто медициналык кызматкер; тиш техниги; тиш фельдшери.

**ДВЕНАДЦАТИПЕРСТНАЯ КИШКА – мөөн, он эки эли ичеги** – ичке ичегинин карын жагындагы учу туюк жоон бөлүгү.

**ДВИГАТЕЛЬНЫЕ НЕЙРОНЫ – кыймылдаткыч нейрондор** – мотордук нейрондор.

**ДВОЕНИЕ – кош көрүнүү** – нерв системасы жабыркагандан пайда болгон элес.

**ДВОЙНЯ – эгиз** – бир энеден бир учурда төрөлгөн балдар. М: ал эгиз төрөдү (она родила двойню).

**ДЕВСТВЕННАЯ ПЛЕВА – кыздык чел** – белги, тегиз катмар; кындын кире беришин тоскон былжыр челдин тешиктүү тегиз катмары *(Hymen)*.

**ДЕВСТВЕННИЦА – кыздыгы бүтүндүк** – кыздык белги, кыздык.

**ДЕГЕНЕРАЦИЯ – дегенерация** – организмдин биологиялык жана психикалык белгилеринин начардашы. Ткань же орган клеткаларындагы айрым функциялардын начарлоосу же жоголуусу.

**ДЕЕСПОСОБНОСТЬ – аракетке жөндөмдүүлүк** – бул адамдын өз укуктарын билүү жана милдеттерин аткаруу жөндөмдүүлүгү.

**ДЕЖУРНАЯ МЕДСЕСТРА – нөөмөтчү медайым** – нөөмөт өтөп жаткан медайым.

**ДЕЗАКТИВАЦИЯ – дезактивация** – радиоактивдүү заттарды жоготуу, тазалоо.

**ДЕЗАРТИКУЛЯЦИЯ СУСТАВА – муунду ажыратуу** – операция.

**ДЕЗИНСЕКЦИЯ** *лат.* **– дезинсекция** – зыяндуу чымын-чиркейлерди, курт- кумурскаларды жоготуу.

**ДЕЗИНТОКСИКАЦИЯ – дезинтоксикация** – уудан арылтуу, уусуздандыруу, уулуу заттардын организмге таралышын токтотуу.

**ДЕЗИНФЕКЦИЯ – дезинфекциялоо** – зыянсыздоо, жугушсуздандыруу, жугуштуу оорулардын козгогучтарын (бактерия, вирус ж.б.) физикалык, химиялык жана механикалык ыкмаларды колдонуп жок кылуу.

**ДЕЙСТВИЕ – аракет, таасир** – кандайдыр бир иштин болушу, натыйжасы. М: дарынын таасири.

**ДЕКОМПЕНСАЦИЯ** *лат.* **– декомпенсация** – кандайдыр бир органдын, органдар системасынын же бүтүндөй бир организмдин оорунун таасиринен келип чыккан патологиялык өзгөрүүлөрүнө көнүү механизмдеринин бузулушу же туруштук берүү мүмкүнчүлүктөрү болбой калышынан кадыресе функциясынын бузулушу.

**ДЕКОНТАМИНАЦИЯ – деконтаминация** – керек болгон жерлерди бардык жаман нерселерден тазалоо. Тазалап иштеп чыгуу процесси, анын натыйжасында жугуштуу оорулардын козгогучтары жок кылынып, тазаланган медициналык аспаптарды колдонуу коопсуз болуп калат.

**ДЕЛИРИЙ** *лат.* **– делирий** – мээнин органикалык оорусунда психиканын курч мүнөздөгү бузулуусу; дезориентация, галлюцинация, иллюзия (өзгөчө таасирленүү) абалдары менен коштолушу.

**ДЕЛЬТОВИДНАЯ МЫШЦА – мүрү булчуңу** – ийиндин сырткы булчуңдары.

**ДЕМЕНЦИЯ** *лат.* **– деменция, эстей албоо** – эстутумга, ой жүгүртүүгө жана күндөлүк иштөө жөндөмүнө терс таасир тийгизүүчү бир катар ооруларды баяндаган термин.

**ДЕМОГРАФИЯ** *гр.* **– демография** – калктын курамын, төрөлүү, өлүү, өсүшүн, көчүшүн, аралашуусун (миграция) изилдей турган статистика илими.

**ДЕНТАЛГИЯ – денталгия** – тиштин сыздап оорушу.

**ДЕНТИН** *лат.* **– дентин** – тиштин негизги заты.

**ДЕОНТОЛОГИЯ** *гр.* – **деонтология** (милдеттүү+окуу) – адамды айыктыруу тууралуу колдонулуучу медициналык эрежелер, медицина кызматкерлеринин жүрүм-туруму, адептүүлүгү жөнүндөгү илим.

**ДЕПРЕССИЯ** *лат.* – **депрессия, чүнчүү** – көңүлү чөгүп басынган, чөккөн адам, муңайыңкы абал.

**ДЕПУЛЬПАЦИЯ – депульпация** – тиш каналынын жумшак тканын (пульпасын) үзүп алып салуу.

**ДЕРМАТОЛОГ – дерматолог** – тери оорулар доктуру.

**ДЕРМАТОФИБРОМА – дерматофиброма** – теринин залалсыз шишик оорусу.

**ДЕСЕНСИБИЛИЗАЦИЯ – десенсибилизация** – организмдин аллергенге болгон өтө сезгичтигин азайтуу үчүн сенсибилизациянын иммунологиялык механизмдеринин өрчүүсүнүн алдын алуу, дарылоо комплекси.

**ДЕСКВАМАЦИЯ – түлөө** – теринин сыйрылып түшүшү. М: эпителий катмарынын түлөөсү (десквамация эпителия).

**ДЕСМУРГИЯ – десмургия** – сыныкты, жараатты туура таңуу, байлоо жөнүндө окуу.

**ДЕСНА – бүйлө** – тиш эти.

**ДЕФЕКТ – кемтик** – кем жер, дефект. М: сүйлөө кемтиги, сакоолонуп сүйлөө, сакоо (дефект речи); таңдай жырыгы, кемтиги (дефект нёба) тиштер катарынын кемтиктери (дефект зубных рядов).

**ДЕФЕКТОЛОГИЯ** *лат.* – **дефектология** (кемчилик + окуу) – майып жана кем акыл балдардын өсүшүнүн мыйзам ченемдерин жана өнүгүү өзгөчөлүктөрүн, аларды окутуу жана тарбиялоо маселелерин изилдөөчү илим тармагы; сурдопедагогика – дүлөй, начар уккан балдарды тарбиялоо жана окутуу жолдорун үйрөтөт, олигофренопедагогика – акыл-эси кем балдарды тарбиялоо жана окутуу жолдорун үйрөтөт; логопедия – балдардын сөзүндөгү кемчиликтерди оңдоо жолун изилдейт; тифлопедагогика – сокур, көзү начар көргөн балдарды тарбиялоо, окутуу маселелерин үйрөтөт.

**ДЕФИБРИЛЛЯТОР – дефибриллятор** – жүрөктү калыптандыргыч аппарат. М: жүрөктү калыптандыруу (дефибрилляция сердца).

**ДЕФЛОРАЦИЯ** *лат.* **– дефлорация** – кыздыктын тешилүүсү.

**ДЕЦИДУАЛЬНАЯ ОБОЛОЧКА – түйүлдүктүн энелик кабыкчасы** – жатындын былжырлуу чели.

**ДИАГНОЗ** *гр.* **– дарт аты** – оорунун атын табуу, аныктоо.

**ДИАГНОСТИКА – дарт табуу, дарт аныктоо** – дарт атын коюу, дарт тапма. Бейтаптын ал-абалынын объективдүү жана субъективдүү белгилеринин, оорунун жаратылышынын, медициналык анамнезинин, лабораториялык, ошондой эле аспаптык изилдөөлөрдүн негизинде дарт аныктоо.

**ДИАСТОЛА – диастола** – жүрөк булчуңунун жазылышы.

**ДИАТЕРМИЯ** *гр.* **– диатермия (**ысытуу аркылуу + көзөө + эндотермия**)** – электротерапия ыкмасы.

**ДИАФРАГМА – диафрагма, боор эт** – *анат.* көкүрөк көңдөйү менен ич көңдөйүн бөлүп турган чарымдуу жупсуз булчуң.

**ДИВЕРТИКУЛ** *лат.* **– дивертикул** – ичеги-карындын ичиндеги же сыртындагы жогорку басымдын негизинде анын катмар бетинин айрым бир жеринде бошоп, жукарып чоюлуп калышы. М: ичке ичегидеги Меккел дивертикулу

**ДИЕТА – мүнөз тамак, диета** – оору же айыгып келе жаткан кишиге белгиленген тамак режими; тамактануу режими; ченеп, ылайыктап берилүүчү тамак; мүнөздөп тамак ичүү.

**ДИЗАРТРИЯ** *гр.* **– дизартрия** – сөз ыргагынын бузулушу, чулдурлук, кекечтик.

**ДИЗЕНТЕРИЯ – ич өткөк** – жугуштуу дарт.

**ДИЗОСМИЯ – жыт албастык** – жыт сезүү функциясынын бузулушу; жытты бурмаланган түрдө кабыл алуу.

**ДИОПТРИЯ** *гр.* **– диоптрия** – көздүн карегинин жарыкты чагылдыруу күчү.

**ДИПЛОПИЯ – кош көрүнүү** – кош кабат, бир эле мезгилде бир нерсенин көзгө эки болуп көрүнүшү, көздөрдүн биринин кыймыл-аракетинин начарлашынын натыйжасы, көз кыймылын жөндөөчү нерв же булчуңдун оорусу.

**ДИСМЕНОРЕЯ – дисменорея** – этек кирдин эки формада оору коштой келиши; баштапкы (спазматикалык) дисменорея – жаш кыз-келиндерде этек кир келген алгачкы мезгилде курсактын ылдый жагы ооруксунуп, айызы бүткүчө созулат. Экинчи формасы жаш курагы өтүп калган аялдарда айызы келерден бир нече күн мурда курсактын ылдый жагы ооруп башталат, мындай оору аялдардын эндометриоз, жатын фибромасы өңдүү ооруларга байланыштуу болушу мүмкүн.

**ДИСПАНСЕР – диспансер** – ооруларды (белгилүү бир топтогу) дарылоочу жана оорудан сактанууну эскертүүчү медициналык жай.

**ДИСПАНСЕРИЗАЦИЯ – диспансерлештирүү** – калктын саламаттыгын сактоо жана алдын алуучулук иштерин жүргүзүү максатында бейтаптарды каттап, дарылоо, байкоого алуу, тереңдетип медициналык текшерүү.

**ДИСПАРЕУНИЯ – диспареуния** – жыныстык катнашууда жана андан кийин аялдын башынан өткөрө турган ооруу сезими, физикалык же психикалык факторлорго байланышкан сексуалдык оору.

**ДИСПЕПСИЯ – диспепсия** – тамак сиңирүү процессинин бузулушу, тамак сиңире албоо, ич өтүү. М: күптү болуу (диспепсия бродильная); сокур ичеги өсүндүсү сезгенген учурунда ич өтүү (аппендикулярдык диспепсия).

**ДИСПЛАЗИЯ** *гр.* **– дисплазия** – ткандардын, органдардын же дене бой бөлүгүнүн эмбриогенез процессинде жана төрөлгөндөн кийин туура эмес (жетишсиз) өсүшү. М: жамбаш сөөк муунунун тубаса кемтик өсүшү, тубаса бер-

тик (дисплазия тазобедренного сустава, врожденный вывих бедра).

**ДИСПНОЭ – дем кыстыгуу** – демигүү, кыйындык менен дем алуу.

**ДИСТИЛЛЯЦИЯ** *лат.* **– дистилляциялоо** – суюк аралашмаларды ажыратып тазалоо; Буулантып айдоо; түрдүү курамдагы суюк аралашмаларды буулантуу жолу менен фракцияларга бөлүү процесси.

**ДИСТРОФИЯ** *гр.* **– дистрофия** – илмийип өтө арыктоо, тамактануунун жетишсиздиги, же тамак сиңирүүнүн бузулушунан орган же ткандардын толук кандуу өнүкпөй калышы. М: булчуң дистрофиясы (дистрофия мышечная), ар кыл булчуң эттердин алсыздыгы жана атрофиясы менен мүнөздөлөт.

**ДИСФАГИЯ – жута албастык** – ооз же тамак көңдөйүнүн оорулары, кекиртек же кызыл өңгөчтүн тыгындалып калышынан тамак-аш жутуу процессинин кыйындашы.

**ДИФТЕРИЯ – кептөөр** – жугуштуу дарт.

**ДИФФЕРЕНЦИАЦИЯ – айырмалоо**. М: айырмалап дарт атын коюу (дифференциальная диагностика).

**ДЛИТЕЛЬНАЯ БОЛЕЗНЬ – узакка созулган оору** – бир топ мезгилге созулган оору.

**ДНЕВНОЙ СТАЦИОНАР – күндүзгү стационар** – оорулуулар күндүз кечке дарыланып, кечинде үйлөрүнө барып жатып келчү оорукана. М: күндүзгү стационар шартында медициналык текшерүүдөн өтүү жана дарылануу (обследование и лечение в условиях дневного стационара).

**ДОБРОКАЧЕСТВЕННАЯ ОПУХОЛЬ – залалсыз шишик** – айыгып кете турган шишик оорусу.

**ДОВРАЧЕБНАЯ ПОМОЩЬ – доктурга чейинки жардам** – жаракат алганда, кырсыктарда жана капысынан ооруп калганда жабырлануучунун өмүрүн жана ден соолугун сактоо үчүн зарыл болгон шашылыш иш-чаралар.

**ДОЗА – доза** – дары каражатын организмге жиберүүнүн белгиленген өлчөмү.

**ДОКАЗАТЕЛЬНАЯ МЕДИЦИНА – далилдүү медицина** – конкреттүү бейтапты дарылоо жолун тандоо үчүн мыкты клиникалык изилдөөлөрдүн натыйжаларын пайдалануу.

**ДОКОРМ – кошумча тамактандыруу** – тойгузуучу тамак, ымыркай балага кошумча тамак берүү.

**ДОКТОР – доктор** – илимий даража. М: медицина илимдеринин доктору (доктор медицинских наук);

**ДОЛГОЛЕТИЕ – узак жашоо** – адамдын орточо жашоо мезгилинен кыйла узак өмүр сүргөн социалдык-биологиялык көрүнүш. 90 жаштан өткөн адамдар узак жашаган адамдар деп эсептелет.

**ДОНОР** *лат.* **– донор** – белекке берем, белек кылам, донор – өз органдарын кимдир бирөөгө (органга муктаж адамга) пайдалануу үчүн бере турган адам. М: өз канын башка бирөөгө куюуга берген адам (донор крови).

**ДОСРОЧНЫЕ РОДЫ – убагына жетпей төрөө** – кош бойлуулуктун 37 жумасына чейин төрөө.

**ДОСТИЖЕНИЯ МЕДИЦИНЫ – медицинанын жетишкендиктери** – мурдагы татаал жана айыкпай турган ооруларды дарылоого мүмкүн болгон жетишкендиктер.

**ДРЕНАЖНАЯ ТРУБКА – сарыктыргыч түтүкчө** – жарадагы ириңди жана сары сууну сыртка агызып чыгаруучу түтүк. М: Ириңди сыртка сарыктырып агызып чыгаруу.

**ДРЕНИРОВАТЬ – сарыктыруу** – дене бөлүгүндөгү же кайсы бир ички көңдөйчөдөгү патологиялык суюктукту (экссудат, ириң, кан) жана операция учурунда суюктуктун топтолуусуна тоскоол кылуу үчүн сыртка агызып (сарыктырып) чыгаруу.

**ДРОЖЬ – титирек, калтырак** – титиретме.

**ДРЯБЛАЯ КОЖА – борпоң тери** – көпшөк, былбыраган, бошоң тери.

**ДУГА – дого, иймек** – эки чекиттин ортосундагы ийрейген жер. М: толто (колко тамыр) догосу (дуга аорты); бет сөөгүнүн иймегинин сыныгы (перелом скуловой дуги).

**ДУШ – чайынма** – чайынуу; ден соолукту чыңдоо үчүн гигиеналык суу процедурасы, анын дарылоочу касиетке ээ түрлөрү кеңири пайдаланылат.

**ДУШЕВНОБОЛЬНОЙ – жин оорулуу** – психикалык жактан жабыркаган оорулуу.

**ДЫХЫТЕЛЬНАЯ СИСТЕМА – дем алуу тутуму** – адамдын сырткы дем алуу функциясын камсыз кылуучу органдарынын жыйындысы.

# Е

**ЕВСТАХИЕВА ТРУБА – евстахий түтүгү** – орто кулак менен тамакты кошо турган түтүк.

**ЕВСТАХИИТ – евстахиит** – Евстахий түтүгүнүн сезгениши, угуу түтүгүнүн сезгенүүсү.

**ЕДИНОУТРОБНЫЕ БРАТЬЯ – уялаш бир туугандар** – жатындаш бир туугандар.

**ЕЖИТСЯ – бүрүшүү** – жыйрылуу, курушуу. М: сууктан бүрүшүү (корчиться от холода).

**ЕЮНОИЛЕОСТОМИЯ – еюноилеостомия** – ичке ичегинин аягын же туурасынан жайгашкан жоон ичегинин башталыш жагын операция жасап, кесүү жолу менен туташтыруу.

**ЕЮНОСТОМИЯ** *гр.* **– еюностомия** – ичке ичегини дарт аныктоо үчүн изилдөө максатында курсак аркылуу операциялык кесүү, айрым учурларда ичке ичегиге катетерди киргизүү жолу менен азык же дары каражаттарын берүү.

**ЕЮНОТОМИЯ – еюнотомия** – ичке ичегинин ичиндеги зилин же андагы жат нерсени (телону) алып салууну көздөгөн хирургиялык операция.

**ЕЮНОЭКТОМИЯ – еюноэктомия** – ичке ичегини же анын кайсы бир бөлүгүн алып салуу операциясы.

# Ж

**ЖАБЕРНАЯ ДУГА – бакалоор догосу** – күмөндүн өсүшүнүн 6-8 жумасына чейин өскөн алкым тушундагы дого түрүндө кемирчектүү бакалоор.

**ЖАЛИТЬ – чагуу** – курт-кумурскалардын соруп, жаралап зыян келтириши. М: аары сыяктуу чагуу (жалить как пчела).

**ЖАЛКАЯ УЛЫБКА – айласыз жылмаюу** – аянычтуу жылмаюу.

**ЖАЛОБА – даттануу** – бейтаптын ооруган жерлерин айтып доктурга кайрылуусу. М: бейтаптын оору белгилерин айтып даттануусу (жалобы больного).

**ЖАР – эт ысуу** – дене табынын көтөрүлүшү, дененин ысышы; дене ткандарында болуучу оорулардын бирден бир классикалык белгиси; адатта бул учур кызарып чыгуу, ооруу сезими жана шишип кетүү өңдүү үч белгиге ээ. М: анын эти ысык (у него жар).

**ЖАРОПОНИЖАЮЩЕЕ – дене табын төмөндөтүүчү** – ысыкты түшүрүүчү дары.

**ЖГУТ – боолук** – өрүлгөн, эшилген жип. Медицинада кан токтотуучу резина түтүгү (узун резина); толгомо боолук (жгут закрутка); кан токтотуучу боолук (жгут кровоостанавливающий) колдонулат.

**ЖЕВАНИЕ – чайноо** – тиш, жаактар жана чайнаткыч булчуңдарынын аракети менен тамак-аш заттарын механикалык түрдө майдалоо: ооз көңдөйүндө тамак-аш заттарын майдалап чайноочу табигый (физиологиялык, функционалдык) процесс.

**ЖЕВАТЕЛЬНЫЕ МЫШЦЫ – чайноо булчуңдары** – чайноо процессин камсыз кылуучу баш булчуңдары. М: чайнаткыч булчундардын күч-кубаты, чайноо басымы (жевательное давление).

**ЖЕЛЕЗА** *анат.* **– без** – организмде атайын өзгөчө заттарды иштеп чыгаруучу ткандар же клеткалар топтомунан турган орган. М: калкан сымал без (железа щитовидная);

калкан безинде иштелип чыккан гормондук зат, гипофиздин гормондору тарабынан жөнгө салынат. Анын нормалдуу иштеши үчүн организмге йод талап кылынат. Калкан сымал бездин гормондору акыл жана физикалык жактан өнүгүүнү, бойдун өсүүсүн, ошондой эле зат алмашуу процесстерин камсыз кылат.

**ЖЕЛЕЗА ВИЛОЧКОВАЯ – богок бези, ачакей без** – адамдын лимфопоэздик органы.

**ЖЕЛЕЗА МОЛОЧНАЯ – сүт бездери** – аялдардын тукум улоо системасындагы сырткы секреция жуп органы, организмде бала үчүн сиңиримдүү азык сүт иштеп бөлүп чыгаруу (лактация) функциясын аткарат.

**ЖЕЛЕЗА ПОТОВАЯ – тер бездери** – теринин *дерма* катмарында жайгашып, спираль түрүндө оролгон секретордук бөлүмгө ээ, түтүкчөлөрү экзокриндик жөнөкөй без.

**ЖЕЛЕЗА ПРЕДСТАТЕЛЬНАЯ – урук чыктагыч без** – эрендик курамына кирүүчү жегич секретти бөлүп чыгуучу булчуңдуу орган, эркектин жардамчы жыныстык бези.

**ЖЕЛЕЗО – темир** – организмге эң керектүү химиялык микроэлемент заттардын бири, канда гемоглобиндин түптөлүшүн шарттоочу жана кычкылтекти ташуучу негизги микроэлемент.

**ЖЕЛЕЗОДЕФИЦИТНАЯ АНЕМИЯ – темир жетишсиз анемия** – денеде темирди жетишсиз сиңирүүдөн жана өздөштүрүүдөн келип чыккан аз кандуулук.

**ЖЕЛЕЗЫ СЛЁЗНЫЕ – жаш бездери** – көздүн алдыңкы бөлүгүндө жайгашкан экзокриндик бездер.

**ЖЕЛЕЗЫ ЖЕЛУДОЧНЫЕ – карын зил бездери** – карындын былжырлуу челинде жайгашкан бездер. Үч түргө бөлүнөт: карындын өздүк бездери, пилорикалык жана кардиалдык бөлүк бездери (различают три вида желудочных желез: собственные железы желудка, пилорические и кардиальные).

**ЖЕЛЕЗЫ КИШЕЧНЫЕ – ичеги зил бездери** – тамак сиңирүүчү маңыз бөлүп чыгаруучу бездер.

**ЖЕЛЕЗЫ НАДПОЧЕЧНЫЕ – бөйрөк бездери** – бөйрөк үстүндө жайгашкан бездер.

**ЖЕЛЕЗЫ НЕБНЫЕ – көмөкөй бездери** – таңдай бездери.

**ЖЕЛЕЗЫ СЛЮННЫЕ – шилекей бездери** – шилекей бөлүп чыгаруучу бездер; тилдин эки капталында жайгашкан жуп шилекей бези (железа подьязычная), кулак жанындагы бездер (околоушная железа) жана астыңкы жаактын алдындагы бездер (подчелюстная железа) менен бирге чоң шилекей бездерин түзөт.

**ЖЕЛТАЯ СВЯЗКА ПОЗВОНОЧНИКА – омуртканын сары байламтасы, шилиси** – омурткаларды бириктирүүчү ткань.

**ЖЕЛТОЕ ТЕЛО – сары денече** – жумурткалыкта, аялдын организминдеги убактылуу ички секреция бези.

**ЖЕЛТОЧНЫЙ МЕШОК – ууз баштыгы** – кош бойлуулук учурунда түйүлдүккө азык заттарын жеткирүүчү баштык сымал түзүм.

**ЖЕЛТОЧНЫЙ ПРОТОК – ууз түтүгү** – түйүлдүктүн ичеги-карды менен ууз баштыгын бириктирген канал.

**ЖЕЛТУХА – сарык** – канда, ткандарда жана сийдикте билирубиндин көп болушунан теринин жана былжыр челдердин саргайышы. М: боор иштебей калганда пайда болгон сарык, боор сарыгы (желтуха печеночная); өт түтүктөрүнүн бүтөлүшүнөн болгон сарык, бүтөмө сарык (желтуха обтурационная).

**ЖЕЛТУШНАЯ СКЛЕРА – көздүн агынын саргарышы** – организмде билибуриндин өтө көп концентрацияда болушунан пайда болгон ар кандай оорулардын белгиси.

**ЖЕЛТУШНОСТЬ КОЖИ – саргычтык** – теринин жана былжыр челдердин саргыч түскө боёлушу.

**ЖЕЛУДОК – ашказан, карын** – бир жагынан кызыл өңгөч, ал эми экинчи жагынан он эки эли ичеги менен туташкан, тамак сиңирүү органдарынын бири, функционалдык чоюлчаак орган. Карындын былжырлуу катмарында

жайгашкан карын бездеринде иштелип чыккан маңыздын (зил) курамында пепсин ферменти жана туз килотасынын таасири менен тамак-аш сиңирилет.

**ЖЕЛУДОЧЕК – карынча** – 1. Жүрөктүн канды бүркүүчү бөлүкчөсү. Жүрөктүн булчуңдуу калың бетин түзгөн эки карынчасынын бири болгон сол карынча канды колко тамырына шыкап түртөт, ал эми оң карынча канды өпкө артериясына шыкап турат. 2. Жүлүн суусу менен толуп туруучу мээ көңдөйчөлөрүнүн бири, мээ жарым шарында жуп дүлөйчөлөр *(lateral ventricules)* үчүнчү карынча менен тешикче аркылуу байланышкан, ал эми үчүнчүсү ромб түрүндөгү мээ көңдөйчөсү болгон төртүнчү карынча менен куш канал *(cerebral aqueduct)* аркылуу байланышат.

**ЖЕЛУДОЧНЫЙ СОК – карын зили, маңызы** – карындын бездери жана былжырлуу катмардын эпителий клеткалары бөлүп чыгарган суюктук.

**ЖЕЛЧЕВЫДЕЛЕНИЕ – өт бөлүп чыгаруу** – өт баштыгынан, боор жана өт каналдарынан он эки эли ичегиге өт бөлүнүп чыгуу процесси.

**ЖЕЛЧЕОБРАЗОВАНИЕ – өт зилинин иштелип чыгышы** – өттүн пайда болуу процесси.

**ЖЕЛЧНЫЕ КАМНИ – өт таштары** – көбүнчө өт баштыгында пайда болгон түрдүү формадагы катуу заттар.

**ЖЕЛЧНЫЙ ПУЗЫРЬ – өт баштыгы** – боордун сырткы бетинин төмөн жагындагы чуңкурчада жайгашкан алмурут формасындагы өт чогултуучу баштыкча.

**ЖЕЛЧЬ – өт** – боор иштеп чыккан зил, ал өт баштыкчасына чогулуп, андан соң мезгил-мезгили менен он эки эли ичегиге куюлат, анын түсү өт пигменттеринин санына жараша сары, жашыл же күрөң түстө болуп, курамына лецитин, холестерин жана өт кычкылдыгынын туздары кирет.

**ЖЕНСКИЕ ПОЛОВЫЕ ОРГАНЫ – аялдын жыныс мүчөлөрү** – түйүлдүктүн бойго бүтүшүнүн жана өнүгүшүнүн бүткүл циклин камсыз кылган комплекстүү система.

**ЖЖЕНИЕ – ачышуу** – денедеги дүүлүктүргөн сезим. М: жарааттын ачышуусу (жжение раны).

**ЖИВОЙ – тирүү** – жаны бар. М: тирүү жан (живой организм); союп каптагандай окшош (живой портрет).

**ЖИВОРОЖДЕННОСТЬ – тирүү төрөлгөндүк** – энеден аман-эсен төрөлгон бала.

**ЖИВОТ – ич-курсак** – адамдын денесинин ич көңдөйүн жана анын капталдарын билдирген бөлүгү. М: ичтин оорушу (боль в животе); төрөттөн кийинки ич-курсак (живот после родов).

**ЖИВОТ ОСТРЫЙ – курсактагы курч оору** – кандайдыр бир оорунун же мертинүүнүн (травма) негизинде ич көңдөйүнө кечиктирилгис операция жасоону талап кылган абал.

**ЖИДКОСТЬ – суюктук** – адамдын денесиндеги зат. М: жүлүн суюктугу (спинно-мозговая жидкость), мээ жана жүлүндү курчап коргой турган тунук суюктук; суюк дарылар (жидкие лекарства); суюк чач (жидкие волосы).

**ЖИДКИЙ АЗОТ – суюк азот** – өтө төмөн температурадагы суюк абалда болгон азот. М: а) криогендик терапияда колдонулуучу суюк азот: гемангиоманы, сөөлдү тоңдуруу; б) ткан, клетка ж.б. органикалык заттарды тоңдуруп сактоо (криоконсервация).

**ЖИДКОСТЬ ОКОЛОПЛОДНАЯ – каканак суусу, чарайна** – кош бойлуулук учурунда каканактагы биологиялык активдүү суюк чөйрө.

**ЖИЗНЕСПОСОБНОСТЬ – жашоо жөндөмү** – кош бойлуулуктун 24 жумасынан кийинки түйүлдүктүн абалы.

**ЖИЗНЬ – өмүр, тиричилик, турмуш, жан, жашоо** – адамдын физиологиялык жашоосу. М: кишинин өмүрү (жизнь человека); жашоо үчүн күрөш (борьба за жизнь); жашоо мүнөзү (образ жизни); өмүр бою (в течение всей жизни).

**ЖИЛИСТЫЙ – тарамыштуу** – катуу тарамыштары көп. М: булчуңу чымыр, май баспаган, майчарымы билинбеген адам (жилистый человек).

**ЖИР – май** – суудан жеңил илээшкек суюктук же катуу зат. Май кычкылдыктары жана айрым спирттердин татаал эфирлери; организмде энергиянын май ткандарында чогулуусунун негизги формасы. М: май шишик (жировик); май басуу, семирүү (жиреть).

**ЖИР БРЮШИННЫЙ – кирич май, казы** – ич көңдөйүнө топтолгон май.

**ЖИРОВАЯ КЛЕТЧАТКА – майлуу чарым** – терини тиешелүү ткандардан бөлүп турган ткань катмары.

**ЖИРОВАЯ ЭМБОЛИЯ – майлуу эмболия** – кан, лимфа тамырынын майлуу тыгындалышы.

**ЖИРОВОЙ ОБМЕН – май алмашуу** – керектүү энергия берүүчү май кислоталарынын кычкылданышы.

# З

**ЗААЛЕТЬ – кызара баштоо** – мала кызылдана баштоо. М: анын бети кызара баштады (его лицо заалело).

**ЗАБЕРЕМЕНЕТЬ – бойго бүтүү** – боюнда болуу.

**ЗАБОЛЕВАЕМОСТЬ – ооругандык** – оорулуулук, ооруп калуучулук, ооруга чалдыккандык (медициналык статистикалык көрсөткүч). М: ооруга чалдыгуунун азайышы; оорумдуулук коэффициенти калктын белгилүү бир бөлүгүнө туура келген кайсы бир оорунун саны (100000:1) менен мүнөздөлөт (коэффициент снижения заболеваемости).

**ЗАБОЛЕВАНИЕ – оору** – дарт, кесел.

**ЗАБОЛЕТЬ – ооруп калуу** – сыркоолоо, ноокастоо.

**ЗАБРЮШИННОЕ ПРОСТРАНСТВО – кирич артындагы кобул** – ичеги-карынды каптаган челдин омуртка жак бөлүгүндөгү жайыгы, көңдөйү.

**ЗАВАРНОЙ – кайнатма** – демдеме, кайнатылган. М: оорулууга кайнатып бышырылган мүнөз тамак табышталды (больному назначено заварная диета).

**ЗАВИТКИ УШНОЙ РАКОВИНЫ – кулак калканынын кайрылмасы** – кулак калканынын жогорку жана сырткы чети.

**ЗАВОРОТ КИШЕЧНИКА – ичеги түйүлүү** – ичегилердин түйүлүп калышы.

**ЗАВТРАК – нанүштө** – эртең мененки тамак.

**ЗАГАР – күнгө күйүү** – күн нурунун териге түздөн-түз тийишинен теринин өзгөрүшү, тотугуу.

**ЗАГЛОТОЧНОЕ ПРОСТРАНСТВО – кулкун артындагы кобул, басма** – кулкундун арты менен моюн омуртканын алдындагы кобул. М: кулкун ириңкөлкүлү, кулкун артындагы кобулга ириң толуу (заглоточный абсцесс).

**ЗАДЕРЖКА МЕНСТРУАЦИИ – айыздын кечигиши** – этек кирдин кечигип келиши.

**ЗАДЫХАТЬСЯ – деми кыстыгуу** – дем алганга аба жетишпегендей кыйналуу. М: бейтаптын деми кыстыга баштады (больной начал задыхаться).

**ЗАЖИВЛЕНИЕ РАН – жарааттын айыга башташы** – жаракат алгандан кийин теринин же ткандын кайра калыбына келе башташы.

**ЗАИКАНИЕ – кекечтенүү** – айрым адамдын сүйлөгөндө кээ тамгаларды баштап айта албай, кечигип сүйлөгөн абалы.

**ЗАКАЛИВАНИЕ ОРГАНИЗМА – организмди чыңдоо** – организмди суукка, ысыкка, атмосфералык басымдын өзгөрүшүнө бышыктырып, чыдамдуулукка көндүрүү.

**ЗАКАПЫВАТЬ ЛЕКАРСТВО – дары тамызуу** – көз, кулак, мурун ж.б. жерлерге тамчылатма дарыларды куюу.

**ЗАКИСЬ АЗОТА – азот кычкылы** – жалпы ооруксуздандыруучу (наркоз) катары колдонулуучу түссүз газ, кычкылтек менен аралаштырылып ингаляциялык (жыттатып берилүүчү) күчтүү аналгетикалык касиетке ээ.

**ЗАКРЫТЫЙ ПЕРЕЛОМ КОСТИ – жабык сөөк сыныгы** – мертинүүдө тери бүлүнбөгөн сөөк сыныгы.

**ЗАКУПОРИТЬ – тыгындоо** – оозун бүтөө, бекитүү. М: дары салынган флаконду тыгындап бекитүү (закупорить флакон с лекарством).

**ЗАКУПОРКА ВЕН – венанын тыгындалышы** – кандын нормалдуу кыймылыны тоскоолдук кылуучу тромб.

**ЗАЛОЖЕННОСТЬ НОСА – мурун бүтүү** – суук тийгенде мурундун ичинин былжырлуу челинин шишимик тартканынын айынан мурундун тыгындалып калган абалы.

**ЗАМЕРЗАНИЕ – тоңуу** – төмөнкү температуранын таасиринен организмдин функциясы бузулуп, адамдын үшүүсү.

**ЗАМЕТНЫЙ СЛЕД РАНЫ – жараат тагынын даана билиниши** – жарааттын көрүнүп турган тагы.

**ЗАМОЧИТЬ – сууга чылоо** – суу кылуу. М: аспаптарды эритмеде чылоо (замочить инструменты); шейшепти сууга чылоо (замочить белье).

**ЗАПОРЫ – ич катуу** – дарт; ичтин бошошу сээлдеп, ооруксунуу жана кыйынчылык менен коштолуусу.

**ЗАПУСТИТЬ БОЛЕЗНЬ – оорунун өтүшүп кетиши** – дарыланбай жүрүп ооруну күчөтүп жиберүү.

**ЗАПУЩЕННАЯ БОЛЕЗНЬ – өтүшүп кеткен оору** – ырбап кеткен, күчөп кеткен оору, өтүшүп кеткен дарт.

**ЗАРАЗИТЬ – жуктуруу** – кайсыл бир оорунун башкага жугушу. М: бирөөгө сасык тумоо жуктуруу (заразить гриппом).

**ЗАРОДЫШЕВЫЕ КЛЕТКИ – түйүлдүк клеткалары** – көп клеткалууларда – генетикалык материал.

**ЗАСТАРЕЛЫЙ – эски** – өнөкөт болгон. М: чычаң сөөктөрүнүн эски сыныгы (застарелый перелом копчика).

**ЗАТЕМНЕНИЕ – карарган жер** – карарып көрүнүү. М: өпкөнүн карарган (рентгенде) жери (затемнение в легких).

**ЗАТРУДНЕННОЕ МОЧЕИСПУСКАНИЕ – заара кылуунун кыйындашы** – сийдиктин кыйындап чыгышы.

**ЗАТЫЛОК – кежиге** – баштын желке жагы, кара куш.

**ЗАТЯЖНОЙ – создуккан** – узарып кеткен, кечигип кеткен. М: оорунун көпкө созулуп өтүшү (затяжное течение болезни).

**ЗАЧАТИЕ – бойго бүтүү** – кош бойлуу болуу.

**ЗАШИВАТЬ РАНУ – жаратты тигүү** – катуу кан агууну токтотуу үчүн жасалган хирургиялык операция.

**ЗАЩИТНЫЙ РЕФЛЕКС – коргонуу рефлекси** – айлана-чөйрөнүн жагымсыз таасирине организмдин жооп кайтаруу реакциясы.

**ЗВОН – зыңылдоо, чуулдоо** – кандайдыр бир үн. М: кулак зыңылдоосу (звон в ушах).

**ЗДОРОВЕТЬ – айыга баштоо** – саламаттыгы оңоло баштоо. М: бейтап сакая баштады (пациент начал здороветь).

**ЗДОРОВЫЙ – соо** – дени сак, дени таза.

**ЗДОРОВЬЕ – ден соолук, саламаттык** – адам организминин өзгөрүүсү жок, өз функциясын так аткарышы. М: кадимки ден соолук (нормальное здоровье); мыкты саламаттык (крепкое здоровье); ден соолукту сактоо (беречь здоровье).

**ЗДРАВООХРАНЕНИЕ – саламаттык сактоо** – калктын ден соолугун сактоону уюштуруучу жана камсыз кылуучу мамлекеттик тармак. М: саламаттык сактоо мекемелери (учреждения здравоохранения); коомдук саламаттыкты сактоо (здравоохранение общественое).

**ЗДРАВПУНКТ – саламаттык сактоо жайы** – калкка алгачкы жардам көрсөтүүчү медициналык мекеме.

**ЗЕВ – көмөкөй** – алкым тешиги.

**ЗЕВ ШЕЙКИ МАТКИ – жатындын моюн тешиги** – жатындын бир бөлүгү.

**ЗИЯЮЩАЯ РАНА – аңырайган жарат** – сырткы таасирден дененин ткандарынын бузулушу.

**ЗЛОВОННЫЙ ЗАПАХ – сасык жыт** – сасык, саңырсыган, коңурсуган жыт.

**ЗЛОКАЧЕСТВЕННАЯ ОПУХОЛЬ – залалдуу шишик** – денеге таркап кетүүчү шишик оорусу; рак оорусу. М: жумурткалык безинин карциномасы (карцинома яичника).

**ЗНАХАРЬ – табып** – элдик дарыгер. М: табыптын кеңеши менен кашкулактын майын сүрткөн (по совету знахаря втирал барсучим жиром).

**ЗНАЮЩИЙ ВРАЧ – ишбилги доктур** – тажрыйбалуу, дасыккан доктур.

**ЗОБ – богок** – калкан безинин диффуздук чоңоюшунан жана анын иштөөсүнүн күчөшү зат алмашуунун бузулуу таасиринен болгон организмдеги патологиялык өзгөрүүлөр. Базедов оорусу (калкан сымал бездин богок оорусу). Эндемиялык богок – йод жетишпегенде калкан безинин чоңоюп, тироксин иштөө функциясынын жогорулашы, географиялык чөйрөгө байланыштуу дарт.

**ЗОНД – сүмбө, тинтүүр** – дарт аныктоо жана дарылоо процедураларды жүргүзүүгө арналган ичке түтүк түрүндөгү аспап. М: бейтапка зонд жуткуруу (зондирование больного).

**ЗООНОЗ – зооноз** – кишиге жана малга бирдей жугуучу оорулар.

**ЗРАЧОК – карек** – көздүн чел кабыгынын ортосундагы кара чекит.

**ЗРИТЕЛЬНЫЙ НЕРВ – көрүү нерви** – мээдеги 12 жуп нервдин экинчи жуп нерви.

**ЗУБ – тиш** – адамдын оозундагы тамак чайноочу сөөк түзүлүштөр. Тиш негизинен сыртынан эмаль менен капталган көңдөйлүү дентинден турат (зуб состоит преимущественно из дентина с полостью, покрытого снаружи эмалью).

**ЗУБНЫЕ ПРОТЕЗЫ – тиш протездери** – кийме тиштер.

**ЗУБОВРАЧЕБНЫЙ КАБИНЕТ – иш дарылоочу кабинет** – тиш ооруларын дарылоого арналган атайын кабинет.

**ЗУБЫ МУДРОСТИ – акыл азуулар** – 3-молярдык, тиш катарындагы сегизинчи тиш.

**ЗУД – кычышуу** – терини тырмоо муктаждыгын жараткан сезим.

**ЗЯБНУТЬ – үшүү** – суукта көпкө болуудан жалпы организмдин өтө муздашы.

# И

**ИГЛА – ийне** – а) операция учурунда жамап-тигүү үчүн колдонула турган иймек учтуу металл; б) көңдөйлүү ийнелер ткань үлгүсүн алуу, денеге ар кандай дарылык заттарды куюу же денеден суюктукту сордуруп алуу үчүн колдонулат.

**ИГЛОТЕРАПИЯ – ийне менен дарылоо** – ийне саюу (иглоукалывание); *(салт. кыт. терап.)* акупунктура – атайын ийненин жардамы менен денедеги өзгөчө нервдик сезүү жерине (чекитине) саюу, рефлекстик терапия (иглорефлексотерапия).

**ИДЕНТИЧНОСТЬ – окшоштук** – бирдейлик. М: айрым оорулардын окшош белгилери (идентичные признаки некоторых заболеваний).

**ИДИОСИНКРАЗИЯ** *гр.* **– идиосинкразия** (өзгөчө + аралашкан) – адамдын белгилүү заттарга, жытка өзгөчө сезгичтиги, жипкирүү.

**ИДИОТИЗМ – кем акылдык** – акылдан айнуунун 3-баскычы.

**ИЗВИЛИНА – бырыш** – күдүр, буткул. М: мээнин буткулдары.

**ИЗГОЛОВЬЕ – баш жак** – төшөктүн башы. М: анестезиолог бейтаптын баш жагында турду (анестезиолог стоял у изголовья больного).

**ИЗЖОГА – зарна** – көкүрөк (тамак) кыжылдоо.

**ИЗЛЕЧЕНИЕ – айыктыруу** – айыгуу, сакайтуу, сакаюу. М: билгичтик менен дарылоонун натыйжасында бейтап бат эле айыга баштады (в результате грамотного лечения, у больного излечение наступило быстро).

**ИЗЛЕЧИМАЯ БОЛЕЗНЬ – айыгуучу оору** – айыга турган дарт.

**ИЗЛУЧЕНИЕ – нурландыруу** – шоолалануу: а) күн нурунун жаркылдоосу; б) толкун же бөлүкчөлөр түрүндөгү энергия: рентгендик нурлануу, ультракызгылт нурлануу, гамма нурлануу (излучение радиационное); инфракызыл нурлануу (излучение инфракрасное).

**ИЗМЕНЧИВОСТЬ ХАРАКТЕРА – мүнөздүн өзгөргүчтүгү** – туруксуз мүнөз.

**ИЗНУРИТЕЛЬНАЯ БОЛЕЗНЬ – жабыркаткан оору** – жабыктырган, алсыратуучу дарт.

**ИЗОЛЯЦИЯ БОЛЬНОГО – оорулууну обочолоо** – оорулууну башкалардан бөлүп коюу.

**ИЗОСТЕНУРИЯ** *гр.* **– изостенурия** – салыштырма салмагы өлчөмдөн төмөн сийдик бөлүп чыгаруу.

**ИЗУВЕЧИТЬ – майып кылуу** – кимдир бирөөнүн денесине оор жаракат келтирүү.

**ИКОТА – ыктытуу** – диафрагманын эрксиз тартылуусунан улам өзгөчө бир үндүн чыгуусу, ошондой эле үн түйүндөрүнүн жабылуусу менен коштолуучу күтүүсүз жана эрксиз түрдө кысылуусу.

**ИКТЕРИЧНОСТЬ СКЛЕР – көздүн саргычтыгы** – көздүн агынын саргайып кетиши.

**ИЛЕУС – илеус** – ичке ичегинин функционалдык бузулушунан эч нерсе өтпөй калышы.

**ИММОБИЛИЗАЦИЯ** *лат.* **– иммобилизация** – оорудан жабыркаган же мертинүүгө кабылган адамдын денесинин кайсы бир кыймылдуу бөлүгүн убактылуу кыймылдатпай таңуу.

**ИММОБИЛИЗАЦИОННАЯ ШИНА – кыймылсыздандыруучу шакшак** – муунду же сынган сөөктөрдү кыймылдатпагыдай таңылган шакшак.

**ИММУНИЗАЦИЯ** *лат.* **– иммунизациялоо** – адамдарга эмдөө (вакциналоо) иш-чаралары аркылуу иммунитетти пайда кылуу процесси. Пассивдүү иммунитет иммундук

сывороткaны куюу жолу аркылуу жетишилет, активдүү иммунитет, атайын тазалануудан өткөн антигендерди пайдаланып, организмдеги өздүк антителолордун жаралышын жөнгө салуу, эмдөө аркылуу жүргүзүлөт.

**ИММУНИТЕТ – иммунитет** – жугуштуу ооруга организмдин туруктуулугу, ар кыл оорулардын натыйжасында организмде пайда болгон антигендерге каршы, канда антителолордун пайда болушу жана ак клеткалардын көбөйүшү менен организмдин инфекцияга каршы туруу жөндөмү.

**ИММУНОГЛОБУЛИН – иммуноглобулин (Ig)** – организмдеги антителолордун кызматын аткаруучу курамдык байланыштагы белоктордун (гаммаглобулиндер аткарган кызматы боюнча IgA, IgD, IgE, IgG жана IgM) өкүлү.

**ИММУНОСУПРЕССИЯ – иммуносупрессия** – айрым бир дары каражаттарын колдонуунун натыйжасында же кайсы бир оорунун таасири астында организмде иммундук реакциялардын басаңдашы.

**ИММУНОТЕРАПИЯ – иммунотерапия** – иммундук дары каражаттары менен дарылоонун негизинде иммундук реакциянын жүрүшүн өзгөртүп, ооруну токтотуу мүмкүнчүлүгү.

**ИМПЛАНТАТ** *англ.* – **имплантат** – дары каражаты (тери алдына коюлуучу гормоналдык имплантат); ички кулак имплантаты ж.б.; радиоактивдүү каражат булагы (радиоактивдүү ийне); алып салынган тиш ордуна тиш же көпүрө сымал протез (жаак сөөгүнө бекитилүүчү катуу түзүлүш).

**ИМПЛАНТАТ ГРУДИ – эмчек имплантаты** – хирургиялык жол менен алып салынган сүт бездерин косметикалык алмаштыруучу протез, айрым учурларда аял эмчегин чоң кылып көрсөтүүчү хирургиялык косметикалык түзүлүш.

**ИМПЛАНТАЦИЯ – имплантация** – а) эмбрионду жатын бетине жабыштыра бекитүү (уруктангандан 7-8 күндөн кийин, бластоцита); б) кандайдыр бир затты (дары ка-

ражатын) же буюмду (ритмди кармап туруучу түзүлүштү) ткань ичине киргизүү; в) оорулуу тканды таза, оорусу жок ткань менен алмаштыруу (көчүрүү, жалгоо).

**ИМПОТЕНЦИЯ** *лат.* **– импотенция**– жыныстык дармансыздык; эркектин жыныстык мамиле жасоого жарамсыздыгы. М: жыныстык мүчөнүн жетишээрлик деңгээлде катуу чыңалбашы (эректильная импотенция); эркек оргазмга жетпеген абал.

**ИНВАЗИОННЫЕ БОЛЕЗНИ – инвазиялык оорулар** – тирүү мителер (протозооздор жана гельминтоздор) жуктуруучу дарттар. М: организмде оору алып жүрүүчү мите курттардын кездешүүсү (инвазия).

**ИНВАЛИД – майып** – кандайдыр бир өндүрүштүк, социалдык ж.б. иштерге жөндөмүн толук же жарым-жартылай жоготкон адам.

**ИНВАЛИДНОСТЬ – майыптык** – организмдин милдеттеринин биротоло туруктуу жакырлануусунан улам ден соолуктун бузулуусунун натыйжасында жашоо ишмердигинин чектелүүсүнө алып келген жана социалдык коргоонун зарылдыгын шарттаган социалдык кемчилдик. М: оорудан болгон майыптык (инвалидность по болезни).

**ИНВОЛЮЦИЯ МАТКИ – жатын инволюциясы** – жатындын төрөттөн кийин өз калыбына келиши.

**ИНГАЛЯЦИЯ** *лат.* **– ингаляция** – газдуу затты дем тарттыруу, бүркүү чачыратуу; суюк, газдуу затты жыттатуу менен ичке киргизүү.

**ИНГИБИТОР** *лат.* **– ингибитор** – акырындатуу; токтотуу, басаңдатуу; организмдеги физиологиялык, негизинен ферменттик, физикалык-химиялык процесстерди кечеңдетүүчү каражаттардын жалпылоочу аты.

**ИНГРЕДИЕНТ – ингредиент** – татаал кошундунун же аралашманын курамдык бөлүгү.

**ИНДИФФЕРЕНТНАЯ МАЗЬ – индифференттик май** – катуу таасир берүүчү дары кошулбаган сыйпоочу май.

**ИНДУКЦИЯ** *лат.* **– индукция** – чыгаруу, тартипке келтирүү; ферменттердин метаболизминин индукциясы;

жасалма түрдө жатындын жыйрылуусун жөнгө салуучу окситоцин же простагландин таасиринде чакырылган төрөттүн башталышы.

**ИНДУРАЦИЯ КОЖИ – теринин берчтенүүсү** – бириктиргич ткандардын өсүшүнүн натыйжасында теринин катууланып калышы.

**ИНКУБАЦИОННЫЙ ПЕРИОД – инкубациялык мезгил** – оору жуккандан тартып, анын биринчи белгилери пайда болгонго чейинки убакыт.

**ИННЕРВАЦИЯ** *лат.* **– иннервация** – ткандардын, органдардын нерв менен тейлениши (камсыз болуусу).

**ИНОРОДНОЕ ТЕЛО – бөтөн денече** – бөтөн нерсе, бөтөн зат.

**ИНСТИНКТ** *лат.* **– инстинкт, тубаса сезим** – туюм. М: энелик сезим; жеке адамга тиешелүү жүрүм-турумдун физиологиялык татаал үлгүсү.

**ИНСТИНКТ САМОСОХРАНЕНИЯ – өзүн-өзү сактоо тубаса сезими** – коркунуч пайда болгон учурда өзүн сактоого аракет жасаган тубаса жүрүм-турум..

**ИНСТРУКЦИЯ – нускама** – аткарууга тийиш болгон бардык маселелер камтылган документ. М: оорукана ичиндеги инфекцияны контролдоо боюнча нускама (инструкция по контролю внутрибольничной инфекции).

**ИНСУЛИН – инсулин** – уйку бездин гормону.

**ИНСУЛИНАЗА – инсулиназа** – организмде инсулиндин курамдык бөлүктөргө бөлүнүшүн көзөмөлдөөчү фермент, боор жана бөйрөктө кездешүүчү зат.

**ИНСУЛЬТ** *лат.* **– инсульт** (секирик, чабуул, сокку) – мээге доо кетүү; мээдеги кан айлануунун катуу бузулушу (апоплексия – паралич); мээге кан куюлтуучу геморрагиялык жана мээ тканынын жумшаруусу; мээ ткандары жана анын функциясынын катуу жабыркашы.

**ИНТЕЛЛЕКТ** *лат.* **– интеллект** – акыл, кишинин ойлоо жөндөмдүүлүгү. М: жогорку интеллектүү доктур (врач с высоким интеллектом).

**ИНТЕЛЛИГЕНТ – интеллигент** – интелектуал, таалимдүү, билимдүү, акыл эмгеги сиңген, маданияттуу адам.

**ИНТЕНСИВНАЯ ТЕРАПИЯ – ургаалдуу (күчөтүлгөн) терапия** – оор абалда пайда болгон организмдин жашоо үчүн маанилүү функцияларынын бузулушун четтетүүгө же алдын алууга багытталган дарылоо иш-чараларынын комплекси.

**ИНТЕНСИВНЫЙ ПОКАЗАТЕЛЬ – ургаалдуу көрсөткүч** – чөйрөдөгү бир кубулуштун тыгыздык көрсөткүчү. М: катталган 1000 оорунун ичинен 95ин ангина түзөт.

**ИНТЕРНАТУРА – интернатура** – дипломдон кийинки адистештирүү.

**ИНТИМА – интима** – лимфа жана кан тамырлардын ички катмары.

**ИНТИМНОЕ ЧУВСТВО – жеке сезим** – ички, аяр, купуя сезим.

**ИНТОКСИКАЦИЯ – интоксикация** – организмдин токсиндер (эндогендик жана экзогендик уулуу заттар) менен ууланусу.

**ИНТУБАЦИЯ ТРАХЕИ** *лат.* **– кекиртекти интубациялоо** (ичине + түтүк) – эндотрахеалдык түтүктү кекиртекке киргизүү.

**ИНТУИЦИЯ** *лат.* **– интуиция, сокур сезим** – сезип билүү.

**ИНФАНТИЛИЗМ** *лат.* **– инфантилизм** – жетиштүү өрчүбөгөн организм, бойго жеткен адамдарда кездешүүчү жаш балдарга тиешелүү жүрүм-турум.

**ИНФАРКТ** *лат.* **– инфаркт** (ичине толтуруу, тыгындоо) – кан тамыр ичинде уюп катып калган кандын, тромб же эмболияга байланыштуу артериалдык кан агымындагы кокусунан келип чыккан мүчүлүштүктөрдүн негизинде бүтүндөй орган же анын кайсы бир бөлүгүнүн ткандарынын трофикалык (кан менен камсыз болбой калуусунан) жабыркоосунан иштен чыгуусу. М: миокард (жүрөк) инфаркты; мээ инфаркты (инсульт).

**ИНФЕКЦИЯ – инфекция жугуштуу оору** – оору жаратуучу патогендик нерселердин (вирустар, бактериялар, грибоктор) организмге кириши жана таралышы, жугуштуу оору

**ИНФИЛЬТРАТ – инфильтрат** – организмдин айрым ткандарында ага мүнөздүү эмес клетка элементтеринин жана кан менен лимфанын топтолуп, сезгенүү процессинин негизинде, анын көлөмүнүн чоңоюп, шишип берч болуп катууланышы.

**ИНФРАОККЛЮЗИЯ – инфраокклюзия** – тиштин үстүңкү бетинин кыры башка тиштердин бири-бирине тийүүчү кырына жетпей калышы; үстүңкү жана астыңкы кашка тиштердин бири-бирине тийбей турган абалы.

**ИНЪЕКЦИЯ – ийне саюу** – медициналык процедура. Дары заттарын атайын белгиленген өлчөмдө эритме же эмульсия түрүндө ийне сапталган шприц аркылуу териге, тери алдына, булчуңга жана көк кан тамырга куюу.

**ИПОХОНДРИЧЕСКИЙ СИНДРОМ – ипохондрия синдрому** – өзүн оорулуу сезүү, айтканга көнбөө; айрым учурда адам өзүнүн кандайдыр бир оору менен ооруп жүргөнүнө ишенип алат.

**ИРРАДИАЦИЯ – иррадиация** – денедеги (органдагы) ооругандык сезиминин жанаша жакын жерлерге таралышы.

**ИСКУССТВЕННОЕ ДЫХАНИЕ – жасалма дем алдыруу** – токтолгон дем алууну кайта жандандыруу.

**ИССЛЕДОВАНИЕ – изилдөө** – текшерип кароо. М: канды биохимиялык изилдөө (биохимическое исследование крови).

**ИСТОРИЯ БОЛЕЗНИ – бейтап баяны** – оору таржымалы.

**ИСТОЩЕННЫЙ ЧЕЛОВЕК – арыктаган адам** – кандайдыр бир себептен адам организминин алсызданышы.

**ИСЦЕЛЯТЬ – айыктыруу** – ден соолугун калыбына келтирүү.

**ИХТИОЗ** *гр.* **– ихтиоз** – аутосомдук генетикалык оору, териде балыктын кабырчактары сыяктуу катмар (гиперкератоз) пайда болушу менен мүнөздөлөт.

**ИШИАС – куяң** – көчүк нервдин сезгениши же кысылып калышынан болгон оору.

# Й

**ЙОГА – йога** – өзүнүн организминдеги физиологиялык процесстерди жана психикалык абалын башкаруу, адамдын өзүн-өзү таануу системасын жана методдорун иштеп чыккан жана ушундай башкаруу жөндөмүнө жетүүгө атайын физикалык көнүгүүлөр системасын түзгөн диний-философиялык окуу. М: йога – азыркы учурда стрессти дарылоодо эң натыйжалуу фитнесс көнүгүүлөрүнүн бири.

**ЙОГУРТ – жуурат** – сүт тамак-ашы, курамында сүт жана тамак-аш сиңирүү органдарында микрофлораны нормалдаштыруучу кургак заттар кошулмасы кирет.

**ЙОД – йод** – химиялык элемент; йод организмде калкан бези иштеп чыгарган гормондордун курамдык бөлүгүн түзөт; балдардын организминде йоддун жетишсиздиги мээнин толук өсүүсүнө кедергисин тийгизет жана интеллектуалдык жөндөмдүүлүгүн төмөндөтөт.

**ЙОДИНОЛ – йодинол** – дене сыртына пайдаланылуучу антисептикалык зат, дары.

**ЙОДИСТЫЙ ПРЕПАРАТ – йоддуу дары-дармек** – дары. М: Калий йодиди.

**ЙОДНАЯ КИСЛОТА – йод кислотасы ($HIO_4$)** – гигроскопиялык кристаллдык зат.

**ЙОДНЫЙ РАСТВОР – йоддуу эритинди** – йоддун спирттеги эритиндиси. М: жараатты антисептикалык тазалоо; тамакты чайкоо үчүн йоддуу эритинди.

**ЙОДОДЕРМА – йододерма** – йод дары-дармектерине өтө сезгичтиктен же көп пайдалануудан теридеги жабыркоо.

**ЙОДОМАРИН – йодомарин** – калкан безинин ооруларында колдонулуучу дары, организмде йод жетишсиздигинде йод менен толуктайт, калкан безинин функциясын жөндөйт (нормалдаштырат).

**ЙОДОМЕТРИЯ – йодометрия** – йодду же йоддуу калийди колдонуу менен заттарды көлөмдүк (титриметриялык) аныктоо ыкмасы.

**ЙОДОПСИН** *гр.* **– йодопсин** – адамдын көзүнүн тордуу кабыкчасындагы көрүү пигменттеринин жалпыланып аталышы.

**ЙОДОФОРМ – йодоформ** – йоддун органикалык бирикмеси. Антисептикалык зат катары оозду, ошондой эле жулунган тиштин ордун тазалоодо колдонулат.

**ЙОДОЦИД – йодоцид** – тери жана сырткы былжыр чел катмарларын тазалоо үчүн колдонулуучу антисептикалык дары каражаты.

# К

**КАВЕРНОЗНЫЙ ОЧАГ – каверноздук көңдөй** – кургак учук менен ооруган адамдын өпкөсүндө пайда болуучу патологиялык (каверноздук) көңдөй тешик, өпкө ткандары каверноздук чирүүдөн үбөлөнүп ажырагандагы боштук.

**КАЛИЙ – калий** – химиялык зат, адамдын организмине эң керектүү туздар түрүндө таасир берүүчү заттардын бири; организмде суунун тең салмактуулугун жана жүрөктүн бирдей ритмин жөндөйт; калий – натрий ара катышы склероздун алдын алат, жүрөк булчуңу жана нерв системасын тескейт.

**КАЛОРИЙНОСТЬ ПИЩИ – тамактын калориялуулугу** – тамактын кубаттуулугу. М: бейтапка жогорку калориялуу мүнөз тамак сунуш кылынды (пациенту рекомендована высококалорийная диета).

**КАЛОРИЯ – калория** – физиологиялык жылуулук бөлүп чыгаруу санынын бирдиги.

**КАЛЬЦИЙ – кальций** – организмге эң керектүү химиялык заттардын бири; сөөк жана тиштердин маанилүү курамдык бөлүгү (негизинен кальций фосфаты); метаболизм процесстеринде, нерв системасынын иштөөсүндө, булчуңдун жыйрылышы жана кандын уюшунда чоң мааниге ээ.

**КАМЕНЬ – таш** – адамдын ички органдарында туздардын чогулушунан пайда болгон заттар. М: Боордогу таштар (камни печени); бөйрөктөгү жана табарсыктагы таштар, ички органдардын оорулары – курамы боюнча оксалаттар, ураттар, фосфаттар ж.б. (камни почки и мочевого пузыря).

**КАМФОРА – камфора** – дары каражаты. М: камфора спирти (камфорный спирт).

**КАМФОРНАЯ МАЗЬ – камфора майы** – териге сүрткөндө микробдорго каршы, тери дүүлүктүрүүчү, оорuksuздандыруучу, сезгенүүгө каршы, ал эми парентералдык берүүдө – аналептикалык (оору басаңдатуучу), кардиотоникалык, кан тамыр тарытуучу жана какырыкты оңой чыгаруучу таасир берет.

**КАНАЛ – канал** – дененин ичиндеги тамыр, түтүкчө. М: сийдик чыгаруучу канал (мочеиспускательный канал).

**КАНДИДАМИКОЗ – кандидамикоз** – теринин, былжыр чел катмарынын, же ошондой эле ички органдардын кандида грибогунан жабыркоодон пайда болуучу жугуштуу дарт.

**КАНЦЕР** *лат.* **– канцер** – рак, залалдуу шишик.

**КАНЮЛЯ** *фр.* **– канюля** – учунун ичи конус түрүндөгү, дарылоо максатында дененин көңдөйүнө жана кан тамырга киргизилүүчү түтүкчө.

**КАПЕЛЬНИЦА – тамчылатма** – дары тамчылаткыч.

**КАПИЛЛЯРЫ – капиллярлар** – кан кыл тамырлары, мапмайда тамырлар.

**КАПЛИ ЛЕКАРСТВЕННЫЕ – тамчы дарылар** – суюк түрдөгү дарылар.

**КАПСУЛА – капсула** – кап, кабык, чел кабык, органдын же бактериянын сыртынан капталган кабыгы; сырты

капталган кабыктуу дары. М: муун капсуласы (капсула суставная).

**КАРАНТИН – карантин** – жугуштуу оорулар таралып кетпес үчүн жугуштуу оорусу бар кишилерди же айбандарды бөлүп коюу; алар менен байланышта болгондорду көзөмөлгө алуу, башка адамдарды жакын жолотпоо.

**КАРБОЛОВАЯ КИСЛОТА – карбол кислотасы** – дезинфекцияга колдонулуучу антисептикалык уулуу эритинди суюк зат.

**КАРБУНКУЛ – сыздоок** – дарт; организмге негизинен стафилококктун киришинен бир убакта бир нече фолликулдардын, тери жана тери алдындагы ткандардын ириңдүү-некротикалык сезгениши.

**КАРДИОГРАММА – кардиограмма** – жүрөктүн иштешинин графикалык сүрөтү.

**КАРДИОГРАФИЯ – кардиография** – жүрөктүн иштешин (кагуусун) графикалык жазуу.

**КАРДИОМИОПАТИЯ – кардиомиопатия** – жүрөк булчуңунун клеткаларынын дистрофиялык-склеротикалык процесстерине байланышкан өнөкөт ооруларынын тобу; бул оорулар тубаса же вирус инфекциясы, аракечтик же амилоидоз оорусунун себептеринен болушу мүмкүн.

**КАРДИОРЕКСИС** *гр.* **– кардиорексис** – жүрөктун жарылышы.

**КАРЕТА СКОРОЙ ПОМОЩИ – тез жардам унаасы** – бейтапка, жабырлануучуга тез жардам берүүчү жана медициналык-санитардык мекемеге жеткирүүчү автоунаа.

**КАРИЕС** *лат.* **– кариес** – тиштин катуу сөөк затынын ткандарынын маалкатып өткөн патологиялык бузулушунан дентиндин тешилиши; тиш чирим (курт жеген тиш).

**КАРИОТИП – кариотип** – биологиялык түргө мүнөздүү, анын клеткаларындагы хромосомалар тобу (формасы, өлчөмү, саны).

**КАРЛИКОВОСТЬ – эргежээлдик** – бойдун кодоолугу: а) гипофизардык – тулку бой гормонунун жетишсиздиги-

нен, бул адамдар акыл-эс жана пропорционалдык дене түзүлүшкө ээ болгону менен, бирок көпчүлүк учурларда сексуалдык жактан жетилбей калышы мүмкүн; айрым учурларда калкан безинин секрециясынын жетишсиздигинен акыл-эс жана физикалык дененин толук кандуу өөрчүбөй калышы мүнөздүү; б) хондродистрофикалык.

**КАРТАВЫЙ – чулдур** – чулдурап сүйлөгөн адам.

**КАСТРАЦИЯ – бычуу, биттөө** (үй жаныбарларын) – операциялык жол менен жыныстык безди алып таштоо. М: медициналык стерилдөө (медицинская стерилизация).

**КАТАБОЛИЗМ – катаболизм** – денедеги зат алмашууда бөлүнүү реакциясы.

**КАТАРАКТА – катаракта** – көздүн чечекейин ак басуу (тунарышы).

**КАТЕТЕР** *нем.* **– катетер** – медициналык практикада түрдүү процедураларды жасоо үчүн ар кандай диаметрдеги узун түтүк. М: кан тамыр катетери; сийдик чыгаруучу катетер.

**КАХЕКСИЯ** *гр.* **– кахексия** – начар жана жетишээрлик түрдө азыктанбоо, кыймылсыздыктан, же организм дартка чалдыккандыгына байланышкан (зат алмашуунун бузулушу, коркунучтуу шишик, организмде мите курттардын болушу, кургак учук), же терс таасир берүүчү факторлордун негизинде катуу арыктоо (жалпы атрофия).

**КАШЕЛЬ – жөтөл** – дем алуу органдарынын (коко, кекиртек, бронх, өпкө) оорусу. М: жөтөл, дем алуу органдарынын ооруларынын негизги симптому (кашель, основной симптом заболеваний органов дыхания).

**КАУЗАЛГИЯ** *гр.* **– каузалгия** (ачышуу + оорутуу) – тери менен эттин сайгылашып, сыздап оорушу.

**КВАРЦЕВАЯ ЛАМПА – кварц лампасы** – ультракызгылт көк нур менен дарылоочу жана жугушсуздандыруучу лампа.

**КЕРАТОМА КОЖИ – теринин кератомасы** – пигменттүү залалсыз шишик.

**КЕСАРЕВО СЕЧЕНИЕ – кесарев жаруусу** – баланы жатындан жарып алуу операциясы.

**КЕТГУТ – кетгут** – ичегиден жасалган кыл жип, ичеги жип, ичеги кыл.

**КИНЕЗИТЕРАПИЯ** *англ.* **– кинезитерапия** (кыймыл + дарылоо) – кыймыл-аракет менен дарылоо.

**КИСЛОРОД – кычкылтек** – дем алууга зарыл болгон, абанын курамына кирүүчү газ.

**КИСЛОРОДНАЯ ПОДУШКА – кычкылтек жаздыгы** – ичине кычкылтек толтурулуп колдонулуучу атайын көңдөйлүү медициналык резина баштык, сыйымдуулугу 15-25 литр.

**КИСЛОТНОСТЬ ЖЕЛУДОЧНОГО СОКА – карын зилинин кычкылдуулугу** – ашказан маңызындагы туз кычкылдыгынын концентрациясынын мүнөздөмөсү.

**КИСТА – ыйлаакча** – сары суу же ириң толуп калталанган шишик.

**КИСТЬ – беш манжа** – чеңгел.

**КИФОЗ** *гр.* **– бүкүр** – омуртканын абалынын бузулушу. Көбүнесе патологиялык бүкүрлүк кездешет (омуртка тутумунун кургак учук дарты, омуртка мертинүүлөрү, итий).

**КИШЕЧНИК – ичеги** – ичеги-карын. М: ичеги-карын оорулары (кишечные заболевания).

**КИШЕЧНЫЙ СОК – ичеги зили** – ичегинин былжыр челинин бездери жараткан ферменттүү суюктук.

**КИШКА – ичеги** – тамак сиңирүү системасынын карындан кийинки бөлүгү. М: ичке ичегилер (тонкие кишки); мөөн (слепая кишка); жоон ичеги (толстая кишка); көтөн чучук (прямая кишка); он эки эли ичеги (двенадцатиперстная кишка).

**КЛЕПТОМАНИЯ** *гр.* **– клептомания** – уурулукка кумарланган психикалык оору.

**КЛЕТКА – клетка** – ткандык элемент: гиалин клеткалары; кан клеткалары; эндотелиалдык клеткалар; өзөктүү

клеткалар; ганглиоздук (нервдик) клеткалар; без клеткалары; фагоцит клеткалары ж.б.

**КЛИЗМА – клизма, ич арылтуу** – ичти тазалоо, ичти атайын процедуранын жардамы менен бошотуу, дарылоочу клизма (дары каражатынын жардамы менен); тазалоочу клизма (суунун жардамы менен ичти бошотуу, жоон ичегини тазалоо) ж.б.

**КЛИМАКТЕРИЧЕСКИЙ ПЕРИОД – төрөттөн калган мезгил** – аялдын тукумдук мүчөсү иштебей калган мезгил.

**КЛИМАТОТЕРАПИЯ – климаттык терапия** – организмге климаттык факторлордун таасирин пайдалануу: күн нурунун ургаалдуулугу, атмосфералык басым, деңиз деңгээлинен бийиктиги, аба ырайы (абанын температурасы, абанын нымдуулугу, шамал күчү, жаан-чачын, күн ачык же бүркөктүгү).

**КЛИНИКА – клиника** – бейтаптарды изилдөө жана дарылоодон тышкары окутуу жана илим-изилдөө иштери жүргүзүлгөн медициналык мекеме.

**КЛИТОР – клитор** – аялдын сырткы жыныс мүчөсүнүн тилчеси.

**КЛЫК – кылкыйма тиштер** – тамак чайноо үчүн кызмат кылуучу жаактагы конус сымал тиштер.

**КЛЮЧИЦА – акырек** – адамдын колу менен денесин туташтырып турган сөөк.

**КЛЯТВА – ант** – салтанаттуу убада берүү. М: Гиппократтын анты (клятва Гиппократа).

**КОЖНОЕ САЛО, СЕБУМ – тери майы, себум** – териде жайгашкан май бездеринин секрети.

**КОЙКА – керебет, орун** – оорукандагы керебет, орун. М: оорукана (стационар) шартында бейтаптын керебетти суткалык ээлөө эсеби; күн/керебет, орун/күн (койко-день).

**КОККИ** *гр.* – **кокки** (дан, данекче + шар) – коргол сымал бактериялар.

**КОКЛЮШ – көк жөтөл** – антропоноздук дем алуу жолдору аркылуу жугуучу оору.

**КОКСИТ** *лат.* **– коксит** – жамбаш муундун сезгениши.

**КОЛЕННАЯ ЧАШЕЧКА – тизе томугу** – тизенин үстү жагындагы сөөк.

**КОЛЕННЫЙ СУСТАВ – тизе мууну** – адамдагы эң чоң жана татаал муун, тизеде жайгашкан.

**КОЛИКА – түйүлмө** – жан коёрго жер таппай, кыйнаган оору (көбүнчө ич органдар оорулары).

**КОЛЛАПС** *лат.* **– коллапс** – артерия жана вена кан тамырларынын басымынын кескин төмөндөшү, кандын көлөмүнүн азайышы, борбордук нерв системасынын ишинин начарлашы жана зат алмашуунун бузулушу, эстен тануу менен мүнөздөлүүчү өмүргө коркунучтуу оор абал.

**КОЛОНОСКОПИЯ – колоноскопия** – жоон ичегини эндоскоп менен изилдөө.

**КОЛОТАЯ РАНА – сайылган жараат** – денеге учтуу бир нерсе сайылгандан болгон жаракат (жараат).

**КОЛЬПИТ** *гр.* **– кольпит** (вагинит) – жатын кынынын былжыр челинин сезгениши.

**КОМА – кома** – эс-учсуз, эстен тануу. М: бейтап комада (эс-учсуз) жатат (больной находится в коме).

**КОМПРЕСС – компресс** – дарылоо максатында атайын кабаттап таңуу (ысык, муздак, дары каражаты менен).

**КОНВУЛЬСИЯ** *лат.* **– диртилдөө** – оору белгиси.

**КОНЕЧНОСТЬ – кол, бут.** М: кол, буттардын сөөктөрү (кости конечностей).

**КОНКРЕМЕНТ** *лат.* **– конкремент** – чыгынды; көңдөйлүү органдардын жана бездердин чыгаруу түтүктөрүндө таштай катуу чогунду, заң.

**КОНСИЛИУМ – консилиум** – дарылоо жолдорун аныктоо үчүн доктурлардын кеңешүүсү; катуу (оор абалдагы) оорулууну дарылоо боюнча доктурлардын кеңешүүсү.

**КОНСИСТЕНЦИЯ – консистенция** – жумшак, катуулук, коюулук, тыгыздык.

**КОНСУЛЬТАЦИЯ БОЛЬНОМУ – оорулууга консультация берүү** – доктурдун кайсыл бир оору боюнча оорулууга түшүнүк берүүсү.

**КОНТАГИОЗНОСТЬ – жугуштуулук** – жугуштуу оорулардын бейтаптан ага карым-катнаш болгон адамга жугуусу.

**КОНТАКТ – байланыш** – карым-катнаш; заттардын, нерселердин, заряддардын бири-бирине тийишүүсү. М: оорулуудан жуктуруп алган бейтап (контактный больной); оору таркатуучу (зат, буюм, жаныбар, адам) менен иштеген же байланышкан адам (контактное лицо); ооруксуздандыруучу (анестетик) эритмесин дененин былжыр чели же териге тийгизип (шыбап) ооруксуздандыруу (контактная анестезия; байланышуучу адам (контактное лицо); көздүн тунук кабыкчасына кийилүүчү линзалар (контактные линзы).

**КОНТАКТ ОККЛЮЗИОННЫЙ – тиш катарынын тийишкен жери.**

**КОНТРАКТУРА** *лат.* **– контрактура** – тартышуу, тырышуу. М: тизе муундун тартышуусунан кыймылынын чектелиши (контрактура коленного сустава).

**КОНТРАЦЕПТИВЫ – бойго бүтүрбөөчү каражаттар** – дары каражаттар. М: аралашма гормоналдык ичүүчү, ийне менен сайылуучу гормондук, жатын ичине салынуучу каражаттар, спермициддер, импланттар ж.б.

**КОНЬЮНКТИВА – коньюнктива** – көздүн чел кабыгы.

**КОПРОСТАЗ – копростаз** – көпкө заңдабай калуу.

**КОПЧИК – чычаң** – адамдын омурткасынын эң төмөнкү бөлүгү. М: чычаң (куймулчак) сөөк (копчиковая кость).

**КОРДОЦЕНТЕЗ – кордоцентез** – киндик чылбырынан кан алуу. Түйүлдүктүн өрчүшүндөгү аномалиялык кемтикти аныктоо максатында, УҮИ аппаратын пайдаланып көзөмөлдөө жолу менен, кош бойлуу аялдын курсагы аркылуу көңдөйлүү ийнени киргизип түйүлдүктүн киндик кан тамырынан анализге кан алуу.

**КОРЕННОЙ ЗУБ – азуу тиш** – астыңкы жана үстүңкү жаактардагы арткы алтыдан тиш.

**КОРЕНЬ ЗУБА – тиш дүмүрчөгү** – тиш бүйлөсүнүн алдында жайгашкан тиштин бөлүгү.

**КОРКА** (корочка) **– карт** – ириңдин үстүңкү катып калган бети, жараат карты.

**КОРОНАРОГРАФИЯ – коронарография** – жүрөк-кан тамырларын рентген нуруна чагылуучу контрасттык суюктук жиберүү менен патологиялык же аномалиялык кемтиктерин дарт табуучулук жана инвазивдик кийлигишүү ыкмалары аркылуу рентгенологиялык изилдөө.

**КОРОНКА ЗУБА – тиш кап** – бузулган тишке кийгизип коё турган, дат баспас металлдан жасалган кап. М: жасалма тиш кап (искусственная коронка зуба).

**КОРЬ – кызамык** – балдардын жугуштуу оорусу. Оорунун козгогучу – РНК-вирусу (морбилливирустар түрүнө кирет).

**КОСМЕТИКА – косметика** – денени, бетти (эрин, кирпик, каш) жасалма түрдө кооздоо; дене (тери кемтиктерин) кооздоо, чач, тырмактарды карап багуу.

**КОСОГЛАЗИЕ – чалыр көз** – кылыр, көзү кыйшыктык.

**КОСОЛАПОСТЬ – майрык, майтамандык** – тамандын бузулушунун бир түрү.

**КОСТЛЯВЫЕ РУКИ – сөөктүү кол** – арык кишинин колу.

**КОСТНОЕ ГУБЧАТОЕ ВЕЩЕСТВО – кемик сөөк заты** – сөөктүн ичиндеги көпшөк бөлүгү.

**КОСТНЫЙ МОЗГ – чучук** – сөөктүн ички көңдөйүндөгү жумшак ткань, адамдын маанилүү кан жаратуучу органы.

**КОСТЬ – сөөк** – адамдын денесиндеги катуу түзүлүш, скелетинин курамдык бөлүгү. М: чыканак сөөгү (локтевая кость); билек (кар жилик, каруу) сөөктөрү (кости предплечья); бейбелчек сөөктөрү (кости плюсны); төбө сөөк (теменная кость); чүкө сөөк (таранная кость).

**КРАЙНЯЯ ПЛОТЬ – бүрүк** – эркек баланын жыныс мүчөсүнүн башын жаап турган тери.

**КРАПИВНАЯ ЛИХОРАДКА, КРАПИВНИЦА – бөрү жатыш** – тери оорусу.

**КРАСНУХА – кызылча** – вирустук эпидемиологиялык жугуштуу оору.

**КРЕПИТАЦИЯ – кычыроо** – сөөк сынган жерди кыймылдатканда чыккан үн. М: сөөк сыныгынын кычырашы (крепитация кости при переломе).

**КРЕСТЕЦ – куймулчак** – жамбаш сөөгүнүн омуртка менен бириккен жери.

**КРЕТИНИЗМ** *фр.* **– кретинизм** – калкан безинин гормондорунун тубаса жетишсиздиги натыйжасындагы эргежээлдик; акыл-эстин өөрчүбөй калышы; маңыроолук, келесоолук; көп учурларда терисинин жана бет түзүлүшүнүн одурайып кетүү синдрому байкалат (гипотиреоидизм).

**КРИЗ – криз** – бейтап абалынын кескин оорлошу; ички мүчөлөрдүн чукул дүүлүгүүсү, кан тамырлардын чукул тырышуусу.

**КРИОТЕРАПИЯ – криотерапия** – өтө муздак менен дарылоо физиотерапиялык ыкмасы. М: теридеги гемангиоманы криотерапия ыкмасы менен дарылоо (лечение гемангиомы кожи методом криотерапии).

**КРИПТОРХИЗМ – крипторхизм** – эркек балада эндик тубаса кемтиги; жумуртканын калтага түшпөй калышы.

**КРИТИЧЕСКОЕ СОСТОЯНИЕ – кыйын абал** – организмдин жашоо үчүн маанилүү болгон системалары катуу бузулган адамдын абалы. М: оорулуунун абалы кыйын болууда (состояние больного критическое).

**КРОВАВАЯ МОЧА – кан аралаш сийдик** – сийдик чыгаруу жолдорунда кан тамырды зыянга учураткан кан агуунун же суук тийгендин белгиси.

**КРОВЕТВОРЕНИЕ – кан жаралуу** – гемопоэз; организмде (адамдардын сөөк чучугунда) кан клеткаларынын (эритроцит, тромбоцит, лейкоцит) жаралуу, өсүү жана жетилүү процесси. Жалпысынан эмбриондук: көк боордук,

мезодермалык, боор, лимфопоэз жана эмбриондук өнүгүүдөн кийинки гемопоэзге бөлүнөт.

**КРОВОИЗЛИЯНИЕ – кан куюлуу** – кан агуу. М: оорунун же мертинүүнүн натыйжасында көздүн склерасына, баш мээге, өпкөгө, миокардга, тарамыш же булчуң ичине кан агуу.

**КРОВООБРАЩЕНИЕ – кан айлануу** – кан жүрүү системасы боюнча кандын жүгүрүшү. М: мээ кан айлануусу (мозговое кровообращение); коронардык кан айлануу (коронарное кровообращение); порталдык (боордо) кан айлануу (портальное кровообращение); регионардык кан айлануу (регионарное кровообращение); чоң кан айлануу системасы (большой круг кровообращения); кичине кан айлануу системасы (малый круг кровообращения).

**КРОВОПОДТЕКИ – канталоо** – кандын уюусу, теринин көгөрүүсү.

**КРОВОТЕЧЕНИЕ – кан агуу** – кан кетүү, каноо. М: жарааттан, жаракаттан, паренхиматоздук, ок тийген жарааттан, кан тамырдан, операциядан кийин кан агуу ж.б.

**КРОВОХАРКАНЬЕ – кан түкүрүү** – кан жөткүрүү.

**КРОВЬ – кан** – суюк ткань, орган. Кан организмде химиялык заттарды, анын ичинде кычкылтекти ташуу функциясын аткаруусунун негизинде бардык клеткаларда жана клеткалар аралыгында бүткүл биохимиялык процесстер бир системага интеграцияланат. Кандын курамы формендик элементтерден (кургак бөлүгү) жана плазмадан (суюк бөлүгү) турат.

**КРОВЯНОЕ ДАВЛЕНИЕ – кан басымы** – кан тамырлардын ичиндеги басым.

**КРУГЛАЯ СВЯЗКА – жумуру байламта** – кашка жиликтин ийикбашын жамбаштын чуңкуруна бекитип туруучу тарамыш. М: жатындын жумуру байламтасы (круглая связка матки) – ич бүлкүлдөгүнүн алдыңкы жана арткы эки бетинен куралып, ылдый алдыга карай уланып фиброздук байламта катары чурайдын терең көзөнөгүнөн өтүп сырткы жыныс органынын клетчаткасына чапталат.

**КРУПОЗНАЯ ПНЕВМОНИЯ – өпкө кагыны** – өпкөнүн сезгенүүсү, негизинен өпкөнүн инфекция пайда кылуучу өз алдынча сезгенүү, же башка дарттардын кабылдоосу катары пайда болуучу оорусу.

**КУМУЛЯЦИЯ – кумуляция** – дарылардын денеге акырындык менен топтолушу, көбөйүшү. М: дарылардын топтолуучу таасири (кумулятивное действие лекарств); айрым учурларда дарынын дозалык ченеми ашык болуп, организмдин ууланышы катары түшүнүктү туюндурат.

**КУМЫСОЛЕЧЕНИЕ – кымыз менен дарылоо** – кымыздын (бээ, уй, төө сүтүнүн) дарылык касиетин пайдалануу.

**КУПИРОВАНИЕ СПАЗМА – тырышманы жазуу** – булчуңдардын капысынан болгон тырышуусун жазуу.

**КУРИНАЯ СЛЕПОТА – күүгүм сокур** – түн киргенде начар көрүү.

**КУРОРТОЛОГИЯ – курортология** – жаратылыштын дарылык касиеттерин жана аны колдонууну изилдөөчү илим. Жаратылыштын ден соолукка оң таасир берүүчү табигый дарылык факторлорун, дарылоодо пайдалануу, алдын алуу жолдорун изилдөө, ден соолукту чыңдоо жана калыптандыруу, ошондой эле санаторий жана курорттордун социалдык-гигиеналык шартын изилдөө, өздөштүрүп өнүктүрүү медицинадык тармагы.

**КЮРЕТАЖ – кюретаж** – кюретканын (хирургиялык кашыкча сымал аспап) жардамы менен тери же органдын, ошондой эле көңдөйчөнүн бетиндеги жабыркаган патологиялык тканды кырып тазалоо.

# Л

**ЛАБИЛЬНОСТЬ** *лат.* **– лабилдүүлүк** – туруксуз, өзгөргүч (өзгөргүчтүк, шамдагайлык). М: нерв ситемасынын өзгөргүчтүгү.

**ЛАБИОМАНСИЯ – лабиомансия** – адамдардын сүйлөө речин эриндердин кыймылы аркылуу баамдап билүү.

**ЛАБИРИНТ – лабиринт** – кулактын ички түп жак бөлүгүндөгү угузуу түзүлүшү; калбыр сөөктүн көңдөйлүү бөлүгү (лабиринт решетчатой кости).

**ЛАБОРАТОРИЯ – лаборатория** – медициналык анализ изилдөө бөлүмү; клиникалык лаборатория (клиническая лаборатория); иммунологиялык лаборатория (иммунологическая лаборатория). Техникалык жана илим изилдөөчүлүк жай.

**ЛАВАЖ – лаваж** – суу же дары эритмелери менен көңдөйлүү органдарды жууп тазалоо М: мурун коңулдарын жууп тазалоо.

**ЛАГОФТАЛЬМ** *гр.* **– лагофтальм** (коён + көз) – көздүн үстүнкү жапкагынын толук жумулбай калышы.

**ЛАДОНЬ – алакан** – колдун ички бети; М: алакандын муздак тер басып нымдуу болушу (ладонный гипергидроз).

**ЛАДЬЕВИДНАЯ КОСТЬ – кайык сымал сөөк** – алакандагы сөөк.

**ЛАЗАРЕТ – аскер ооруканасы** – эскиче аталышы.

**ЛАЗЕРНАЯ ТЕРАПИЯ – лазердик терапия** – булагы лазер болгон оптикалык нурланууну дарылык колдонуу. М: лазердик терапия аппаратын колдонуу (применение аппарата лазерной терапии).

**ЛАКМУСОВАЯ БУМАГА – лакмус кагазы** – химиялык же физикалык таасирден түсүн өзгөртүүчү кагаз.

**ЛАКТАЦИЯ** *лат.* **– лактация** – эненин сүт бездеринде сүт пайда кылуу, топтоо жана бөлүп чыгаруу процесси. Эмчектен сүттүн чыгышы.

**ЛАКТОБАЦИЛЛИН – лактобациллин** – сүттү ачытуучу жана дарылык касиет берүүчү бацилла.

**ЛАКТОЗА – лактоза** – сүт канты (фермент), курамына глюкоза жана галактозанын бирден молекулалары кирген кант.

**ЛАЛОПЛЕГИЯ** *гр.* **– лалоплегия** – тилдин булчуң этинин шал болушуна байланыштуу так сүйлөй албоо.

**ЛАНЦЕТ – ланцет** – хирургиялык курч миздүү скальпелдин учу; чеккич; эмдегич.

**ЛАПАРОРРАГИЯ** *гр.* **– лапароррагия** – курсак ичине кан агуу.

**ЛАПАРОСКОПИЯ – лапароскопия** – лапароскоп аппараты жана атайын хирургиялык аспаптардын жардамы менен курсакты тешүү жолу аркылуу ич органдарына операция жасоо.

**ЛАПАРОТОМИЯ – лапаротомия** – ич көңдөй органдарына хирургиялык операция жасоо; курсакты ачуу; курсакты жарып көрүү.

**ЛАПАРОЦЕНТЕЗ – лапароцентез** – курсакты тешүү жолу менен жасалуучу дарт аныктоо жана дарылоочу хирургиялык манипуляция.

**ЛАРИНГИТ – ларингит** – алкым (тамак, кекиртек) жана үн түйүндөрүнүн сезгенүүсү.

**ЛАРИНГОФАРИНГИТ – ларингофарингит** – кококулкундун сезгениши.

**ЛАТЕНТНЫЙ ПЕРИОД – латенттик мезгил** – оорунун белгисинин билинбей өткөн учуру.

**ЛАТЕРАЛИЗАЦИЯ НАДКОЛЕННИКА – тизе томугунун кыйшаюусу** – тизе томугу жылышкан муун оорусу.

**ЛЕВОСТОРОННИЙ ПАРАЛИЧ – сол ыптасы шал болуу** – мээнин оң тарабынын инсультунун натыйжасында адамдын сол ыптасынын кыймылдабай калышы.

**ЛЕВША – сологой** – сол колу менен активдүү иштеген адам.

**ЛЕВЫЙ ЖЕЛУДОЧЕК СЕРДЦА – жүрөктүн сол карынчасы** – чоң кан айлануу тегереги башталган жүрөктүн төрт камерасынын бири.

**ЛЕГКИЕ – өпкө** – жүрөктүн эки тарабынан тең орун алып, илээшме чел менен капталган дем алуу системасындагы кош орган. М: таза өпкө (здоровые легкие); өпкө оорулары: пневмония, плеврит, пневмосклероз, пневмонит ж.б. (легочные болезни).

**ЛЕЙКОДЕРМИЯ – лейкодермия** – ала оорусу; териге өз түсүн берүүчү боёк (пигмент) жетишсиздигинен келип чыккан ак тактар.

**ЛЕЙКОЗ (ЛЕЙКЕМИЯ) – лейкоз** (ак + кан) – кандын рак оорусу; ак кан шишик ооруусу, алейкемия; кандын залалдуу шишик оорусу, сөөк кемирчегинин кан клеткаларын иштеп чыгуусунун неопластикалык залалдуу шишик оорусу.

**ЛЕЙКОМА (БЕЛЬМО) –** кара **бельмо.**

**ЛЕЙКОПЕНИЯ – лейкопения** – кандагы лейкоциттердин азайышы.

**ЛЕЙКОПЛАКИЯ ШЕЙКИ МАТКИ – жатын моюнчасынын ала оорусу** – жатын моюнчасында ак тактар пайда болгон оору.

**ЛЕЙКОРЕЯ – лейкорея** – аялдын жыныс мүчөсүнүн ичинен ак жана саргыч былжырдын бөлүнүп чыгышы; былжыр затынын адаттан көп бөлүнүп чыгышы оорунун белгиси болушу мүмкүн.

**ЛЕЙКОЦИТ – лейкоцит** – кандын ак түстөгү көп түрдүү формендик элементтери (лимфоцит, моноцит гранулоцит). Негизги функциясы организмди оору жугуудан сактоо. Организмге таасир берүүчү жат белоктордон, башка заттардан сактоо жана гомеостазды (бирдей шайкештикти) камсыздоо. Оорудан сактоочу лейкоциттер – фагоцит клеткасы деп аталат, ал эми анын жегичтик функциясы – фагоцитоз.

**ЛЕЙКОЦИТОЗ – лейкоцитоз** – ак кан клеткаларынын көбөйүшү.

**ЛЕЙОМИОМА МАТКИ – жатын лейомиомасы** – жатындын жылма булчуңунун (миометрия) залалсыз шишиги.

**ЛЕКАРСТВО – дары** – оорулууларды дарылоо же алдын ала сактануу максатында колдонулуучу зат. М: жөтөлдүн дарысы (лекарство от кашля); уктатуучу дары (снотворное лекарство); дары ичүү (принять лекарство); дарыга рецепт жазып берүү (написать рецепт на лекарство).

**ЛЕПРА – лепра** – пес оорусу, *mycobacterium leprae* бацилласы козгоочу өнөкөттүү дарт; Пес илдети, Хансен оорусу, хансеноз.

**ЛЕПРОЗОРИЙ – пес ооруканасы** – пес оорусу (проказа) менен ооругандарды бөлүп дарылоочу жай.

**ЛЕПТОСПИРОЗ – лептоспироз** – безгек, сары калтыратма жугуштуу оорусу.

**ЛЕТАЛЬНОСТЬ** *лат.* **– өлүмдүүлүк** – каза болуучулук (медициналык статистикалык көрсөткүч).

**ЛЕТАРГИЧЕСКИЙ СОН – летаргиялык уйку** – кишинин көп күн, ай бою, кээде жылга созулуп «уктай» берген оор (катуу) оорусу; «жалган өлүм» стресстик, психикалык дарты.

**ЛЕЧЕБНОЕ УЧРЕЖДЕНИЕ – дарылоочу мекеме** – саламаттык сактоо мекемеси, эмкана, оорукана, диспансер, фельдшердик-акушердик пункт ж.б.

**ЛЕЧЕНИЕ – дарылоо** – дары берүү, операция жасоо ж.б. М: дарылоо натыйжалуулугу – лечебная эффективность.

**ЛИБИДО** *лат.* **– либидо** – жыныстык кумарлануу, дүүлүгүү, башка жыныстагы адамга кумарлануу.

**ЛИГАТУРА** *лат.* **– лигатура** – операция учурунда канды токтотуу үчүн колдонулуучу атайын (жибек, лавсан, кетгут) тамыр буугуч, жип.

**ЛИЗИС** *гр.* **– эрүү** – ыдыроо, ажыроо; организмде ферменттердин, бактериофаг, бактериолизин жана антибиотиктердин таасири менен клеткалардын, клеткалык системалардын жана микроорганизмдердин эриши.

**ЛИЗОСОМА – лизосома** – клеткалык органелла; анын физиологиялык функциясы, клетка ичинде макромолекулалардын сиңирилиши, клетканын өсүшү жана аутофагиясында катышат.

**ЛИЗОЦИМ** *англ.* **– лизоцим** – бактерияга каршы зат; фермент; белоктук фермент катары былжыр челде, көз жашта, шилекейдин курамында микробдорду эритүүчү зат, бактерияларды жок кылуучу суюктук.

**ЛИКВОРЕЯ** *лат.* **– ликворея** – жүлүн суусунун (суюктугунун) бертинүүдөн, ириңдүү сезгенүү же операциядан кийин агуусу.

**ЛИМФА** *лат.* **– лимфа** – суюк ткандын бир түрү; лимфа бездери (лимфатические железы); лимфа тамыры (лимфатический сосуд).

**ЛИМФАДЕНИТ – лимфаденит** – адамдын организминдеги ооруга карата реакция түрүндө лимфа түйүндөрүнүн сезгениши; ириңдүү сезгенүү болушу мүмкүн (воспаление лимфоузлов человека, вызванное реакцией на серьезную болезнь в организме).

**ЛИМФАДЕНОПАТИЯ – лимфаденопатия** – лимфа системасындагы лимфа түйүндөрүнүн реактивдүү процесс катары чоңоюшу.

**ЛИМФАНГИОМА – лимфангиома** – лимфа тамырынын катмарындагы (залалсыз) шишик.

**ЛИМФАНГИЭКТАЗИЯ – лимфоангиэктазия** – лимфа тамырларынын кеңейиши, көөп кетиши.

**ЛИМФАТИЧЕСКИЕ УЗЛЫ – лимфа түйүндөрү** – бездер. М: Баш жана моюн лимфа түйүндөрү.

**ЛИМФОГРАНУЛЕ-МАТОЗ – лимфогранулематоз** – лимфа бездеринин залалдуу шишиги.

**ЛИМФОЦИТОЗ – лимфоцитоз** – канда лимфоциттердин көбөйүшү.

**ЛИПЕМИЯ – липемия** – кандын курамында майдын ченемден көп болушу.

**ЛИПАЗА** *англ.* **– липаза** – татаал эфирлерди эритүүчү, ажыратуучу ферменттер.

**ЛИПОМА – липома** – дифференциалдык май клеткалары тарабынан пайда болуучу кеңири таралган залалсыз шишик.

**ЛИПОМАТОЗ – липоматоз** – ткандардагы майдын ченемден жогору болуусу; липомалардын (тери астындагы май шишиктердин) көп санда болушу.

**ЛИПОПРОТЕИДЫ – липопротеиддер** – майлуу татаал белоктор.

**ЛИТИАЗ** *гр.* **– литиаз** – түрдүү себептерден бөйрөктө, табарсыкта, өттө, боордо, тиштерде таш пайда болушу.

**ЛИТИЧЕСКАЯ СМЕСЬ – тап басуучу аралашма** – ысык дене табын төмөндөтүүчү аралашма дары. М: Бейтаптын дене табын басуучу (анальгин, димедрол, новокаин) аралашма дары.

**ЛИСТОК НЕТРУДОСПОСОБНОСТИ – эмгекке жарамсыздык баракчасы** – ооруп калганда медициналык мекеме берүүчү, оорургандыгын ырастаган документ.

**ЛИХОРАДКА – безгек, калтыратма** – калтыроо-титирөө, чыйрыгуу, оору процессинде дене температурасынын жогорулашы. Бул симптом же синдром катары, оору алгач пайда болгон мүнөтүнөн баштап организмдин коргонуу жана калыбына келтирүү реакциясы катары эсептелет. Мындай учурда кандын бактерицидүү касиети күчөйт, кандагы вирус жана микробдор өлүүгө дуушар болот.

**ЛИЦЕВЫЕ МЫШЦЫ – бет булчуңдары** – адамдын бетиндеги булчуңдар.

**ЛИЦО – бет** – жүз, өң. М: өңүнөн таануу (знать в лицо); уят болбоо, уятка калбоо (лицом в грязь не ударить).

**ЛИШАЙ ОПОЯСЫВАЮЩИЙ – курчама чакалай, темир өткү** – кайталанган инфекциялык оору.

**ЛОБ – чеке, маңдай** – баш сөөктүн жогорку бет жак бөлүгү. М: жазы маңдай (высокий лоб).

**ЛОБКОВАЯ КОСТЬ – чат (кашат) сөөк** – жамбаш сөөгүн түзгөн үч сөөктүн бири.

**ЛОБНАЯ КОСТЬ – маңдай сөөк** – чеке сөөк.

**ЛОБОК – чат дөмпөгү** – чурай дөмпөгү; үч кошкон; чат, кашат. М: чат дөмпөгүнүн түзүлүшү (образование лобкового бугра).

**ЛОГОПЕДИЯ – логопедия** – социалдык атайын педагогикалык илим; сүйлөөгө үйрөтүүчү илим.

**ЛОДЫЖКА – кызыл ашыктын томугу** – буттун төмөн жагынын ич тарабындагы сөөк.

**ЛОКОТЬ – чыканак** – адамдын колунун бүгүлгөн жери. М: колун чыканактап (облокотиться).

**ЛОКТЕВАЯ КОСТЬ – чыканак сөөгү** – укуруk сөөк.

**ЛОКТЕВОЙ СУСТАВ – чыканак мууну** – адамдын денесиндеги үч сөөктөн турган татаал муун. М: чыканак муундун бертинүүсү (вывих локтевого сустава).

**ЛОМОТА – сыздоо** – какшоо, сыздап ооруу.

**ЛОННОЕ СОЧЛЕНЕНИЕ – чат сөөктөрүнүн աшташуусу** – муунга бириккен жери.

**ЛОРДОЗ** *гр.* **– кайкы бел** – омуртка түркүгүнүн алдыга ийрейиши, кайкайышы.

**ЛОХАНКА ПОЧКИ – бөйрөк култүгү** – бөйрөктүн ичинде сийдик чогулуучу көңдөй.

**ЛОХИИ** *гр.* **– лохия** – төрөттөн кийин жатындан бөлүнүп чыгуучу былжыр; төрөткө байланыштуу: а) *lochia rubra, lochia cruenta* – баштапкы кызыл былжырлар (негизинен кандан турат); б) *lochia alba, lochia purulent* – ак-саргыч былжыр микроорганизмдерден жана клеткалык калдыктарынан турган илээшме зат; в) *lochia serosa* – сероздук, күрөң түстөгү кан аралашкан былжырлуу илээшме суюктук.

**ЛУКОВИЦА ВОЛОСА – чач түбү** – түк түбү. М: чач түбүнүн сезгениши (чыйкан) (воспаление луковицы волоса (фурункул).

**ЛУКОВИЦА АОРТЫ – аортанын башталышы** – толто кан тамырдын башталышындагы ичи кең бөлүгү.

**ЛУНАТИК – уйку элирме** – уктаганда басып кетүүчү элирме оорулуу адам.

**ЛУЧ – нур** – шоола. М: рентген нурларынын таасири (действие рентгеновских лучей.

**ЛУЧЕВАЯ КОСТЬ – кар жиликтин укуругу** – кар жиликтеги кошумча сөөк.

**ЛУЧЕВЫЕ ПОРАЖЕНИЯ – нурдан жабыркоо** – нурдан мертинүү, нурдан жараланүү.

**ЛУЧЕЗАПЯСТНОЙ СУСТАВ – билек мууну** – билек-кырк мууну.

**ЛУЧИ УЛЬТРАФИОЛЕТОВЫЕ – ультра кызгылткөк нурлар** – дарылоо катары колдонулуучу нурлар.

**ЛЬГОТНЫЕ ПАЦИЕНТЫ – жеңилдиктүү бейтаптар** – дары алууга жеңилдик берилген айрым категориядагы адамдар.

**ЛЮГОЛЯ РАСТВОР – люголь эритмеси** – глицерин йод аралашмасынан турган дары.

**ЛЮКСАЦИЯ** *лат.* **– муун бертинүү** – муундун ордунан чыгуусу, муундун ордунан таюусу. М: оозду ашыкча кере ачуудан астыңкы жаак муунунун ордунан таюусу (смещение нижней челюсти при чрезмерном открывании рта).

**ЛЮМБАГО** *лат.* **– люмбаго, бел оору** – катуу кармаган бел оору.

**ЛЯМБЛИОЗ – лямблиоз, мите инвазиясы** – лямблий мите дарты.

**ЛЯПИСНЫЙ КАРАНДАШ – ляпис калеми** – азоттуу күмүш тузу, сөөл күйгүзүүчү дары каражаты.

# М

**МАГНИЯ ОКИСЬ – магний кычкылы** (оксиди), *Magnesii oxydum* – антациддик таасир берүүчү каражат. Магний адам организминде негизги ролду ойноочу элементтердин бири катары 90го чукул фермент кофакторунун курамына кирет.

**МАГНИЯ СУЛЬФАТ – магний сульфаты,** *Magnesium sulfate* – тырышма жазуучу, булчуң бошотуучу, кан тамыр кеңейтүүчү, гипотензивдик, өт айдоочу, жүрөк булчуңунун кагуусун жөндөөчү, седативдик таасирдүү дары.

**МАДАРОЗ – мадароз** – каш жана кирпиктин тубаса же катуу оорунун кесепетинен өөрчүбөй түшүп калуусу.

**МАЗОК – сыйпам, сүртүндү** – микроскоп менен текшерүү үчүн айнектин бетине сыйпалган суюктук. М: микроскоп менен текшерүүгө сыйпам алуу.

**МАЗЬ – мазь, май** – денеге сүртүү үчүн колдонулуучу дары май. Көбүнчө негизин вазелин түзөт жана түрдүү курамда болот. Суюк же жумшактыгы боюнча гель, эмуль-

сия, суспензия, паста, крем түрүндө дары каражаттары кошулуп жасалат. М: Левомиколь, синтомициндүү май, герпеверин ж.б.

**МАКРОГЛОССИЯ** *гр.* – **макроглоссия** – чоң тил. Патологиялык процесстин же тубаса аномалдык өсүүнүн натыйжасында чоңойгон тил; тил ткандарынын гипертрофиясы.

**МАКРОМАСТИЯ – макромастия** – бир же эки эмчектин тең өз өлчөмүнөн чоңоюп кетүүсү менен мүнөздөлгөн аялдарда кездешүүчү өнөкөт оору.

**МАКРОФБГИ** *гр.* – **макрофбгдар** (чоң + жегич); тутумдаштыргыч ткандын организмдеги уулуу заттарды, бөтөн денечелерди, бактерияларды жок кылуучу чоң клеткалары.

**МАКРОЦЕФАЛИЯ** (макроэнцефалия) – **макроцефалия** – баштын пропорционалдык чоңоюп кетиши, башы чоң болуп төрөлүү; баш мээнин көлөмүнүн чоңдугу.

**МАЛИГНИЗАЦИЯ** *лат.* – **малигнизация** – кадимки ткандардын же патологиялык ткандардын, ошондой эле залалсыз шишиктердин клеткаларынын залалдуу шишикке айланышы.

**МАЛОБЕРЦОВАЯ КОСТЬ – балдак сөөк** – тизенин түтүктүү ичке узун сөөгү.

**МАЛЫЙ ВЕРТЕЛ – кичине урчук** – кичи ачакей, кашка жиликтин кичине урчугу.

**МАЛЬТАЗА – мальтаза** – шилекейде жана карын астындагы уйку бези иштеп чыккан зилде кездешүүчү фермент (ачкыл α-глюкозидаза); мальтозаны эки молекула глюкозага айлануусун камсыздайт.

**МАЛЬТОЗА – мальтоза** – курамына глюкозанын эки молекуласын камтыган, организмде крахмал менен гликогенди сиңирүүдөн пайда болгон кант.

**МАММОГРАФИЯ – маммография** – эмчек бездерин технологиялык изилдөөлөрүн рентгенография же инфракызыл түстөгү нурларды (лазердик) колдонуп жүргүзүү ыкмалары.

**МАНИАКАЛЬНОЕ СОСТОЯНИЕ – маниакалдык абал** – бул үчилтик симптом менен мүнөздөлүүчү синдром: көтөрүңкү маанай, ылдам ойлонуп, тез-тез сүйлөө түрүндө идеатордук жана психикалык ээлигүү (тахипсихия), дүүлүккөн кыймыл-аракет (маниакальное состояние – синдром, характеризующийся триадой симптомов: повышенное настроение, идеаторное и психическое возбуждение в виде ускорения мышления и речи (тахипсихия), двигательное возбуждение).

**МАНИЯ – мания** – өзүн мыкты сезүү психикалык абалы; кумардануу, бир нерсеге арбалып шыктануу, кыйынсынуу.

**МАРГАНЦОВОКИСЛЫЙ КАЛИЙ – марганец кычкылдуу калий, $KMnO_4$** – күчтүү антисептикалык зат.

**МАРЛЯ – даки** – жараат таңуучу апапакай жумшак кездеме. М: даки төшөгүчү (марлевая прокладка).

**МАСКА МЕДИЦИНСКАЯ – беткап** – жүз кап. М: бир (көп) кабаттуу медициналык беткап (маска медицинская одно (много) слойная).

**МАСКУЛИНИЗАЦИЯ – маскулинизация** – аялдын эркек сымалдануусу, сакал, мурут чыгуу.

**МАССАЖ – укалоо** – ушалоо, сылоо. Адам денесинин жумшак ткандарына кол менен жасалуучу механикалык манипуляция ыкмаларынын системасы. М: медициналык укалоо (медицинский массаж).

**МАСТОИДИТ – мастоидит** – чыкыйдын үрп сымал өсүндүсүнүн сезгениши.

**МАСТОПАТИЯ** *гр.* **– мастопатия** (көкүрөк + санаркоо) – эмчек сүт бездеринин ткандарынын залалсыз оорусу катары, организмдеги гормондордун тең салмагынын бузулушунан келип чыккан залалсыз өзгөрүүсү.

**МАСТУРБАЦИЯ – мастурбация** – жыныс мүчөнү ушалап кумардануу.

**МАТКА – жатын** – түйүлдүктүн (күмөн, бала) өрчүшүнө арналган аялдын ички жыныс органы.

**МАЦЕРАЦИЯ** *лат.* **– мацерация** – теринин бышарышы, эзилиши, жоорушу.

**МЕГАКОЛОН – мегаколон** – жоон ичегинин тубаса же оорунун таасиринен патологиялык жооноюп (чоңоюп, узарып) чоюлуусу. Себептери: Гиршпрунг оорусу же ичтин катышы; ичегидеги жарадан улам пайда болгон кошумча оорунун натыйжасы; ичегиден жин өтпөөчүлүк.

**МЕДИКАМЕНТЫ – дары дармектер** – дары каражаттары.

**МЕДИЦИНА** *лат.* **– медицина** – бардык оорулардын келип чыгышы, клиникалык белгилери, дарт аныктоо, дарылоо, алдын алуу ыкмаларын изилдөөчү илим. 1. *medicina*, *mederi* – айыктыруу, дарылоо, эм болдуруу; *ars medicina* – айыктыруу чебердиги (искусство исцеления). 2.«Мадад ул Сино» *латындашкан (мадад сино* - жардам*)* перси сөзү – Синодон эм болуу, айыгуу (исцеление от Сино); Авиценна (Абу Али Хусайн ибн Абдаллах ибн Сино).

**МЕДИЦИНСКАЯ СЕСТРА – медициналык айым** – атайын медициналык билимге ээ адис.

**МЕЖКЛЕТОЧНЫЙ – клетка аралык** – клеткалардын арасында орун алган же пайда болуучу. М: клетка аралык (ткандык) суюктук, курамы боюнча кандын сары суусуна окшош келет (межклеточная жидкость (тканевая), по составу схожая с плазмой).

**МЕКОНИЙ – туңгак** – жаңы төрөлгөн баланын алгачкы заңы.

**МЕЛАНОМА** *гр.* **– меланома** (кара + шишик) – меланин иштеп чыгаруучу пигменттик клеткалар, меланоциттерден өсүп чыккан залалдуу шишик.

**МЕЛАНХОЛИЧЕСКИЙ ХАРАКТЕР – түнт мүнөз** – меланхолик, адамдарга таандык төрт темпераменттин бириндеги, ашкере оор басырыктуу, аз сүйлөгөн, жоош адам.

**МЕЛЕНА – мелена** – кара заң, ичтен кан өтүүнүн белгиси.

**МЕНИНГИТ – менингит** – баш мээ кабынын сезгенүүсү, жүлүн чел кабынын сезгенүүсү; отогендик менингит; кургак учук менингити; котон жаралык менингит; жугуштуу менингококк илдети (бүркмө инфекция).

**МЕНИСК – мениск** – томук кемирчеги, тизе муунундагы жарым ай сымал кемирчек.

**МЕНОПАУЗА – менопауза** – айыздын токтошу.

**МЕНСТРУАЦИЯ – айыз, этек кир** – жатындан ай сайын кандын келиши.

**МЕРТВЕТЬ – жансыз болуу** – сенек болуу. М: суукта манжалар жансыз болуп калды (пальцы мертвеют от холода).

**МЕТАБОЛИЗМ – метаболизм** – организмдеги зат алмашуу; адам организминин кадыресе өсүп-өрчүүсүн камсыз кыла турган бардык химиялык жана физикалык өзгөрүүлөрдүн жыйындысы; керектүү заттарды сиңирип алуусу, керектөөсү жана заттардын организмде жөнөкөй заттарга ажыроосу (анаболизм жана катаболизм).

**МЕТАСТАЗ** *гр.* **– метастаз** – оору очогунун жаңылап башка орунга, жанаша органга таркалышы, жайылышы. Бул жайылуу (метастаз) башталгыч органдарга жакын органдарда же ткандардан башталат. М: метастаз жолдору: гематогендүү метастаз; лимфогендик метастаз; трансскоеломдук метастаз.

**МЕТЕОРИЗМ – метеоризм** – ич көбүү.

**МЕТРОЭНДОМЕТРИЙ – метроэндометрий** – жатындын булчуң катмары менен былжыр челинин сезгениши.

**МИАЛГИЯ** *гр.* **– миалгия** (булчуң +ооруу) – булчуңдардын катуу оорутуу белгиси (симптом); булчуңдардын сыздатып оорушу.

**МИАСТЕНИЯ – миастения** – нерв булчуңдарынын аутоиммундук оорусу; булчуңдардын тонусунун бошондошу (күчсүздүгү) менен мүнөздөлгөн оору белгиси.

**МИГРЕНЬ – шакый** – баштын бир жагынын (же бир бөлүгүнүн) катуу оорушу менен мүнөздөлгөн оору.

**МИЕЛОМНАЯ БОЛЕЗНЬ – сөөк кемик шишиги** – кан жаратуу системасынын залалдуу шишик оорусу.

**МИЕЛОЦИТЫ – миелоциттер** – ак кан клеткаларынын бүдүрлүү тектик клеткасы.

**МИЗИНЕЦ – чыпалак** – беш манжанын эң кичинеси.

**МИКРОБИОЛОГИЯ – микробиология** – биология илиминин микроорганизмдерди изилдөө жөнүндөгү илимий бөлүгү.

**МИКРОСКОП – микроскоп** – көзгө илээшпеген майда нерселерди чоңойтуп көрсөтүүчү оптикалык прибор. М: шилекейди микроскоптук изилдөө (микроскопическое исследование слюны).

**МИКСТУРА – микстура** – түрдүү дары кошулуп жасалган суюк дары.

**МИМИКА** *гр.* **– мимика** – бет булчуңдарынын жардамы менен ымдоо, ички сезимди билдирүү аракети; ырай.

**МИНДАЛИНА – алкым бези** – адамдын тамагынын бадам сыяктуу безди; көмөкөй бези.

**МИОГЛОБИН – миоглобин** – дене булчуңдарынын жана жүрөк булчуңунун иштешин камсыздоо үчүн кычкылтек-темир байланыштыруучу белок.

**МИОЗИТ – миозит** – скелет (турпат) булчуңдарынын сезгенүүсү.

**МИОКАРД – миокард** – жүрөк булчуңу.

**МИОКАРДИТ – миокардит** – жүрөк булчуңдарынын (миокард) жабыркоосу жана сезгениши (вирустук, микробдук). Оорунун өтүшү боюнча өтө курч мүнөздөгү, көпчүлүк учурда өлүмгө алып келүүчү дарт: а) миокардит (вирустук, грибоктук, микобактериялык); б) кызыл жүгүрүк безгеги оорусунан жабыркоо; в) иммундук – аллергиялык миокардит (эмдөөлөрдөн, дары-дармектен, орган алмаштырып жалгоодон); г) идиопатиялык миокардит.

**МИОМА – миома** – жатын булчуңунун залалсыз шишиги. М: жатындын булчуңдуу катмарынын залалсыз шишик оорусу.

**МИОРЕЛАКСАНТ – миорелаксант** – бошоңдотуучу, шалдыратуучу; скелеттик булчуңдарынын тонусун бошоңдотуучу, анын кыймыл аракетин азайтуучу дары.

**МИТОЗ – митоз** – ядролуу, өзөктүү клетканын бөлүнүшү; эукариоттук клеткалардын негизги бөлүнүү жолу.

**МИТОХОНДРИИ** *гр.* **– митохондрийлер** (жип + бүртүк, дан) – клеткадагы органоиддердин бир түрү; ал клетканын дем алуусун камсыз кылат.

**МИТРАЛЬНЫЙ КЛАПАН – митралдык тосмо** – жүрөктүн эки капкалуу тосмосу.

**МЛАДЕНЕЦ – ымыркай** – эмчектеги бала.

**МОЗГ – мээ** – баш сөөк көңдөйүндө жайгашкан борбордук нерв системасынын бөлүгү (мозг головной); жүлүн (спинной мозг); сүйрү мээ (продолговатый мозг); аралык мээ (промежуточный мозг); мозжечок, каракуш мээ, кичине мээ (малый мозг).

**МОЗОЛЬ – чор** – өйкөлүүдөн же кысылуудан пайда болгон теринин калыңдап катуу баскан жери. М: чор баскан колдор (мозолистые руки).

**МОКРОТА – какырык** – өпкөдөн жана дем алуу органдарынан бөлүнүп чыгуучу былжырак илээшкек зат. М: бронхиалдык муунтма (астма) оорусундагы какырык чыгуу (мокрота при бронхиальной астме).

**МОЛОЧНИЦА – оозул** – эмчектеги баланын ооз көңдөйүнүн оорусу, ымыркай баланын оозул дарты; *Candida Albicans* – ооз көңдөйүндө демейдегиден көбөйүшүнөн орофарингеалдык кандидоз дартын чакырат.

**МОЛОЧНИЦА У ЖЕНЩИН – аялдардагы «молочница»** – вульвовагиналдык кандидоз оорусу (эл арасында айтылышы – молочница).

**МОНОРХИЗМ – монорхизм** – эркек баланын төрөлгөндөн бир эни (бөлдөк) ичте калышы же тубаса жоктугу.

**МОРЩИНА – бырыш, тырыш** – адамдын денесиндеги, бетиндеги бырыштар. М: беттин бырышы (морщинки на лице).

**МОЧА – сийдик** – заара, бөйрөктө иштелип, андан бөлүнүп сыртка чыгарылуучу суюктук.

**МОЧЕВИНА – мочевина** – саркынды сийдик заты, азот молекуласы бар зат, сийдиктеги нитраттар.

**МОЧЕВОЙ ПУЗЫРЬ – табарсык** – сийдик бөлүп чыгаруу системасынын көңдөйлүү органы (мочевой пузырь непарный полый орган выделительной системы).

**МОЧЕИСПУСКАНИЕ – заара ушатуу, сийдик чыгаруу** – табарсыктын толушуна жараша мезгили менен организмден заараны рефлекстик чыгаруу.

**МОЧЕИСПУСКАТЕЛЬНЫЙ КАНАЛ – заара чыгаруучу канал** – бул заара бөйрөктөн табарсыкка перистальтикалык кыймыл аркылуу ташылуучу канал.

**МОЧЕТОЧНИК – заара агуучу түтүк** – бөйрөк менен табарсыкты кошуп туруучу түтүк орган.

**МОЧКА УХА – кулак көнчөгү** – кулактын жумшак салаңдаган эти.

**МОШОНКА – калта** – ичинде ума жайгашкан тери баштык сымал түзүлүш.

**МУКОВИСЦИДОЗ – муковисцидоз** – тукум куучуу тубаса дарт, сырткы эндокрин бездеринин жабыркашы жана дем алуу органдарынын функциясынын бузулушу менен адам өмүрүнө кооптуу болгон оору.

**МУКОСАНИН – мукосанин** – дары каражаты; курамында спирт кошулбаган полигексаметиленбигуанидин гидрохлориди жана феноксиэтанол болгон тери жана сырткы былжыр чел катмарларын тазалоо үчүн колдонулуучу антисептикалык дары каражаты.

**МУЛЯЖ – муляж** – адам кейпи; медициналык процедураларды үйрөтүү үчүн чоподон, катуу кагаздан, момдон, гипстен жасалган адамдын дене мүчөлөрүнүн бедизи, көчүрмөсү, сөлөкөтү.

**МУМИФИКАЦИЯ – мумификация** – ткандардын, дене мүчөлөрдүн кургашы, катышы.

**МУМИЯ – мумия** – бальзамдоо жолу менен атайын химиялык тазалоодон өтүп (адамдын гана эмес, ошондой эле

башка тирүү жандыктардын) сакталган дене, анын натыйжасында ткандардын ажыроо процесси токтойт же жайлайт.

**МУСКУЛАТУРА ЧЕЛОВЕКА – адамдын булчуңдары** – адамдын денесин кыймыл-аракетке келтирүүчү органдар.

**МУЧИТЕЛЬНАЯ БОЛЬ – азаптуу оорутуу** – кыйнаган ооруу, жанга тийген ооруу.

**МЫШЦЫ**, к. **Мускулатура**

**МЯГКОЕ НЁБО – жука таңдай, көмөкөй** – тилдин үстүнүн арт жагы.

# Н

**НАБЛЮДЕНИЕ – байкоо, байкоо жүргүзүү, кароо** – болуп жаткан өзгөрүштөрдүн жүрүшүн түшүнүүгө мүмкүндүк бере турган кабыл алуу процесси. М: доктурдун байкоосунда болуу (быть под наблюдением врача); оорулууну кароо (наблюдение за больным).

**НАБУХАНИЕ ЯРЕМНОЙ ВЕНЫ – көк күрөө тамырынын көбүшү** – кан басымынын жогорулашынын мүнөздүү белгиси.

**НАГНОЕНИЕ – ириңдөө** – патологиялык сезгенүүлөрдүн негизинде ткандарда жана органдарда ириңдин пайда болушу.

**НАДБРОВНЫЕ ДУГИ – каш сөөгү** – каштын өйдөрөөк жагындагы чеке сөөгүнүн орокчо ийилген дөмпөкчөсү.

**НАДКОСТНИЦА – сөөктүн чели, кабыгы** – сөөктүн сырткы кабыгы.

**НАДПЛЕЧЬЕ – мүрү** – ийин менен колдун сөөгүнүн бириккен жериндеги ийиндин бери чыгып турган бөлүгү.

**НАДПОЧЕЧНИК – бөйрөк үстүндөгү без** – кош эндокриндик без. Симпатикалык нерв системасынын таасири астында бездин медулла бөлүгүндө адреналин жана норадреналин гормондору иштелип чыгат.

**НАДЫШАТЬСЯ – кере дем алуу** – моокуму кана, кумардан кана дем алуу, keриле аба жутуу.

**НАЗАЛЬНЫЙ СПРЕЙ – таноого чачыратма спрей** – мурунга чачыратуучу дары-дармек каражатынын бир түрү.

**НАЗНАЧЕНИЕ – дайындоо** – доктурдун оорулууга дарылануу боюнча берген көрсөтмөсү. М: дары доктур тарабынан дайындалат (лекарство назначается врачом).

**НАКОВАЛЬНЯ УХА – кулак дөшүсү** – ортоңку кулактын угуу сөөгү.

**НАРКОЗ – наркоз** – уктатуу же талытуу жолу менен организмдин бардыгынын сезимин жоготуу. Нерв системасынын функциясына таасир этүүчү баңгизат дары каражатын колдонуу менен уктатуу, акыл-эсин жана оору сезимин жок кылуу.

**НАРКОТИК – баңгизат** – апийимден жасалган оору сезимин басаңдатуучу дары заты; колдонууга тыюу салынган же катуу көзөмөлдө болгон психоактивдүү (психотроптук) заттар; баңгизат көз каранды абалды жаратуучу зат болуп эсептелет.

**НАРУЖНОСТЬ ЧЕЛОВЕКА – адамдын кебетеси** – кешпир, чырай, өң, келбет, ыраң.

**НАРЫВ – ириң тебүү** – туюк жаранын ириңдеп кетиши.

**НАРЦИССИЗМ** *гр.* **– нарциссизм** – адамдын өзүн-өзү ашкере баалоосу (сүйүүсү); *сексологияда* - нарциссизм (аутофилия, аутоэротизм, аутосексуалдуулук, аутоэрастия) – бул кумардан чыгуу, сүйүү жана таазим кылуу объектиси катары биринчи планга өздүк эгонун чыгышы менен байланышкан абал.

**НАСЛЕДСТВЕННОСТЬ – тукум куучулук** – тукумдан тукумга өтүүчүлүк, тукум улоочулук процессиндеги баланын ата-энеге биологиялык окшоштугу (наследуемость); тукум куума оору (наследственная болезнь).

**НАСМОРК – мурундун бүтүшү** – оору белгиси.

**НАТРИЙ – натрий** – денедеги клеткалар аралык суюктуктун негизги бөлүгүн түзүүчү минералдык элемент; клет-

кадан сырткары турган суюктукту жөндөөчү, организмдеги кычкылдык – жегичтик теңдемди жана нерв системасындагы электр кубаттуулукту белгилүү бир деңгээлде кармап туруучу катион.

**НАТОЩАК – ачкарын** – эртең мененки тамак ичелек, карын бош учур. М: бал аралаштырылган сууну эртең менен ач карын ичкен пайдалуу (пить воду с мёдом утром натощак полезно).

**НАТУРАЛЬНЫЙ – нагыз** – табигый, чыныгы, жаратылгандай тубаса, жасалма эмес.

**НАТУРА ЧЕЛОВЕКА – кишинин табияты** – кулк мүнөзү, жүрүм-туруму.

**НАТУРАЛЬНАЯ ОСПА – чечек** – вирустук өтө жугуштуу дарт; карантиндик өзгөчө коркунучтуу оору.

**НАТУРПАТИЯ – натурпатия** – медицинада ар кыл ооруларды дарылоо үчүн синтетикалык дары каражаттарга эмес табигый жаратылыш азыктарына басым жасоочу окуу.

**НАТЯЖЕНИЕ – керүү** – тартуу, чоюу, бүтүү (жарааттын). М: кабылдап бүтүү, экинчи бүтүүсү (натяжение вторичное); кабылдоосуз бүтүү, айыгуу (натяжение первичное); сөөктү тарттыруу, салмак менен чоюу, кердирүү (натяжение скелетное).

**НАШАТЫРНЫЙ СПИРТ – нашатыр спирти** – кескин жыттуу тунук, учма суюктук, аммоний гидроксидинин суудагы эритиндиси – аммиактын суудагы 10 % концентрациядагы эритиндиси (Нашатырный спирт – водный раствор гидроксида аммония (10 % концентрации аммиака в воде, бесцветная прозрачная жидкость с резким запахом).

**НЁБА – таңдай** – ооз көңдөйүнүн жаа формасындагы ийилген үстү жагы, тилдин үстүңкү жагы.

**НЕВМЕНЯЕМЫЙ – акыл-эси жайында эместик** – адамдын коомдук коркунучтуу жосун жасаган убакта акыл-эси жайында эмес болгон, башкача айтканда психикалык өнөкөт оорунун, психикасынын убактылуу бузулушунун, кем

акылдыгынын же болбосо психикасынын башка оорулуу абалынын кесепетинен өзүнүн аракеттерине (аракетсиздигине) жооп бере албаган же аларды башкара албаган абалы.

**НЕВРАЛГИЯ – невралгия** – нерв бүртүкчөлөрүнүн жабыркоосунун негизинде дененин ошол бөлүгүнүн сыздап катуу оорушу.

**НЕВРАСТЕНИЯ – неврастения** – туталануу, ашкере тынчсыздануу, баш оору, катуу чарчоо сыяктуу психологиялык симптомдор.

**НЕВРИТ – неврит** – кайсы бир четки (перифериялык) нервдердин сезгенүү оорулары. М: бет нервдеринин невриті, сезгениши (неврит лицевого нерва).

**НЕВРОЗЫ – невроздор** – нерв системасынын иштөөсүнүн бузулушу менен мүнөздөлгөн оорулар жана ашыкча чочуркоо менен коштолгон психологиялык бузулуулар.

**НЕВРОПАТИЯ – невропатия** – дене бөлүгүндөгү сезгичтиктин жоголуусу менен мүнөздөлгөн перифериялык нерв оорусу.

**НЕВРОПАТОЛОГ – невропатолог** – нерв оорулар доктуру.

**НЕВЫНОСИМАЯ БОЛЬ – чыдатпай оорутуу** – чыдагыс, чыдай алгыс оору.

**НЕДЕРЖАНИЕ МОЧИ – жижиң** – сийдикти токтото албоо.

**НЕДОВЕРИЕ – ишенбөөчүлүк** – ишенбестик. М: пациент менен дабагердин ортосунда бири-бирине ишенбөөчүлүк болбошу керек (между пациентом и врачом не должно быть недоверие к друг другу).

**НЕДОЕДАНИЕ – чала тоют болуу** – жакшы тойбой калуу.

**НЕДОНАШИВАНИЕ – ара төрөө** – айына жеткирбей төрөө.

**НЕДОСМОТР – жакшы карабоо** – жакшы көз салбоо.

**НЕЙРОДЕРМИТ – нейродермит** – теринин нервдик-аллергиялык мүнөздөгү өнөкөт оорусу.

**НЕЙРОРАФИЯ – нейрорафия** – нервди улаштырып тигүү.

**НЕЙРОСЕКРЕЦИЯ – нейросекреция** – өзгөчө нейросекретордук нерв клеткалары тарабынан айрым эндокриндик бездерди жана органдардын иштешин жөндөөчү биологиялык активдүү гормондордун синтезделиши (гипоталамустун майда нейрондору иштеп чыгарган рилизинг гормондору).

**НЕЙРОХИРУРГИЯ – нейрохирургия** – мээ, жүлүн хирургиясы.

**НЕКРОЗ – некроз** – клеткалардын өлүшү, ткандардын (клеткалардын) чириши.

**НЕКРОЗ ФОСФОРНЫЙ – фосфордук чирүү** – организмде фосфордун катышынын көптүгүнөн сөөк, боор, бөйрөк, булчуң жана жүрөк-кан тамыр системасынын жабыркашы.

**НЕКРОСПЕРМИЯ – некроспермия** – спермограмма изилдөөсүндө эрендиктеги өлүү же кыймылсыз сперматозоиддердин аныкталышы.

**НЕМАТОДЫ** *лат.* **– нематоддор** (жумуру + томолок) – жумуру мите курт, муундарга бөлүнбөгөн цилиндрдик денеге ээ мите курттар.

**НЕОБХОДИМОЕ ЛЕКАРСТВО – зарыл дары** – эң керектүү дары.

**НЕОПЛАЗИЯ** *гр.* **– неоплазия** – патологиялык жаңы, көбүнчө залалдуу ткандардын пайда болушу.

**НЕОТЛОЖНАЯ ПОМОЩЬ – кечиктирилгис жардам** – токтоосуз жардам.

**НЕПАРНЫЕ ОРГАНЫ – жалкы органдар** – сыңар мүчөлөр.

**НЕПРОХОДИМОСТЬ КИШЕЧНИКА – ичегиден өтпөстүк** – ичегинин тыгындалышы. М: динамикалык ичегиден өтпөстүк; тубаса ичегиден өтпөстүк, обтурациялык ичегиден өтпөстүк; странгуляциялык ичегиден өтпөстүк; инвагинациялык ичегиден өтпөстүк.

**НЕРВ – нерв** – ар түрдүү импульстар өтүүчү жипче. М: угуу нерви (слуховой нерв); жыт сезүү нерви (обонятельный нерв); нерв (системасы) тутуму (нервная система); нерв чатышы (нервное сплетение).

**НЕРВНЫЕ УЗЛЫ – нерв түйүндөрү** – нерв клеткаларынын аксондорунун жана дендриттеринин айрым учурда шишикчеге окшош нерв түйүнүндөй болуп топтолушу (ганглий).

**НЕСОВМЕСТИМОСТЬ – сыйышпастык** – батышпастык, бирге кошула албастык, өгөйлөөчүлүк, дал келбестик, сиңишпестик. М: дарылардын сыйышпастыгы (несовместимость лекарств).

**НЕСТЕРПИМАЯ БОЛЬ – чыдагыс оорутуу** – чыдай алгыс ооруу сезими.

**НЕФРОКАЛЬЦИНОЗ – нефрокальциноз** – бөйрөктүн иштөө функциясынын бузулушунан жана кандагы кальций курамынын ашыкча болушунан бөйрөктө кальций катмарынын пайда болушу.

**НЕФРОЛИТИАЗ** *гр.* **– нефролитиаз** (бөйрөк + таш) – организмде минералдык зат алмашуунун өзгөрүү таасири менен бөйрөктө таштын пайда болушу. Бөйрөктөрдүн электролиттерди жана зат алмашуудагы метаболиттик заттарды чыпкалоо процессинде сийдикте эриген айрым химиялык кошулмалардын кристаллдары бөйрөктүн ички көңдөйчөлөрүндө жабышып катуу чогундулар (ураттык таштар, оксалаттык таштар, фосфаттык таштар) топтолушу.

**НЕФРОЛИТОТОМИЯ – нефролитотомия** – бөйрөктөгү ташты операция жасоо жолу менен алып салуу.

**НЕФРОПТОЗ – нефроптоз** – бөйрөктүн өз ордунда жайгашуусунан анатомиялык-топографиялык катышта ылдый түшүп кетүүсү.

**НИКТУРИЯ** *гр.* **– никтурия** (түн + сийдик) – күндүзгү заара ушатууга караганда түнкү заара ушатуунун көп болушу.

**НИМФОМАНИЯ – нимфомания** – аялдардын жыныстык катнашка болгон жогорку ынтызарлыгы (эротизм); аялдардын канбаган (өтө күчөгөн) жыныстык кумардыгы.

**НИСТАГМ** *гр.* **– нистагм** – көздүн эрксиз ыргактуу тигинен да, туурасынан да ойноктошу.

**НОВОКАИНА ГИДРОХЛОРИД – новокаин гидрохлориди** – ооруксуздандыруу максатында жергиликтүү (бөлүктүк, жердик) анестетик; жүлүндүк, инфильтративдик, жердик, нервтүйүндүк (корешковая), жергиликтүү анестезия учурундагы ийне саюуларда пайдаланылат.

**НОЗДРЯ – таноо** – мурундун дем алуучу тешиктери.

**НОЗОЛОГИЯ** *гр.* **– нозология** (оору + сөз, окуу) – оорунун биологиялык жана медициналык негиздерин, анын патологиялык өөрчүшүнүн түзүмдүк-функционалдык өз ара байланышын, клиникалык өзгөчөлүктөрүн изилдөө, дарылоо жана классификациясы тууралуу илим.

**НОРАДРЕНАЛИН – норадреналин** – норэпинефрин. Адреналин менен тыгыз байланышкан жана окшош мүнөздөгү касиеттерге ээ гормон. Гормондун таасиринен майда кан тамырлар кысылып, коронардык артериялардагы кан агымы күчөп, жүрөк булчуңдары тез-тез жыйрылат, аны менен бирге кан басымы жогорулайт. Натыйжада өпкө кычкылтек менен толук камсыздалат, бронхтор кеңейип дем алуу процесси жакшырат.

**НОРМОБЛАСТ – нормобласт** – жетиле элек кызыл кан клеткасы, эритроцитке чейинки ядролуу клетка.

**НОС – мурун** – адамдын жыт сезүү органы. М: кырдач мурун (нос прямой); жалпак мурун (нос приплюснутый); кайкы мурун (нос седловидный).

**НОСОВОЙ КАТЕТЕР – мурун катетери** – медициналык багытта колдонулуучу резина сиңирилип жасалган түтүк.

**НОСОГЛОТКА – кеңилжээр** – мурун-кулкун көңдөйү.

**НОЮЩИЕ БОЛИ – зыркырап ооруу** – сыздап ооруу.

**НУКЛЕОТИД – нуклеотид** – курамына кант, фосфаттык топ жана азоттуу негиздер (пурин жана пиримидин)

кирүүчү кошунду; нуклеиндик кычкылдыктар (ДНК жана РНК) полинуклеотиддик чынжырча түрүндө.

**НУТРИЕНТ – нутриент** – азык болуучу зат, организмди зарыл энергия менен камсыздоо үчүн, зат алмашуу процессине шарт түзүүчү, сөзсүз түрдө адам жечү тамак-азыктардын курамынан орун алуусу зарыл болгон (белок, май, углевод, минералдык заттар жана витаминдер) зат.

# О

**ОБВОЛАКИВАЮЩИЕ ПРЕПАРАТЫ – капталуучу дары-дармектер** – суу менен коллоиддик эритмени түзүүчү дары-дармектер.

**ОБЕЗБОЛИВАНИЕ – оорутпоо** – ооруучу сезимдерди жок кылуу, анестетик дарылары менен оорутпай коюу.

**ОБЕЗВОЖИВАНИЕ – кан катуу** – организмдин суюктугунун азайышы, дененин суу жоготуусу.

**ОБЕЗЖИРИТЬ – майсыз кылуу** – майсыздандыруу, майын жок кылуу.

**ОБЕЗВРЕЖИВАНИЕ ВОДЫ – сууну тазартуу** – зыянсыздандыруу, залалсыздандыруу.

**ОБЕЗЗАРАЖИВАНИЕ – жугушсуздандыруу** – ооруну козгогучтарды жок кылуу. М: колдонулган хирургиялык аспаптарды жугушсуздандыруу (обеззараживание использованных хирургических инструментов).

**ОБЕСКРОВЛЕННЫЙ – кансыраган** – канын көп жоготкон.

**ОБЕССИЛЕННЫЙ БОЛЬНОЙ – алсыраган оорулуу** – алдан-күчтөн тайган оорулуу адам.

**ОБЛИГАТНОЕ СОСТОЯНИЕ – облигаттык абал** – организмде милдеттүү түрдө сөзсүз болуучу абал. М: клеткалардын дегенеративдик өсүшүндөгү абал, ткандардын өзөктүк элементтеринин толук эмес жетишсиз калыптанышынан шишик клеткаларынын өсүп чыгышы (облигатные предраки).

**ОБЛИТЕРАЦИЯ – облитерация** – түтүктүү органдын тарышы; тамыр ичинин тосулуп калышы; түтүктүү органдын курушуп, чүрүшүп жок болушу. М: кан тамыр ичинин тарышы (облитерация стенки сосудов); жатындын фаллопий түтүктөрүнүн тарылышы, бүтөлүшү (облитерация маточной трубы).

**ОБЛОЖЕННЫЙ ЯЗЫК – кеберленген тил** – кебер басып, кээде жагымсыз жыт чыгарган тил.

**ОБЛУЧЕНИЕ КВАРЦОМ – кварц нуруна кактоо** – ультракызгылтkөк нур менен мурун каңшаарын дарылоо (облучение кварцом слизистые носа); кварц нуру менен таңуу бөлмөсүн тазалоо (облучение кварцом перевязочную).

**ОБЛЫСЕНИЕ – чач түшүү** – чачтын патологиялык түшүшү.

**ОБМОРОЧНОЕ СОСТОЯНИЕ – эси ооп калган абал** – кыска мөөнөткө эстен тануу, эс учун жоготуу.

**ОБНАДЁЖИТЬ – үмүттөндүрүү** – айыгаарына ишеним жараткан дарылоо ыкмасы. М: оорулуунун сакайып кетүүсүнө үмүттөндүрүү (обнадёжить больного в его выздоровлении).

**ОБОДРЯЮЩИЙ (ая) – көңүл көтөрүүчү** – сергитүүчү. М: оорулуунун көңүлүн көтөрүү (ободрить больного).

**ОБОЛОЧКА – чел кабык** – катмар, кыртыш, тышкы каты, сырт катмары, ички катмар. а) *Sheall* – чел кабык: нерв, кан тамыр, тарамыш жана булчуңдардын чел кабыгы; б) *tunica albuginea* – белоктук кыртыш, урук бези, жыныстык органдын көңдөйлүү ички жерлеринин фиброздук катмары; в) *munica mucosa* – былжыр чели, көңдөйлүү органдардын ички бет катмары (дем алуу, тамак сиңирүү, сийдик бөлүп чыгаруу, жыныстык органдар); г) *tunicase rosa* – бириктирүүчү ткань катмары, көңдөйлүү органдардын сырткы чел катмары.

**ОБОЛОЧКА ОТПАДАЮЩАЯ – бала тону** – кош бойлуулук учурунда жаралып, бала төрөлгөн соң сыртка чыгарылып салына турган жатындын былжыр катмары: *Decidua* – бала тону (оболочка децидуальная).

**ОБОНЯНИЕ – жыт алуу, жыт сезүү** – заттардын жытын ажырата билүү.

**ОБОСТРЕНИЕ БОЛЕЗНИ – оорунун күчөшү** – дарт күчөө, оорунун күч алуусу, оорунун курчушу.

**ОБРАБОТКА РАНЫ – жараатты тазалоо.**

**ОБСЛЕДОВАНИЕ ПАЦИЕНТА – бейтапты текшерүүдөн өткөрүү** – оору себебин аныктоо үчүн дарт аныктоо ишин жүргүзүү. М: нагыз, анығын текшерүү, объективдүү текшерүү (объективное обследование), сезимдик, өзүн сезүүсүн текшерүү, субъективдик текшерүү (обследование субъективное).

**ОБТУРАЦИЯ** *лат.* **– тыгындалуу** – анатомиялык көңдөйлүү (түтүктүү) органдын (дем алуу жолдору, кан тамыр, ичеги, заара аккыч, өт аккыч) тыгындалышы; ичегинин обтурациялык (тыгындалган) өтпөстүгү (обтурационная непроходимость кишечника).

**ОБХОДИТЬ ПАЛАТЫ – палаталарды кыдыруу** – дарылоочу доктурдун адатта эртең менен палаталарды кыдырып оорулууларды көрүүсү.

**ОБЩЕСТВЕННОЕ ЗДРАВООХРАНЕНИЕ – коомдук саламаттык сактоо** – оорулардын алдын алууга, коомдун саламаттыгын сактоого багытталган иш-чаралар системасы.

**ОБЪЕДИНЁННАЯ БОЛЬНИЦА – бириктирилген (бириккен) оорукана** – курамында стационары жана бейтапканасы бпр оорукана.

**ОБЬЕМ ЛЕГКИХ – өпкө көлөмү** – дем алуу циклиндеги түрдүү фазада өпкө аркылуу өткөн абанын көлөмү (толук терең дем чыгаргандан кийин дем алгандагы).

**ОБШИРНАЯ ОПЕРАЦИЯ – кеңейтилген операция** – көлөмдүү операция.

**ОБЩАЯ СМЕРТНОСТЬ – жалпы өлүмдүүлүк** – статистикалык көрсөткүч.

**ОВУЛЯЦИЯ – овуляция** – аялдын жумурткалыгындагы жетилген фолликулалардын жарылышынан жумурт-

калык клетканын энелик безден жатын түтүкчөсүнө агып чыгуусу.

**ОДНОРАЗОВЫЙ ШПРИЦ – бир жолу пайдаланылуучу шприц** – бир сайым шприц.

**ОДОНТОЛОГИЯ – одонтология** – тиш жана алардын оорусу, дарылоо, алдын алуу жөнүндөгү илим.

**ОДОНТОМА – одонтома** – тиштердин түрдүү клеткалар (ткандарынан) түркүмүнөн өсүп чыккан залалсыз шишик.

**ОДЫШКА – демигүү, энтигүү** – дем алуунун кыйындашы; ал абанын өпкөгө кирип-чыгуу жөндөмүнүн ар кандай таасирлерден бузулушунан, өпкө тканынын жабыркоосунан же оорулардын кесепетинен келип чыгат. М: төрөт учуру, бронхит же астма оорулары, өпкө оорулары, пневмокониоз, эмфизема, кургак учук, өпкөнүн рак оорусу, жүрөк-кан тамырлар оорусу ж.б.

**ОЖИВЛЕНИЕ – жандандыруу** – тирилтүү.

**ОЖИРЕНИЕ – май басуу** – дене бойдун ткандарында майдын ашыкча топтолуусу, семирүү, энергетикалык балансты кармап туруудан, ашыкча тамактануудан, зат алмашууда май клеткаларынын денеде ашыкча топтолуусу.

**ОЖОГ – күйүк** – физикалык, химиялык факторлордун: күн нуру, радиациялык нурлануу, ысык предмет же кайнак суу, электр тогу, кычкылдыктар, жегичтер ж.б. таасиринен дененин күйгөн жери.

**ОЗДОРОВИТЬ – ден соолукту чыңдоо** – ден соолугунун абалын жакшыртуу.

**ОЗНОБ – чыйрыгуу** – калтыратма. Дене табынын көтөрүлүшү менен коштолгон капысынан келип чыккан калтырак жана чыйрыгып үшүү абалы.

**ОЗОН – озон** – молекуласы кычкылтектин үч атомунан турган газ, кычкылтектин аллотроптук түрдөнгөн абалы. Медициналык озон: озон + кычкылтек, озон терапиясында зат алмашууну жана микроциркуляцияны күчөтүү, иммундук абалды жогорулатуу, сезгенүүнү басаңдатуу,

микробактерияларга, вирустарга каршы күчтүү таасир кылуу үчүн колдонулат.

**ОККЛЮЗИЯ – окклюзия** – көңдөйлүү анатомиялык түзүлүштөрдүн ички (обтурация)бетинин ар кандай бузулуштарынан бүтөлүп (тосулуп) калышы; вена (көк) кан тамырынын ичине тромб тыгылып калышы (окклюзия венозных сосудов); өпкө чел көңдөйүн жылчыксыздандыруу, окклюзиондук таңуу (герметизация плевральной полости, окклюзионная повязка); *стом.* үстүңкү жана астыңкы тиштердин бири-бирине тийишип туруусу (всякий контакт зубов верхней и нижней челюстей).

**ОКОЛОПЛОДНАЯ ЖИДКОСТЬ – каканак суусу** – чарайна суусу, бала тонунун ичиндеги суу.

**ОКОЧЕНЕНИЕ – сенейүү** – зыңкыюу, тоңуу.

**ОКСИГЕНОТЕРАПИЯ – оксигенотерапия** – дарылоо максатында кычкылтекти жасалма жол (аппарат) менен организмге жиберүү.

**ОКСИГЕН(ЕР)АТОР – оксиген(ер)атор** – канды кычкылтек менен байытуучу, ошондой эле канды көмүр кычкыл газынан тазалоочу бир жолу колдонулуучу түзүлүш, негизинен кардиохирургиялык операцияларда колдонулат.

**ОКСИТОЦИН – окситоцин** – гипоталамус тарабынан иштелип бөлүнүп чыгуучу гормон. Сүт бездери тарабынан сүттүн бөлүнүп чыгышына таасир берет. Төрөт учурунда жатындын жыйрылышын күчөтөт, төрөттөн кийин жатындын жыйрылуусун стимулдаштырып кансыроону токтотот.

**ОКУЛИСТ** *лат.* **– окулист** – көздүн, ошондой эле көрүү органдарынын (кабак, жаш бездери, конъюнктива, орбиталар) оорулары менен жаракаттарын дарт аныктоого, дарылоого жана алдын алууга адистешкен доктур.

**ОЛИГОМЕНОРЕЯ – олигоменорея** – айыздын (этек кир) сээлдеши же келүү мөөнөтүнүн кыскарышы.

**ОЛИГОСПЕРМИЯ – олигоспермия** – эрендиктеги сперматозоиддердин санынын салыштырмалуу түрдө ченемден аздыгы.

**ОЛИГОУРИЯ – олигоурия** – сийдиктин аз бөлүнүп чыгышы. Бөйрөктөрдүн функционалдык иштөөсүнүн бузулушунан ткандарда суунун кармалышынан же башка оорулардын таасиринен сийдиктин аз чыгышы.

**ОЛИГОФРЕНИЯ** *гр.* **– олигофрения** (кем + акыл) – тубаса кем акылдык же дартман адам өсүп чоңоюу кезинде психикасынын бузулушу же кечеңдеп өсүшү, интеллектисинин тайкылыгы.

**ОМЕНТОПЕКСИЯ – оментопексия** – бүлкүлдөктү (салпынчак, «сальник») кайсы бир ич органга бекитүү үчүн жасалуучу операция.

**ОМФАЛИТ – омфалит** – киндиктин сезгениши; көбүнчө жаңы төрөлгөн балдардын киндиги сезгенүүгө учурайт.

**ОНАНИЗМ – онанизм** – жыныс мүчөнү ушалоо, ыйкоо менен бел суутуу.

**ОНЕМЕНИЕ НОГ – буттардын уюп калуусу** – сезбей калуу.

**ОНКОЛИЗИС – онколизис** – шишик жана шишик клеткаларынын нурлантуу же химиялык дарылоо терапиясынын таасири астында кыйрашы (эрип-эзилип жок болушу).

**ОНКОЛОГИЯ – онкология** – шишик ооруларынын келип чыгуу себептери, дарылоо жана алдын алуу ыкмаларын изилдөөчү илим.

**ООГОНИЯ** *гр.* **– оогония** – эмбриондун өнүгүүсүнүн алгачкы баскычында пайда болуучу аялдардын жыныс клеткасы.

**ООФОРЭКТОМИЯ – ооферэктомия** – жумурткалык безди хирургиялык операция жолу менен алып салуу.

**ООЦИТ – ооцит** же гематоцит – аялдын мейоздук фазада жетилген урук клеткасы болуучу жумурткалыктагы жетиле элек урук клеткасы.

**ООЦИТ ДОНОРСКИЙ – донордук ооцит** – бир аялдын организминен экинчи бир аялдын организмине өткөрүлгөн ооцит. Уруктандыруунун бул ыкмасы реципиент аялдын

генетикалык же жумурткалык безинин оорулары менен жабыркашы же дары-дармектерди колдонуудан овогенез процесси бузулганда жасалат.

**ОПЕРАЦИЯ ДИАГНОСТИЧЕСКАЯ – дарт табуу операциясы** – дартты аныктоо, тактоо үчүн жасалуучу хирургиялык операция.

**ОПЛОДОТВОРЕНИЕ – уруктануу** – уруктантуу, уруктандыруу: а) *Conception*- сперматозоид жана аялдын урук клеткасын уруктандыруу натыйжасында кош бойлуулуктун башталышы; б) *Fertilisation* – сперматозоид менен урук клеткасынын биригүү процесси, клеткалардын биригиши менен зиготанын майдаланып бөлүнүнүшү башталат; в) *Artificial Insemination* – жасалма жол менен уруктандыруу: бойго бүтүрүү үчүн урукту жасалма жол аркылуу аялдын жыныс кынына киргизүү (күйөөсүнүн же анонимдик донордун эрендиги пайдаланылат); г) *In Vitro Fertilisation, Ivf* (ЭКО) – кошумча тукум улоо технологиясы, жасалма жол менен эненин организминен тышкары уруктандыруу, келечекте жатынга отургузуу үчүн зиготаны бластоциста баскычына дейре пробиркада өстүрүү; бластоциста баскычына чейин өсүп жетилген түйүлдүк аял жатынына отургузулуп, кош бойлуулук мезгили башталат.

**ОПРЕЛОСТЬ – бышаруу** – теридеги май бездери чыгарган суюктуктан, тийишип турган теринин беттеринин эзилип кызаруусу.

**ОПУХАНИЕ СУСТАВОВ – муундардын шишимик тартышы** – бир оорунун белгиси.

**ОПУХОЛЬ – шишик** – ткандын адаттан тышкары көөп, шишип кетүүсү. Залалсыз шишик (доброкачественная опухоль); залалдуу шишик (опухоль злокачественная).

**ОПУЩЕНИЕ МАТКИ – жатындын түшүүсү** – оору.

**ОРАЛЬНЫЙ – ооз аркылуу** – кабыл алуу. М: ооз аркылуу ичүүчү бойго бүтүрбөөчү каражаттар (оральные контрацептивы).

**ОРГАЗМ – оргазм** – жыныстык катнаш жасоодон ала турган ырахаттануу сезиминин эң жогорку чеги.

**ОРГАН – орган** – дене мүчөсү. Курамында ткандардын биригишинен түзүмдүк бирдикти түзүп, организмде кандайдыр бир өзгөчө функцияны аткаруучу дене бөлүгү (өпкө, боор, кан, көз, жүрөк).

**ОРГАНИЗМ** *лат.* **– организм** – ар кыл топко тиешелүү, ошол эле учурда өз ара байланыштагы бир же бир нече клеткалуу тирүү объект; организм – бул клеткалык түзүлүш, зат алмашуу, кыймыл-аракет, өөрчүү, өсүү, көбөйүү, дүүлүгүү жана башка физиологиялык процесстерге таандык жандуу объект.

**ОРГАН-МИШЕНЬ – бута орган** – гормон, дары же кайсы бир башка зат таасир эте турган өзгөчө орган же ткань.

**ОРГАНОЛЕПТИКА** *гр.* **– органолептика** – сезгич мүчөлөрдүн жардамы менен бир нерсенин (заттын) сапатын (жыт, даам) аныктоо.

**ОРГАНЫ ЧУВСТВ – сезүү органдары** – көз-көрүү; кулак-угуу; тил-даам; мурун-жыт; тери-тийишүүнү сезүү (оорутуу, сылоо, катуу, жумшак, ысык, муздак).

**ОРДИНАТУРА – ординатура** – клиникалык адистештирүүдөн өткөрүү курсу.

**ОРТОДОНТИЯ** *гр.* **– ортодонтия** – стоматологиянын тиштердин бузулушун жана туура эмес кабышып туруусун алдын алуучу, тиштердин деформацияларын калыбына келтирүүчү бөлүмү.

**ОРТОПЕДИЯ** *гр.* **– ортопедия** – дененин мертинүүдөн жабыр тартуусунан жана оорунун таасиринен келип чыккан сөөк жана муун деформацияларын оңдоп-түзөп дарылоочу (протездөөчү) клиникалык медицина тармагы.

**ОРХИДОПЕКСИЯ** *гр.* **– орхидопексия** – хирургиялык операция, өз ордунда жайгашпай калган жумуртканы, урук безинин нормалдуу өнүгүүсү үчүн анатомиялык ордуна карай жылдыруу.

**ОРХОЭПИДИДИМИТ – орхоэпидидимит** – эркектин жыныс безинин, эндин, бөлдөктүн коштондусу менен сезгениши.

**ОСЛАБЛЕНИЕ ОРГАНИЗМА – организмдин алсыроосу** – дене-бойдун бошоңдоосу.

**ОСЛОЖНЕНИЕ БОЛЕЗНИ – оорунун кабылдоосу** – оорунун оордошуусу, ырбап катууланышы.

**ОСМОТР ПАЦИЕНТА – бейтапты кароо** – карап көрүү, текшерүү.

**ОСПА – чечек** – өтө жугуштуу вирустук *(variola vera)* инфекция; бүткүл дене терисин жана былжыр чел катмарларын жыш каптаган бүдүрлөр, денени безгек баскан, оор абалда өтүүчү өзгөчө коркунучтуу дарт.

**ОСТАТОЧНЫЙ ОБЪЕМ ЛЕГКИХ – өпкөдөгү аба калдыгы** – демди толук сыртка чыгаргандан кийин өпкөдө калып калган аба калдыгы (көлөмү).

**ОСТЕОАРТРИТ** *гр.* **– остеоартрит** – муундун жиликтин башы менен кошо сезгениши.

**ОСТЕОАРТРОТОМИЯ – остеоартротомия** – муунга жанаша жаткан сөөк бөлүгүн алып таштоо үчүн жүргүзүлүүчү хирургиялык операция.

**ОСТЕОДИСТРОФИЯ – остеодистрофия** – зат алмашуу процессинин бузулушунан пайда болуучу сөөк оорусу.

**ОСТЕОКЛАСТЫ – остеокласттар** – сөөк ткандарын бүлүнткүч көп өзөктүү чоң клеткалар.

**ОСТЕОМАЛЯЦИЯ – остеомаляция** – сөөк ткандарынын минералдашуусунун начарлашынан сөөктүн жумшарышы.

**ОСТЕОМИЕЛИТ – остеомиелит** – сөөк чучугунун сезгенүүсү; канда микроорганизмдердин таралуусунан көбүнчө гематогендик жол менен бардык сөөк элементтеринин жабыркоосу мүнөздүү.

**ОСТЕОПОРОЗ – остеопороз** – сөөк ткандарынын дистрофиялык бузулушунан анын назик жана морт болуп калышы.

**ОСТЕОСКЛЕРОЗ – остеосклероз** – сөөктүн калыңданып катууланышы.

**ОСТЕОТОМИЯ – остеотомия** – сөөк деформацияларын калыбына келтирүү жана физиологиялык функцияларын

кайрадан жандандыруу максатындагы хирургиялык операциялардын жалпы аталышы. Сөөктү кайра тууралап бириктирүү үчүн сөөктү кыя бөлүү. Сөөктүн тубаса же кабылданган деформациялык ооруларында, аны түздөп калыбына келтирүү максатында түз сызыктуу (туурасынан, узунунан, жантайган), Z түрүндө, шарнирдүү, кашаа сыяктуу сфералык, дого же шынаа сыяктуу кесүү менен операция жасоо.

**ОСТЕОХОНДРОЗ – остеохондроз** – сөөк жана кемирчек ткандарында зат алмашуунун бузулушунан болгон өнөкөт оору.

**ОСТРИЦА – чүчөк курту** – мителик нематоддор тобундагы курт.

**ОСЯЗАНИЕ – сезүү** – дененин сезими, туюм. Дене (теринин) кандайдыр бир нерсе (басымды, ысыкты, муздакты) тийгенин сезүүсү; организмдин беш сезүүсүнүн бири.

**ОТВЕТВЛЕНИЕ НЕРВА – нервдин тарамы** – бутактанышы, бөлүнүүлөрү.

**ОТДЕЛЕНИЕ ПОСЛЕДА – баланын тонунун чыгышы** – бала төрөлгөндөн кийин тонунун түшүүшү.

**ОТЁК – килең, шишимик** – тери астындагы сарыгып шишүү, тери астындагы ткандарда суюктуктун топтолушунан болгон күпчөк. Шишик оору же мертинүүгө байланышкан себептерден, чектелген же дененин бир кыйла бөлүгүнө жайылган болушу мүмкүн; дене бойго жайылган шишикте көкүрөк көңдөйүндө, өпкөдө суюктуктун топтолушу күтүлөт, мындай кабылдоолор боор циррозу (чүрүшү), бөйрөк оорулары, аллергия, шишик оорулары же айрым бир дары каражатын пайдалануудан болот.

**ОТЕК ЛЕГКОГО – өпкө шишимиги** – сол карынчанын курч мүнөздөгү оор жетишсиздигинен өпкөнүн суу шишимиги, өпкө көк кан тамыр гипертензиясы менен коштолуучу күпчөгү. Оору күчөгөн энтигүү, кырылдап дем алуу, көбүктөнүп кан аралашкан какырык түкүрүү жана көп тердөө менен коштолот.

**ОТЕК НИЖНИХ КОНЕЧНОСТЕЙ – буттардын шишиги** – суу топтолгон көрүнүш, бир оорунун белгиси. Жашоо өңүтүндө, күндөлүк көнүмүш адат, сууну көп ичүү, кесипке байланышкан шарт же мертинүүлөр, патологиялык бузулуулар жана оорулар (жүрөк-кан тамыр оорулары, кант диабети, боор, аллергиялык оорулар, бөйрөк) себепкер.

**ОТЕЧНАЯ ЖИДКОСТЬ – шишимик суусу** – шишимик болгон жерге чогулган суу.

**ОТИТ – отит** – кулактын ткандарындагы сезгенүү процесси. Бул сезгенүүнүн жайгашуусу жана жайылышына карата сырткы угуу өтмөгүнүн сезгенүүсү, ортоңку кулактын сезгенүүсү жана кулактын ички бөлүгүнүн (лабиринтит) сезгенүүсү болуп, көбүнчө ириңдөө менен мүнөздөлөт.

**ОТМОРОЖЕНИЕ – үшүккө алдыруу** – суууктун таасири астында ткандардын жабыркоосу.

**ОТОСКЛЕРОЗ – отосклероз** – ички кулактын бүтүүсү; бара-бара дүлөйлүккө алып келүүүчү ички кулактын катууланышы.

**ОТРАВЛЕНИЕ – уулануу** – уугуу. М: сымап менен уулануу (меркуриализм *англ.*); сымап буулары жана кошулмаларынын организмге тийгизген таасиринен уулануу.

**ОТРЫЖКА – кекирүү** – тамак сиңирүү органдарынын ооруларында оору белгиси, газдын ооз көңдөйүн карай чыгуусу.

**ОТСАСЫВАНИЕ – сордуруп алуу** – патологиялык суюктукту же кайсы бир заттарды түтүктүү атайын медициналык аспаптын жардамы менен төмөнкү басымды түзүп сордуруп алуу.

**ОТСЛОЙКА СЕТЧАТКИ – көз торчосунун ажырашы** – көздүн торчолуу кабыкчасынын тамыр кабыкчасынан бөлүнүү процесси. М: көз торчосунун нейросенсордук клеткалар катмарынын түпкүрдө жайгашкан пигменттик эпителий катмарынан ажырашы (отделение слоя нейросенсорных клеток сетчатки от нижележащего слоя пигментного эпителия).

**ОТТОК – агып чыгуу** – денеден сызылып чыгуу. М: обеспечить отток гноя из раны – жарааттан ириңдин агып чыгуусун камсыздоо.

**ОТХАРКИВАНИЕ – какыруу** – жөтөлүүнүн негизинде какырыкты сыртка түкүрүү.

**ОТХАРКИВАЮЩЕЕ ЛЕКАРСТВО – какырык чыгаруучу дары** – жөтөлдү жеңилдетүүчү дары. М: Амброксол дары-дармектери.

**ОФТАЛЬМОЛОГ** *гр.* **– офтальмолог** – көз оорулар боюнча адис доктур (офтальмолог грек тилинде, окулист латын тилинде аталышы).

**ОЧАГ ИНФЕКЦИИ – инфекция очогу** – жугуштуу оорунун чордону.

**ОЩУПАТЬ – сыйпалап көрүү** – кармалап көрүү. М: шишикти кармалап көрүү.

**ОЩУЩЕНИЕ – сезүү** – туюу, сезим. М: айыгууну сезүү, айыгууну сезип билүү (ощущение выздоровления).

# П

**ПАЗУХА – кобул** – көбөөл, көңдөй.

**ПАЛАТА – палата** – ооруканадагы бөлмө. М: күчөтүлгөн дарылоо палатасы (палата интенсивной терапии).

**ПАЛАТОПЛАСТИКА – палатопластика** – таңдайдын аномалиялык тубаса кемтик ооруларында (таңдай жырыгы, жумшак таңдай гипертрофиясы) ордуна келтирүүчү пластикалык операция.

**ПАЛЕОПАТОЛОГИЯ – палеопатология** – археологиялык табылга, сөөк жана башка калдыктардын негизинде байыркы мезгилдеги адамдарга жана айбандарга тиешелүү оорулардын келип чыгышын изилдөөчү илим.

**ПАЛЕЦ – манжа** (кол-буттун). М: бармак, сөөмөй, ортон, аты жок, чыпалак.

**ПАЛЛИАТИВНАЯ ПОМОЩЬ – паллиативдик жардам** – оор абалдагы (көбүнчө залалдуу шишик ооруларынын

акыркы стадиясы) бейтапка медициналык жардам көрсөтүүдө, бейтаптын оорулуу абалын жеңилдетүү максатында жүргүзүлүүчү дарылоо жана хирургиялык операция жасоо ыкмаларын колдонуу.

**ПАЛЬПАЦИЯ** *лат.* **– кармап көрүү** – сыйпалап көрүү; денени кармалап көрүү, дарт аныктоонун физикалык ыкмаларынын бири; шишик консистенциясын айрып билүү; тамыр кагымынын касиеттерин айырмалоо.

**ПАЛЬПАЦИЯ БИМАНУАЛЬНАЯ – эки колдоп кармалоо** – эки колдун жана манжалардын жардамы аркылуу текшерүү.

**ПАМЯТЬ – эс, эстутум** – адамдын маалыматтарды эске тутуу жөндөмү.

**ПАНАРИЦИЙ** *лат.* **– панариций** – манжалардын жумшак ткандарынын ириңдүү сезгенүүсү.

**ПАНАЦЕЯ** *гр.* **– панацея** – бардык ооруларга түрүнө карабай шыпаа берүүчү абдан кубаттуу мифологиялык дары.

**ПАНДЕМИЯ** *гр.* **– пандемия** – кайсы бир оорунун, негизинен жугуштуу оорунун кеңири таралышы; өлкөнү, өлкөлөрдү, континентти каптаган жугуштуу оору, жугуштуу оорунун көп аймакка таралышы. М: XIV кылымда «кара тумоонун» (чума) бир убакта эле бүткүл Европа мамлекеттерин кучагына алышы (саламаттык сактоодогу коомдук чөйрөдө КИЖСтин таралышы дагы ушул өңүттө каралышы сунушталып келет); 2020-жылдын башталышында Дүйнөлүк саламаттык сактоо уюму коронавирус инфекциясын «пандемия» деп жарыялаган.

**ПАНКРЕАТИН – панкреатин** – уйку бези бөлүп чыгарган суюктуктун курамында бир катар тамак сиңирүүчү ферменттери (амилаза, липаза, протеаза) бар экстракт.

**ПАНКРЕАТИТ – панкреатит** – бир топ оорунун белгилери жана синдрому менен коштолгон уйку безинин сезгенүүсү. Мында уйку бези бөлүп чыгарган фермент он эки эли ичегиге түшпөйт да, өзүнүн клеткаларын жок кылат,

ошондой эле кан аркылуу таркалган фермент токсиндер башка органдардын жабыркоосуна алып келет.

**ПАНКРЕАТЭКТОМИЯ – панкреатэктомия** – уйку безин алып таштоо үчүн жасалуучу операция: *total pancreatectomy*—тоталдык же толук бойдон органды алып таштоо; *subtotal pancreatectomy* – уйку безинин теңинен көбү кесилип алып салынат.

**ПАНТОКРИН – пантокрин** – бугу (жаш маралдын) мүйүзүнөн жасалган дары каражаттары (тундурмасы, таблетка); табигый биологиялык накта күчөткүч.

**ПАПАВЕРИН – папаверин** – апийимден алынуучу алколоиддик дары: булчуң чыңалуусун жазуучу (спазмды) жана кан басымын төмөндөтүүчү таасир берет; ийне саюу түрүндө көбүнчө морфин менен биргеликте колдонулат.

**ПАПИЛЛОМА** *лат.* **– папиллома** (бүртүк, шишиме + шишик) – теридеги, негизинен эпителиалдык ткандардан турган майда залалсыз шишиктердин жалпылап аталышы.

**ПАПИЛЛОМАТОЗ – папилломатоз** – денедеги (териде) папилломалардын көп болушу.

**ПАРАДОКСАЛЬНОЕ ДЫХАНИЕ – парадоксалдык дем алуу** – өпкөдө, патологиялык же пневмоторакста болуучу аркы-терки дем алуу абалы (тескери дем алуу). Парадоксалдык дем алуу плевропулмоналдык шок оор абалына алып келиши мүмкүн.

**ПАРАДОНТОЛОГИЯ – парадонтология** – стоматологияда периодонталдык ооруларды дарылоо, алдын алуу жана тиш тегерегиндеги ткандарды окуп үйрөнүү илими.

**ПАРАЗИТ – мите** – башка бир тирүү организмдин ичинде же үстүңкү катмарында жашаган мителик кылуучу тирүү организмдер.

**ПАРАЗИТАРНЫЕ БОЛЕЗНИ – мите оорулары** – оору козгоочу мителердин залалынан келип чыгуучу оорулар.

**ПАРАЛЛЕЛОМЕТР – параллелометр** – тиштин калыбын (моделин) жасоодо, тиштердин үстүңкү бетиндеги жана аралыгындагы бирдей болгон жарыш сызыктардын катарын жана экваторун аныктоочу аппарат.

**ПАРАЛИЧ** *гр.* **– шал** – нерв системасынын жабыркоосунан улам булчуң же булчуң топторунун кыймылга келбей калуусу. М: шал оору – моноплегия, гемиплегия, параплегия, квадриплегия, тетраплегия.

**ПАРАМИМИЯ – парамимия** – бейтаптын учурдагы шартка же эмоцияга дал келбеген эрксиз жаңсоолору. Көбүнчө психикалык жөнсүз кыймыл-аракет, ээлигүү жана импульсивдик жаңсоо абалдары мүнөздүү.

**ПАРАНОЙЯ** *гр.* **– паранойя** – психикалык ооруга тиешелүү белгилери же галлюцинация болбой эле адамдын системалык түрдө жөөлүшү; өзүнө-өзү таңуулаган мактаныч идеянын, ойдун кучагында калуу психикалык абалы.

**ПАРАПРОКТИТ – парапроктит, көөдө** – көтөн чучуктун айланасындагы май чарымдарга микрофлора киришинен өткүр же создуккан (өнөкөт) сезгениши.

**ПАРАПСИХОЛОГИЯ – парапсихология** – адамдардын, жаныбарлардын ашкере аң сезими жана өсүмдүктөрдүн ашкере сезгичтиги, түшүндүрүүгө болбой турган кубулуштар, сезимдер жөнүндө жалган илимий булактар.

**ПАРАТИФ** *гр.* **– паратиф** – амиранелла, сальмонелла микроорганизмдери чакыруучу ичеги-карын инфекциялык оорулары.

**ПАРАФИМОЗ – парафимоз** – эркектин жыныстык мүчөсүнүн (кертмек) башынын бүрүк же каса менен кысылып калышы.

**ПАРАФИН – парафин** – мунайдан алынуучу углеводород; углеводороддордон турган момдуу аралашма зат; медициналык максатта пайдалануу үчүн ар түрдүү майлоочу заттарды даярдоодо негиз болуп берүүчү ак түстөгү катуу углеводороддордун аралашмасы.

**ПАРАЦЕНТЕЗ – парацентез** – дарт аныктоочу жана дарылоочу пункция: дененин кайсы бир жериндеги көңдөйчөсүн же көңдөйлүү органынын ичиндеги патологиялык суюктукту көңдөй ийне (канюля) жардамы аркылуу

чыгаруу (сордуруп алуу) процедурасы; ортоңку кулак ичиндеги ириңди чыгаруу максатында кулак жаргакчасын тешүү операциясы.

**ПАРЕЗ – парез** – четки нерв системасынын жабыркоосунан булчуңдардын тонустук күчүнүн азайышы менен мүнөздөлгөн неврологиялык синдром; дене мүчөлөрүнүн кыймылынын начарлашы, чала шал болуусу.

**ПАРЕНХИМА – паренхима** – ички дене мүчөлөрдүн ички жумшак тканы, негизги тканы.

**ПАРЕСТЕЗИЯ – парестезия** – сезгичтик сезимдин бузулушу; теринин кычышуусу, ачышуусу, бир нерсе кыбырап жүргөндөй сезүүлөрдүн кокусунан эле пайда болушу менен мүнөздөлгөн сезгичтик абалынын жабыркашы.

**ПАРНЫЕ ОРГАНЫ – жуп органдар** – көз, кулак ж.б.

**ПАРОВАЯ СТЕРИЛИЗАЦИЯ – буулап зыянсыздандыруу.**

**ПАРОДОНТОЗ – пародонтоз** – тиштердин айланасындагы жумшак ткандардын азыктануу процесстеринин бузулушунан, сиңирилип кичирейүүсүнөн тиштердин түбү ачылып, бекемдигинин бузула башташы.

**ПАРОКСИЗМ – туткак** – оорунун кез-кези менен кармашы.

**ПАРОКСИЗМАЛЬНАЯ ТАХИКАРДИЯ – пароксизмалдык тахикардия** – жүрөк аритмиясынын бир түрү, жүрөктүн кокусунан өтө тез кагышы, лакылдашы.

**ПАРОНИХИЯ – паронихия** – тырмак түптүн жана тырмактын тегерегиндеги жумшак ткандардын сезгениши.

**ПАРОТИТ – паротит, сакоо** – бездердин оорусу. М: а) кулак түбүндөгү шилекей бездеринин ириңдүү сезгениши (воспаление околоушной слюнной железы); б) шилекей жана жаак алдындагы бездердин ириңсиз курч мүнөздөгү вирустук жугуштуу оорусу (эпидемический паротит).

**ПАРША – таз** – баш котуру.

**ПАСТА** (медицинская) **– паста** – антисептикалык салицил-цинктүү камыр сымал дары каражаты, тери сезгенүү жана жараатtарын айыктыруу максатында пайдаланылат.

**ПАСТЕРИЗАЦИЯ – пастерлөө** – тамак-аш азыктарынын сапатын бузбай ысытып зыянсыздандыруу, микробдорун өлтүрүү.

**ПАТОГЕНЕЗ БОЛЕЗНИ – оорунун өөрчүүсү** – оорунун башталышы жана күчөшү.

**ПАТОГЕННОСТЬ – дартмандуулук** – оорутуучу микробдордун ооруга кабылдыруучу жөндөмдүүлүгү.

**ПАТОЛОГИЧЕСКОЕ ТЕЧЕНИЕ – патологиялык өөрчүү** – организмдеги патологиялык бузулуулардын жүрүү процесси.

**ПАТРОНАЖ** *фр.* **– патронаж** *Patronage* – камкордук, колдоо; саламаттык сактоо мекемесинен сырткары жакындан (негизинен үйүнө барып) медициналык кароо. М: жаңы төрөлгөн ымыркай баланы үйүнө барып медициналык кароо (патронаж новорожденного на дому).

**ПАХОВАЯ ГРЫЖА – чурай чуркусу** – чурай каналынын кеңейиши.

**ПАЦИЕНТ** *лат.* **– бейтап** – доктурга келген адам: а) доктурдан медициналык кеңеш алуу үчүн келген адам; б) ооругандыгы же саламаттыгы, же сергек жашоо боюнча доктурдун кеңешин алганы келген адам.

**ПЕДИАТР – педиатр** – балдар доктуру.

**ПЕДИАТРИЯ – педиатрия** – балдардын физикалык жана физиологиялык өсүп-өнүгүүсү, балдар ооруларынын себептери, алардын алдын алып дарылоо жөнүндөгү медициналык илим.

**ПЕДИКУЛЕЗ – биттөө** – тери жана тери катмарларынын мите курттан жабыркоо дарты.

**ПЕДОФИЛИЯ – педофилия** – жаш балдарга карата жыныстык бузулуу (кылмыш жасоо).

**ПЕЛЛАГРА** *итал.* **– пеллагра** (тери + үбөлөнүү, түлөө), **чилдешир** – организмдеги авитаминоздук абалдар-

дын бири, PP-витамининин (никотин кычкылдыгынын) жетишсиздик дарты.

**ПЕЛОТЕРАПИЯ** *гр.* **– пелотерапия** – баткак (же баткак сыяктуу парафин, озокерит) менен дарылоо.

**ПЕМФИГУС – пемфигус** – тери жана сырткы былжыр чел катмарында өмүргө залалдуу ыйлаакчалар пайда болуусу менен майыптуулукка алып келүүчү аутоагрессивдик оору.

**ПЕНЕТРАЦИЯ** *лат.* **– пенетрация** – оюлуу, тешилүү, кирип кетүү. М: ашказан жарасынын тешилиши (пенетрация язвы желудка).

**ПЕПСИН – пепсин** – карын бездери иштеп чыгуучу, карын маңызынын тамак эритүүчү негизги ферменти. Тамак сиңирүүнү күчөтүүчү дары.

**ПЕПТИЧЕСКАЯ ЯЗВА – пептин жарасы** – пепсин жана туз кычкылдыгынын кыйраткыч таасиринен болгон тамак-аш сиңирүү системасынын былжырлуу кыртышынын жабыркашы, жарасы.

**ПЕРВАЯ ПОМОЩЬ – алгачкы жардам** – биринчи жардам.

**ПЕРВЕНЕЦ – тун бала** – эң биринчи туңгуч бала.

**ПЕРВИЧНЫЕ СИГНАЛЫ – алгачкы ишараттар** – кабарлар. М: ооруп калуунун алгачкы белгилери (первичные сигналы заболевания).

**ПЕРВОРОДНЫЙ СТУЛ – туңгак** – жаңы төрөлгөн ымыркайдын биринчи заңдашы.

**ПЕРЕВЯЗКА – жаңылап таңуу** – жаракат алган жерди тазалап, дарылап кайрадан таңуу. М: бинт менен жаңыдан кайталап таңуу (перебинтовать).

**ПЕРЕКИСЬ ВОДОРОДА – өтө кычкыл суутек** – антисептикалык зат. М: суутек өтө кычкылы менен тазалоо (промыть перекисью водорода).

**ПЕРЕЛИВАНИЕ КРОВИ – кан куюу** – кансыраган адамга кандын мурунку өлчөмүн калыбына келтириш үчүн кан куюу. М: дарылоо максатында оорулуу адамдын кан тамырына (реципиентке) донор канын куюу.

**ПЕРЕЛОМ КОСТИ – сөөктүн сынышы** – сөөктүн бүтүндүгүнүн механикалык бузулуусу. М: жаак сөөгүнүн сынышы (перелом челюстной кости); акыректин сынышы (перелом ключицы); жанчылган сынык (размозженный перелом).

**ПЕРЕМЕЖАЮЩАЯСЯ ХРОМОТА – мезгил-мезгили менен сылтуу** – буттун артериялык кан тамырларынын бузулушунан басып бараткан учурда кармап калуучу ооруу сезиминен сылтып басуу, мезгил-мезгили менен алмак-салмак аксаңдоо, төкөрөңдөө, аксоо.

**ПЕРЕНОСИЦА – мурундун кайкысы** – мурундун эки көз ортосундагы бөлүгү.

**ПЕРЕНОСЧИК – тараткыч** – жугуштуу ооруну таркатуучу, жуктургуч. М: инфекция жуктуруучулар (переносчики инфекций); микроорганизмдерди алып жүрүү менен адамдан адамга, ошондой эле жаныбарлардан адамга инфекциялык ооруларды жуктуруучу.

**ПЕРЕПОНКА – тарсылдак** – жаргакча. М: кулак жаргакчасы (барабанная перепонка).

**ПЕРЕСАДКА – жалгоо** – көчүрүп жамоо, жалгаштыруу. М: тканды кайрадан жалгаштыруу (пересадка тканей); органды ордуна жамап-жалгаштыруу.

**ПЕРЕУТОМЛЕНИЕ – чаалыгуу, чарчоо** – аруу, эс алгысы келүү, кыйналуу.

**ПЕРИАРТРИТ – периартрит** – муундарды курчап турган ткандардын сезгениши.

**ПЕРИКАРДИТ – перикардит** – жүрөк кабынын сезгениши. Кургак жана суулуу перикардит (жүрөктүн кабына суюктуктун толушу); өткүр кызыл жүгүрүк безгек перикардити; жугуштуу оорулар кабылдоосунан болгон перикардит; мертинүүлөрдөн болгон перикардит; аутоиммундук перикардит; идиопатиялык перикардит.

**ПЕРИКАРДОТОМИЯ – перикардотомия** – перикард көңдөйүн ачуу же пункция кылуу максатында жүргүзүлүүчү хирургиялык операция.

**ПЕРИМЕТРИТ МАТКИ – жатын периметрити** – жатындын тышкы катмарынын сезгениши; жатынды жаап турган илээшме катмардын киричинин сезгениши.

**ПЕРИНАТАЛЬНЫЙ – перинаталдык** – бала төрөлгөнгө чейинки, төрөлүп жаткан учурдагы жана төрөлгөндөн кийинки 4-5 жумадан соң аяктай турган мезгил.

**ПЕРИНЕОРАФИЯ – перинеорафия** – төрөт учуруна байланышкан акушерлик операция; төрөт учурунда аялдын чатынын айрылып кетүүлөрүн калыбына келтирүү максатында жыныс мүчө менен көтөн чучук ортосундагы аралыкты хирургиялык операция жолу менен тигүү.

**ПЕРИОДОНТ** *лат.* **– периодонт** – тишти айланта курчап жана ордунан жылдырбай кармап турууучу ткандар (бүйлө, периодонталдык байламта, альвеолардык өсүндү, тиш тамыр цементи).

**ПЕРИОДОНТИТ – периодонтит** – тиш тамырынын тегерегиндеги ткандардын сезгениши.

**ПЕРИСТАЛЬТИКА** *гр.* **– перистальтика** – ичеги-карындын жыйрылып-жазылуу кыймылы (тамак сиңирүү жана түртүү аракети).

**ПЕРИТОНИТ** *лат.* **– перитонит** – бүт денеге кан аркылуу же ич көңдөйүнө инфекциялык микроорганизмдердин же болбосо ууландыруучу заттардын таасиринен (микробдордун токсиндери жана ич көңдөйүндө жайгашкан органдардын сезгениши, ошондой эле ал органдардын кайсы биринин жарылып тешилишинен) илээшме катмардын (ичтин боз челинин, ич челдин) сезгениши.

**ПЕРКУССИЯ** *лат.* **– каккылоо** – ургулоо, тыкылдатуу. М: дененин кайсы бир бөлүгүндөгү кыртыштын абалын, ички органдын физикалык жана топографиялык абалын, дабыш угулушун аныктоо максатында манжа же атайын бир аспаптын жардамы менен ургулап көрүү.

**ПЕРФОРАЦИЯ – тешилүү, көзөлүү** – оору. М: он эки эли ичегинин жарасынан пайда болгон тешилүү (перфорация язвы двенадцатиперстной кишки).

**ПЕРХОТЬ – какач** – чач түбүндөгү майланышып үбөлөнгөн кабырчыктуу тери клеткалары.

**ПЕССИМИЗМ – көңүл чөгүү** – үмүт үзүү, айлана-чөйрөдөгү жагымсыз реалдуулук көрүнүштөрүн көрүп оң өзгөрүүлөрдөн үмүт үзүү.

**ПЕТЕХИЯ – петехия** – майда-майда кан исиркектери, майда-майда канталоо; бейтаптын денесинде мертинүү же оорунун таасиринде кичинекей кан тамырлардын жабыркоосунан майда кан тактарынын пайда болушу.

**ПЕЧЕНЬ – боор** – организмде бир катар эң маанилүү функцияларды аткаруучу орган: боордо тамак сиңирүүдөгү негизги зат болгон өт иштелип чыгып, өт баштыкчасына топтолуп, андан соң он эки эли ичегиге куюлат; эң негизги зат алмашуу процесстери (углеводдук, белоктук, май зат алмашуу) жүрөт; организмдеги ашыкча глюкозаны гликогенге айландырып кандагы кантты жөнгө салат; кандын уюу процессине таасир этүүчү фибриноген, протромбин жана гепарин антикоагулянты иштелип бөлүнүп чыгат; уулуу заттар менен бирге жабыркаган кызыл кан клеткалары зыянсыздандырылып турат.

**ПИЕЛОЛИТОТОМИЯ – пиелолитотомия** – операция жолу менен бөйрөк көңдөйүнүн арткы бетин тилүү, негизинен бөйрөктөгү ташты алып салуу үчүн жасалат.

**ПИЕМИЯ – пиемия, ириңдүү кан** – кандын ирин жаратуучу бактерияларынын таасири аркасында бузулуусу.

**ПИЛОРОМИОТОМИЯ – пилоромиотомия** – ашказан дарбазаманындагы (привратник) тубаса пилоростенозду (өскүлөң булчуңдан таруу) хирургиялык жол менен жара тилип дарбазаман сфинктерин калыбына келтирүү (Рамштедт операциясы)

**ПИЛЮЛЯ** *лат.* **– пилюля** – кичине-кичине тоголоктолуп дозаланган дары. Мындай дарылар негизинен дарыканаларда жасалат.

**ПИНЦЕТ – кыпчуур** – хирургиялык аспап.

**ПИПЕТКА – тамчылаткыч, тамызгыч** – дары тамызгыч; дары тамчылаткыч, медициналык процедура жасоодогу аспап.

**ПИУРИЯ – пиурия** – сийдиктин ириң аралаш чыгуусу (негизинен лабораторияда аныкталат).

**ПИЩЕВАРИТЕЛЬНАЯ СИСТЕМА – тамак сиңирүү системасы** – ооздон арткы тешикке чейинки тамак жолундагы бардык органдар, ошондой эле уйку бези менен боор дагы тамак сиңирүүчү системага кирет.

**ПИЩЕВОД – кызыл өңгөч** – тамак сиңирүү системасындагы колко менен карынды бириктирүүчү көкүрөк көөдөндөн булчуңдуу чарымды көзөп, ич көңдөйүнө өтүп ашказандын кардиалдык бөлүгүнө туташкан түтүк сымал орган.

**ПИЩЕВЫЕ ТОКСИКОЗЫ – тамак-аштан уулануу** – айрым бактериалардын токсиндери бар тамак-аштан пайда болгон оору.

**ПИЯВКА – сүлүк курт** – денесинин эки учунда тең атайын соргучтары бар шакек курттардын бир түрү; медициналык дарылоодо сүлүк курт пайдаланылат.

**ПЛАЗМА – плазма** – кандын, лимфанын курамдык суюк бөлүгү; плазма кандын 50-60% курамдык бөлүгүн түзүп негизинен суудан, белоктордон, минералдык заттардан жана органикалык бирикмелерден турат; плазма тромбоциттерге бай болгондуктан организмде регенерациялык процесстерди күчөтүү максатында куюлат; плазмадагы белок заттары кандын уюу процессин жана организмге эң керектүү азык заттарды ташып камсыздайт.

**ПЛАЗМАФЕРЕЗ – плазмаферез** – кандан плазма бөлүгүн бөлүп алуу ыкмасы; плазмадан бөлүнүп ылдый чөккөн кан бир канча убакыттан кийин кайрадан бейтаптын өзүнө куюлат.

**ПЛАСТИЧЕСКАЯ ОПЕРАЦИЯ – пластикалык операция** – оңдоп-түзөтүп жасалгалоо операциясы; көчүрүү, жалгаштыруу, жамоо, оңдоп-түзөтүү хирургиялык операциясы.

**ПЛАЦЕБО** *лат.* **– плацебо** – жагамын, кызмат кыламын; медицинада илимий-практикалык изилдөөлөр максатында, дары каражатынын таасирине окшоштуруу иретинде колдонулуучу, даректүү дарылык заттар кошулбаган таблетка же капсула түрүндө жасалган сыноочу атайын каражаттар.

**ПЛАЦЕНТА** *лат.* **– бала тону** – кош бойлуулук учурунда жаралып жана түйүлдүк менен эне денесинин ортосундагы байланышты жүзөгө ашыруучу орган; анын жардамы аркылуу эмбрион (түйүлдүк) жатын бетине бекийт; бала тону эмбрионду (күмөндү) зарыл болгон азык менен камсыздап, газ алмашууну жөндөйт; бала тону кош бойлуулуктун жүрүшүн жөндөөчү хориондук гонадотропин, прогестерон жана эстрогендерди бөлүп чыгаруучу бездин функциясын аткарат; түйүлдүк тарабынан бөлүнүп чыккан керексиз заттарды сыртка чыгарып турат.

**ПЛЕВОК – түкүрүк** – түкүрүп ташталган шилекей.

**ПЛЕВРА – плевра** – өпкөнүн сырткы кабы, өпкө ткандарын курчап турган илээшме кыртыш.

**ПЛЕВРИТ – плеврит** – өпкө челинин (кабынын) сезгенүүсү.

**ПЛЕЧЕВАЯ КОСТЬ – күң жилик** – далы менен кар жиликтин ортосундагы кыска жилик.

**ПЛЕЧЕВОЙ СУСТАВ – ийин мууну** – күң жилик менен далы кошулган жердеги формасы шарга окшош муун.

**ПЛОД – күмөн** – тогуз жумадан туулганга чейин жатында өсүп башталган түйүлдүк. М: күмөндүн жүрөгүнүн согушун угуу (выслушивание сердцебиение плода).

**ПЛОДНЫЙ ПУЗЫРЬ – каканак** – жаңы төрөлгөн баланын сырткы чел кабыгы.

**ПЛОСКОСТОПИЕ – жалпак таман** – май таман, аюу таман.

**ПНЕВМОНИТ – пневмонит** – альвеолдор бетинин гана жабыркашы (сезгениши) менен коштолгон иммунопатологиялык өпкө оорусу.

**ПНЕВМОНИЯ – кагын** – өпкөнүн альвеолдорунун сезгениши. Негизги себептеринен болуп вирустук, микобактериялык жана грибоктордун дем алуу жолдору же кан аркылуу жугуусунан жаралат. Айрым учурларда жогорку дем алуу органдарынын жана организмдеги сезгенүү ооруларынын кабылдоосунун негизинде башталып, экссудат жана кан клеткаларынын толушу менен альвеолдордун тыгыз тартып, катышына алып келүүчү өпкө оорусу.

**ПНЕВМОТОРАКС** *гр.* **– пневмоторакс** – патологиялык жаралануудан же мертинүүдөн өпкө ткандары тешилгенде көкүрөк көңдөйүнө (чел көңдөйүнө) аба кирүүсү.

**ПОБОЧНЫЕ ЭФФЕКТЫ – жагымсыз эффект** – жагымсыз таасирлер, кыйыр таасир. М: айрым дарылардын жагымсыз таасирлери (побочные эффекты некоторых лекарств): кулактын чуулдашы (шум в ушах); баш оору (головная боль); көңүл айнуу (тошнота); ашказан тушунда ооруу сезими (боли в эпигастрии); аллергиялык реакциялар (аллергические реакции); тромбоцитопения ж.б.

**ПОВЕРХНОСТНАЯ РАНА – үстүртөн болгон жараат** – теринин сырткы жарааты.

**ПОВЯЗКА – таңуу, таңгыч** – жараатты сырткы таасирлерден коргоо, мертинүүдө шакшакты бекемдөө же дене бөлүгүн кыймылсыз кармоо, ошондой эле дене бөлүгүнө коюлган дарыны жайынан жылдырбай бекитүү максатында оролуп коюлуучу дакиден жасалган бинт же даки таңуусу.

**ПОДАГРА** *гр.* **– подагра** *(Gout)* – сийдик кычкылдыгына тиешелүү туздардын (ураттык кристаллдарынын) чогулуп калуусунан улам муундардын жабыркоосу катуу ооруу жана муундарда подагралык тофуз (түйүн) өсүшү менен коштолгон артриттин бир түрү; *Podagra* – таман, буттун баш бармагынын подаграсы: пуриндик зат алмашуу процессиндеги бузулуулардын натыйжасында сийдик кычкылдыгынын туздарынын микрокристаллдары бөйрөк, жыныс кыны, тарамыш, муун, ошондой эле кемирчектер-

де чогулуусуна шарт түзөт; бул ооруга бармакты кыпчуур менен кыпчыгандай оорутуу сезими жана баш бармак муунунун териси кызарышы мүнөздүү.

**ПОДВЗДОШНАЯ КОСТЬ – капчыт сөөк, уруңкай сөөк** – жамбаш москолунун жайык сөөгү.

**ПОДЖЕЛУДОЧНАЯ ЖЕЛЕЗА – уйку бези** – карын алдындагы без; ички жана сырткы секрециялардын аралашма бези, мында көп сандаган ферменттер (протеолитикалык трипсиноген жана химиотрипсиноген, амилолитикалык амилаза, липаза), гормондор (инсулин, глюкагон) жана панкреатикалык маңыз иштеп чыгарат.

**ПОДКОЖНАЯ ИНЪЕКЦИЯ – тери алдына ийне саюу** – эң кичине диаметрлүү ийне менен жасалат жана 2,0 мл. чейин дары каражаты киргизилет.

**ПОДРЕБЕРЬЕ – сүбөө, карчыга асты** – оң жана сол кабыргалардын асты.

**ПОЗВОНОК – омуртка** – кишинин омуртка тутумун түзүүчү скелеттин элементи. М: куймулчак омурткалары (позвонки крестцовые); омуртка түркүгү (позвоночный столб).

**ПОЛЗАНИЕ МУРАШЕК – дене дүркүрөө, чымыроо** – теринин сыртынын сезгичтигинин бузулушу.

**ПОЛИАРТРИТ – полиартрит** – бир эле мезгилде бир нече муундардын сезгениши менен мүнөздөлүүчү кызыл жүгүрүк безгеги (ревматизм) оорусу, эң кеңири таралган түрү ревматоиддик артрит.

**ПОЛИГАМИЯ** *гр.* **– көп аялдуулук** же **көп күйөөлүүлүк.**

**ПОЛИДИПСИЯ – полидипсия** – адамдын катуу чаңкоосу жана сууну ашыкча көлөмдө талап кылуусу.

**ПОЛИКЛИНИКА** *гр.* **– бейтапкана** – ар түрдүү медициналык адистер иштеген медициналык мекеме; негизинен көп профилдүү амбулатордук медициналык жардам көрсөтөт; амбулатордук медициналык жардам жана медициналык кеңеш берет, патронаждык кызмат көрсөтөт.

**ПОЛИМОРФИЗМ – полиморфизм** – көп түрдүүлүк. Кээ бир тирүү өзүнчө жашоочу бирдей организмдердин бири биринен айырмаланышы. М: аары, матка (ургаачы аары), трутень(эркеги) жана жумушчу аарылар.

**ПОЛИМОРФНАЯ СЫПЬ – ар түркүн бөртмө** – ар кандай, көп түрдүү бүдүр (фотодерматит аллергия).

**ПОЛИОМИЕЛИТ** *гр.* **– полиомиелит** (боз, сур, көгүш + миелит) – жүлүн сезгенүү; жүлүндүн бозомук затын жана өзөгүн жабыркатуу менен шал болуу абалына алып келчү вирустук жугуштуу оору; а) вирус алып жүрүүчү (инаппаратный полиомиелит, вирусоносительство); б) абортивдик (висцералдык) полиомиелит (абортивный – висцеральный), полиомиелиттин бул түрүндө канда вирусемия аныкталып, дене табы көтөрүлүп, катаралдык белгилер мүнөздүү; в) нерв системасынын жабыркашы менен мүнөздөлгөн полиомиелит (полиомиелит с поражением нервной системы).

**ПОЛИОМИЕЛИТ МЕНИНГЕАЛЬНЫЙ – менингеалдык полиомиелит** – полиомиелиттин шал ооруга алып келбеген түрү, курч мүнөздөгү менингиттин клиникалык өтүшү менен мүнөздөлөт.

**ПОЛИОМИЕЛИТ ПАРАЛИТИЧЕСКИЙ – шал оорусу** – клиникалык стадиялары: а) шал болуу, парез, шал болуу алдындагы стадия (препаралитический); б) шал клиникалык стадиясы, кол буттардын жансызданышы (паралитический); в) кайра калыбына келүү стадиясы (восстановительный); г) оорунун калдык белгилери: муундардын алсыздыгы, кол буттарда толук кубат жоктугу, булчуңдарда трофикалык өсүү начардыгы менен мүнөздөлгөн стадиясы (резидуальный).

**ПОЛИОПИЯ – полиопия** – бир эле предметтин бир нече болуп көрүнүшү.

**ПОЛИП** *гр.* **– полип, өсүндү** – ар кандай себептерден пайда болуучу, көбүнчөсү, дененин былжыр челинин бетинде өсүп чыккан патологиялык ткандардын өсүндүсү.

**ПОЛИТЕЛИЯ – полителия** – денеде тубаса түрдө кошумча эмчек учунун болушу.

**ПОЛИЦИТЕМИЯ – полицитемия** – эритроцитоз: канда гемоглобин курамынын жогорулап кетиши; релативдик полицитемия: салыштырмалуу полицитемия, кан плазмасынын жалпы көлөмүнүн азаюусуна байланыштуу; абсолюттук полицитемия: канда эритроциттердин жалпы көлөмүнүн көбөйүүсүнүн таасиринде аныкталат.

**ПОЛЛЮЦИЯ** *лат.* **– поллюция** – эрендиктин эрксиз өзүнөн-өзү түшүп калуусу, айрым учурларда түш көрүү менен коштолот.

**ПОЛОЖЕНИЕ ПЛОДА – түйүлдүктүн жатышы** – күмөндүн жатын ичиндеги жатыш абалы.

**ПОЛУШАРИЯ ГОЛОВНОГО МОЗГА – мээнин жарым шарлары** – мээнин экиге бөлүнгөн чоң жарым шарлары.

**ПОНОС С КРОВЬЮ – кан аралаш ич өтүү** – ичеги-карындагы жара колитинин негизги симптомдорунун бири.

**ПОРОК СЕРДЦА – жүрөк кемтиги** – жүрөктүн ичиндеги кан айланууну тейлөөчү бүктөмөлөрүнүн жетишсиз иштеши. М: жүрөк карынчалар тосмосунун тубаса тешиги; «тетрада Фалло»; жүрөк клапандарынын тубаса жетишсиздик кемтиги.

**ПОРОШОК – күкүм –** күл майда; М: сасык тумоодо (грипп) колдонулуучу улпак дары (порошок от гриппа); ичүүчү жана дене сыртына пайдаланылуучу күл майда түрүндөгү дары (порошок это твердая лекарственная форма, для наружного и внутреннего применения).

**ПОРФИРИН – порфирин** – азоттуу түзүлүштөн турган порфинден жаралган клеткалардагы пигменттердин бири, гемоглобиндин белоксуз темир аралашпаган молекуласына кирет.

**ПОРФИРИЯ** *гр.* **– порфирия** – канда порфириндин көбөйүшү; порфирия оорусун мүнөздөп, гемолитикалык кризине, көк боордун чоңоюп кетишине, фотодерматозго, пигменттик зат алмашууга, тамак сиңирүүгө жана нерв системасынын функцияларынын бузулушуна, ошондой эле порфирин заң жана сийдик аркылуу көп чыгышына таасир берет.

**ПОСЛЕД – баланын тону** – курсактагы төрөлгөн баланын тону, ымыркай төрөлгөндөн 5-60 мүнөттөн кийин түшөт (бөлүнүп чыгат).

**ПОСЛЕРОДОВОЙ ПЕРИОД – төрөттөн кийинки мезгил** – бала төрөлгөндөн баштап аялдын денесиндеги бардык убактылуу өзгөрүүлөр өз калыбына келген убакыт аралыгы. М: төрөттөн кийинки мезгилде ден соолукка көңүл буруу (уход за здоровьем в послеродовом периоде).

**ПОСТИТ – постит** – жыныс мүчөнүн кертмек башын жаап туруучу теринин сезгениши.

**ПОСТНАТАЛЬНЫЙ ПЕРИОД – постнаталдык мезгил** – ымыркай төрөлгөндөн кийинки өсүп чоңоюу мезгили.

**ПОТ – тер** – тер бездери тарабынан бөлүнүп чыгуучу түссүз суюктук. М: тер дене турпатынын тирүү жан катары нормалдуу физиологиялык функциясын билдирет (пот является нормальной и здоровой, жизненно необходимой физиологической функцией тела).

**ПОТЕНЦИЯ** *лат.* **– дарман, потенция** – организмдин жыныстык мамиле, жыныстык кыймыл аракетке жарамдуулугу; сексологияда потенция термини эркектердин сексуалдык кубаттуулугун мүнөздөйт.

**ПОТОГОННОЕ СРЕДСТВО – тердетүүчү дары** – денедеги тердин бөлүнүп чыгышына таасир берүүчү дары каражаты.

**ПОТУГИ – ыйынуу** – төрөттүн экинчи мезгилинде баланы сыртка түртүп чыгаруудагы төрөп жаткан эненин өзгөчө абалы.

**ПОХОДКА – басык** – басуу; ар бир адамдын басуу ыгы (манерасы); эркектердин басыгы, санды туура иштетүү; аялдардын басыгы (элеганттуу, кооз басуу).

**ПОЧЕЧНЫЙ КРИЗ – бөйрөк ашынмасы** – бөйрөк оорусу.

**ПОЧЕЧНАЯ ЛОХАНКА – бөйрөк чөйчөгү** – бөйрөктө иштелип чыккан сийдик топтолуучу жер, бөйрөктүн чөйчөкчөлөрүнүн биригишинен түзүлгөн анатомиялык түзүлүш.

**ПОЧКА – бөйрөк** – сийдик иштеп чыгаруу органы; азоттуу шлактарды организмден чыгаруучу жуп орган.

**ПОЩУПАТЬ – кармап көрүү** – кармалап (сыйпалап) көрүү. М: жатындагы күмөндүн абалын кармалап көрүп аныктоо.

**ПОЯСНИЦА – бел** – кабыргалардан куймулчакка чейин дене бөлүгү.

**ПРЕДВЕСТНИКИ БОЛЕЗНИ – оорунун алгачкы белгилери** – оорунун алгачкы симптомдору.

**ПРЕДЛЕЖАНИЕ ПЛОДА – күмөндүн жатышы** – түйүлдүктүн жатын ичинде жатуу абалы. М: түйүлдүктүн (күмөндүн) көчүгү менен жатышы (ягодичное предлежание плода).

**ПРЕДПЛЕЧЬЕ – билек, каруу** – колдун ортоңку бөлүгү.

**ПРЕДСЕРДНЫЙ РИТМ – дүлөйчө ыргагы** – эктопиялык ыргак, синустук түйүндөн сырткары жүрөктүн дүлөйчөсүнүн талчаларынын дүүлүгүүсүнөн болгон кагуу ритми.

**ПРЕДСТАТЕЛЬНАЯ ЖЕЛЕЗА – урук чыктагыч без** – эркектин табарсык астындагы жалкы жыныс бези, эрендик бези.

**ПРЕДШЕСТВУЮЩИЕ ПРИЗНАКИ – алдын ала билинген белгилер** – оорунун алдын ала байкалган белгилери. М: инсульттун алдын ала билинген белгилери (признаки предшествующие инсульту).

**ПРЕЖДЕВРЕМЕННЫЕ РОДЫ – айына жетпей төрөө** – акыркы айыз бүткөндөн биринчи күнүнөн тартып 22-37 жума аралыгында ара төрөө.

**ПРЕЗЕРВАТИВ** *фр.* **– презерватив** – жыныскап, кертмек кап; медициналык сактануучу буюм.

**ПРЕМЕДИКАЦИЯ** *лат.* **– премедикациялоо** – бейтаптын чочулоо абалын жеңилдетүү, бездердин секрециясын азайтуу жана анестезилык дары-дармектердин таасирин күчөтүү үчүн жалпы анестезия жана хирургиялык опера-

ция жасоо алдында дары каражаттары менен даярдык көрүү процедурасы.

**ПРЕНАТАЛЬНАЯ ДИАГНОСТИКА – пренаталдык дарт табуу** – эненин ичиндеги күмөндү төрөткө чейинки дартын аныктоо жана догдурдук кароо.

**ПРЕЭКЛАМПСИЯ – преэклампсия** – биринчи жолу, кош бойлуулуктун 20-жумасынан кийин боюнда бар аялдын кан басымы чукул көтөрүлүшү, сийдикте протеинурия аныкталышы.

**ПРИАПИЗМ – приапизм** – декомпрессия кылууну талап кылган жыныстык мүчөнүн ооруу коштогон жана адаттан тышкары узак убакытка созулган эрекциясы.

**ПРИВИВКА – эмдөө** – адамга оору жуктурбоо максатында вакцинаны денесине киргизүү. М: кызамыкка каршы эмдөө (прививка от кори).

**ПРИЕМНЫЙ ПОКОЙ – кабыл алуу жайы** – ооруканага биринчи кабыл алуу жайы.

**ПРИКУС – тиштердин кабышып турушу** – үстүңкү жана астыңкы тиштердин катышып, бири-бирине тийишип турушу; үстүңкү жана астыңкы тиш катарларынын бири-бирине тийишип толук катышуусу.

**ПРИНУДИТЕЛЬНОЕ ЛЕЧЕНИЕ – мажбурлап дарылоо** – психикалык абалы боюнча дарылануута муктаж адамды дарылоо.

**ПРИПАДОК – талма, туткак** – айрым бир оору симптомдорунун күтүүсүз пайда болуусу.

**ПРИПУХЛОСТЬ ПОД ГЛАЗАМИ – көздүн астынын шишимик тартышы** – суу алмашуунун бузулуу белгиси.

**ПРИСТУП – оорунун курч кармашы** – оорунун капысынан кескин пайда болушу. М: жөтөлдүн кармап калышы (приступы кашля).

**ПРОБОДЕНИЕ – тешилүү** – жарылуу. М: ичегинин тешилүүсү.

**ПРОВИЗОР** *лат.* **– дарыгер** (алды + көрүү) – алдын ала көрүүчү, даярдоочу; дары-дармек адиси; дары-дармек-

терди иштеп чыгаруу, аларды сактоо жана сатуу чөйрөсүндө алектенген фармацевтикалык жогорку билимдүү адис.

**ПРОКТАЛГИЯ – прокталгия** – көтөн чучуктун оорушу капысынан башталып, бир канча мүнөттөн бир нече саатка созулушу.

**ПРОЛЕЖЕНЬ – оюлуу** – ткандардын жергиликтүү чирүүсү; узак убакыт ооруп жатканда эт оюлма дарт; ткандарга болгон узак убакыт басымдын таасиринен дене бөлүгүндөгү майда кан тамырлардын жана четки нерв тамырларынын жабыркоосу менен коштолгон ткандардын жергиликтүү чириши.

**ПРОЛИФЕРАЦИЯ – пролиферация** – клеткалардын бөлүнүп көбөйүшүнүн негизинде ткандардын өсүшү.

**ПРОСЛУШАТЬ ЛЕГКИЕ – өпкөнү тыңшоо** – өпкөнүн дем алышын угуу.

**ПРОСТАТИТ** *гр.* **– простатит** (алдыда турган + сезгенүү) – урук чыктагыч безинин сезгенүүсү. Курч мүнөздө сезгенүүлөрдү көбүнчө кокк бактериялары козгосо, өнөкөт түрүндө өтүүчү урук чыктагыч безинин сезгенүүсүнө гонококктор, трихомонаддар, кургак учук микобактериялары, микоплазмалар, хламидиялар, вирустар, L түрүндөгү бактериялар себепкер болушат.

**ПРОСТУДА – суук тийүү** – мурун, тамак жана бронхтордун былжырлуу катмарларынын сезгениши менен коштолуучу кеңири таралган инфекциялуу вирустук оору.

**ПРОТИВОЗАЧАТОЧНЫЕ ПРЕПАРАТЫ – бойго бүтүрбөөчү дары-дармектер** – аялдардын боюна бүтүрбөө мүмкүнчүлүгү бар дары-дармектер. М: ооздон ичүүчү каражаттар (комбинированные оральные контрацептивы – КОК); гормоналдык бойго бүтүрбөөчү каражаттар (гормональная контрцепция); «Мирена» ийне менен саюучу контрацептивдик каражаттары, «Евра» гормоналдык жабыштыргычы; жатын ичине салынуучу каражат; баръердик – механикалык (тоскоолдук кылуучу) бел капча; хирургиялык бөгөт коюу (хирургическая стерилизация) ж.б.

**ПРОТИВОПОКАЗАНИЯ – каршы көрсөтмөлөр** – колдонууга жарабай турган көрсөтмөлөр. М: кан куюуга каршы көрсөтмөлөр (противопоказания к переливанию крови).

**ПРОФЕССИОНАЛЬНЫЕ БОЛЕЗНИ – кесиптик оорулар** – аткарган кызматынын түздөн-түз таасиринен пайда болгон оору. М: дирилдөөдөн болуучу оорулар, пневмокониозосиликоздор, вегетосенситивдик полиневриттер ж.б.

**ПРОФИЛАКТИКА – алдын алуу** – оорунун жана мертинүүнүн алдын алуунун комплекстүү иш-аракеттери, тобокел факторлорду жок кылуу. М: инфекциялардын алдын алуу (профилактика инфекций).

**ПРОЦЕДУРА – процедура, дарылоо** – оорулуу адамга жасалуучу медициналык иш-аракеттер.

**ПРОЦЕДУРНАЯ – дарылама бөлмөсү** – медициналык процедуралар жүргүзүлүүчү бөлмө.

**ПРЫЩ – безетки** – теридеги бездердин сезгенишинен болгон өнөкөт дарт. Эндогендик безеткинин себеби – өспүрүмдөрдүн организминдеги гормоналдык өзгөрүүлөр.

**ПРЯМАЯ КИШКА – көтөн чучук** – арткы тешиктен 13–16 см жогору аралыктагы жоон ичеги.

**ПСАММОТЕРАПИЯ** *гр.* **– псаммотерапия** – ысык кум менен дарылоо физиотерапиялык процедурасы.

**ПСИХИЧЕСКИЙ БОЛЬНОЙ – психикалык оорулуу** – психикасы, кулк-мүнөзү өзгөрүлгөн адам.

**ПСИХОЛОГИЯ** *гр.* **– психология** (жан, мүнөз + окуу, илим) – адамдын психикасы, аң-сезими, ички дүйнөсүндө өтүүчү психикалык процесстердин пайда болушу, түзүлүшү, өсүп-өнүгүшүнүн мыйзам ченемдерин жана абалын изилдөөчү илим.

**ПТИЧИЙ ГРИПП – куш тумоосу** *(Grippus avium)* – $H_5N_1$ (жугуштуу дарт); бул тумоону курам түзүлүшүндө РНКлуу *Influenza virus A* түрүндөгү вирус чакырат.

**ПТОЗ – птоз** – көздүн үстүңкү кабагынын көз чанагынын ылдыйкы бөлүгүнө түшүп калышы.

**ПУЗЫРЬ СО ЛЬДОМ – муз баштык** – ичине муз бөлүкчөлөрү сакталган резинадан жасалган медициналык буюм.

**ПУЛЬПА ЗУБА – тиш өзөгү** – тиштин ички заты.

**ПУЛЬС – кагуу** – тамырдын кагышы, согуусу. М. тамырдын кагышы (биение пульса).

**ПУНКТАТ – пунктат** – пункция жолу менен (чымчып алынышы мүмкүн) лабораториялык изилдөөлөр үчүн органдан алынган ткандын үлгүсү же суюктук.

**ПУНКЦИЯ** *лат.* **– пункция** – дарт табуу жана дарылоо максатында кан тамырга (негизинен вена) же органдардын көңдөйлүү жерине атайын көңдөйлүү ийне менен жасалуучу медициналык процедура.

**ПУПОВИНА – киндик тамыр** – киндик түтүгү, киндик чылбыры.

**ПУПОК – киндик** – бала түйүлдүгү менен энениин денесин бириктирип туруучу, түйүлдүктү азыктандыруу үчүн кызмат кылуучу түтүкчө, туулгандан кийин анын курсактын сыртында сакталган орду.

**ПУПОЧНАЯ ГРЫЖА – киндик чуркусу** – оору. М: баланын кысылбаган тубаса киндик чуркусу (врожденная пупочная грыжа ребенка без ущемления).

**ПУСТУЛА** *лат.* **– ириңче** – ириңдүү исиркек; теринин эпидермис катмарындагы майда бүдүр – экссудативдик ириңчелер.

# Р

**РАБДОМИОМА** *гр.* **– рабдомиома** (таяк, чыбык, тилке + шишик) – тулку бой жана муундардын жанындагы булчуң эт катмарында кездешүүчү түбү залалсыз шишик; сейрек учурларда тил, жүрөк жана аялдардын жыныс органдарынын рабдомиомасы кездешет.

**РАБДОМИОСАРКОМА – рабдомиосаркома** – дененин туурасынан кеткен таргыл булчуңдарын жабыркаткан коркунучтуу шишик.

**РАВНОВЕСИЕ КИСЛОТОЩЕЛОЧНОЕ – кычкылдык-жегичтүү тең салмактуулук** – кандагы көмүр кычккылдыгы менен бикарбонат ортосунда өз ара катнаштын тең салмактуулугу.

**РАДИКАЛЬНАЯ ОПЕРАЦИЯ – радикалдык операция** – оорудан толук айыктыруучу хирургиялык операция, денедеги коркунучтуу шишикти алып таштоо операциясы.

**РАДИКУЛИТ** *лат.* **– радикулит** – үзмө дарты. Нерв тамырча; жүлүндүн омуртка аралык тамырчаларынын сезгениши. М: бел жана чычаң омурткалар аралык нерв тамырчаларынын сезгениши (пояснично-крестцовый радикулит); моюн жана көкүрөк омурткалар аралык нерв тамырчаларынын сезгениши (шейно-грудной радикулит).

**РАДИОИММУНО-АНАЛИЗ – радио-иммунологиялык анализ** – изотоптук изилдөө, биологиялык суюктуктардагы биологиялык активдүү заттардын сандык өлчөмүн аныктоо үчүн радиоактивдүү индикаторлорду (радиоактивдүү йод) пайдаланууга негизделген иммунологиялык ыкма.

**РАДИОНУКЛИД – радионуклид** – ар кыл ооруларды аныктоо жана айыктыруу үчүн, ошондой эле медициналык буюмдарды жана дары-дармектерди радиациялык жол менен залалсыздандырууда радиоактивдүү индикатор катары колдонула турган радиоактивдүү изотоп.

**РАДИОПИЛЮЛЯ – радиопилюля** – изилдөөлөрдүн жүрүшүндө бейтап жутууга тийиш болгон радиоөткөргүчү бар кичинекей капсула.

**РАДИОТЕРАПИЯ – радиотерапия** – радиоактивдүү заттар менен дарылоо. М: тиреотоксикоз дартын радиоактивдүү йод менен дарылоо (радиойодтерапия при тиреотоксикозе).

**РАДУЖНАЯ ОБОЛОЧКА ГЛАЗА – көздүн карек айланасындагы чели** – каректин кан тамырлуу кабыгынын алдыңкы бөлүгү.

**РАЗГАР БОЛЕЗНИ – оорунун күчөгөн кези** – оору күч алган учур.

**РАЗДРАЖИТЕЛЬ – дүүлүктүргүч** – ткандардын дүүлүгүүсүн жаратуучу буюм же зат.

**РАЗОВЫЙ – бир эле жолу** – бир гана мертебе. М. Бир эле жолу ичилүүчү таблетка.

**РАЗРЫВ СУХОЖИЛИЯ – тарамыштын үзүлүүсү** – тарамыштын мертинүүсүнүн бир түрү.

**РАК – рак (*cancer*)** – оору: онкологиялык оорулардын жалпы аталышы; залалдуу (коркунучтуу) денеге таркалуучу шишик оору, эпителиалдуу ткандардан өсүп чыккан залалдуу шишик оорусу. М: ашказан рагы (рак желудка).

**РАК МОЛОЧНОЙ ЖЕЛЕЗЫ – эмчек рагы** – сүт безинин коркунучтуу шишиги; негизинен карцинома, чанда бир учурларда саркома.

**РАКОВАЯ ОПУХОЛЬ – рак шишиги** – залалдуу дарт.

**РАННИЕ ПРИЗНАКИ БОЛЕЗНИ – оорунун алгачкы белгилери** – оорунун эрте келген (билинген) белгилери.

**РАНА – жараат** – теринин, ткандардын, органдардын, былжыр челдин бүтүндүгүнүн механикалык жана физикалык факторлордун таасиринен бузулушу; тери жаракаты (рана кожи). М: сайылган жараат (колотая рана); кесилген жараат (резаная рана); тытылган жараат (рваная рана); чабылган (кертилген, кылыч, чалгы, балта) жараат (рубленая рана); тиштелген жараат (укушенная рана); жанчылган жараат (ушибленная рана); жанчылып, ылжыраган жараат (размозженная рана); кескиленген жараат (скальпированная рана).

**РАНЫ ОГНЕСТРЕЛЬНЫЕ – ок тийген жараат** – жарадар болуу; көзөлгөн жараат (проникающее ранение); көзөп өткөн ок жарааты (сквозное ранение); терини (органды) жандап өткөн ок жарааты (касательное пулевое ранение); туюк жараат (слепое ранение); ички органдарды жабыркаткан ок жарааты (ранение с повреждением внутренних органов) ж.б.

**РАСПРОСТРАНЕННОСТЬ – таралгандык, жайылгандык.** М: инфекциялык оорунун таралышы (распространенность инфекционной болезни).

**РАССАСЫВАНИЕ – сиңирүү, таркоо, жануу** (М: инфильтрат).

**РАССТРОЙСТВО – 1. Бузулуу** – бузулгандык. М: ашказандын иштешинин бузулушу, оору белгиси (расстройства желудка). **2. Капалануу** – кайгылануу. М: кызматкердин кечиккенине капа болуу (быть в расстройстве из за опоздания сотрудника).

**РАСТВОР – эритинди** – эритме. М: хлораминдин эритиндиси (раствор хлорамина).

**РАСТВОР РИНГЕРА – рингер эритиндиси** – натрий (кадимки туз), калий жана кальций хлориддеринин түссүз, жаңы кайнатылган суудагы тунук физиологиялык эритиндиси.

**РАСТВОР ФИЗИОЛОГИЧЕСКИЙ – физиологиялык эритинди** – ткандардын жашоосуна кубат берүүчү эритиндилер тобунун түрү; бул эритиндилердин курамына белгилүү бир концентрациядагы (калий, кальций, натрий, хлор, магний, глюкоза жана кычкылтек, бикарбонат, фосфор иондору) заттар кирет.

**РАСТЯЖЕНИЕ СУХОЖИЛИЙ – тарамыштын чоюлушу** – байламтанын жабыркоосу.

**РАСШИРЕНИЕ ЖЕЛЧНОГО ПУЗЫРЯ – өт чел кабынын кеңейиши** – өт баштыкчасынын чоюлушу.

**РАСЩЕЛИНА – жарака.** М: 1. эмбриондук өнүгүү мезгилинде таңдайдагы эки бөлүктүн бири-бири менен бирикпей калуусунун натыйжасындагы жарака; тубаса таңдай аномалиялык кемтиги. 2. Сөөк сыныктарынын ортосундагы жарака.

**РАХИТ – итий** – D витамининин жетишсиздигинен сөөктөгү кальцийдин ченемден аз болушу менен мүнөздөлгөн балдар оорусу; тамак-ашта D витамини жетишпеген учурда ичегилерде кальцийди сиңирип алуусу начарлап,

канда жана сөөктөрдө кальций туздарынын азайуусунун натыйжасында сөөк жумшарып, ийрейип, өсүү процесси бузулат.

**РВОТА – кусуу** – жагымсыз дүүлүгүүдөн тамак-аштын ооздон кайра чыгышы. Ашказандагы маңызды ооз аркылуу сыртка чыгаруу менен байланышкан рефлектордук акт.

**РВОТНОЕ СРЕДСТВО – кустуруучу дары.** М: апоморфин гидрохлориди.

**РЕАБЛИТАЦИЯ БОЛЬНОГО – оорулууну калыбына келтирүү** – ар кыл оору же мертинүүлөрдөн кийин бейтаптын өздүк активдүүлүгүн калыбына келтирүүгө багытталган дарылоо. М: мээ чайкалуусунан кийинки реабилитациялык кароодо баланын эсептөөлөрдү жүргүзүүдө шыктуулугун жогорулатууга үйрөтүүчү эсептик колдонмо абак тактайчаларын колдонуу; реабилитациялык дарылоодо физиотерапиялык ыкмаларды кеңири пайдалануу.

**РЕАКЦИЯ – реакция** – заттардын бири-бирине таасир кылышы; организмдин тышкы же ички таасирге жообу.

**РЕАНИМАЦИЯ – жандандыруу** – адамга чукулунан көрсөтүлгөн жардам, тирилтүү иш-аракети. М: клиникалык өлүм абалындагы оорулууну жандандыруу (реанимация больного при клинической смерти).

**РЕВМАТИЗМ** *гр.* **– кызыл жүгүрүк** – туташтырма ткань, муун, жүрөк жана булчуңдардын сезгенүү оорусу менен коштолгон инфекциялык-аллергиялык оору.

**РЕГЕНЕРАЦИЯ ТКАНИ – ткандардын регенерациясы** – ткандардын жаңыланып калыбына келүүчүлүк өсүшү.

**РЕГИСТРАТУРА – каттоо жайы** – бейтапты кабыл алган мекемедеги каттоочу бөлүм. М: райондук үй-бүлөлүк медицина борборунун каттоо жайы.

**РЕЗЕКЦИЯ – резекция** – дененин мүчөсүн же органдын бөлүгүн хирургиялык операция жолу менен кесип таштоо.

**РЕЗЕРВНЫЙ ОБЪЕМ ЛЕГКИХ – өпкөнүн резервдик көлөмү** – дем алуу, дем чыгаруудагы резервдик көлөм: те-

рең дем алып, кайрадан толук дем чыгаруудан башка дагы талап кылууга мүмкүн болгон кошумча аба көлөмү.

**РЕЗЕЦ (ЗУБ) – маңдай тиш** – кашка тиш.

**РЕЗКАЯ БОЛЬ – чыдагыс ооруу** – капилеттен чыдатпай оору.

**РЕЗОРБЦИЯ – резорбция, сиңирүү** – соруу, жутуу. М: ткандардын сорулушу жана эрип жок болушу (рассасывание и растворение тканей); сөөк ткандарынын кыйроо жана сорулуу процесси (процесс разрушения и рассасывания (деградации) костной ткани).

**РЕЗУС ФАКТОР – резус фактор** – эритроциттер кыртышында кездешүүсү мүмкүн болгон өзгөчө агглютиноген (антиген): бул фактор адамдын канында кездешпеген болсо терс резустуу деп аталат; терс резустуу жана оң резустуу кан ортосундагы дал келбөөчүлүк жаңы төрөлгөн балдардын гемолитикалык оорусуна алып келет.

**РЕКОНВАЛЕСЦЕНТ – реконвалесцент** – оорудан сакайып келе жаткан киши.

**РЕМИССИЯ** *лат.* **– ремиссия** – оору белгилеринин (симптомдорунун) басаңдашы же толук бойдон убактылуу жоголуп кетиши.

**РЕНОГРАФИЯ – ренография** – вена кан тамырына радиоактивдүү затты жибергенден кийин гамма камеранын жардамы аркасында бөйрөктөрдүн функционалдык мүмкүнчүлүгүн жана алардан сийдиктин чыгуу ылдамдыгын аныктоочу рентгенологиялык изилдөөгө алуу ыкмасы.

**РЕНТГЕНОКИНО-МАТОГРАФИЯ – рентгенокинематография** – организмде тездик менен болуп өтүүчү өзгөрүүлөрдү чагылдыруучу рентгендик изилдөөчүлүк ыкма; мындай изилдөө аркылуу адам денесинин динамикадагы ар кыл органдарынын иштөөсүн байкоо мүмкүнчүлүгү алынат.

**РЕНТГЕНОЛОГ – рентгенолог** – рентгенология жана рентгенотерапия жагынан адис доктур.

**РЕНТГЕНОТЕРАПИЯ – рентгенотерапия** – рентген нурунун жардамы менен дарылоо.

**РЕОГРАФИЯ** *гр.* **– реография** – кан тамырлардын кан менен толуу кагымынын термелүүсүн графикалык аныктоо ыкмасы.

**РЕПЛАНТАЦИЯ – реплантация** – мертинүү кокустуктарынын натыйжасында жулунуп, үзүлүп калган адам денесинин бөлүктөрүн микрохирургиялык операция жолу менен кайра ордуна жалгоо. М: кокустан жулунуп калган тишти кайрадан өз ордуна салуу (реимплантация зуба); алынган тиштин ордуна жасалма тишти орнотуу (зубной имплантат); сийдик агуучу түтүктү табарсык бетине жармаштырып тигүү (реимплантация мочеточника).

**РЕПОЗИЦИЯ – репозиция** – сөөк сыныктарынын жакшы бүтүп калыбына келиши үчүн сынган сөөктөрдү бирбирине туура кынап түздөө медициналык процедурасы.

**РЕПРОДУКТИВНОЕ ЗДОРОВЬЕ – репродуктивдүү саламаттык** – тукум улоочу саламаттык. М: өспүрүмдөрдүн тукум улоочу саламаттык абалы (состояние репродуктивного здоровья подростков).

**РЕПРОДУКЦИЯ – тукум улоо** – адамды биологиялык түр катары сактоо үчүн зарыл болгон физиологиялык функция. М: Адамдын тукум улоочулук клиникасынын дарт аныктоо, дарылоо, медициналык кеңеш берүү ишмердиги (лечебно-диагностическая, медико-консультативная деятельность клиники репродукции человека).

**РЕСПИРАТОР** *лат.* **– респиратор** – адамдан дем алуу органдарын чаңдан, заяндуу заттардан коргоочу бет кап. М: медициналык коргогуч беткап; FFP 2 – FFP 2 түрүндөгү бет кап.

**РЕТИНИТ – ретинит** – көздүн тордомо челинин сезгениши.

**РЕТРОГРАДНАЯ АМНЕЗИЯ – ретрограддык амнезия** – оорунун же жабыркоонун (бертинүү) кесепетинен өткөндүн айрым бир учурларын таптакыр унутуп, эстей албоо.

**РЕФЛЕКС – рефлекс** – жандуу организмдин тышкы же ички таасирге нерв системасы аркылуу кайтарган жоо-

бу (шартсыз (тубаса) жана шарттуу кабыл алынган рефлекс).

**РЕЦЕПТ – рецепт** – дары алуу үчүн дарыканага жазылган жолдомо.

**РЕЦЕПТОРЫ** *лат.* **– рецепторлор** – сезгич нерв талчалары. М: афференттик (борборго умтулуучу) нерв жипчелери.

**РЕЦИДИВ БОЛЕЗНИ – оорунун кайталанышы** – оорунун кайрадан козголушу, күчөп оорушу.

**РЕЦИПИЕНТ – реципиент** – башка адамдын клеткаларын, ткандарын, органдарын өзүнө кабыл алган киши.

**РЕШЁТЧАТАЯ КОСТЬ – каңылжаар сөөк** – мурундун жогору жагынан орун алган жука калбыр сыяктуу сөөк.

**РИБОФЛАВИН – рибофлавин, витамин $B_2$** – сууда эрүүчү, адамдын организми үчүн олуттуу витаминдердин бири, организмде көптөгөн биохимиялык процесстердин коферменти.

**РИНОПЛАСТИКА** *гр.* **– ринопластика** – мурундун формасын өзгөртүү үчүн жасалуучу пластикалык операция, көбүнчө имплантат (сөөк, кемирчек, тери, жасалма имплантат) пайдалануу менен жасалат.

**РОДИЛЬНИЦА – төрөгөн аял** – төрөт үйүнөн чыга элек, жаңы эле төрөгөн аял.

**РОДИЛЬНЫЙ ДОМ – төрөт үйү** – кош бойлуу аялдарга, төрөгөнгө чейин, төрөт учурунда, төрөттөн кийин жогорку квалификациялуу медициналык жардам көрсөтүүчү медициналык мекеме.

**РОДИНКА – кал** – мең. Тубаса же кийин пайда болгон теридеги пигменттик түзүлүш, так (врождённые или приобретённые пигментированные образования на коже).

**РОДНИЧОК – эмгек** – ымыркай баланын төбөсүндөгү былкылдак жери.

**РОДОВОЙ КАНАЛ – төрөт жолу** – ымыркайдын төрөлүү жолу; жатындын алдыңкы сегменти, жатын моюнчасы, сырткы жыныс кыны, кичи жамбаш чара булчуңдары жана фасциялары.

**РОДОВСПОМОЖЕНИЕ – төрөтүү** – төрөткө жардам берүү.

**РОДОРАЗРЕШЕНИЕ – төрөө** – күмөндүн жана күмөн тонунун жатындан жана төрөт жолдорунан сыртка түртүлүп чыгышы.

**РОДЫ ПРЕЖДЕВРЕМЕННЫЕ – ара төрөө** – төрөт убактысынан эрте төрөп коюу.

**РОЖА** (рожистое воспаление) **– тилме, кыйма** – тери алдында бактериялар пайда кылган инфекциялык оору. А тобундагы бетагемолитикалык стрептококк жабыркатуучу жугуштуу дарт.

**РОЖДАЕМОСТЬ – төрөлүүчүлүк** – төрөлүү көрсөткүчү. М: Өлкөдө төрөлүү быйылкы жылы, өткөн жылдагыга салыштырмалуу 1,5% га өскөн.

**РОЖЕНИЦА – төрөөчү аял** – төрөтканадагы жакын арада төрөй турган аял; төрөт мезгили келген аял.

**РОЗЕОЛА** *лат.* **– кызыл так** *(Roseola)* – герпестик вирустун 6-7-эки штаммы чакыруучу жугуштуу дарт.

**РОСТ – бой** – дене узундугу. М: жаңы төрөлгөн ымыркайдын боюнун узундугу 52 см. (рост новорождённого ребёнка 52 см.).

**РОСТОМЕР – бой ченегич** – бойду өлчөөчү шайман.

**РОТ – ооз** – тамак сиңирүү системасынын баштапкы бөлүгү.

**РОТОРАСШИРИТЕЛЬ ВИНТОВОЙ – бурамалуу ооз кеңейткич** – хирургиялык аспап.

**РТУТЬ – сымап** – бөлмө температурасында суюк абалда туруучу күмүш түстүү металл; меркузал, промеран дарылары жана антисептикалык заттардын курамында колдонулат; медициналык термометрдин негизги жумушчу бөлүгү.

**РУБЕЦ – берч** – тырык, тыртык, так.

**РУКА – кол** – адамдын негизги мүчөсүнүн бири.

# С

**САЛИВАЦИЯ – шилекей чыгуу** – ооз көңдөйүндө жайгашкан шилекей бездери тарабынан иштелип чыккан шилекейдин бөлүнүп чыгышы.

**САЛЬМОНЕЛЛЁЗ – сальмонеллёз** – сальмонелла бактериялары чакыруучу ичегилердин жугуштуу курч ич өткөк дарты.

**САЛЬНЫЕ ЖЕЛЕЗЫ – май бездери** – теринин май иштеп чыгуучу бездери.

**САЛЬПИНГИТ – сальпингит** – жатын түтүкчөсүнүн (фаллопий түтүкчөсү) бактериалдык инфекциянын кесепетинен сезгениши; сальпингоофорит - фаллопий түтүкчөсү менен жумурткалык безинин сезгениши.

**САЛЬПИНГОЛИЗИС – сальпинголизис** – жатындын фаллопий түтүкчөсүнүн жумурткалык бези жайгашкан оозгу бөлүгүнүн өтүмдүүлүгүн калыбына келтирүүчү хирургиялык операция.

**САНАЦИЯ – санация** – дарылоочу, дезинфекциялоочу заттар менен тазалоо. М: ооз көңдөйүн тазалоо (санация полости рта).

**САНГВИНИК – сангвиник** – чапчаң киши, көңүлү ачык киши, куунак киши; сангвиниктик темперамент (сангвинический темперамент). Жогорку психикалык активдүүлүгү, күч-кубаты, натыйжалуулугу, кыймылынын ылдамдыгы жана жандуулугу, ар түрдүүлүгү менен мүнөздөлгөн адам.

**САНИТАРИЯ – санитария** – коомдук тазалыкты жана коомдун саламаттыгын сактоо.

**САРДОНИЧЕСКАЯ УЛЫБКА – сардоникалык жылмаюу** – бет булчуңдарынын нерв системасынын жабыркашы себептүү узак убакыт жыйрыла берүүсүнөн улам, ырсайып күлүп жаткан адамдын элесин берүүчү оорулуу көрүнүш (селейме оорусунун симптому).

**САРКОИДОЗ – саркоидоз** (Бенье-Бёка-Шауман оорусу) – адам денесинин көптөгөн бөлүктөрүндө жана орган-

дарында ар кандай берчтердин пайда болушу менен жабыркашы; бул оору өпкөдө, боордо жана көк боордо, ошондой эле лимфа түйүндөрүн, нерв системасын, көздү, шилекей бездерин, терини жабыркатат.

**САРКОМА** *лат.* **– саркома** – бириктирүүчү ткандардын залалдуу шишиги; саркоматоз – дененин ар кайсы органдарына кан же лимфа тамыры аркылуу көптөгөн метастаздык жайылышы.

**САТУРАЦИЯ – сатурация, каныктыруу** – дем алууда кычкылтек менен каныгуу, суюктукту газдар менен каныктыруу, гемоглобиндин кычкылтек менен каныгышы.

**САХАРОЗА – сахароза** – курамына глюкоза жана фруктоза кирген углевод.

**СВЕДЕНИЕ НОГИ – буттун тырышуусу** – бут булчуңдарынын карышып, тырышып калуусу.

**СВЁРТЫВАНИЕ – уюу** – кан агууга карата организмдин коргоочу реакциясы. М: кандын уюшу (свертывание крови); кан уютуучу факторлорунун (коагуляциялык) негизинде кандын суюк абалдан килкилдек коюу абалга өтүшү. Организмди кан көп жоготуудан сактоочу биохимиялык реакция.

**СВЕТОБОЯЗНЬ – жарыктан коркуу** – жарыкты карай албоо.

**СВЕТОЛЕЧЕНИЕ – жарык менен дарылоо** – оорулууну жасалма жарык менен дарылоо. М: организмге ультракызгылткөк, инфракызгылт жана жарык нурун ченемдеп таасир кылуу (дозированное воздействие на организм инфракрасного, видимого и ультрафиолетового излучения).

**СВЕЧИ – шам сымал дарылар** – денеге киргизилүүчү дозаланган дары. М: Цефекон шамы; Шам сымал виферон (иммундук модулятор) дарысы.

**СВИЩ – кулгуна, тешик жара** – ички органдан башталып, сыртка чыгуучу кобул же түтүкчө. М: жараат тешиги (раневой свищ); киндиктин тубаса кемтик тешиги (врожденные свищи пупка).

**СВОД ЧЕРЕПА – баш сөөктүн төбөсү** – мээни капталдарынан жана үстүнөн жаап турган, бири-бири менен бекем бириккен баш сөөк.

**СВЯЗКА – байламта** – муунду бекемдей турган бир тутам бириктирүүчү ткань, ийилчээк болуп, муун кыймылдарын жөндөп турат..

**СГУСТОК КРОВИ – уюган кан** – денеден аккан кандын коюланып килкилдеп калышы.

**СДАВЛЕННЫЙ ГОЛОС – кысылып чыккан үн** – буулуккан үн. М: спастикалык дисфонияда бейтаптын үнү кысылып, күчөнүп чыгат (у больного при спастической дисфонии голос сдавленный, напряженный).

**СЕБОРЕЯ** *лат. гр.* – **себорея** (жаныбар майы +агуу) – теринин май иштеп чыгуучу бездеринин нервдик жана нейроэндокриндик жөндөөсүнүн бузулушунан тери майын өзгөчө көп иштеп бөлүп чыгаруусу жана териде ооруу сезиминин коштолушу.

**СЕДАЛИЩНАЯ КОСТЬ – көчүк сөөк** – жамбаш сөөктөрдүн бөлүгү.

**СЕДАЛИЩНЫЙ НЕРВ – көчүк нерви** – адам организминдеги эң чоң нерв.

**СЕДАТИВНАЯ ТЕРАПИЯ – седативдик терапия** – жоошутуучу, ныксыратуучу дарылар менен дарылоо.

**СЕКВЕСТР – секвестр** – өлүү ткань, өнөкөт остеомиелит оорусунда пайда болуучу сөөк тканынын ажыраган бөлүгү.

**СЕКРЕТ ЖЕЛЁЗ – без суюктугу** – денедеги бездерден иштелип чыккан биологиялык активдүү аралашма зат.

**СЕКРЕЦИЯ – секреция** – бездердин биологиялык активдүү өзгөчө заттарды бөлүп чыгарышы.

**СЕКСОЛОГИЯ – сексология** – жыныстын жана жыныстык мамиленин анатомиялык, физиологиялык, тукум улоо, ошондой эле сексуалдык жактан бардык аспектилерин, анын ичинде функционалдык бузулууларын, дарылоо жана алдын алуу аракеттерин изилдей турган медедициналык илимдердин бөлүгү.

**СЕКСУАЛЬНЫЙ (ая, ое) – сексуалдуу** – жыныстык сезимди дүүлүктүрүүчү, суктандыруучу келбет.

**СЕЛЕЗЁНКА – көк боор** – ретикулэндотелиалдык системасындагы орган; негизги функциялары: лимфопоэз-лимфоциттерди иштеп чыгаруу, антителолорду пайда кылуу (иммундук); кандын иштен чыккан элементтерин жараксыздандыруу, керектен чыккан эритроциттерди жараксыздандыруу менен боордо өттүн иштелип чыгышына таасир берүү, зат алмашууга катышуу; канды топтоо.

**СЕМЕННОЙ КАНАТИК – эн танабы** – эркектин жумурткасынын жогорку жагында турган, жумуртканы өөдө көтөрүүчү жумуртканын урчугу.

**СЕМИНОМА** *лат.* **– семинома** – эркектердин урук безиндеги эмбриондук (жумурткалык) клеткалуу залалдуу шишик.

**СЕНСИБИЛИЗАЦИЯ – сенсибилизация** – клеткалардын жана ткандардын сезгичтигинин жогорулашы.

**СЕПСИС** *гр.* **– кан зилдөө, сепсис** – бактериялык инфекциянын канга өтүү дарты. Микробдордун жана микробдук токсиндердин канда көбөйүп бүт организмге тарашынан өнүккөн оору.

**СЕПСИС ГЕМАТОГЕННЫЙ – гематогендик кан зилдөө** – кан аркылуу таралган сепсис.

**СЕПТИКОПИЕМИЯ – септикопиемия** – кан аркылуу жалпы интоксикация болуу менен бирге органдарга ириңдүү абсцесстердин таралышы, ириңдүү кан зилдөө.

**СЕРДЕЧНАЯ АСТМА – жүрөк муунтма** – жүрөк астма дарты, өпкөдө кан жакшы акпай топтолуп дем кыстыгуу менен коштолуучу жүрөк муунтма оорусу.

**СЕРДЦЕ – жүрөк** – жаныбар жана адамдын жүрөк-кан тамыр системасынын борбордук органы. Жүрөктүн булчуңдуу капталынын ыргактуу жыйрылышы организмдеги кандын үзгүлтүксүз кыймылын камсыз кылат. Адамдын жүрөгү 4 камерага (оң жана сол дүлөйчө, оң жана сол карынча) бөлүнгөн көңдөй булчуңдуу орган.

**СЕРДЦЕБИЕНИЕ ПЛОДА – күмөндүн жүрөгүнүн согуусу** – түйүлдүктүн жүрөгүнүн сокконунун билиниши.

**СЕРОЗНАЯ ЖИДКОСТЬ – илээшме суюктук** – сероздук кабыкчалар бөлүп чыгаруучу ак түстөгү тунук суютук. М: Плевралык көңдөйдөгү илээшме суюктук.

**СЕТЧАТАЯ ОБОЛОЧКА ГЛАЗА – көздүн тор кабыкчасы** – көздүн эң ички катмары.

**СИАЛОАДЕНИТ – сиалоаденит** – шилекей бездеринин сезгениши.

**СИБИРСКАЯ ЯЗВА – күйдүргү** – *Bacillus anthracis* споралуу бактериялардын денеге жугушунан келип чыгуучу зооантропоноздук курч инфекциялык мүнөздөгү жугуштуу оору.

**СИГМОИДИТ – сигмоидит** – ичегинин сезгениши.

**СИДЕРОПЕНИЯ** *гр.* **– сидеропения** – организмде темирдин жетишсиздиги, негизинен туура эмес тамактануудан кан плазмасында темирдин жетишсиздиги анемиясы пайда болушуна таасир берет.

**СИДЕРОФИЛИЯ – сидерофилия** (гемохроматоз) – организмдин темирди ашыкча чогултуусунан боор, уйку бези жана эндокриндик без функцияларынын бузулушуна алып келүүчү оору.

**СИЛИКОЗ – силикоз** – өпкө ткандарынын таштай болуп катышы; дем алган абада кремний диоксидинин чаңдары болгон шартта иштеген кесипке байланышкан өпкөнүн (пневмокониоздук) оорусу.

**СИМБИОЗ** *гр.* **– симбиоз** (биргелешип + жашоо) – ар кандай организмдердин узакка же дайыма биргелешип жашоосу; ар түрдүү организмдердин бири бирине ыкташып жашоосу.

**СИМПТОМ – симптом** *(presenting symptom)* – бейтапты доктурдун жардамына кайрылууга аргасыз кылган белгилердин бири.

**СИМФИЗИТ – симфизит** – чаткаяк ашташынын сезгениши.

**СИНДАКТИЛИЯ** *гр.* **– синдактилия** – кол же бут манжаларынын бири бирине тубаса жармашып калышы.

**СИНДРОМ – синдро**м – кайсы бир мүнөздүү оорунун клиникалык өтүшүн мүнөздөөчү субъективдүү жана объективдүү симптомдордун тобу: М: Шихан синдрому *(Sheehan's Syndrome)*: кош бойлуулук учурундагы катуу кансыроодон улам пайда болуучу гипопитуитаризм абалы, агалактия, тукумсуздук, аменорея, ички жана сырткы жыныс органдарынын атрофиясы мүнөздүү.

**СИНДРОМ ДАУНА – даун синдрому** – адам организминде генетикалык тубаса аномалиянын натыйжасында кариотип, 21-хромосоманын трисомия болуп өзгөрүшүнөн, 46 эмес 47 хромосомага барабар болушунан улам келип чыгуучу оору.

**СИНОВЭКТОМИЯ – синовэктомия** – муундун синовиалдык кыртышын алып салуу хирургиялык операциясы.

**СИРИНГОМИЕЛИЯ – сирингомиелия** – жүлүндө патологиялык көңдөйчөлөрдү пайда кылуучу нерв системасынын өнөкөт өнүгүүчү дарты.

**СИСТЕМА** *гр.* **– система, тутум** – бөлүкчөлөрдөн түзүлгөн бүтүн, бириктирилген (бириккен); бир бүтүндүктү түзгөн, бири-бири менен байланышкан бир канча элемент, биримдик. М: организмде кайсы бир физиологиялык функцияны аткаруучу орган жана ткандардын жыйындысы: нейроэндокриндик система, нерв системасы; дем алуу системасы; иммундук система, тукум улоо система.

**СИСТЕМА КРОВООБРАЩЕНИЯ – кан айлануу системасы** – организмде кандын айлануусу, ага жүрөк, кан тамырлар жана лимфа системасы кирет.

**СИСТЕМА ФИГО – фиго системасы** *(Figo Staging)* – жумурткалык без, жатын жана жатын моюнчасындагы залалдуу шишиктин жайылуу деңгээлин аныктоо үчүн эл аралык акушерлик жана гинекология федерациясы иштеп чыккан классификация.

**СИСТОЛА – систола** – жүрөк циклинин жүрөк булчуңдарынын жыйрылышы менен коштолуучу мезгили, жүрөк карынчаларынын систоласы *(ventricular systole)*.

**СИФИЛИС – котон жара** – негизинен жыныстык жолдор аркылуу берилип, бүтүндөй организмди жабыркатa турган инфекциялык (венерикалык) өнөкөт оору.

**СКАЛЬПЕЛЬ – скальпель** – хирургиялык бычак, мизи учтуу хирургиялык аспап, наштар.

**СКАРЛАТИНА – скарлатина** – А тобундагы гемолитикалык стрептококктор пайда кылуучу жугуштуу оору.

**СКЕЛЕТ ЧЕЛОВЕКА – кишинин скелети** – сөөк комплексинен турган форма түзүүчү катуу негиз, этсиз сөөктөр.

**СКИПИДАР – скипидар** – ийне жалбырактуу жыгачтын чайырларындагы, терпен жана терпеноиддердин кошулмасынан жасалган медицинада айрым дары каражаттарынын курамына кошулуп пайдаланылуучу суюктук.

**СКЛЕРА – көздүн агы** – көз алмасынын ак, сырткы фиброздук чели.

**СКЛЕРОЗ – склероз** – органдардын иштөө элементтеринин өлүү процесси, кыйроосу жана алардын ката баштaшы. М: элегей склерозу (склероз рассеянный) мээ же жүлүн нерв талчаларынын миелин кабыкчасынын жабыркоо таасиринен аутоиммундук өнөкөт оорусу.

**СКЛЕРОТОМИЯ – склеротомия** – көздүн агын (склераны) жара тилүү менен жасалуучу хирургиялык операция.

**СКОЛИОЗ** *гр.* **– сколиоз** – омуртка түркүгүнүн капталына кыйшайышы.

**СКОРАЯ ПОМОЩЬ – тез жардам** – шашылыш жардам көрсөтүү.

**СКРИНИНГ ТЕСТ – скрининг тести** – кайсы бир ооруга тез алдыруусу мүмкүн болгон адамдарды табуу максатында, көп адамдар тобун изилдөөгө алуу үчүн колдонулуучу жөнөкөй дарт табуучулук тести.

**СКРЫТОЕ ТЕЧЕНИЕ БОЛЕЗНИ – оорунун билинбей өтүшү** – оору башталгандан алгачкы симптомдору билингенге чейинки мезгил.

**СКУЛОВАЯ КОСТЬ – бет сөөгү** – беттин урчугун түзгөн чүкө сөөгү.

**СЛАБОУМИЕ – кем акылдык** – билүү жөндөмдүүлүгүнүн төмөндүгү.

**СЛЕЗА – жаш** – жаш бездери тарабынан бөлүнүп чыга турган суюктук; көздүн сырткы чел кабыгы (роговица) менен коньюнктив нымдалып турушун камсыздайт жана курамында лизоцим болуп оорудан коргойт.

**СЛЕПАЯ КИШКА – сокур ичеги** – мөөндүн туюк учу.

**СЛЕПОТА – сокурдук, көрдүк, азиздик** – жарыкты кабыл алуу мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу.

**СЛИЗЬ – былжыр** – былжырлуу кыртыштар бөлүп чыгаруучу илээшме суюктук; былжыр гликопротеиндерден турган нымдоочу зат, аны бөлүп чыгаруучу кыртыштар үчүн тоскоол. -*фарм.* Териге сүртүүчү дары каражаттарды, эрибей турган суспензияларды даярдоодо майлоочу материал катары колдонулуучу каучуктун коюуланган суулуу эритиндиси.

**СЛОНОВОСТЬ НОГ – бут күпчөгү** – лимфедема, лимфа айлануусу бузулушунан буттун жумшак ткандарында суюктук топтолуп шишимик тартып, көөп терисин жана тери май чарымын оорутуп, чоңоюп (жооноюп) кетиши.

**СЛЮННЫЕ ЖЕЛЕЗЫ – шилекей бездери** – ооз көңдөйүндөгү шилекей бөлүп чыгаруучу орган.

**СЛЮНОТЕЧЕНИЕ – шилекей агуу** – ооз көңдөйү ооруганда шилекей бездеринин шилекейди көп бөлүп чыгарышы.

**СМЕРТНОСТЬ – өлүмдүүлүк** – каза болуу көрсөткүчү.

**СМЕРТЬ – өлүм** – ажал. М: мезгилсиз өлүм (безвременная смерть).

**СМОТРЕТЬ БОЛЬНОГО – оорулууну кароо.** М: төшөктө жаткан оорулууну медайымдык карап-багуу.

**СОВМЕСТИМОСТЬ ЛЕКАРСТВ – дарылардын сыйышкычтыгы** – шайкеш келүүчүлүгү.

**СОВОКУПЛЕНИЕ ПОЛОВОЕ – жыныстык катнашуу** – жыныстык кошулуу.

**СОГРЕВАЮЩИЙ КОМПРЕСС – жылытуучу компресс** – компресс жасоонун бир түрү. М: кулакка, тамакка, жөтөлгөндө жылытуучу компресс коюу.

**СОЕДИНИТЕЛЬНАЯ ТКАНЬ – бириктирүүчү ткань** – бириктиргич, туташтырма ткань.

**СОЗНАНИЕ – эс** – адамга гана тиешелүү болгон мээнин эң жогорку функциясы. М: эсине келүү (прийти в сознание).

**СОЗРЕВАНИЕ ПОЛОВОЕ – жыныстык жетилүү** – организмде жыныстык гормондор бөлүнүп чыгып, тукум улоочу органдардын физиологиялык функцияларды аткарууга даяр болуусу.

**СОК ЖЕЛУДОЧНЫЙ – ашказан зили** – ашказан бездери тарабынан бөлүнүп чыга турган, курамында туз кычкылдыгы, былжыр, пепсиноген, реннин жана муцин болгон суюктук – зил.

**СОКРАЩЕНИЕ МЫШЦ – булчуңдардын жыйрылышы** – нейромедиатордун, кээде гормондордун таасирине булчуң клеткаларынын реакциясы. М: денедеги булчуңдардын жыйрылышы – дем алуу, коргонуу, бөлүп чыгаруу, тамактануу, жыныстык жана башка физиологиялык процесстерге байланышкан организмдин эң керектүү функциясы.

**СОЛНЕЧНЫЙ УДАР – ысык уруу**, күн өтүү – ысык өтүү (гелиоз). М: күн нурунун ургаалдуу таасиринен мээнин иштөөсүнүн бузулушу (расстройство работы головного мозга вследствие интенсивного воздействия солнечных лучей).

**СОЛЯРИЙ – күн нуру менен дарылоочу жай** – күн ваннасын кабыл алуучу аянтча.

**СОМНАМБУЛИЗМ** *лат.* **– элирме, сомнамбулизм** – уктап жатканда басып кетүү.

**СОН – уйку –** адам дайыма сергек болушу үчүн уйку эң керектүү физиологиялык процесс.

**СОННАЯ АРТЕРИЯ – күрөө тамыр** – мээни кан менен камсыздоочу тамыр.

**СОНОТОПОГРАФИЯ – сонотопография** – адам денесиндеги ар кыл орган жана ткандардын абалын аныктоо үчүн ультра үн толкундуу аппараттарды пайдалануу. М: жатындагы түйүлдүктүн жайгашуу абалын аныктоо.

**СОСАТЬ – эмүү, соруу** – шимүү. М: ымыркай эмчек ээмп жатат (младенец сосет грудь); трахисан таблеткасын шимүү (сосать таблетку трахисан).

**СОСКОБ – кырынды** – лабораториялык анализге тканды кырып алуу.

**СОСОК – үрп** – эмчектин учу, бүдүрү.

**СОСТОЯНИЕ ЗДОРОВЬЯ – ден соолук абалы** – саламаттык абалы. М: бейтаптын акыбалы, ал-абалы (состояние больного); бейтаптын абалы туруктуу (состояние больного стабильное).

**СОСЦЕВИДНЫЙ ОТРОСТОК – упчу сымал чорчок** – кулак артындагы урчук сөөк.

**СОТРЯСЕНИЕ МОЗГА – мээ чайкалуу** – баш сөөктүн мертинүүсүнөн кийин бир канча секунддан тартып, бир канча сааттарга чейин адамдын эс-учунун жоголушу мүнөздүү болгон клиникалык белгилердин топтому.

**СОЧЛЕНЕНИЕ – ашташуу** – скелеттин сөөктөрүнүн кошулган жерлери.

**СПАЗМ– карышма –** тырышуу; булчуңдардын узак убакыт оору коштоп жыйрылуусу.

**СПАЗМОЛИТИК – спазмолитик** – тырышма жазууучу дары. М: магний сульфаты; папаверин ж.б.

**СПЕЛЕОТЕРАПИЯ – спелеотерапия** – дары каражаттарын колдонбой дарылоо ыкмасы, климаттык терапиянын бир түрү. Ыкманын маңызы үңкүрлөрдүн, туз шахталарынын микроклиматын пайдалануу.

**СПЕРМА – эрендик** – бел суу. Эрендикти сперматозоид жана уруктук суюктук түзөт; эрендиктин курамы кандын

тайпасына жараша бөтөн денечелерден, лимон кычкылдыгынан, холин, фруктозадан, пиримидин, спермидин, цианокобаламинден жана $Zn^{2+}$, $Cl^{-}$, $Ca^{2+}$, $Mg^{2+}$, $NO_3^{-}$, $PO_4^{3-}$, $K^{+}$, $Na^{+}$ иондорунан турат.

**СПЕРМАТОЗОИД – сперматозоид** – эркектик жыныстык клетка, жетилген жыныстык клетка.

**СПЕРМАТОРЕЯ – сперматорея** – эркектин урук суюктугунун оргазмдын коштоосу жок өз алдынча агып калышы.

**СПИНА – арка, жон** – моюндун төмөнкү бөлүгүнөн белге чейинки дененин арткы тарабы.

**СПИННОЙ МОЗГ – жүлүн** – омуртка көңдөйүнө жайгашкан борбордук нерв системасынын төмөнкү бөлүгү.

**СПИРОМЕТРИЯ – спирометрия** – өпкөнүн дем алуу көлөмүн өлчөө: дем алуу жана дем чыгаруу, дем чыгаруу ылдамдыгы.

**СПИРОХЕТА – спирохета** – спираль жиби түрүндөгү жугуштуу оору жуктуруучу бактерия.

**СПЛЕНОМЕГАЛИЯ – спленомегалия** – көк боордун кандайдыр бир оорунун негизинде чоңоюп кетиши (айрым бир кан оорулары, жугуштуу илдет ж.б.).

**СПЛЕТЕНИЕ НЕРВА – нерв чатышы** – нерв жипчелеринин ар тараптан кошулуп, чачышкан, тоголоктошкон жери.

**СПОНДИЛОАРТРИТ АНКИЛОЗИРУЮЩИЙ – анкилоздоочу спондилоартрит** – омуртка муундарынын, муун байламталарынын жана бириктирүүчү ткандардын кыймылсыздандыруучу сезгенүү системалуу оорусу.

**СПОРОТРИХОЗ – споротрихоз** – микобактерияларынын организмге кан жана лимфа аркылуу тийгизген таасиринен териде көптөгөн катуу бүдүр же абсцесстер пайда болуп, тери астындагы клетчаткалардын, айрым учурларда ички органдардын жана лимфа түйүндөрүнүн өнөкөттүү жабыркашы менен мүнөздөлгөн оору.

**СПРАВКА МЕДИЦИНСКАЯ – медициналык маалым кат** – медициналык мекемеге кайрылган бейтапка берилүүчү маалым кат.

**СРАСТАНИЕ КОСТЕЙ – сөөктөрдүн бүтүшү** – сынгандан кийин сөөктөрдүн кайра биригип бүтүшү. М: мертинүүдөн сынган сөөктөрдүн бүтүшү; сөөктүн патологиялык сыныгынын айыгып бүтүшү.

**СРЕДСТВО – каражат, дары.** М: жөтөл дарысы (средство от кашля).

**СТАВИТЬ ДИАГНОЗ – дарт атын коюу** – дарт табуу, дарт аныктоо.

**СТАЦИОНАРНОЕ ОТДЕЛЕНИЕ – стационардык бөлүм** – оорулуу жатып дарылануучу бөлүм. М: облустук бириккен клиникалык ооруканасынын төрөт стационары (туруктуу дарыланма мекемеси).

**СТЕНОКАРДИЯ** *гр.* **– жүрөк кысма, стенокардия** (кууш, тар, алсыз, кысылыш + жүрөк); *эск. атал.* – *«грудная жаба» (angina pectoris)* – коронардык кан айлануусунун начарлашынын клиникалык синдрому.

**СТЕРИЛИЗАЦИЯ – стерилдөө, залалсыздандыруу** – микроорганизмдердин бардык формаларын, анын ичинде спораларды кошо жок кылуу процесси. Зыянсыз кылуу максатында микробдорду өлтүрүп жок кылуу.

**СТЕРИЛЬНОСТЬ МАТЕРИАЛОВ – материалдардын залалсыздуулугу** – материалдардын жана аспаптардын жугушсуздуулугу (стерилдүүлүгү).

**СТЕРНОТОМИЯ – стернотомия** – төш сөөктү жара кесүүгө багытталган хирургиялык операция.

**СТОЛБНЯК – селейме, тырышма** – *Clostridium tetani* түрүндөгү бактериялардын токсиндеринин таасири астында өнүгүүчү, нерв системасын жабыркатуу менен скелет булчуңдарынын карышуусу (тоникалык) жана бүткүл денеге жайылган тырышма каптаган зооантропоноздук курч (чукул) мүнөздөгү анаэробдук жугуштуу оору.

**СТОМАТИТ – оозул** – ооздун былжырлуу катмарынын сезгениши. М: аллергиялык оозул (стоматит аллергичес-

кий); ыйлаакчалуу оозул (стоматит везикулярный); сүзөк оозул, сүзөк стоматит (стоматит гонорейный).

**СТОМАТОЛОГ – стоматолог, тиш доктур** – тиш дарылоочу доктур.

**СТОПА – таман** – буттун аяккы бөлүгү. Буттун тамагы дененин массасын кармап турат жана дененин мейкиндикте кыймылын камсыз кылат.

**СТРАДАЛЬЧЕСКИЙ ВИД – азап тарткан өң** – кыйналган кебете.

**СТРАНГУЛЯЦИЯ – странгуляция** (*лат.* муунтуу + *гр.* илмек) – түтүктүү (коңулдуу) органды кысуу, басуу, басым жасоо. М: тамырды, дем алуу жолдорун, ичегини кысуу; странгуляциялык асфиксия; странгуляциялык ичеги өтпөстүк.

**СТРАХ – коркуу** – өткөн негативдүү тажрыйбанын негизиндеги эмоция.

**СТРАХОВАЯ МЕДИЦИНА – камсыздандыруу медицинасы** – жарандарды социалдык жактан коргоо боюнча иш-чаралар системасы, ал сапаттуу медициналык кызматты пайдаланууну камсыз кылат.

**СТРЕСС – стресс** – чукул запкы, күтүүсүз күйүт, күтүлбөгөн жерден жабыр тартуу; адамдын ден соолугуна жана организм функцияларына залал келтирүүчү факторлордун (катуу толкундануу, оору, кокустук мертинүүлөр, коркуу) таасири.

**СТРИДОР** *лат.* **– стридор.** а) *Stridor* – кекиртектин сезгенүүсүнөн улам мурун аркылуу шуулдатып дем алуу; б) *Wheew* – ичке тарткан демдин кайра сыртты көздөй адаттан тышкары ышкырып чыгуусу негизинен дем алуу жолдорунун бүтөлүп калуусуна (дем алуу жолдоруна какырык туруп калышы, бронхоспазм) байланыштуу.

**СТРИКТУРА – стриктура** – кызыл өңгөч, ичеги-карын, сийдик аккыч түтүк же сийдик каналы өңдүү түтүктүү түзүлүштүн тарып калышы.

**СТРУП – карт** – жаранын, кесилген жердин айыгуусунун жүрүшүндө келип чыгуучу уюган кандын, ириңдин катуу кыртышы.

**СТУПОР – дал болуу** – адамдын селдейип кеңгиреп калган абалы.

**СУДНО – чылапчын** – төшөктө жаткан оорулууларга колдонулуучу атайын идиш; илеген, тепши.

**СУДОРОГА – тарамыш тартышуу** – карышуу, тарамышы тырышуу, тырышма; булчундардын, дене колу-буту формасынын убактылуу кыйрашы менен коштолуучу эрксиз жыйрылуусу.

**СУМАСШЕДШИЙ – жинди** – психикалык оорудан жабыркаган адам.

**СУПЕРФЕКУНДАЦИЯ – суперфекундация** – бир овуляциялык мезгил ичинде эки же андан көп жумурткалык клеткаларынын ар кайсы эркек сперматозоиддери тарабынан уруктанышы.

**СУПЕРФЕТАЦИЯ** *лат.* **– суперфетация** – кош бойлуулук мезгил башталгандан кийин экинчи жумурткалык клетканын уруктанышынын негизинде эненин жатынында жаш курагы ар башка болгон эки бирдей түйүлдүктүн өрчүшү.

**СУППОЗИТОРИЙ – суппозиторий** – көтөн чучук же жыныс кынына салуу үчүн бөлмө температурасында катуу формада, адам денесинин ичинде эрип кетүүчү, курамында белгилүү өлчөмдө дары каражаты кошулган дарылык форма.

**СУХОЖИЛИЕ – тарамыш** – булчундардын сөөккө бириге турган катуу, кыймылсыз чоюлбай турган бөлүгү. М: колдун тарамышы (сухожилие руки); тарамыш эт, муун эт (сухожильные мышцы).

**СУХОЙ – кургак.** М: кургак жөтөл (сухой кашель); өпкө челинин париеталдык жана висцералдык катмарларынын реактивдик сезгениши (сухой плеврит).

**СФИНКТЕР** *гр.* **– сфинктер** – кыскыч, шакек сымал булчуң; организмде, ичиндеги затты бир органдан экин-

чисине же түтүктүү (көңдөйлүү) органдын бир бөлүгүнөн экинчи бөлүгүнө өткөрүүчү клапандык түзүлүш. М: Одди сфинктери, кызыл өңгөчтүн сфинктери ж.б.

**СХВАТКИ – толгоо** – боюнда бар аялдын төрөт алдындагы ооруксунуу абалы. М: төрөт алдындагы толгоо (предродовые схватки).

**СЫВОРОТКА КРОВИ – кандын сары суусу** – кан уюгандан кийин кан элементтеринин фибриноген заты алып салынган суюк бөлүгү.

**СЫПНОТИФОЗНЫЙ БОЛЬНОЙ – темгилдүү келте оорулуу** – темгилдүү келте менен ооруган оорулуу.

**СЫПЬ ВЕЗИКУЛЕЗНАЯ – исиркек бүдүр, исиркек бөртмө** – чачтын арасынан башталган суу чечек.

**СЫПЬ НА ТЕЛЕ – денедеги исиркек** – денеде бүдүрдүн пайда болушу (дарт белгиси); жугуштуу ооруларда териде пайда болуучу исиркектер; аллергиялык бүдүрлөр, теридеги бөртмө.

# Т

**ТАБЛЕТКА – таблетка** – ичүүгө оңой болуш үчүн ныкталган тегерек дары каражаты.

**ТАЗ – жамбаш чарасы** – кишинин жамбаш бөлүгү. М: кичи жамбаш чара органдарынын анатомиясы (анатомия органов малого таза); жамбаш менен кашка жиликтин мууну, ашташы (тазо-бедренный сустав); жамбаш сөөктөрү (тазовые кости).

**ТАЛАССЕМИЯ** *гр.* **– талассемия** – аз кандуулук, эритроциттин гемоглобин курамдык бөлүгү эрүүчү (гемолитикалык) микроцитардык аз кандуулук.

**ТАЛАССОТЕРАПИЯ – талассотерапия**, *thalassa* – деңиз, деңиз суусу. Деңиз өсүмдүктөрүн, деңиз суусунун микроэлементтерин пайдаланып дарылоо, деңиз климаты менен дарылоо.

**ТАМПОН – тыгынчык** – а) канды токтотуу үчүн, ошондой эле таңуу же операция учурунда канды же суюктук-

тарды сүрүп тазалоо үчүн жасалган тоголок кебез же даки; б) вагиналдык тыгынчык – этек кир келген маалда аялдар колдонуучу тоголоктолгон даки; аялдардын жыныстык кынына дары каражатын коюучу тыгынчык.

**ТАНИН – танин** – дарактардын чайырынан, мөмөсүнөн, сабагынан жана жалбырагынан жасалуучу фенолдук кошулмалардан турган диареяны басаңдатуучу, кан токтотуучу дары жана антисептикалык зат.

**ТАРАННАЯ КОСТЬ – чүкө сөөк** – бут кетменинде жайгашкан сөөк.

**ТАРЗОРАФИЯ – тарзорафия** – көздүн сыртындагы тунук челдин мертинүүдөн кийин сакайып кетишин камсыздоо максатында көздүн кабак четтерин жарым-жартылай же толук түрдө тигүү хирургиялык операциясы.

**ТАХИКАРДИЯ – тахикардия, жүрөк лакылдамасы** – жүрөктүн иштешинин (согуусу) тездеши: синустук тахикардия; эктопиялык тахикардия.

**ТВЁРДОЕ НЁБО – катуу таңдай** – мурун көңдөйүн ооз көңдөйүнөн бөлүп турган сөөктүү тосмо.

**ТЕЛЕАНГИЭКТАЗИЯ – телеангиэктазия** – капиллярлар жана майда артериолдордун кеңейип, жөргөмүштү элестетүүчү анчалык чоң эмес көлөмдөгү чогулушу.

**ТЕЛЕРЕНТГЕНОГРАФИЯ – телерентгенография** – рентгендик тартылып алынган сүрөт, бардык проекцияларда изилденген органдын көлөмү жана формасына дал келүүчү изилдөө ыкмасы.

**ТЕЛЕСНЫЕ РАНЫ – денедеги жаракаттар** – жараат-тар.

**ТЕЛО – дене** – кишинин колу-буттарынан сырткаркы бөлүгү. Дененин бөлүктөрү (части тела). М: жан дени менен, жан дили менен (душой и телом); бүткөн бою калтыроо (дрожать всем телом).

**ТЕЛОСЛОЖЕНИЕ – дене түзүлүшү** – дене турпаты, дене келбети. Дене түзүлүшүнүн түрлөрү: нормостеник, астеник, гиперстеник.

**ТЕМЕННЫЕ КОСТИ – төбө сөөктөрү** – баш сөөктүн мээ бөлүгүндөгү жуп сөөк.

**ТЕМПЕРАМЕНТ** *лат.* **– темперамент** – чөйрөнүн таасирине кишинин сезимталдыгы (бөлүктөрдүн тиешелүү катышы). М: темпераменттүү киши, угуттуу киши, кызуу киши (темпераментный человек). Адамдын психикасын мүнөздөгөн жеке өзгөчөлүктөрдүн жыйындысы; а) сангвиниктик – күчтүү, оор басырыктуу, сергек тип; б) флегматикалык – күчтүү, оор басырыктуу, жоош тип; в) холериктик – күчтүү, токтоно албаган, көңүл чукул алмашылып, эмоциялык козголуулар болуучу тип; г) меланхоликтик – күчү аз, алсыз, сыртынан аз билинүүчү, терең, далайга созулган сезимдүү типтеги темперамент.

**ТЕМПЕРАТУРА ТЕЛА – дене табы** – дененин термометрдин жардамы аркылуу өлчөнүүчү жылуулук энергиясы.

**ТЕМЯ – чоку** – төбөдөгү сөөк, баштын эмгеги.

**ТЕНЕЗМ** *гр.* **– тенезм** – курулай ыйынуу, көтөн чучук тушунда көпкө созулуучу тартышкан, ачышкан, мыжыккан, ыйынууга окшоп, бирок заң чыкпаган, ичегилердин катуу жыйрылуусунан болгон оорутуу абалы.

**ТЕНОПЛАСТИКА – тенопластика** – тарамышты кайра калыбына келтирүү же реконструкциялоо үчүн жасалуучу операция.

**ТЕНОРАФИЯ** *гр.* **– тенорафия** – тарамыштын бөлүнүп калган учтарын бириктирип тигүү үчүн жасалуучу хирургиялык операция.

**ТЕРАПЕВТ – терапевт** – ички оорулар боюнча адис доктур.

**ТЕРАПИЯ – терапия** – негизинен дары каражаттарын пайдалануу менен ар кыл консервативдик ыкмалардын жардамы аркылуу организмди сакайтуу максатында ооруну дарылоо; а) Адьюванттык терапия – көмөк көрсөтүүчү терапия; б) Когнитивдик терапия – бардык психологиялык көйгөйлөр курчап турган айлана-чөйрөгө карата жаңы-

лыш көз караште болуудан келип чыгат деген ишенимге негизделген психотерапия түрү; в) Алмаштыруучу терапия – ден соолуктун сакайышына таасир бербеген же тескери таасир тийгизген дары каражатын альтернативдүү дары каражаты менен алмаштыруу аркылуу дарылоо ыкмасы; г) Релаксациялык терапия – булчуңдардагы тонусту азайтуу жолу менен бейтапты эс алууга үйрөтө турган дарылоо ыкмасы.

**ТЕРАПИЯ ГЕННАЯ – гендик терапия** – генетикалык инженерия ыкмалары аркылуу организмге ген клеткаларын киргизүү жолу менен тукум куучулук оорудан арылтууга багытталган, адамдын эрте эмбриондук өнүгүү баскычында жасалуучу медициналык жогорку технологиялык операция.

**ТЕРАТОГЕННОСТЬ** *гр.* **– тератогендүүлүк** – түйүлдүктүн тубаса кемтиктүү өнүгүшүн жаратуучу зат же фактор (цитомегаловирус, алкоголь, талидомид, иондолуучу нурлар жана нурдануулар).

**ТЕРМАЛГЕЗИЯ – термалгезия** – жылуулукка карата жогорку сезгичтик, дене табынын бир аз эле жогорулоосунан улам келип чыккан адаттан тышкары ооруну сезүү.

**ТЕРМОАНЕСТЕЗИЯ – термоанестезия** – жылуулук жана суукту айрып билүү жөндөмүнүн жоктугу.

**ТЕРМОГРАФИЯ – термография** – адам денесинин температуралык талааларынын (ар кайсы бөлүктөрүнөн чыга турган жылуулукту) инфракызыл нурдануудагы көрүнүшү тартылган термограмманы илимий ыкмада каттоо жана анализдөө процесси.

**ТЕРМОДИАГНОСТИКА ЗУБА – тиш термодартын табуу** – дарт табууда тиштин ысык-суукка болгон реакциясын аныктоо.

**ТЕРМОМЕТР – термометр** – дене табын өлчөөчү аспап; термометрдин иштөө принциби суюктуктун, газдын, сымаптын жана катуу нерселердин жылуулуктан кеңейүү касиетине негизделген.

**ТЕСТ ВЕБЕРА – вебер тести** – чекенин ортоңку сызыгына камертонду орнотуп кулактын кайсынысына үн жакшы жетип жаткандыгын аныктоо менен кулак угуусун текшерүү.

**ТЕСТ ГЕЛЛЕРА– геллер тести** – сийдиктеги белок (альбумин) өлчөмүн аныктоо үчүн колдонулуучу тест; Фехлинг тести – сийдикте кант бар же жок экендигин аныктоо; Ротер тести – сийдикте ацетон же ацетон-уксустук кычкылдыгынын бар же жок экендигин изилдөө.

**ТЕСТОСТЕРОН – тестостерон** – эркектердин негизги жыныстык гормону, андроген; эркектин уруктук безиндеги Лейдик клеткалары тарабынан холестериндеn, ошондой эле азыраак өлчөмдө аялдын жумурткалык бездеринде жана адамдын бөйрөк үстүндөгү бездеринде иштелип чыгат; перифериялык метаболиттик зат болуп эсептелип, сексуалдык гормон катары эркек жана аял жыныстык белгилерин жөндөйт, сперматозоиддин иштелип чыгышына түз таасирин берет.

**ТЕТАНИЯ** *гр.* **– тетания** – бет, кол-бут булчуңдарынын диртилдеп тартылышы. Мындай абалга көбүнчө калкан сымал безинин жанындагы бездин функциясынын начарлашы, рахит жана алкалозго байланыштуу кандын минералдык курамында кальций иондорунун аздыгынан булчуңдарда кальцийдин жетишсиздиги себептүү.

**ТЕЧЕНИЕ – өтүү** – жүрүү, агым. М: оорунун өтүшү өнөкөттүү (течение болезни хроническое).

**ТИМПАНИЧЕСКИЙ ЗВУК – зыңкылдак үн** – катуу, узак жана тез-тез чыккан үн. М: бейтаптын көкүрөгүн каккылап (перкуссия) өпкөнү текшерүүдөгү үн.

**ТИНКТУРА – тинктура** – спирт же эфирге чыланган дары.

**ТИРЕОИДЭКТОМИЯ – тиреоидэктомия** – калкан сымал безди толук же жарым-жартылай кесип алып салуу хирургиялык операциясы.

**ТИРЕОТОКСИКОЗ – тиреотоксикоз** – организмдин тироксин менен ууланиуусу, гормондун көбөйүшүнөн организмде йоддун жетишсиздик оорусу.

**ТИФ БРЮШНОЙ – ич келте** – *Salmonella typhi* түрүндөгү бактериялардын таасири менен тамак сиңирүүчү органдарда пайда болуучу инфекциялык оору.

**ТКАНЬ – ткань** – теги, түзүлүшү жана функцияларынын окшоштугу менен байланышкан клетка жана клетка аралык заттардын жалпы аты; организмде негизги милдетти аткаруучу ийкемделген клеткалар түркүмү: бириктирүүчү, эпителиалдык, булчуңдук, нервдик. М: көптөгөн май клеткаларынан туруучу бириктирүүчү ткань (жировая ткань); ар кыл кан клеткалары бөлүп чыгаруучу кызыл сөөк чучугуна тиешелүү ткань (миелоидная ткань); булчуң тканы (мышечная ткань); бириктирүүчү ткань (ткань соединительная); таканчыктык, трофикалык жана коргоочу функцияларды аткаруучу, ошондой эле ткандарды жана органдарды ажыратып же байланыштыруучу ткандар.

**ТОКСЕМИЯ** *гр.* **– токсемия** – кандын инфекциялык булакта көбөйүшкөн бактерия токсиндери менен ууланышы.

**ТОКСИН – токсин** – кишинин организмине зыян келтирүүчү же оору кылуучу уу заты; негизинен бактериялар, ошондой эле тирүү организмдер тарабынан бөлүнүп чыгарылуучу уулуу зат.

**ТОКСИЧНОСТЬ – ууландыргычтык** – кайсы бир заттын уулуулугун көрсөтүүчү даража. М: уулуу заттар (токсичные вещества).

**ТОЛЕРАНТНОСТЬ** *лат.* **– толеранттуулук** *(Tolerantia)* – сабырдуулук. Ал-акыбалга, шартка, окуяга болгон сабырдуулук, көтөрүмдүүлүк, чыдамдуулук.

**ТОЛСТАЯ КИШКА – жоон ичеги** – ичегинин бир бөлүгү.

**ТОМОГРАФИЯ – томография** – рентген нурларын же ультра үндүү толкундарды пайдалануу аркылуу адамдын

анатомиялык түзүлүштөрүн түрдүү катмардык терендик деңгээлдерде сүрөткө тартып изилдөө.

**ТОНЗИЛЛИТ – тонзиллит** – бактериалык же вирустук инфекциялардын кесепетинен улам бадам сымал бездин сезгениши.

**ТОНКАЯ КИШКА – ичке ичеги** – ичеги-карын жолунун бир бөлүгү.

**ТОРАКОТОМИЯ – торакотомия** – көкүрөк көңдөйүндө жайгашкан органдарга операция жасоо максатында көкүрөк клеткасын ачууга багытталган хирургиялык операция.

**ТОШНОТА – жүрөк айлануу** – көөнү айнуу, көңүл айнуу, куску келүү, окшуу.

**ТОЩАЯ КИШКА – кыл ичеги** – ичке ичегинин ортоңку бөлүгү.

**ТРАВМА** *гр.* **– мертинүү** – жаракат алуу, жабыр тартуу; ооруу коштолгон эмоционалдык, стресстик абал; химиялык, механикалык, физикалык жабыр тартуу (күйүк, электр тогунан жабыркоо, бертинүү, сынык, жараат).

**ТРАВМАТИЗМ – травматизм, мертинүүчүлүк** – белгилүү бир убакыт ичинде эл арасында айрым бир топтун мертинүүлөргө кабылдоосунун жыйындысы. Бул адамдын аны курчап турган чөйрө менен бирге болгон аракетиндеги кубулуштар. М: жумуш учурунда (жумуш аткарууда) болгон мертинүүлөр (производственный травматизм); көчөдө болгон (кокустук) мертинүүлөр (уличный травматизм); жол-унаа кырсыгы (кокустук авариялары) мертинүүлөрү (дорожно-транспортный травматизм); тиричилик мертинүүлөрү (бытовой травматизм).

**ТРАВМАТИЧЕСКИЙ ШОК – мертинүүдөн болгон шок** – оор мертинүүдөн (жаракат алуудан) нес (шок) болуу.

**ТРАДИЦИОННАЯ МЕДИЦИНА – салттуу медицина** – илимий далилдөөлөргө негизделген ооруларды дарылоо методдорун пайдаланган медицина. М: тай-цзи-цюань – кытай салттуу медицинасы; аюрведа – индустан салттуу медицинасы; унани – араб салттуу медицинасы.

**ТРАНСДУКЦИЯ – трансдукция** – бактериофаг тарабынан кабылданган ДНКнын бир бактериядан экинчи бактерияга өткөрүлүшү. Вирустун таасири менен клеткалык ДНКнын клеткадан клеткага өткөрүлүшү.

**ТРАНСЛОКАЦИЯ – транслокация** – хромосомалардын өзү сындуу же бөлөк хромосомалар менен биригишине алып келүүчү мутация түрү.

**ТРАНСМИССИВНЫЕ БОЛЕЗНИ** *лат.* **– трансмиссивдик оорулар** *(Transmissio* – башкага ташуу) – бактериялар, вирустар, гельминттер, майда тирүү организмдер (бит, чымын-чиркей, кене) аркылуу жугуучу жугуштуу оорулар.

**ТРАНСПЛАНТАТ – трансплантат** *(Graft)* – дененин жабыркаган бөлүгүн алмаштыруу максатында трансплантация үчүн пайдаланыла турган орган, ткань же кайсы бир дене бөлүгү. М: феталдык трансплантат (трансплантат фетальный) – кайсы бир өзгөчө оору менен жабыркаган адамга трансплантациялоо үчүн жаңы гана аборттолгон дени сак түйүлдүктөн алына турган айрым бир клеткалар.

**ТРАНСПЛАНТАЦИЯ – трансплантация** – дененин бир бөлүгүнөн экинчисине же бир адамдан (донор) экинчи бир адамга (реципиент) орган же ткандарды жалгаштыруу.

**ТРАНССЕКСУАЛИЗМ – транссексуалдуулук** – өзүн карама-каршы жыныстын өкүлү катары саноо.

**ТРАНССУДАТ – транссудат** – суюктуктун, негизинен кан сары суусунун мембрана аркылуу, капиллярдан, венуладан, лимфа тамыр катмарынан электролиттик зат алмашуунун бузулушунан катмардык өткөргүчтүгү өзгөрүп (транссудация) ткандар жана боштуктарга топтолушу.

**ТРАХЕОБРОНХИТ – колко-кекиртек** – бронх илээшме былжыр чел кабыктарынын сезгениши.

**ТРАХЕОТОМИЯ – трахеотомия** – дем алуу болбой калгандагы колкону (кекиртекти) тилүү кечиктирилгис операциясы.

**ТРАХЕЯ – кекиртек** – кокодон башталып эки башкы бронхко бөлүнүп кетүүчү дем алуучу түтүк.

**ТРАХОМА** *гр.* **– трахома** – *Chlamydia trachomatis* түрүндөгү бактериялар тарабынан козголуп, оор мүнөздөгү коньюнктивит оорусуна алып келе турган контагиоздук өнөкөт көз оорусу.

**ТРЕМОР** *лат.* **– калтыроо, дирилдөө, титирөө, калчылдоо** – дене мүчөлөрүнүн же булчуңдар тобунун эрксиз тездикте дирилдеши. М: колдордун калтыроосу (тремор рук); эриндердин дирилдеши (тремор губ).

**ТРЕПАНАЦИЯ ЗУБА – тишти көзөө** – тишке жасалган операция.

**ТРЕПАНАЦИЯ ЧЕРЕПА – баш сөөктү тешүү** – хирургиялык операция.

**ТРЕЩИНА – жарака** – предметтин бүтүндүгүнүн бүлүнүшү. М: эриндин кесилиши (трещина губы); сөөк жаракасы (трещина кости).

**ТРИЗМ** *гр.* **– тризм** – жаактагы чайноо булчуңдарынын катуу жыйрылышынан карышып калуусу; бул абал негизинен селейме оорусуна мүнөздүү.

**ТРИПСИН – трипсин** – белок курамындагы пептондорду майда пептиддик тизмектерге ажыратуу процессине катыша турган тамак сиңирүүчү фермент.

**ТРИХОМОНИАЗ – трихомониаз** – жыныстык жол аркылуу таралуучу венерикалык дарт. а) *Trihomonas vaginalis* түрүндөгү жөнөкөйлөр тарабынан жыныстык жол аркылуу таралуучу жыныс органдардагы былжырлуу катмардын сезгениши; б) *Trichomonas hominis* түрүндөгү жөнөкөйлөр тибиндеги паразиттик бактериялардын таасиринде пайда болуучу жоон ичегининин жугуштуу оорусу; в) *Trichomonas tenax* – ооздун ичинде сезгенүү ооруларына таасир берүүчү жөнөкөйлөр тибиндеги бактериялар.

**ТРОАКАР – троакар** – дененин кайсы бир көңдөйүндөгү суюктукту алып салуу үчүн канюля менен бирдикте пайдаланылуучу хирургиялык аспап.

**ТРОМБ – тромб** – кан тамырда уюган кан.

**ТРОМБОФЛЕБИТ – тромбофлебит** – кан тамыр ичинде уюган кан (тромб) менен вена кан тамырынын бүтөлүшү жана анын сезгениши.

**ТРУПНОЕ ОКОЧЕНЕНИЕ – өлүктүн сенейүүсү** – киши каза болгондон кийин булчуң ткандарынын катуулануусу.

**ТУАЛЕТ РАНЕВОЙ ПОВЕРХНОСТИ – жараттын үстүнкү бетин тазалоо.**

**ТУБЕРКУЛЁЗ – кургак учук** – оору; кургак учук микробактерияларынын жугушунан келип чыккан жугуштуу өнөкөт оору. М: ички органдардын кургак учук дарты (абдоминальный туберкулёз); кургак учукка каршы дары-дармектер (противотуберкулёзные препараты); кургак учукка каршы эмдөө (прививки против туберкулёза); дем алуу органдарынын кургак учугу (туберкулёз органов дыхания).

**ТУБЕРКУЛЕЗ КОЖИ – теринин кургак учугу** – оор инфекциялык оору.

**ТУГОУХОСТЬ – кулактын катууланышы** – угуунун жарым-жартылай жоголушу, үндөрдү аныктоо жана түшүнүү жөндөмүнүн начарлашы, каңырыштык.

**ТУЛОВИЩЕ – тулку бой** – адамдын денеси.

**ТУПАЯ БОЛЬ – сыздатып ооруу.**

**ТУРГОР КОЖИ – теринин чымырдыгы** – медицинада теринин ийкемдүүлүгүн белгилөө үчүн колдонулуучу термин.

**ТУРУНДА – оромо тыгынчык** – бинтти узун кылып ороп жасаган тыгынчык; жараат ичине коюлуучу дакиден жасалган жугушсуздандырылган узун тыгынчык.

**ТЮБИК – тюбик,** сыкма – дары майлары үчүн жумшак металлдан, пластмассадан, фольгадан жасалган кичинекей дары идиши.

**ТЯЖЁЛОЕ ДЫХАНИЕ – оор дем алуу** – аба жетпегенсип кыйналып дем алуу, энтигүү.

**ТЯЖЁЛОЕ ЗАБОЛЕВАНИЕ – катуу ооруу** – оорунун оор абалда өтүшү. М: ал катуу ооруп жатат (он тяжело болен).

**ТЯЖЕСТЬ БОЛЕЗНИ – дарттын оордугу** – оорулуунун абалынын канчалык оор экендиги. М: денеге келтирилген оор жаракат (тяжкие телесные повреждения).

# У

**УВЕИТ – увеит** – көздүн кабактарынын (желелүү, тордуу, тамырлуу катмары) жалпы сезгениши.

**УВЕЧЬЕ – мертинүү, майып болуу** – калыптангыс жабырлануу, жабыр тартуу. М: жабыр – дене бойго оор жаракат келтирүүнүн түрү.

**УВУЛИТ** *лат.* **– увулит** – таңдай тилинин сезгениши.

**УГЛЕВОД – углевод** – карбонилдер жана гидроксилдерден (курамы көмүртек, суутек, кычкылтек менен бирге Сх түрүндөгү көптөгөн заттар) турган органикалык зат. Тирүү организмдердин (клеткалардын) жана ткандардын алмаштыргыс бөлүгү.

**УГНЕТЕННОЕ СОСТОЯНИЕ – басынган абал** – чүнчүгөн абал, чөккөн абал, маанайы пас болгон акыбал, ындыны өчкөн абал.

**УГРИ – ысык** – дарт, май бездеринин сезгенүүсү.

**УДУШЕНИЕ – тумчуктуруу, думугуу** – сууга чөгүү, дем кыстыгуулардын натыйжасында дем алуу токтоп, акыл-эстин жоголушу же адамдын өлүмү менен аяктоочу клиникалык абал.

**УЗКИЙ ТАЗ – кууш жамбаш чарасы** – бала төрөлүп жатканда төрөткө тоскоолдук кылган жамбаш сөөктөрүнүн кошулган жериндеги тешигинин кууштугу.

**УКОЛ – ийне саюу** – денеге дары берүү үчүн ийне саюу.

**УКРЕПЛЕНИЕ ЗДОРОВЬЯ – ден соолукту чыңдоо** – коомдук деңгээлде, коом мүчөлөрүнүн саламаттыгын коргоо жана сактоо максатында иш жүзүнө ашырылуучу программа.

**УЛЬТРАЗВУКОВЫЕ ВОЛНЫ – ультраүндүү толкундар** – адам кулагы ажырата алгыс, өтө жогорку жыштыктагы үн толкундары.

**УЛЬТРАСОНОГРАФИЯ – ультрасонография** – дененин тереңинде жайгашкан ткандардын сүрөтүн алуу үчүн жыштыгы 3,5 МГц ультра үндү пайдалануу.

**УМОПОМРАЧЕНИЕ – акыл-эстен адашуу** – психиканын бузулушу.

**УНДУЛЯЦИЯ** *лат.* **– ундуляция** (толкун сыяктуу) – бейтаптын дартынын бир белгиси, курсактын үстүнөн кол менен ныктаганда ич көңдөйүнө топтолгон суюктук толкун сыяктуу колго урунат.

**УНИПОЛЯРНАЯ МАНИЯ – униполярдык мания** – психикалык дарттын бир беткей өтүшү, депрессиялык абалга өтпөйт.

**УРЕМИЯ – уремия** – канда мочевина жана организмдин иштеши үчүн маанилүү азык болуп саналган азоттуу бирикмелер, уулуу заттардын ашыкча болушу.

**УРЕТЕРОЦЕЛЕ** *лат.* **– уретероцеле** – сийдик акчу түтүкчө бетинин чоюлуп (дөмпөйүп) шишип кетиши.

**УРОГРАФИЯ – урография** – бөйрөктү жана сийдик жолдорун, көк кан тамырга контрасттуу зат сайып же ичирип рентген жасоо менен изилдөө; заара иштеп бөлүп чыгаруу мүчөлөрүн рентген менен изилдөө.

**УРОКИНАЗА – урокиназа** – бөйрөк иштеп чыгып, кан тромбдорунун эришине катышуучу фермент; бул ферменттин негизинде жасалган дары каражаты миокард инфаркты жана тромбоздорду дарылоо үчүн колдонулат.

**УРОЛОГИЯ – урология** – сийдик иштеп чыгаруу органдарынын ооруларын жана аларды айыктырууну изилдеп үйрөтүүчү медициналык илим.

**УРЧАНИЕ КИШОК – ичтин курулдашы** – суюктук жана жел кыймылынан ичегилерде пайда болгон өзгөчө үндөр.

**УСЛОВНЫЙ РЕФЛЕКС – шарттуу рефлекс** – туулганда эле пайда болгон рефлекс, адат.

**УХО – кулак** – угуу органы. Үн толкундары кулак жаргакчасынын дирилдешине алып келет; кулак ортосун-

дагы кемирчектер үн толкундарын кулак ичиндеги терезечеге өткөрөт; кулак ичиндеги үлүл сымал угуу борборунун ичинде бул үндүк термелүүлөр нервдик импульстарга айланат.

**УХОД – кароо, багуу** – оорулууга ар тараптан көз салуу жана доктурдун сунушун аткарууну камсыз кылуучу иш-чаралар жыйындысы. Оорулууну багуу дарылоонун бир бөлүгү. М: оорулууну жакшы кароо, багуу (внимательный уход за больным).

**УХУДШЕНИЕ СЛУХА – угуунун начарлашы** – жакшы укпоо, үндүн, сөздүн бирин угуп, бирин укпай калуу.

**УЧАЩЕННЫЙ ПУЛЬС – тамырдын тез-тез кагышы.**

**УЧРЕЖДЕНИЯ ЗДРАВООХРАНЕНИЯ – саламаттык сактоо мекемелери** – социалдык жана коммерциялык эмес мүнөздөгү башка иш-милдеттерди жүзөгө ашыруу үчүн менчик ээси түзгөн жана ал тарабынан толук же жарым-жартылай каржылануучу уюмдар. М: оорукана; бейтапкана; диспансер, жалпы дабагердик практикалык борбор.

**УШИБ – оорутуп (көгөртүп) алуу** – ткандардын мертинүүсүнөн майда кан тамырлар жарылып териде канталоонун келип чыгышы, контузия (көздүн).

**УШНАЯ РАКОВИНА – кулак калканы** – жаргагы, кулактын сырткы угуу өтмөгү.

## Ф

**ФАГОЦИТ – фагоцит** – организмдеги ар кандай заттарды жана бактерияларды өзүнө сиңирип жок кыла турган клеткалардын жөндөмү.

**ФАГОЦИТОЗ** *гр.* **– фагоцитоз** (жеп коюу + клетка) – бактерия жана башка тектүү бөлүкчөлөрдүн атайын клеткалар тарабынан сиңирилиши.

**ФАЗА – фаза** – кандайдыр бир кубулуштун, заттын жана организмдин өзгөрүп-өрчүшүндөгү учур жана ал заттын формасы же абалы. М: клеткалардын бөлүнүү жана көбөйүү фазалары.

**ФАКТОР – фактор** – кандайдыр бир процесстин же кубулуштун кыймылдаткыч күчү. М: а) ар кыл физиологиялык процесстерди жүзөгө ашырууда маанилүү роль ойноочу зат; б) ички фактор – ашказанда бөлүнүп чыга турган гликопротеин; в) себеп фактору, оорунун башталышын же кайсы бир окуяны (капысынан болгонун да) коштоочу фактор; д) коркунуч (тобокел) фактору, адамдын көндүм болгон адаты сыңар, мүнөздүү белги же айлана-чөйрөдөгү зыяндуу заттардын таасиринде бир оорунун күчөшү.

**ФАЛАНГА – бейбелчек** – кол жана бут манжаларынын скелетин түзүүчү кыска, түтүктүү сөөктөр.

**ФАЛЛОПЛАСТИКА – фаллопластика** – эркектердин жыныстык мүчөсүнө, анын тубаса кемтик ооруларында (гипоспадия, эписпадия) же мертинүү кесепетинен болгон деформацияларында жасалуучу пластикалык операция.

**ФАРИНГИТ – фарингит** – кулкун, кекиртек сезгениши.

**ФАРИНГОПЛЕГИЯ** *гр.* **– фарингоплегия** – кекиртектин булчуң эттеринин сенек тартышы.

**ФАРМАКОДИНАМИКА – фармакодинамика** – дарылардын денеге таасир берүү механизмдерин окуп үйрөнүү.

**ФАРМАКОГНОЗИЯ – фармакогнозия** – жаныбар жана өсүмдүктөр тегинин дарылык касиетин окуп-үйрөтүүчү фармация тармагы.

**ФАРМАКОКИНЕТИКА – фармакокинетика** – дары каражаттарынын организмде өздөштүрүлүшүн, бөлүштүрүлүшүн, ошондой эле метаболизми менен бирге организмден сыртка чыгарылышын изилдөөчү фармакология бөлүмү.

**ФАРМАКОЛОГИЯ – фармакология** – дары заттары жана алардын организмге болгон таасирин изилдөөчү илим.

**ФАРМАЦЕВТ** *гр.* **– фармацевт –** дары жасоочу (дарылык касиети бар каражаттарды жасоочу), фармацевтика боюнча орто же жогорку билимдүү адис. Дарыгер, фарма-

цевт, дарыканачы, дары-дармектер (дары каражаттары) боюнча адис.

**ФАРМАЦЕВТИЧЕСКАЯ УПАКОВКА – фармацевтикалык таңгак** – калың картон кагаз кутучасы же ложементи бар пластикалык кутучадан же дары салынчу ложементтин бети фольга чапталган блистерден болгон таңгак.

**ФАРТУК – боркок, алжапкыч** – айрым медициналык процедура жасоо учурунда кийилүүчү кийим.

**ФАСЦИЯ – чарым кап** – булчуңдарды каптап туруучу катмар.

**ФЕМИНИЗАЦИЯ** *лат.* **– феминизация** – эркектерде эндокриндик оорунун кесепети жана гормоналдык фон бузулуудан аялдарга тиешелүү экинчи жыныстык белгилердин пайда болушу (сакал-мурут өспөй калышы, эмчектин чоңоюусу, айрым кылык-жоруктун өзгөрүшү).

**ФЕНИЛКЕТОНУРИЯ – фенилкетонурия** – белок метаболизминин бузулуусунан келип чыккан, тукум куучулук оору. Бул сейрек кездешүүчү генетикалык оору, бул учурда негизинен бейтап генетикалык мутация менен төрөлөт.

**ФЕНОМЕНАЛЬНАЯ ПАМЯТЬ – өзгөчө эс-тутум, жады** – адамдын өтө тездикте эске тутуусу.

**ФЕНОТИП** *гр.* **– фенотип** – кишинин жекече өнүгүү стадиясындагы калыптанган бардык белги жана өзгөчөлүктөрдүн феногенез процессиндеги индивидуумга тиешелүү жыйындысы; генотип, сырткы чөйрө факторлорунун таасири менен бирдикте индивиддик фенотипти аныктайт.

**ФЕОХРОМОЦИТОМА – феохромоцитом**а – бөйрөк үстүндөгү безде жайгашкан катехоламин бөлүп чыгаруучу түбү залалсыз шишик.

**ФЕРМЕНТ – фермент** – биохимиялык реакциялардын агымын тездетүүчү белок (катализатордук кызмат). Ферменттер организмдеги бирдык тиричилик процесстерине катышкан энзимдер болуп эсептелет.

**ФЕТАЛЬНЫЙ СТЕТОСКОП – күмөн тыңшагыч, феталдык стетоскоп** – күмөндүн жүрөгүнүн согуу ыргагын угуучу акушердик стетоскоп.

**ФИБРИНОГЕН – фибриноген** – кан уюу фактору, кан плазмасынын курамындагы зат.

**ФИБРОМИОМА – фибромиома** – жатын фиброиди; булчуң жана бириктирүү ткандарынан жаралуучу залалсыз шишик; фибромиома негизинен жатын бетинде пайда болот, ооруу сезими менен коштолот, этек кирдин адаттагыдан көп келиши мүнөздүү.

**ФИБРОСАРКОМА – фибросаркома** – бириктиргич ткандагы фибробласттардан жаралуучу коркунучтуу шишик.

**ФИЗИОЛОГИЧЕСКИЕ РОДЫ – физиологиялык төрөт** – төрөө. Кош бойлуулук толук айына жетип, толгоосу туура болуп, эч кандай бузулуулар болбой, ашыкча кийлигишүүлөрсүз, дары колдонулбай, ымыркайдын төрөлүшү.

**ФИЗИОТЕРАПИЯ** *гр.* – **физиотерапия** (жаратылыш + дарылоо) – клиникалык медицинанын бир бөлүгү; жаратылыштагы табигый (күн нуру, аба, суу, дары баткактар) жана жасалма (нур, ультра үн, электр тогу, электрмагнит талаасы, иондоштурулган аба) жана башка физикалык факторлорду, алардын таасир этүү механизмин изилдейт, химия, биохимия, физика, биофизика, электр жана радиотехника, курортология жана клиникалык дисциплиналар менен тыгыз байланыштуу медицина тармагы.

**ФИКСАЦИЯ** *лат.* – **кыймылдатпоо, бекемдөө** – *гист.* Микроскоп менен изилдөө үчүн клеткалык жана ткандык структураларды же микроорганизмдерди сактоо (катыруу) ыкмасы.

**ФИЛОГЕНЕЗ** *гр.* – **филогенез** – тирүү организмдердин тарыхый өнүгүү процесси; жандуу табияттын жана аны түзүүчү организмдердин өзүнчө топторунун тарыхый өөрчүү процесси.

**ФИМОЗ У ДЕТЕЙ – баланын фимозу** – эркек баланын кертмегинин бүрүгүнүн тубаса тардыгы.

**ФИСТУЛА – фистула** – медициналык жардам берүү максатында бейтап адамдын денесине жасалган тешик жана ага коюлган түтүк.

**ФИТОНЦИДЫ – фитонциддер** – бактерияларды өлтүрүүчү, алардын өсүшүн жана өнүгүшүн токтотуучу өсүмдүктөрдөгү биологиялык активдүү заттар.

**ФИТОТЕРАПИЯ – фитотерапия** – адамдын ар кандай ооруларын дарылык таасири бар өсүмдүктөрдөн (чөптөр) жасалган дарыларды колдонуп дарылоо ыкмасы.

**ФЛАГЕЛЛЯЦИЯ** *лат.* **– флагелляция** – жыныстык ырахат алуу үчүн өзүнө же башкага залал келтирүү, психикалык эротикалык практикада жыныстык ырахат алуу үчүн шеригине түрдүү предметтерди колдонуп үстөмдүк кылуу.

**ФЛЕБЭКТОМИЯ – флебэктомия** – көк кан тамырдын варикоздук кеңейген кайсы бир бөлүгүн хирургиялык жол аркылуу кесип алып салуу.

**ФЛЕГМОНА** *гр.* **– флегмона** – денедеги ткандардын жайылган ириңдүү сезгениши. Жабыркаган ткандардын чектелиши күмөндүү, фациалдык катмар арасында, булчуңдар арасында, булчуңдар ичинде, ички органдарда, түз ичегиге жанашкан ткандарда жана башка жерлерде болушу мүмкүн болгон сезгенүү.

**ФЛЮКТУАЦИЯ** *лат.* **– флюктуация** – денедеги ириңдүү сезгенүү шишигин кол менен текшерүүдө манжалардын алдында толкун сымал термелүүнүн (кыймылдын) сезилиши; денедеги патологиялык өрчүмдүк бузулууда (абсцесс, гематома) суюктуктун топтолгондугун билдирүүчү термелгичтик белгиси. Ириңдин үстүнүн былкылдашы, ириңдин жумшарышы, көлкүлдөшү.

**ФЛЮС – флюс** – тиш тамырынын айланасындагы жумшак ткандардын сезгенишинен жаакты ириң тепкен шишик.

**ФОЛЛИКУЛ ВОЛОСЯНОЙ – чач фолликулу** – чач тамырын курчап турган эпителиалдык клетка жана бириктирүүчү ткандан турган кыртыш.

**ФОБИЯ** *гр.* **– фобия** – коркунуч; объект катары ар кыл окуя же буюм-тайымдар кызмат кылуучу патологиялык

коркунуч; өзгөчө фобиялар (курч бычактан коркуу); жаныбарлардан коркуу менен байланышкан фобия ж.б.

**ФОРМАЛИН – формалин** – залалсыздандыруучу антисепикалык каражат, формалдегиддин суудагы 40% эритмеси.

**ФОРСИРОВАННЫЙ ДИУРЕЗ – сийдикти айдап чыгаруу** – дарынын таасири аркылуу организмден сийдикти тездетип ыкчам айдап чыгаруу.

**ФОСФОЛИПИД – фосфолипид** – клетка мембраналарын түзүүчү молекулаларына фосфаттык топ кирүүчү липид.

**ФРЕНОЛОГИЯ** *гр.* **– френология** – баш сөөктүн сырткы түзүлүшүнүн негизинде адам мүнөзүн изилдөө аракетиндеги илимий көз караш.

**ФРИГИДНОСТЬ – фригиддүүлүк** – жыныстык кумардануунун төмөндөп кетиши; жыныстык салкындык, көңүл коштук; жыныстык муздактык.

**ФУНИКУЛИТ – фуникулит** – эркектин урук танабынын сезгениши.

**ФУРУНКУЛ, ЧИРЕЙ – сыздоок, чыйкан** – түк (чач) түбү фолликулу жана айланта курчаган бириктирүүчү ткандын курч мүнөздөгү ириңдүү некротикалык сезгенүүсү. Шишиктүү жара.

# Х

**ХАЛАТ МЕДИЦИНСКИЙ – медициналык халат** – медициналык кызматкерлер кийүүчү атайын форма.

**ХВОРАТЬ – ооруп калуу** – сыркоолоо, ноокастоо.

**ХЕЙЛИТ – хейлит** – эриндердин сезгенүүсү.

**ХЕЙЛОЗ – хейлоз** – эриндердин кызыл жээгинин чегинде кубарып, айрым жерлери ылжырап-жарылып, эриндердин бири-бирине тийишкен жери сызык сыяктуу болуп кызарып сезгенүүсү.

**ХИЛОТОРАКС – хилоторакс** – өпкө чел көңдөйүнө майлуу лимфанын патологиялык топтолушунан келип чыккан оору абалы.

**ХИРОСПАЗМ – хироспазм** – көп жазганда колдун карышуусу.

**ХИРУРГИЧЕСКОЕ ЛЕЧЕНИЕ – хирургиялык дарылоо** – хирургиялык операция ыкмаларын пайдалануу жолдору менен айыктыруу.

**ХИРУРГИЧЕСКИЙ ИНСТРУМЕНТ – хирургиялык аспап** – операция жасоо үчүн аспап.

**ХИРУРГИЯ – хирургия** – айыктыруу үчүн операциялык кийлигишүү жасалуучу ооруларды жана мертинүүлөрдү изилдөөчү, башкача айтканда организмдин анатомиялык мүчөлөрүн (жаракаттанган жана жабыркаган ткандар же органдар) физикалык күчтүн таасири менен айыктыруучу медициналык илимдин бир бөлүгү.

**ХЛОРОФОРМ – хлороформ** – жалпы анестик катары кеңири колдонулуучу хлордуу бууланма суюк зат.

**ХОЛАНГИОГРАФИЯ – холангиография** – өт түтүктөрүн рентгенологиялык изилдөөгө алуу.

**ХОЛЕЛИТИАЗ** *гр.* **– холелитиаз** (өт + таш) – өт баштыкчасында же (жана) өт жолдорунда таш пайда болуу дарты.

**ХОЛЕМИЯ – холемия** – өт кычкылдыктарынын канга сиңип кетиши.

**ХОЛЕРА – холера** – кустуруп, токтоосуз ич өткөргөн өтө жугуштуу таралма дарт. Холера вибриону *(Vibrio cholerae)* тарабынан пайда болуучу курч мүнөздөгү жугуштуу дарт, эпидемиялык мүнөзгө ээ.

**ХОЛЕСТЕРИН, ХОЛЕСТЕРОЛ – холестерин, холестерол** – организмдеги көпчүлүк ткандарда жана канда кошо болуучу липид (стерол), ошондой эле клеткалык мембраналардын эң маанилүү түзүүчү бөлүгү, көптөгөн стероиддик гормон жана өт туздарынын негизи.

**ХОЛЕУРИЯ** (билиурия) **– холеурия** – өт суюктугунун сийдикте кездешүүсү (аныкталышы).

**ХОЛЕЦИСТИТ** *гр.* **– холецистит** (өт + баштык + сезгенүү) – өт баштыкчасынын сезгениши. Курч мүнөздөгү жана өнөкөт өтүүчү дарт.

**ХОЛЕЦИСТОКИНИН – холецистокинин** – ашказандан бөлүнүп чыккан химустун келип түшүүсүнөн улам, он эки эли ичегидеги былжырлуу катмар клеткаларынан бөлүнүп чыгуучу гормон.

**ХОЛЕЦИСТОЛИТОТРИПСИЯ – холецистолитотрипсия** – өт баштыкчасындагы таштарды талкалап алып салуу процедурасы.

**ХОЛЕЦИСТОЭНТЕРОСТОМИЯ – холецистоэнтеростомия** – ичке ичеги менен өт баштыкчасынын ортосуна анастомозду коюу үчүн жасалуучу хирургиялык операция.

**ХОНДРОЦИТ – хондроцит** – кемирчек тканынын негизги клеткасы.

**ХОРДОТОМИЯ** *гр.* **– хордотомия** – жамбаш чара жана буттардын сыздатып оорушун басаңдатуу максатында, жүлүндүн латералдык каптал бөлүгү аркылуу кирүүчү ооруну сезүү жана температураны сезүүчү нерв талчаларынын жолун жара тилүү хирургиялык операциясы.

**ХОРЕЯ** *гр.* **– хорея** – негизи базалдык ганглийлердин жабыркашынан баш, бет же колу-буттун титиреп турушу мүнөздүү абал. а) *Senile chorea* – карылык хореясы; б) *Sydenham's chorea* – жаш балдар хореясы.

**ХОРИОН – хорион** – эмбрионду толук курчап турган сырткы түйүлдүк кыртышы.

**ХОСПИС – хоспис** – оорулуу адамдарга камкордук көрүү, кенже медайымдык жардам берүү үчүн атайын адистештирилген мекеме.

**ХРАП – коңурук** – кичине тилдин дирилдөөсүнөн уктап жаткан адамдын оозунан чыгуучу жагымсыз добуш.

**ХРЕБЕТ – кыр арка** – жондогу омурткалар.

**ХРИЗОТЕРАПИЯ** *гр.* – **хризотерапия** (алтын + терапия) – алтын кошулган дары заттары (санокризин, кризанол ж.б.) менен дарылоо.

**ХРИП – кыркыроо** – кырылдоо, киркирөө; ичкерип кеткен бронхалар аркылуу аба өткөн учурда былжырларда пайда болуучу адаттан тышкаркы добуш. М: бейтап кырылдап атат (больной хрипит); тамагы кырылдайт (в горле хрипит).

**ХРОМОСОМА – хромосома**, X хромосома, Y хромосома – клеткалык ядронун генетикалык маалыматты ген түрүндө алып жүрүүчү жип сымал тутамдашкан түзүлүшү, бири-бирине спираль түрүндө оролгон ДНК.

**ХРОМОСОМА ПОЛОВАЯ – жыныстык хромосома** – болочоктогу адамдын жынысын аныктай турган хромосома; аялдарда *homogametic sex* – гомогаметтик эки XX, ал эми эркектерде *heterogametic sex* – гетерогаметтик бири X, бири Y болуп экиден хромосома кездешет.

**ХРОМАТА – аксактык** – аксаңдап, сылтып, төкөрөңдөп басуу.

**ХРОМОЦИСТОСКОПИЯ – хромоцистоскопия** – контрасттык боёк затын көк кан тамырга жиберүү аркылуу, табарсыкты рентгендик ыкма менен текшерүү.

**ХРОНИЧЕСКАЯ БОЛЕЗНЬ – өнөкөт оору** – узакка созулуп жана организмде жайбаракат пайда болуучу, оорунун өтүшү бирде күчөп, бирде басаңдаган өзгөрүүлөр мүнөздүү оору.

**ХРОНИЧЕСКИЙ ПРОСТАТИТ – өнөкөт простатит** – эркектердин репродуктивдүү саламаттыгынын таасирдүү органы болгон урук чыктагыч безинин өнөкөт түрүндө өтүүчү оорусу.

**ХРУПКОСТЬ – морттук** – назиктик. М: сөөктүн морттугу (хрупкость кости).

**ХРУСТ – кычыроо** – кырсылдоо, тарсылдоо, чыртылдоо, кырс этүү, кырч этүү (сөөк сынганда).

**ХРУСТАЛИК ГЛАЗА – көздүн чечекейи** – көздүн аккомодациялык функциясын аткаруучу бөлүгү; көздүн

түстүү, желелүү катмарынын артында жайгашып, линза сыяктуу кызмат аткарат.

**ХРЯЩ – кемирчек** – негизинен клетка аралык заттарда жайгашып, кемирчек клеткалары болуп саналышкан хондробласттар жана хондроциттерден куралган скелеттик бириктирүүчү ткань.

# Ц

**ЦВЕТНОЙ ПОКАЗАТЕЛЬ КРОВИ – кандын түстүк көрсөткүчү** – эритроциттердин гемоглобин менен тыгыздалышы.

**ЦВЕТООЩУЩЕНИЕ – түс ажыратуу** – адамдын көргөн нерсесинин өңү-түсүн ажырата билүү жөндөмдүүлүгү.

**ЦЕЛИТЕЛЬ – бакшы** – оорулууну дубалап дарылоочу адам.

**ЦЕЛЛЮЛИТ** *англ.* **– целлюлит (***Cellulitis)* – жакын жайгашкан ткань же органдар арасындагы бириктирүүчү ткандардын ириңдүү сезгениши; *cellulite* – тери астындагы май клетчаткасындагы кан айлануу жана лимфа жүгүрүү системасынын бузулушунан дистрофиялык өзгөрүүлөрү, тери астында көптөгөн адипоциттердин пайда болушу (гиноидная липодистрофия).

**ЦЕНТЕЗ – центез** *(Centesis)* – дарылоо же дарт аныктоо максатында пункция же перфорация (тешүү) процедурасын жасоону туюндуруучу түшүнүк (суффикс).

**ЦЕНТР КРОВИ – кан борбору** – медициналык мекемелерди кан жана кан компоненттери менен камсыздоочу медициналык мекеме.

**ЦЕНТРОБЕЖНЫЕ НЕРВЫ – борбордон четтөөчү нервдер** – борбордон ташыгыч нервдер, эфференттик нервдер.

**ЦЕНТРОСТРЕМИТЕЛЬНЫЕ НЕРВЫ – борборго умтулуучу нервдер** – борборго ташыгыч нервдер, афференттик нервдер.

**ЦЕПЕНЕТЬ – селейүү** – селдейүү. М: корккондон селдейип катып калуу (цепенеть от страха); суукктан селейип калуу (цепенеть от холода).

**ЦЕПЕНЬ – тасма курт** – чынжыр сымал курттар, тасма сымал мите курт.

**ЦЕРВИЦИТ – цервицит** – жатын моюнчасынын сезгениши; кош бойлуулук учурундагы өнөкөт цервицит (хронический цервицит при беременности).

**ЦЕФАЛОМЕТРИЯ – цефалометрия** – изилдөөчүлүк же дарт аныктоочулук максатта узунунан кеткен рентгенограммалардын жардамы менен баш сөөктөрүнүн өсүү ылдамдыгын изилдөө.

**ЦИАНИД – цианид** – синил кычкылдыгынын уулуу туздары; цианид организмге кирген учурда, клеткалык дем алууга жооп берүүчү ферменттердин активдүүлүгү төмөндөп адам саналуу секундда өлүмгө дуушар болот.

**ЦИАНОЗ** *гр.* **– цианоз** – кандагы кычкылтектин жетишсиздигинен улам тери жана былжырлуу челдин көгөрүп чыгышы; теринин кара көк болушу.

**ЦИКЛ – цикл** – белгилүү бир убакыт ичинде өрчүштүн же кубулуштардын процесси. *-биох.* Кребс цикли – катализатор катары ферменттер роль ойной турган татаал реакциялар цикли; бул цикл өз кезегинде, углевод, май жана белоктордун кычкылдануусундагы акыркы баскыч; - *физиол.* этек кир цикли – аял организминде мезгил-мезгили менен кайталанып туруучу физиологиялык абал.

**ЦИНГА – кара жама** – С витамини жетишпегендик дарты.

**ЦИННИЯ – цинния** (Zinnia P) – бойго бүтүрбөөчү эстроген-гестагендик гормоналдык ичүүчү дары каражаты.

**ЦИРКУЛЯЦИЯ КРОВИ – кан айлануу** – организм боюнча кандын айлануу процесси. Организмде кан айлануу артериялык жана вена кан тамырларындагы басымдын айырмасы аркылуу жүрүп турат.

**ЦИРКУМЦИЗИЯ – циркумцизия** – эркектин жыныстык мүчөсүнүн кертмек башын жаап турган теринин бөлүгүн кесип алып таштоо хирургиялык операциясы.

**ЦИРРОЗ ПЕЧЕНИ – кара сарык,** боор циррозу – боор тканынын түйүндүү регенерациясы, боор клеткаларынын дистрофиясы жана боор паренхимасы, ошондой эле стромасынын жабыркоосу менен коштолгон өнөкөт оору; көптөгөн боор ооруларынын, анын ичинде өнөкөт гепатиттердин акыркы стадиясы.

**ЦИСТАЛГИЯ – цисталгия** – табарсыктын ооруксунуусу.

**ЦИСТЕИН – цистеин** – курамында күкүртү бар аминокычкылдык; көптөгөн ферменттердин негизги курамдык бөлүгү болуп саналат.

**ЦИСТИЦЕРКОЗ** *лат.* **– цистицеркоз (***Tacnia solium)* – гелминт тасма куртунун личинкалары тарабынан козголуучу дарт.

**ЦИСТОЛИТИАЗ – цистолитиаз** – табарсыкка таштардын жана калкулёздук конкременттердин чогулуп калуусу.

**ЦИСТОЦЕЛЕ – цистоцеле** – айрым бир учурларда (төрөттөн кийин) табарсык түбүнүн саландап, ылдый түшүп кетүүсү.

**ЦИТОЗИН – цитозин** – ДНК жана РНКлардын нуклеиндик кычкылдыктарында болуучу азоттуу негиздердин бири.

**ЦИТОЛОГИЯ** *гр.* **– цитология** – клеткалардын түзүлүшүн, химиялык курамын, өнүгүүсүн жана аткара турган функцияларын изилдөөчү илим.

**ЦИТОМЕГАЛОВИРУС – цитомегаловирус** – герпес тобундагы вирус өкүлү, инфекциялык цитомегаловирус (мононуклеоз) синдромун козгоочу адамдын 5-герпестик типтеги вирусу.

**ЦИТОПЛАЗМА – цитоплазма** – клетканын негизги заты, клеткалык маңыз. Клетканын органиоддери цитоплазма аркылуу байланышат. Цитоплазма клетканын плазма мембранасы менен ядронун ортосундагы бөлүгү.

**ЦИТОСТАТИЧЕСКИЕ ПРЕПАРАТЫ – цитостатикалык дары-дармектер** – клетка өлтүрүүчү жана клетка өсүшүн токтотуучу, шишикке каршы, залалдуу шишиктерди дарылоодо колдонулуучу дары-дармектер.

**ЦИТОТРОФОБЛАСТ – цитотрофобласт** – трофобласттын жатын тканына өтпөстөн клеткалык түзүлүштү сактап кала турган ички бөлүгү.

**ЦИТОФОТОМЕТРИЯ – цитофотометрия** – цитометрдин жардамы менен цитоплазманын боёлуп коюлган жери аркылуу өтүүчү жарыктын ургаалдуулугун өлчөөнүн негизинде тирүү клеткалардагы химиялык бирикмелерди изилдөөгө алуу.

**ЦИТРУЛЛИНЕМИЯ – цитруллинемия** – сийдиктеги белоктордун химиялык ажыроо процессинде катышуучу ферменттердин кайсы биринин тубаса жетишпестигинен мочевина цикли бузулуп, канда аммиак жана цитруллин аминокычкылдыгы топтолгондуктан жаш балдардын физикалык жана акыл-эс жактан өсүүсү кечеңдегендиги байкалуучу аутосомдук-рецессивдик тукум куучу оору.

# Ч

**ЧАСТЫЙ ПУЛЬС – тамырдын тез-тез кагышы** – кан тамырдын кагышынын тездиги (частота пульса).

**ЧАХОТКА** *(устар.)* **– кагын, сил кесел** – ткандардын начарлашына алып келчү ар кандай оорулардын эл ичинде мурдагы аталышы.

**ЧАШКА – томук** – тизедеги сөөк. М: - *анат.* тизе томук (коленная чашка).

**ЧЕЛЮСТНАЯ КОСТЬ – жаак сөөгү** – үстүңкү жана астыңкы жаак сөөктөрү.

**ЧЕПЧИК – чепчик** – медицина кызматкерлеринин баш кийим формасы.

**ЧЕРВЕОБРАЗНЫЕ МЫШЦЫ КИСТИ – манжалардын курт сымал булчуңдары** – колдун алаканынын ички бетинен сырткa карай имерилип, кайрадан манжалардын

учунун ич тарабына бекилүүчү курт сымал булчуңдары (*musculi lumbricale*).

**ЧЕРВЬ МОЗЖЕЧКА – курт сымал мээ** *(vermis cerebelli)* – нейрондордун аксондорунун топтомун түзгөн, каракуш мээнин эки жарым шар бөлүгүн бириктирүүчү, көрүнүшү куртка окшогон нерв булалары.

**ЧЕРЕП – баш сөөк** *(Cranium)* – мээ, сезүү органдары, дем алуу, тамак сиңирүү системалары үчүн таканчык жана коргоочу функцияларды аткаруучу скелет бөлүгү; *Scull* – мээ жана бет бөлүктөрүнөн турган, 23 сөөктөн түзүлгөн баш скелети (кошумча 3 жуп кулак ичинде сөөктөр жана 32 тиш).

**ЧЕСОТКА – котур** – теринин жугуштуу оорусу (акародерматит); *Sarcoptes scabiei* түрүндөгү кене аркылуу адамдан адамга жугуучу оору.

**ЧЕШУЙКА – кабырчык** – дене (тери) сыртындагы кебектүү кабырчык; кээ бир ооруларда (гиперкератоз, ихтиоз) теринин үстүңкү катмарында пайда болуучу какач сыяктуу кабырчыктар.

**ЧИХАНИЕ – чүчкүрүү** – ооз жана мурун аркылуу абанын сыртты көздөй капысынан түртүлүп чыгуусу.

**ЧУВСТВИТЕЛЬНОСТЬ – сезгичтик** – кабылдагычтык, туйгучтук. М: ооруткaнды (ооруунy) сезгичтик (чувствителность болевая); даам сезгичтик (чувствителность вкусовая); денеге тийгенди сезгичтик (чувствителность тактильная).

**ЧУМА – кара тумоо** – өтө жугуштуу эпидемиялык карантиндик катуу оору; оорунун кеңири таралган формасы бубондук «*bubonic plague*» – кара тумоо.

# Ш

**ШАНКР – шанкр** – дененин ар кандай бөлүгүндө (көздүн кабагы, жыныстык мүчө, уретра) *Haemophilus ducreyi* бациллaсы негизинен жыныстык жол менен таралып тери

жана былжыр челди жабыркатып, мүнөздүү жара пайда болушу.

**ШЕЙНЫЕ ПОЗВОНКИ – моюн омурткалары** – омурткалардын эң кыймылдуу бөлүгү.

**ШЕЛУШЕНИЕ КОЖИ – теринин түлөшү,** десквамация – теринин үстүңкү катмарынын түлөп башташы.

**ШЕРОХОВАТЫЙ – бодур** – бодуракай, жылмакай эмес. М: кашка жиликтин бодуракай сызыгы (шероховатая линия бедренной кости).

**ШЕЯ – моюн** – башты моюн жана тулку бой омурткалары менен бириктирип турган бөлүк.

**ШИЗОГОНИЯ** *гр.* **– шизогония** – боордо же кан эритроциттеринде кездешүүчү жөнөкөй паразиттердин (споралардын) жыныссыз көбөйүүсү.

**ШИЗОФРЕНИЯ** *гр.* **– жин оору,** шизофрения – ой жүгүртүүнүн жана эмоционалдык реакциянын бузулуусу менен коштолгон эндогендик полиморфтук психикалык оору; ойлоо жана чыныгы турмуш менен болгон байланыштык карым-катыштын бузулушуна алып келген курч мүнөздүү психикалык оору.

**ШКАЛА АПГАР – апгар шкаласы** *(Apgar Score)* – жаңы төрөлгөн баланын жалпы ал абалын тезинен баалап алуу ыкмасы (терисинин түсү, дем алуусунун тереңдиги, жүрөктүн жыйрылуу жыштыгы, булчуң тонусу жана негизги физиологиялык рефлекс, ар бир белги 2 баллдан = 10 балл).

**ШОВ – тигиш** – биологиялык ткандарды бириктирүүнүн кеңири тараган ыкмасы. М: жаракатты тигүү (накладывать швы на рану); тери тепчиме тигиш (шов интракутанный).

**ШОК – шок** – эстен танып дендирөө, күтүүсүздөн нес болуу, күтүүсүз кырсыктан эс учун жоготуу. Оорунун кабылдашы же кандайдыр бир чукул таасирден, нерв, жүрөк-кан тамыр, дем алуу системаларынын, зат алмашуу процессинин жана башка функциялардын бузулушу, нейро-гумоused реакциянын бузулушунан гемодинамика-

лык бузулуу жана ткандардын гипоксиясына алып келүү патологиялык процесс абалы. Психикалык күчтүү таасирдин, же катуу мертинүүнүн натыйжасында организмдин функцияларынын жалпы катуу бузулушу; кооптуу дүүлүктүргүчтөргө карата адам организми тарабынан болгон реакция, кан айлануу, дем алуу жана зат алмашуудагы бир катар олуттуу бузулуулардын пайда болушу менен мүнөздөлөт.

**ШПАТЕЛЬ – калакча** – медициналык (хирургиялык) аспап.

**ШПРИЦ – шприц** – учунда көңдөй ийнеси бар, денеге дары жибергич аспап.

**ШРАМ – тырык, так** – денеге келтирилген жаракат айыккандан кийин ордунда калып калган изи.

**ШТАТИВЫ МЕДИЦИНСКИЕ – медициналык штативдер** – дары тамчылатуу үчүн тик тургуч.

**ШУМ – чуулдоо** – дүрүлдөө, чурулдоо, чуу, шуулдоо, чуру-чуу, табыш, кажы-кужу. М: дем алууну текшерип тыңшоодо өпкөдөн чуулдаган үн угулушу (наличие шума при выслушивании легких); кулактын чуулдоосу (шум в ушах).

**ШУМ ТРЕНИЯ ПЕРИКАРДА – жүрөк кабынын өйкөлүү добушу** – көкүрөктөн чыйылдап угулган добуш.

**ШУНТ – шунт** – биринен экинчисин көздөй кан же кандайдыр бир суюктук (жүлүн суусу) агып өтүүчү эки анатомиялык түтүктүү түзүмдү бириктире турган жол.

# Щ

**ЩАДЯЩАЯ ДИЕТА – аярлап тамактануу** – углеводду, кантты азайтып, белокту көбөйткөн мүнөз тамактануу.

**ЩЕКА – уурт** – бет, жаак. М: уурттагы чуңкурчалар (ямочки на щеках).

**ЩЕЛЬ** *анат.* **– жылчык** – эки симметриялык ткань ортосундагы өтө чоң эмес жылчык. М: үн жылчыгы *(rima*

*glotidis),* чыныгы үн түйүндөрү ортосундагы бош аралыкты билдирет.

**ЩЕМЯЩАЯ БОЛЬ – ачыштырган ооруу** – үзө тарткан ооруу сезими.

**ЩЁЧНЫЕ МЫШЦЫ – жаак булчуңдары** – жаакты түзүүгө катышкан булчуңдар.

**ЩИТОВИДНАЯ ЖЕЛЕЗА – калкан бези** – организмдин бардык органдарынын жана системаларынын функцияларына таасир берүүчү тироксин, трийод тиронин гормондорун иштеп чыгуучу без.

**ЩУПАТЬ ПУЛЬС – тамыр кармоо** – тамырды кармап, кандай согушун билүү.

## Э

**ЭВАГИНАЦИЯ** *фр.* – **эвагинация** *(Evaginatio)* – кайсы бир бөлүк же бүтүндөй органдын сыртты көздөй оркоюп чыгып калуусу.

**ЭВЕНТРАЦИЯ** *лат.* – **эвентрация** – ички мүчөлөрдүн курсактан чыгып калышы (тубаса кемтик, мертинүүдөн же операциядан кийин).

**ЭВЕРСИЯ** – **эверсия** – сыртын көздөй аңтарылуу; *Eversion of the cervix* – жатын моюнчасынын эверсиясы, моюнча оозунун жээги төрөт учурундагы айрылып кетүүсүнөн улам сыртын көздөй аңтарылышы.

**ЭВИСЦЕРАЦИЯ** – **эвисцерация** – хирургиялык операция жолу менен ткандарды тилип жаруу аркылуу кайсы бир орган(дар)ды сыртка аңтарып чыгаруу; *eviscerаtio oculi* – көздүн бир гана сырткы кыртышын (склера) калтырып көз чечекейинин ичин тазалоо операциясы; *акуш.* айрым бир төрөтүү учурундагы эне өмүрүн сактап калуу аракетинде жасалуучу операция.

**ЭВТАНАЗИЯ** – **эвтаназия**, *voluntary euthananasia* – айыкпас адамдын өтүнүчү менен азап чегүүсүн жеңилдетүү максатында жашоону кармап туруучу жасалма чараларды

токтотуу аркылуу атайын дары каражаты менен каза таптыруу. Көп мамлекеттерде эвтаназияга тыюу салынган.

**ЭЗОФАГОГАСТРОДУЕДЕНОСКОПИЯ – эзофагогастродуеденоскопия** – була-оптикалык эндоскоптун жардамы аркылуу кызыл өңгөч, ашказан жана он эки эли ичегини изилдөө.

**ЭЗОФАГОЦЕЛЕ – эзофагоцеле** – булчуңдуу катмардагы кемчилдиктин натыйжасында кызыл өңгөчтөгү былжырлуу кыртыштын сыртка торсойуп чыгып калышы.

**ЭКЗАРТИКУЛЯЦИЯ ПАЛЬЦА – манжаны муундан кесүү** – кол же буттун манжасын муунунан кесип таштоо.

**ЭКЗЕМА** *гр.* – **саргарт, көз жара** – күнч, теринин жугушсуз, өнөкөт, аллергиялык сезгенүү оорусу (теринин жабыр тарткан жерлеринин кычышып кызарып, ыйлаакчалардын пайда болушу).

**ЭКЗЕНТЕРАЦИЯ – экзентерация** – көз чарасынын ичин толук тазалоо үчүн жасалуучу хирургиялык операция.

**ЭКЗОГЕННЫЙ – экзогендик** – сырткы таасир. М: Экзогендик аллергиялык альвеолит (пневмонит).

**ЭКЗОТОКСИН – экзотоксин** – айлана-чөйрөгө бактериалдык клеткалар тарабынан бөлүнүп таркалуучу антигендик касиети бар уулуу белок заты; мындай экзотоксинди негизинен ботулизм, столбняк клостридиялары, айрым учурда стрептококк, стафилококктор дагы бөлүп чыгарып тамак-аш азыктарын уулаандырат.

**ЭКЗОФТАЛЬМ** *гр.* – **экзофтальм, тосток көз** – кээ бир ооруларда көздүн чанагынан тышка чыгып турушу. М: богок оорусунда.

**ЭКЛАМПСИЯ** *гр.* – **эклампсия** – айрым бир учурдагы кош бойлуулук мезгилинде, төрөт учурунда же төрөттөн кийинки мезгилде аялдын кан басымынын өтө жогорулап, эне жана баланын өмүрүнө коркунуч келтирүүчү карышуу оорусу.

**ЭКСГИБИЦИОНИЗМ – эксгибиционизм** – башка адамдарга жыныстык мүчөсүн көргөзүү ышкысы менен кош-

толуучу оорулуу жүрүм-турум, патологиялык жыныстык бейадептиктин белгиси.

**ЭКСИКОЗ ОРГАНИЗМА** – **дене кургоо** – организмдеги суунун физиологиялык ченемден азайышы. М: изотоникалык, гипотоникалык, гипертоникалык эксикоз.

**ЭКСКОРИАЦИЯ** *лат.* – **экскориация** – кыруу жана химиялык каражаттарды колдонуу жолу аркылуу теринин үстүңкү катмарын алып салуу, катуу тырмануудан теринин сыйрылуусу.

**ЭКСКРЕЦИЯ** – **экскреция** – организмдеги ар кыл турмуш-тиричиликке байланышкан калдыктардын сыртка чыгарылышы (сийдик, заң); экскреция – организмдеги көмүр кычкыл газынын, өпкөдөгү суу буусунун, организмдеги ашыкча суу, туздардын жана мочевина бөлүктөрүнүн сыртка чыгарылышын да камтыйт.

**ЭКСПЕРИМЕНТАЛЬНАЯ МЕДИЦИНА** – **эксперименттик медицина** – илимий тажрыйба жүргүзүүчү медицина.

**ЭКСПИРАТОРНАЯ ОДЫШКА** – **дем чыгара албас энтигүү** – дем чыгаруу процессинин бузулушу.

**ЭКССУДАЦИЯ** – **экссудация** – сезгенүү процессинин негизинде жабыркабаган кан тамырлардын бети аркылуу белок жана лейкоциттерден турган патологиялык суюктуктун (экссудат) жылжып агышы. Кандын суюк бөлүгүнүн сезгенген ткандарга сарыгып чыгышы.

**ЭКСТАЗ** *гр.* – **экстаз** – чексиз ырахат менен коштолуучу сезим (абал).

**ЭКСТЕМПОРЕ** *англ.* – **токтоосуз** *(extempore)* – ыкчам жасоо. М: дарыканада рецепт боюнча дарыны ыкчам жасап берүү.

**ЭКСТИРПАЦИЯ** *лат.* – **экстирпация** – хирургиялык жол аркылуу ткань же органды толугу менен алып таштоо. М: жатынды толугу менен операциялык кесип алып салуу (экстирпация матки); түз ичегини операциялык кесип алып салуу (экстирпация прямой кишки).

**ЭКСТРАКОРПОРАЛЬНЫЙ** – **экстракорпоралдык** – адамдын денесинен сырткары жайгашкан же жаралган дегенди туюндурган түшүнүк. М: *extracorporeal circulation* – экстракорпоралдык кан айлануу – кандын адамдын денесинен сырткары жакта айлануусу. Экстракорпоралдык уруктандыруу, тукумсуздуктагы (төрөбөстүк) жардамчы тукум улоочу технология; *синон.* пробиркадагы уруктандыруу – *in vitro* уруктандыруусу, жасалма уруктандыруу.

**ЭКСТРАКТ** – **экстракт** – а) курамы суу, спирт же бөтөн заттын эритиндисин буулантуу жолу аркылуу алынган дары каражатынын фармакологиялык активдүү негиздеринен турган дары-дармек. б) сыгып чыгарылган сыгынды, маңыз, шире; дарылык касиети бар заттардын сыгып чыгарылган тундурмасы.

**ЭКСТРАСИСТОЛИЯ** – **экстрасистолия** – жүрөктүн физиологиялык ыргагынан сырткары кошумча жыйрылуу дарты.

**ЭКСТРЕННЫЙ** – **токтоосуз** – өтө шашылыш. М: бейтапка өтө шашылыш түрдө чакыруу жиберүү (экстренный вызов больному).

**ЭКТИМА** *гр.* – **эктима** – теринин ириңдүү бөртмө дарты. Оорунун козголушуна негизинен А тобундагы бета-гемолитикалык стрептококктор себепкер. Айрым учурда оорунун себепкери болуп Staphylococcus aureus эсептелет.

**ЭКТОПИЯ** *гр.* – **эктопия** – ордунан жылган, өз ордунда жайгашпаган. М: жатын моюнчасынын ички катмарын каптаган цилиндр эпителий клеткаларынын аңтарылып жайгашып калуусу (эктопия шейки матки); бөйрөктүн дененин башка жеринде жайгашышы (эктопия почки).

**ЭКТОПИЧЕСКАЯ БЕРЕМЕННОСТЬ** – **эктопиялык бойго бүтүү** – уруктанган жумуртка клеткасынын жатындын ичинен сырткары жабышып калышы.

**ЭКТРОПИОН ГЛАЗА** – **көз эктропиону** – көз жапкагынын (капкагы) сыртка түйрүлүүшү.

**ЭКХИМОЗ** *гр.* – **экхимоз** – денедеги көгөргөн жер; мертинүүлөрдүн натыйжасында кан тамырдагы кандын жа-

кын жайгашкан ткандарга куюлуусунан улам тери бетинде пайда болуучу кара-көк түстөгү тактар, бул тактар бара-бара кара күрөң андан кийин саргыч түскө айланат.

**ЭЛЕКТРОКАРДИОГРАММА – электрокардиограмма (ЭКГ)** – жүрөктүн иштөө ритмин коштой турган электр кубатынын кагаз тасмага түшүрүлүшү, чийме сызыгы.

**ЭЛЕКТРОФОРЕЗ – электрофорез** – электр менен заряддалган бөлүкчөлөрдү (негизинен белокторду) бөлүү максатында эритиндиге туруктуу электр агымын жиберип, тери аркылуу дары каражатын керектүү жерге киргизип дарылоо ыкмасы.

**ЭЛЕФАНТИАЗ – күпчөк** – лимфа суюктугунун топтолушунан дененин кайсы бир бөлүгүнүн терисинин жана тери май чарымынын оорутуп шишимик тартып, чоңоюп (жоонoюп) кетиши. М: буттун күпчөгү; эндик калтанын күпчөгү.

**ЭЛИКСИР – эликсир** – медицинада жана косметикада колдонулуучу спирттүү эритиндинин бир түрү. Дарылык таасири бар өсүмдүктөрдөн жана жаныбарлардан алынган заттардын курамынан жасалган спирттүү эритиндилердин бир түрү. М: тиш эликсири (зубной эликсир).

**ЭМАЛЬ ЗУБОВ – тиштин эмалы** – тиштин жалтырак катуу сырты.

**ЭМБОЛИЯ** *гр.* – **эмболия, кан тыгын** – тромбдун кан тамыр ичин тосуп калуусу.

**ЭМБРИОГЕНЕЗ – эмбриогенез** – түйүлдүктүн өрчүү процесси.

**ЭМБРИОН** *гр.* – **эмбрион, түйүлдүк** – өөрчүшүнүн алгачкы мезгилиндеги же жумурткалардын уруктануусунан баштап, өзүнчө тамактанууга, кыймылдоого чейинки организм. М: жаныбарлардын же өсүмдүктөрдүн түйүлдүгү.

**ЭМОЦИЯ** *лат.* – **эмоция** – көңүл сезими, сезимдүүлүк абалы: күчтүү сезим, көңүл көтөрүү, көңүл чөгүү, чын көңүлдөн кубануу, кайгыруу, ачуулануу, сүйүнүү, толкундануу.

**ЭМПАТИЯ** *гр.* – **эмпатия** – адамдын башка бир адамдын ой туюмун сезе билүү жөндөмү. М: доктурдун эмпатиясы оорулууну ийгиликтүү дарылоого шарт түзөт.

**ЭМПИЕМА ПЛЕВРЫ** – **плевра эмпиемасы** – өпкөнүн көкүрөк чел көңдөйүнө ириң толуусу, ириңдүү сезгениши.

**ЭМУЛЬСИЯ** *лат.* – **эмульсия** – ичинде кандайдыр бир заттын эрибеген тамчылары көп болгон суюк дары. М: Маалокс (Алгелдрат + Магний гидроксиди).

**ЭМФИЗЕМА ЛЕГКИХ** – **өпкө эмфиземасы** – желөпкө. Өпкөдө ткандардын жабыркоосунан, ткандар арасындагы патологиялык жел (аба) толушу.

**ЭНДЕМИЯ** *гр.* – **эндемия** – белгилүү географиялык аймакта гана табигый шарттарга байланыштуу учуроочу оору (көбүнчө жугуштуу оорулар).

**ЭНДОВАСКУЛИТ** – **эндоваскулит** – кан тамырдын ичинин сезгениши.

**ЭНДОКАРД** – **эндокард** – жүрөктүн морфологиялык катмар түзүлүшүнүн ички катмары.

**ЭНДОКРИННЫЕ ЖЕЛЕЗЫ** *гр.* – **эндокриндик бездер** – бул органдар нервдик же гуморалдык дүүлүктүрүүнүн негизинде кандын кайсы бир заттарынан бөлүп алуу менен кайсы бир органдардын иштөөсүнө таасир берүүчү өз алдынча заттарды (эндокриндик) иштеп кан тамырга же лимфа тамырга чыгарат, дагы бири зат алмашуудагы өнүмдөрдү организмден сыртка чыгарат (экзокриндик).

**ЭНДОКРИНОЛОГИЯ** – **эндокринология** – организмдин эндокриндик саламаттыгын, ички бездер секрециясын жана ооруларын изилдөөчү илим.

**ЭНДОМЕТРИЙ** – **эндометрий** – жатындын былжырлуу катмары; кан тамырлар жыш жайгашкандыктан этек кир башталардын алдында бир кыйла тыгыздалып темирге байытылган кан менен камсыздалып эмбриондун имплантацияланышына шарт түзүлөт.

**ЭНДОМИОМЕТРИТ ПОСЛЕРОДОВОЙ** – **төрөттөн кийинки эндомиометрит** – жатындын ички жана булчуң катмарынын төрөттөн кийинки сезгениши.

**ЭНДОСКОПИЯ** – **эндоскопия** – эндоскоп аппараты менен адамдын денесиндеги табигый өткөөл жолдор аркылуу көңдөйлүү органдарын көрүп изилдөө.

**ЭНДОТЕЛИЙ** – **эндотелий** – кан жүрүү жана лимфа тамырларынын жана жүрөктүн ички катмарынын бетине төшөлгөн жалпак клеткалар катмары.

**ЭНТЕРИТ** *гр.* – **энтерит** – ичке ичегинин сезгенүү оорулары (дуоденит, еюнит, илеит).

**ЭНТЕРОАНОСТОМОЗ** – **энтероаностомоз** – ичегини ичегиге улаштыруу (жалгаштыруу, бириктирүү) операциясы.

**ЭНТЕРОКОЛИТ** – **энтероколит** – ичке жана жоон ичегилердин жалпы сезгениши.

**ЭНУКЛЕАЦИЯ** *лат.* – **энуклеация** – кайсы бир органды, шишик же кистаны хирургиялык операция жолу аркылуу толук алып салуу.

**ЭНУРЕЗ** – **энурез** – түнкүсүн төшөккө заара ушатып коюу.

**ЭНЦЕФАЛИТ** – **энцефалит** – мээнин сезгенүүсү (бактериялык, вирустук).

**ЭНЦЕФАЛОГРАФИЯ** – **энцефалография** – мээ түзүлүшүн же мээ клеткаларынын активдүүлүгүн каттоого алуу ыкмаларынын бири.

**ЭНЦЕФАЛОМИЕЛОПАТИЯ** – **энцефаломиелопатия** – бир эле убакта мээ жана жүлүндүн сезгенүүсү, борбордук нерв системасын катуу жабыркатуучу оору.

**ЭОЗИНОФИЛИЯ** – **эозинофилия** – кандагы эозинофилдер курамынын көбөйүп кетүүсү; аллергия, эхинококкоз, мите курттардын инвазиясы, лейкемиянын айрым формалары жана дары каражаттарын ичүүнүн натыйжасында келип чыгат.

**ЭПИДЕМИОЛОГИЯ** *гр.* – **эпидемиология** – жугуштуу оорулардын чыгышынын жана күчөшүнүн жолдорун, ал ооруга каршы күрөшүү, аны эскертүү, алдын алуу иш-чараларын уюштурууну изилдөөчү медициналык илим.

**ЭПИДЕМИЯ** *гр.* – **эпидемия** (*ἐπι* - арасында, *δῆμος* – эл) – убакыт жана чөйрө алкагында жугуштуу оорунун эл арасында көбөйүп жайылып кетиши; белгилүү бир жайда оорунун катталуу деңгээлинен жогору болот жана өзгөчө кырдаалдын булагы болууга жөндөмдүү.

**ЭПИКРИЗ** *гр.* – **эпикриз** – корутунду; дабагердин-бейтаптын абалы, оорунун өзгөчөлүктөрү, дарылоо жана андан ары жасалуучу аракеттер боюнча корутунду.

**ЭПИЛЕПСИЯ** *гр. лат.* – **талма** – эс учун жоготуп, талма сыяктуу болгон нерв оорусу; булчуңдардын тырышуусу менен кыска мөөнөткө эс-акылын жоготуп жана амбулатордук автоматизмдин токтоп калуусу менен мүнөздөлгөн оору.

**ЭПИСПАДИЯ** *гр.* – **эписпадия** – сийдик чыгаруучу түтүктүн тубаса ачыктыгы, кемтиги.

**ЭПИТЕЛИЙ** – **эпителий** – организмди жана дене сыртын каптаган түрдүү формадагы клеткалар.

**ЭПИФИЗ** – **эпифиз** – а) мээнин үстүңкү жандама эндокриндик бези; б) түтүктүү сөөктүн учунун анатомиялык аталышы.

**ЭРГОТЕРАПИЯ** *лат. гр.* – **эрготерапия** (эмгек, эмгектенүү + дарылоо; кыймыл) – координациялык кыймылды жөндөштүрүү, активдүүлүктү калыбына келтирүүчү дарылоо.

**ЭРЕКЦИЯ** – **эрекция** – көлөмү жагынан чоңойуп, катуу формага ээ болгон жыныстык мүчөнүн (кертмектин) сексуалдык активдүү абалы.

**ЭРИТЕМА** – **эритема** – тери кан тамырларынын кеңейишинен, дененин чектелген бөлүгүндө теринин катуу кызарышы.

**ЭРИТРОПЛАЗИЯ** – **эритроплазия** – ооз көңдөйүндөгү былжырлуу катмарда же жыныстык органдарда оору сезими менен коштолгон кызыл тактардын пайда болуусу; коркунучтуу (залалдуу) шишиктин келип чыгуусунан кабар берет.

**ЭРИТРОПОЭЗ** – **эритропоэз** – кызыл кан денечелеринин жаралуу процесси.

**ЭРИТРОЦИАНОЗ** – **эритроцианоз** – шыйрак менен сандын арткы бетине көптөгөн кара кочкул тактардын пайда болушу.

**ЭРИТРОЦИТ** – **эритроцит** (нормоцит) – кандын кызыл формендик элементи. Эритроциттер – кызыл кан клеткалары, негизги функциясы – организм менен чөйрө ортосунда газ алмашуу, башкача айтканда организмдин дем алуусун ишке ашырат, кандын башка функциясына да катышат. Эритроцит чала өткөргүч чел жана көпшөк заттан турган ядросуз клетка, анын оюкчаларында темирлүү пигмент гемоглобин болуп, ал канга кызыл түс берет. Эритроциттердин кургак бөлүгү 95% гемоглобинден турат, 5%ын гемоглобинсиз белоктор жана липиддер түзөт.

**ЭРОГЕННЫЕ ЗОНЫ** – **эрогендүү жерлер** – физикалык кийлигишүүлөрдүн натыйжасында жыныстык дүүлүгүүгө учуроочу дене бөлүктөрү.

**ЭРОЗИЯ** – **эрозия** – дененин илээшме, былжырлуу катмарынын бетинин жараланып кетиши; жооруу, жоор болушу, жошулушу. М: ашказандын былжыр челинин жараланып кетиши (эрозия желудка).

**ЭРОТИКА** – **эротика** – ашыктыктан болуучу дене жыргалы (дененин эриши).

**ЭССЕНЦИЯ** *лат.* – **эссенция** – бир нерсенин күчтүү курамдыгы; кандайдыр бир химиялык заттардын, гүлдөрдүн, өсүмдүктөрдүн спирттүү күчтүү ширеси.

**ЭСТРОГЕН** – **эстроген** – аялдын жыныстык жактан жетилүүсү жана экинчи жыныстык белгилердин (жыныстык органдарынын калыптанышы, сүт бездеринин чоңоюшу) өнүгүшүнө шарт түзө турган стероиддүү гормондор тобунун өкүлү.

**ЭТИКА** *гр.* – **этика** – адеп, жүрүм-турум. М: доктурдун этикасы, адистик жүрүм-туруму (врачебная этика).

**ЭТИОЛОГИЯ** *гр.* – **этиология** (себеп + сөз, окуу) – оорунун себептерин изилдөөчү илим, оорунун себептери.

**ЭТМОИДИТ** – **этмоидит** – баштын калбыр сөөгүнүн сезгениши, каңылжаардын сезгениши.

**ЭФИР** – **эфир** – органикалык заттардын (спирттердин же спирттин кычкылдык менен) кошулмасы; медицинада жана парфюмерияда колдонулуучу назик, жеңил бууланоучу суюк заттар. М: наркоздук эфир (эфир для наркоза).

**ЭХИНОКОККОЗ** – **эхинококкоз, күлапса** – тасма мите куртунун личинкалары жабыркатуучу дарт; боордо, өпкөдө жана башка органда мителик кылуучу эхинококк личинкасы пайда кылган оору.

**ЭЯКУЛЯЦИЯ** – **эякуляция** – жыныстык катнаштын кульминациялык мезгилинде эрендиктин сыртка карай атырылышы.

# Ю

**ЮВЕНИЛЬНАЯ ГИПЕРТОНИЯ** – **ювенилдик гипертония** – жаш кезде кан басымдын жогорулашы (дарт).

**ЮВЕНИЛЬНОЕ КРОВОТЕЧЕНИЕ** – **ювенилдик кан агуу** – айрым бир учурда өспүрүм кыздын гипоталамус – гипофизардык системасынын жакшы өрчүбөй калышынан жатындан дисфункционалдык кан кетиши.

**ЮВЕНИЛЬНЫЙ** – **жыныстык жетиле электик** – балакатка толо электик.

**ЮИНГА САРКОМА** – **юинг саркомасы** – өспүрүм балдарда кездешүүчү тутумдаштыргыч ткандын жана сөөк тканынын залалдуу шишиги.

# Я

**ЯБЛОКО ГЛАЗНОЕ** – **көз алмасы** – көз чарасындагы, склера менен чектелген туура эмес шар формасындагы анатомиялык зат.

**ЯВИТЬСЯ ВРАЧУ** – **доктурга келүү.** М: доктурдун кабыл алуусуна өз убагында келүү (вовремя явиться на прием к врачу).

**ЯГОДИЦЫ** – **жамбаш** – көчүк, соору; көчүк булчундары жана тери алдындагы май клетчаткасынын негизинде түзүлүп, тери менен капталган дене бөлүгү.

**ЯД** – **уу** – жылан, чаян, жөргөмүш ж.б. жаныбарлардан алынуучу уулуу зат. М: а) жыландын уусу (змеиный яд); аарынын уусу (пчелиный яд - *venom);* б) ткан функцияларын дүүлүктүрүп, жабыркатып же кыйратуучу зат *(poison).*

**ЯДРО** – **ядро** – генетикалык материалы ДНКдан турган клетка түзүмү (ядро клетки).

**ЯЗВА** – **жара** – жаракат. М: ашказандын тешилген жарасы (прободная язва желудка).

**ЯЗВА ТРОФИЧЕСКАЯ** – **трофикалык жара** – кандардын кан тамырлары аркылуу азыктануусунун бузулушунан болгон жара.

**ЯЗВЕННАЯ БОЛЕЗНЬ ЖЕЛУДКА** – **ашказан жарасы** – ашказан жаракаты; ашказандын былжырлуу катмар бетине нейро-гуморалдык таасирлердин, *helicobacter pylori* бактерияларынын, кычкылдык, пепсин жана өттүн таасир этүүсүнөн улам жаранын пайда болуусу.

**ЯЗЫК** – **тил** – ооз көңдөйүндөгү туурасынан кеткен тарам-тарам булчуңдуу ткандардан турган орган. М: тил булчуңдары (мышцы языка); тили кургак, ак кебер баскан (язык сухой, обложен белым налётом).

**ЯЗЫЧОК НЕБНЫЙ** – **көмөкөй** – жумшак таңдайдын арткы бөлүгүнөн чыгып, тил үстүндө жайгашкан конус формасындагы кичинекей өсүндү.

**ЯИЧКО** – **урук без** – сперматозоиддер менен эркектердин жыныстык гормону тестостерон (андроген) иштелип бөлүнүп чыгуучу кош урук без; анын иштелип чыгуусу гипофиз тарабынан бөлүнүп чыгуучу гонадотропиндер тарабынан көзөмөлдөнөт.

**ЯИЧНИК** – **энелик без** – аялдардын урук клеткалары менен стероиддүү гормондорду иштеп чыгуучу негизги жумурткалык органы (без).

**ЯИЧНИКОВАЯ БЕРЕМЕННОСТЬ – энелик безде бойго бүтүү** – түйүлдүктүн энелик бездин ткандарына жабышып калуусу менен мүнөздөлгөн бойго бүтүү.

**ЯЙЦЕКЛЕТКА – урук клеткасы** – аялдардын жетилген жыныстык клеткасы.

**ЯМОЧКИ НА ЩЕКАХ – уурт чуңкурчалары** – күлгөндө беттин (ууртунун) чуңкуру.

**ЯРЕМНЫЕ ВЕНЫ – көк күрөө тамыр** – баштан, беттен башталып тароочу вена кан тамыры.

**ЯТРОГЕНИЯ – ятрогения** – медкызматкерлер атайылап себепкер болбогон, бирок этиясыз айткан сөздөрүнөн адамдын физикалык жана эмоционалдык абалынын начарлашы. М: дарылоодон, дарт табуучулук же доктурдун терс таасиринен болгон оору абалы.

**ЯЧМЕНЬ – тирсек** – көз жапкагынын фолликулдарынын сезгениши.

**ЯЩУР – шарп** – зооноздук тобундагы курч мүнөздө өтүүчү вирустук жугуштуу дарт. Мал да, адам да ооруйт.

**ЯЭБА – яэба** – сүт тиштердин кечигип чыгышынан же айрым бир учурда жаактын тардыгынан экинчи катарда кыйма тиштин өсүшү.

## СҮЙЛӨМДӨРГӨ ТҮШҮНДҮРМӨЛӨР

# А

**Аберрантный кровеносный сосуд, нерв и орган –** аберранттык өз ордунда жайгашпаган же анатомиялык-морфологиялык түзүлүшү жагынан айрымаланган кан тамыр, нерв жана орган. М: хромосомдун аберранттык бөлүкчөсү; кан тамыр катмардык түзүлүшүндөгү морфологиялык мүчүлүштүк; кызыл өңгөчтүн артында жайгашкан богок.

**Аборигены для научных медицинских исследований –** илимий медициналык изилдөөлөр үчүн аборигендер. Медициналык илим изилдөөчүлүктө жергиликтүү (абориген)

жаныбарлар менен башка жерден алынып келген жаныбарларга салыштырмалуу илимий тажрыйбалар жүргүзүлүүсү айтылат.

**Аденома предстательной железы, дифференциальная диагностика** – эркектин жыныс бездеринин коркунучсуз шишиги. Дифференциалдаштырып (салыштырма айырмалоо менен чечмелеп) анык дарт атын коюу.

**Адреналин (эпинефрин) для инъекций** – ийне саюу үчүн адреналин (эпинефрин); адреналин дары каражаты катары, анафилактикалык шокто, бронх астмасында, кекиртектин аллергиялык шишип буулуп калуусунда, кан агууда, анестезиялык дарылардын курамында пайдаланылат.

**Азопирамовая проба проводится с целью проверки качества предстерилизационной обработки** – толук таза залалсыздандыруу алдындагы жууп-тазалоонун сапатын аныктоо максатында азопирам сынамы жасалат.

**Аист с ребенком; легенда: в поверье гласит о том, что детей приносит в клюве аист; в живописи: аист символизирует почтительность к родителям** – бала алып келчү илегилек; уламыш: жаш балдарга айтылчу бул уламыш боюнча, үйгө баланы илегилек тумшугуна тиштеп алып келет; уламыштардын биринде, сүрөтчүлүктө - илегилек ата-энени урматтоо символу катары сүрөттөлүп тартылат. Бейтаптардын маанайын көтөрүү максатында, мекемеге кире берген жерлерде илегилек тартылган сүрөттөрдү көрүүгө болот.

**Алая кровь после лохий** – төрөттөн кийин жатындан бөлүнүп чыгуучу былжырдагы кызыл кан.

**Алгоритм стерилизации хирургических инструментов** – хирургиялык аспаптарды толук залалсыздандыруунун алгоритми (ирети).

**Аменореи являются одним из факторов бесплодия у женщин** – аменорея аялдардын тукумсуздук (төрөбөстүк) факторлорунун бири болуп саналат.

**Анализ семенной жидкости, способность к оплодотворению** – урук суюктугунун анализи; эркектин эрендигинен

алынган урук клеткасынын уруктандыруу жөндөмүн текшерүү; эркектин уруктандыруу жөндөмүн текшерүү үчүн, беш күн бою аял менен жыныстык катнашта болбогон эркектин эрендигинен алынган уруктук клеткаларына анализ жасоо.

**Ангиография** – метод контрастного исследования функционального состояния сосудов в рамках компьютерной томографии – Ангиография – компьютердик томография менен изилдөөдө кан тамырлардын функционалдык абалын контрасттык изилдөө ыкмасы.

**Анестезия спинномозговая показана при операциях на органах малого таза –** бел омуртка-жүлүн ооруксуздандыруу ыкмасы, кичи жамбаш чара органдарына операция жасоодо колдонулат.

**Антисептика рук – применение препаратов, обладающих антимикробным действием, для деконтаминации рук –** колдун антисептикасы – колду деконтаминациялоо (дене бетин толук тазалоо) үчүн микробго каршы касиетке ээ болгон дарылык-дармектерди колдонуу.

**Антропонозное инфекционное заболевание, вызываемое вирусом иммунодефицита человека –** адамдын иммунжетишсиздик вирусу пайда кылган антропоноздук жугуштуу оору.

**Артериальное давление –** артериалдык кан басымы. Тамырда айланып агып жаткан кандын жүрөктүн сол карынчасынан бүркүлгөн кан көлөмүнө каршылыгынан тамырдын ички бетине жасаган басымы. Жогорку басым – систоликалык; төмөнкү басым – диастоликалык (тамыр ичиндеги суюктуктун басымы атмосфералык басымдан жогору.

**Ассоциация психических явлений –** адамдын психикалык абалынын өз ара байланыштары. М: адамдын психикалык абалынын байланыштары, анын оюнда бир эле психикалык абалы пайда болору менен, андан кийинкилери пайда болушун билдирет.

**Ассоциация семейных врачей** – үй-бүлөлүк доктурлардын кесиптик бирикмеси; үй-бүлөлүк доктурлардын

кесиптик кызыкчылыктарын (эмгек келишими, укуктары, илимий-практикалык деңгээлин жогорулатуу ж.б.) колдоо максатындагы коомдук бирикме.

**Атрезия желчевыводящих путей** – өт агып чыгаруу жолдорунун тубаса туюктугу.

**Атрезия заднего прохода** – көтөн чучугунун туюктугу; көтөн тешигинин тубаса туюктугу (жоктугу); көтөн чучугу менен көтөн тешигинин байланышкан жеринин бүтөлүп калышы.

**Атриовентрикулярные клапаны** – жүрөктүн дүлөй-карынча тоскучтары, атриовентрикулярдык клапандар.

**Ахиллово сухожилие (пяточное сухожилие)** – ахилл тарамышы (согончок тарамышы) балтыр булчуңду согончок сөөгү менен бириктирүүчү тарамыш. Кишинин денесиндеги эң бакубат жана бышык тарамыш.

# Б

**Базисная терапия ревматоидного артрита** – ревматоиддик артрит оорусунда негизги (түпкү) дарылоо.

**Барьер гематоэнцефалический** – физиологический механизм, обеспечивающий обмен веществ, разделяя спинномозговую жидкость и кровь в сосудах головного мозга. Гематоэнцефалдык тосмо (барьер) майда кан тамырлардагы канды мээни курчап турган суюктукка аралаштырбай зат алмашууну жөндөп турган физиологиялык механизм.

**Белая линия живота при беременности** – кош бойлуу аялдарда, курсактын ак жигинде пигменттик сызыктын пайда болушу.

**Беременность трубная, клинические рекомендации** – жатын түтүгүндөгү кош бойлуулук, клиникалык сунуштамалар.

**Беременность эктопическая (беременность внематочная)** – түйүлдүктүн жатындан тышкары (*ektopic pregnency*) жерде өөрчүшү, эктопикалык кош бойлуулук; жатындан

тышкаркы (*extrauterine pregnency)* кош бойлуулук уруктанган клетканын жумурткалык безде, жатын түтүгүндө (Фаллопий) же ич көңдөйүндө өсүүсү.

**Берцовые кости: большеберцовая кость, малоберцовая кость** – жото жиликтер: чоң жото жилик; кичи жото жилик.

**Беседовать с больным о лечении** – оорулуу менен дарылоо жөнүндө маектешүү, аңгемелешүү.

**Беспрерывный уход за больным** – оорулууну тынымсыз карап багуу.

**Бионика** – бионика. Биологиялык системаны техникалык системага алмаштыруу үчүн биологиялык объектинин бул же тигил тиричилик процессин кылдат изилдөө, анын математикалык жазуу жана моделдөө ыкмаларын иштеп чыгуу. Бионика кибернетиканын бир бөлүмү; техникалык аппараттарды, механизмдерди, системаларды түзүү жана түрдүү инженердик маселелерди чечүүдө организмдердин түзүлүш өзгөчөлүгүн, тиричилигин изилдейт.

**Болезни желчного пузыря** – өт баштыгынын оорулары.

**Болезни передающиеся половым путем (БППП)** – жыныстык катнашуудан жугуучу оорулар (ЖКЖО).

**Болезнь декомпрессионная, болезнь кессонная** – декомпрессиондук оору, кессондук оору; дем алуучу аппараттын жардамы менен бир кыйла өлчөмдөгү тереңдикте же суу алдына түшүүчү «конструкциядагы» жогорку басым алдында иштеген адамдарда учуроочу синдром.

**Болезнь новорожденных геморрагическая** – жаңы төрөлгөн балдардын геморрагиялык оорусу; К витамининин жетишсиздигинен улам кан уюу процессинин убактылуу бузулушу.

**Болезнь Пейрони, склероз фиброзный полового члена** – пейрони оорусу – жыныстык мүчөнүн ички бетине тиешелүү үстүңкү катмардын алгач ийкемдүү, тыгыз, андан кийин кемирчек сындуу жоонюшу жана эрекция маалында ийри шишик формада болуп жагымсыз оору менен коштолушу.

**Больничный листок (листок нетрудоспособности)** – оорулуунун баракчасы (эмгекке жарамсыздык баракча).

**Больного всю ночь трясла лихорадка –** оорулуу түнү бою калтырап чыкты.

**Больному оказана своевременная медицинская помощь –** оорулууга өз убагында медициналык жардам көрсөтүлдү.

**Большая ягодичная мышца** – чоң соору булчуңу.

**Большие половые губы –** жыныстык чоң бырыштар (аялда).

**Большой вертел бедренной кости** – кашка жиликтин чоң урчугу.

**Большой круг кровообращения** – кан айлануунун чоң айлампасы.

# В

**Вакуум экстракция плода** – вакуум экстрактор аппаратынын жардамы аркасында, анын сордуруу шакекчеси менен ымыркайдын башынын ортосунда терс аба басымын түзүп жасалма жол менен баланы табигый төрөт жолу аркылуу төрөтүп алуу операциясы.

**Ваша болезнь заразная –** сиздин ооруңуз жугуштуу.

**Ваше лекарство для реабилитационной терапии –** реабилитациялык терапия үчүн сиздин дарыларыңыз.

**Введение средства с лечебной или диагностической целью –** дары каражатын дарылоо же дарт табуу максатында куюу (саюу).

**Верхнечелюстная пазуха (Гайморова)** – үстүңкү жаак (Гайморов) кобулу.

**Взятие крови на биохимический анализ –** канды биохимиялык анализге алуу.

**Вирус иммунодефицита человека (ВИЧ) –** адамдын иммуну жетишсиздик (кем) вирусу(АИВ).

**Вирус папилломы человека –** адамдын папиллома вирусу (бул вирустун 50дөн ашык түрү бар); сөөл (папиллома жаратуучу вирустар типтери (түрлөрү), сөөлдөр дене, ошондой эле гениталдык (жыныстык) органдарда, көтөн тешик

тегерегинде пайда болот жана жатын рагынын өнүгүүсүнүн негизги себептеринин бири болушу мүмкүн.

**Витрификация эмбриона** *лат.* – эмбрионду витрификациялоо (айнек + жасаймын); температуранын өтө тездикте төмөндөшүнөн суюк заттын айнек сымал болуп катып калышы; ЭКО циклинин алгачкы этабында имплантацияга чейин эмбрионду криоконсервациялоо үчүн жасалуучу процедура.

**Вклад ученых в дальнейшее развитие эмбриологии человека** – адам эмбриологиясынын мындан ары өнүгүүсүнө окумуштуулардын кошкон салымы.

**Влияние разнородных сплавов металлов на слизистую оболочку полости рта** – ар түрдүү металлдар кошундусунун ооздун былжыр чел катмарына тийгизген таасири.

**Внематочная беременность** – жатын сыртына бойго бүтүү. Жатындан тышкары кош бойлуулук.

**Внешний осмотр больного** – оорулууну сыртынан кароо.

**Внутривенное вливание лекарства** – дарыны венага (көк кан тамырга) куюу.

**Военно-медицинская подготовка врачей** – доктурларды аскердик-медициналык даярдоо.

**Воротная вена печени** – боордун босого көк кан тамыры (vena portae hepatis).

**Воспалительный процесс** – сезгенүү процесси. М: уруктук (жумурткалык) безинин сезгенүүсү (воспаление яичников).

**Восстановление здоровья** – ден соолукту калыбына келтирүү; дарылап сакайтуу.

**В отношении биологических тканей используется термин «Антисептика»** – биологиялык ткандарга карата «Антисептика» термини колдонулат.

**Впрямь как журавлиная шея** – кудум эле турнанын моюнундай.

**Врачебно-консультационная комиссия (ВКК)** – доктурлук-консультациялык комиссия (ДКК).

**Врачебно-трудовая экспертная комиссия (ВТЭК)** – доктурлук-эмгектик эксперттөө комиссиясы (ДЭЭК).

**В реабилитационном периоде для развития мышления детей можно применить метод абакуса** – калыбына келтирүүчү мезгил ичинде балдардын ой жүгүртүүсүн жана эс тутумун өркүндөтүүчү багыт, абакус усулун колдонууга болот.

**Всемирная организация здравоохранения (ВОЗ)** – дүйнөлүк саламаттык сактоо уюму (ДСУ).

**Всемирный день врача (ежегодно, первый понедельник октября)** – бүткүл дүйнөлүк доктурлар күнү (жыл сайын тогуздун айынын биринчи дүйшөмбүсү).

**Вы, сколько мне известно – опытный нейрохирург** – сиз, мен билгенден – тажрыйбалуу нейрохирургсуз.

**Вывих височно-нижнечелюстного сустава** – Чыкый астыңкы жаак муун бертинүүсү.

# Г

**Гаметы такие, как сперматозоид или яйцеклетка принадлежат к клеткам зародышевой линии** – сперматозоид же жумурткалык клеткалары сыяктуу эле гаметалар, түйүлдүк клеткалар катарына кирет.

**Гастроэзофагеальная рефлюксная болезнь** – гастроэзофагеалдык рефлюкстук оору; кызыл өңгөчтүн ылдыйкы сфинктеринин жетишсиз иштешинен карындагы заттардын кайрадан кызыл өңгөчкө түртүлүшү.

**Гигроскопическая хирургическая стерильная вата** – өзүнө ным тартуучу (гигроскоптук) хирургиялык залалсыздандырылган кебез.

**Гистеросальпингография** – гистеросальпингография (метросальпингография) – жатын ичине контрасттуу зат киргизүү менен жатындын ичин жана Фаллопиев түтүкчөсүнүн өткөрүүчүлүк функциясын изилдөө.

**Глютаминовая оксалоацетиновая трансаминаза** – аминокычкылдыктарды жаратуу процессинин жүрүшүнө катышуучу глютаминдүү оксалоацетиндүү трансаминаза ферменти.

**Горец почечуйный (геморройная трава)** – көк баш кымыздык *(polэgonum persicбria L.)*, жатындан жана көтөн чучук веналарынын варикоздук (түйүн сымал) кеңейүүсүнөн болгон кан агуусунда колдонулат.

**Гормоны щитовидной железы** – калкан безинин гормондору. М: калкан бези биологиялык активдүүлүгү боюнча эки түрдүү гормондорду иштеп чыгарат: йод курамдуу тироксин жана трийодтиронин, ошондой эле кальцийдин зат алмашуусун тескөөчү полипептиддик кальцитонин гормону (йодсодержащие тироксин и трийодтиронин и гормон, регулирующий обмен кальция, полипептидный – кальцитонин).

**Городская станция скорой медицинской помощи** – шаардык медициналык тез жардам бекети.

**Группы химических соединений используемые как дезинфицирующие средства** – дезинфекциялык каражат катары колдонулуучу химиялык бирикмелер топтору. М: галлогендик, кычкылтектик, альдегиддер, фенолдук, гуанидиндер, кычкылдыктар жана жегич негиздер.

**Гуманное отношение больному** – бейтапка гумандуу мамиле жасоо.

# Д

**Дальнейшее развитие медицинских наук** – медициналык илимдердин мындан ары өнүгүүсү.

**Двухглавая мышца плеча** – ийиндин эки баштуу булчуңу.

**Двухстворчатый клапан сердца** – жүрөктүн сол карынчасындагы экиге ачылма клапан.

**Дежурный диспетчер станции скорой неотложной помощи** – кечиктирилгис тез жардам бекетинин нөөмөттөгү диспетчери (иш иреттегичи).

**Деструктивный процесс** – бузулуу процесси. Деструктивдүү бөлүк *(focus destructionis)*. М: сөөктүн ичиндеги чектелген (ириңдөөсү) бузулуусу (деструктивный очаг кости).

**Детородные органы женщины** – аялдын бала төрөөчү органдары; аялдын ички жана сырткы жыныстык мүчөлөрү.

**Дефект межжелудочковой перегородки** – жүрөктүн карынчаларын бөлүп турган тосмонун кемтиги (тешик).

**Деформация костей** – сөөктөрдүн формасынын өзгөрүлүшү, майышуусу.

**Деформирующий артроз** – деформацияланган артроз, тарамыш муундардын өнөкөт бузулма сезгенүүсү.

**Диагностика антенатальная** – антенаталдык дарт табуу, түйүлдүктүн өсүп чоңоюшу, анын анатомиялык мүчөлөрүнүн өсүш абалын аныктоо процедуралары.

**Диагностика пренатальная** – пренаталдык дарт табуу, кош бойлуулуктун төрөткө чейин өрчүп өтүшүн, түйүлдүктүн өнүгүүсүндөгү генетикалык же кандайдыр бир адаттан тышкары өзгөрүүлөрдү изилдөөчү, ал-абалды аныктоочу процедуралар.

**Дилатация и кюретаж при аборте** – бойдон алдырууда жатын моюнчасын кеңейтүү жана жатынды кырып тазалоо.

**Динамическая (функциональная) кишечная непроходимость** – динамикалык (функционалдык) ичеги өтпөстүгү; ичеги катмарынын кыймыл-аракет функциясынын бузулушунан ичеги ичиндеги заттардын кыймылсыз токтоп калышы.

**Диоксид углерода, газ углекислый** – углерод диоксиди, көмүр кычкыл газы – зат алмашуунун негизинде пайда болуп, кан аркылуу өпкөгө өтүп, дем алуу процессинин натыйжасында сыртка чыгарылуучу түссүз газ.

**Дифференциальная диагностика** – айырмалап, талдап дарт аныктоо (дарт тапма) анык дарт атын коюу).

**Доли коры головного мозга** – мээ үлүштөрү.

**Донорство органов и тканей** – өз дене мүчөсүн (бөйрөгүн, боорун, тканын) реципиентке берүү.

**Дополнительные методы исследования диагностики** – дарт табуучулук изилдөөнүн кошумча методдору.

**Достоверные признаки беременности** – кош бойлуулуктун анык белгилери.

# Е

**Его лицо выглядело бледной как полотно** – анын бети болотнайдай купкуу көрүндү.

**Единогласие всего коллектива больницы** – оорукананын бүткүл жамаатынын бир пикирдүүлүгү (бир ооздон, бир добуштуулук).

**Естественный (ая, ое) –** табигый, кадыресе. М: табигый иммунитет (естественный иммунитет).

# Ж

**Жевательная эффективность –** чайноо натыйжалуулугу (эффективдүүлүгү).

**Железы большие преддверия влагалища** – кындын ооз жагындагы чоң бездер.

**Желудочно-кишечный тракт** – ичеги-карын жолу.

**Желчные протоки печеночные** – боордогу өт түтүктөрү.

**Женские половые железы** – аялдын жыныс бездери (жумурткалыктары), жыныстык клеткалары өсүп жетилүүчү органы, ошондой эле ички секреция бези катары жыныстык гормон иштеп чыгарат.

**Женщины детородного возраста в группе риска –** тобокел топтогу төрөт жашындагы аялдар.

**Желтое пятно сетчатой оболочки глаза –** сары так; көздүн торчо, тордомо кабыгынын сары тагы.

**Жизненная емкость легких** – демди толук чыгарып, мүмкүн болушунча демди терең ичке тартуудагы абанын көлөмү.

**Жилишные условия больных и инвалидов** – оорулуу жана майып адамдардын үйүндөгү жашоо шарты.

**Журнал регистрации малых хирургических операций** – кичи хирургиялык операцияларды каттоо журналы.

# З

**Заблаговременно приготовить лекарственный раствор** – дарылык эритмени алдын ала даярдоо.

**Задание дежурной медсестре –** нөөмөтчү медайымга тапшырма берүү.

**Задержка роста ребенка внутриматочная –** баланын жатын ичиндеги өсүүсүнүн кечеңдеши.

**Задержка умственного развития, олигофрения –** акыл-эс өнүгүүсүнүн кечеңдеши; адамдын интеллектуалдык жөндөмүнүн төмөндүгү менен мүнөздөлгөн абалы.

**Задний канатик спинного мозга –** жүлүндүн арткы танабы, жипчеси.

**Зажим кровоостанавливающий зубчатый** – кан токтотуучу тиштүү кыпчуур.

**Запас больницы бакалейными товарами –** ооруканадагы ун, күрүч, кант, чай, кофе, туз, май, токоч, кургатылган жемиштер сыяктуу азык тамактарынын камдыгы.

**Заразный (ая, ое) (заразительный) –** жугуштуу. М: жугуштуу оору; Эбол вирусунун жугуштуу штаммы (заразная болезь; заразный штамм вируса Эбола).

**Заявка на лекарственные препараты –** дары-дармектерге табыштама, өтүнмө.

**Здоровый образ жизни** – сергек жашоо мүнөзү.

# И

**Из раны идет кровь –** жарааттан кан агууда.

**Инвагинация кишечника –** ичегинин инвагинациясы; ичегинин бир бөлүгү (же бир ичегинин бөлүгү) экинчи бөлүгүнүн (же экинчи ичегинин) ичине алдын же артын карай кирип тыгылып (тыгындалып) анын өтүмүнүн токтолушу.

**Инстилляция мочевого пузыря** – табарсыкка эритме дары заттарды тамчылатып куюу.

**Интегрировать ребенка в окружающий мир при нарушении сенсорной интеграции –** сенсордук интеграциясынын

бузулушунда, баланы курчап турган чөйрөгө интеграциялоо; баланын мээсинин рецепторлордон ишараттарды туура кабыл алышын жана баамдоосун үйрөтүү {көрүү, угуу, сезүү (физикалык): даам сезүү, ооруну сезүү}.

**Инфекции, связанные с медицинской помощью** – медициналык жардам көрсөтүү менен байланышкан инфекциялар.

**Инфракрасное излучение** – инфракызыл нурдануу – электромагниттүү нурдануу; нур физиотерапияда ткандарды жылытуу жана андагы ооруну басаңдатып, кан айланууну жакшыртуу үчүн пайдаланылат.

**Инъекция прямая интрацитоплазматическая** – интрацитоплазмалык түз ийне саюу – эркектин уругу жараксыз же алсыз учурларда аялдын урук клеткасын жасалма жол аркылуу уруктандыруу.

**Искривление вальгусное большого пальца стопы** – бут бармагынын вальгустук ийрейүүсү (буттун баш бармагынын башка манжаларды көздөй ийрейүүсү).

**Искривление варусное большого пальца стопы** – Буттун баш бармагынын башка манжаларга карата карама-каршы багытты көздөй кыйшаюусу.

**Искусственное оплодотворение человека** – адамды жасалма жол аркылуу уруктандыруу.

**Истоком медицины считается анатомия** – анатомия медицинанын башаты болуп эсептелет.

# К

**Какая радость, дедушка полностью выздоровел** – чоң атам толук сакайып кеткени кандай кубанычтуу.

**Катаральное воспаление червеобразного отростка** – мөөндүн өсүндүсүнүн катаралдык сезгениши (исиркектелген сезгенүү).

**Катетеризация подключичной вены** – акырек астындагы венаны катетеризациялоо.

**Качественный мониторинг эффективности стерилизации** – толук таза залалсыздандыруунун натыйжалуулугуна сапаттуу мониторинг жүргүзүү.

**Кварцевание воздуха и поверхностей в помещении** – медициналык кварц лампасы (ультрафиолет нуру) менен бөлмөдөгү абаны жана предметтерди жугушсуздандыруу.

**Кварцевание предметов, стерилизация медицинских инструментов** – кварц (бактерициддик) лампасынын ультрафиолет нуру менен предметтерди жана медициналык аспаптарды толук таза залалсыздандыруу.

**Кефалогематома у новорожденных** – төрөт учурундагы бертинүүдөн жаны төрөлгөн баланын башынын жумшак ткандары менен сөөк челинин ортосунда кан уюп калышы.

**Кислотность подвздошной кишки** – кара ичегинин кычкылдуулугу.

**Клетки зародышевой линии – клетки многоклеточного организма** – түйүлдүк клеткалар катары – көп клеткалуу организмдин клеткалары; жыныстык жол менен көбөйүүчү түйүлдүк клеткаларынын жаралуусу, бул тукум улоонун башталышы.

**Клинический протокол медицинской организации** – медициналык мекеменин клиникалык протоколу; медициналык мекеменин клиникалык протоколу, бул оорунун аныкталган синдрому болгон кайсы бир ооруда, же аныкталган клиникалык кырдаалда оорулуу адамга медициналык жардам көрсөтүү талаптарын аныктаган ченемдик документ.

**Клинический протокол это нормативный документ** – клиникалык протокол – бул ченемдик документ, оорулууга медициналык жардам берүү боюнча бардык саламаттык сактоо уюмдары үчүн жалпы талаптар Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан бекитилет.

**Клинический разбор истории болезни** – бейтап баянын клиникалык талдоо.

**Компенсированный порок сердца** – атайын аппараттык изилдөөлөрсүз аныкталбаган жүрөктүн кемтик оорусу.

**Краниосиностоз (краниостеноз)** *гр.* – краниосиностоз (баш сөөк + сөөк жабышуу); баланын баш сөөгүндөгү жиктердин убагынан мурда бекиши.

**Кыргызский научный центр репродукции человека (КНЦРЧ) –** кыргыз илимий адам репродукциясы борбору (КИАРБ); Адам тукумун улоо кыргыз илимий борбору.

# Л

**Ладонно-подошвенная кератодермия** – кол (манжа, алакан), буттун (таман) терисин чор басуу.

**Лазерная коррекция зрения при миопии** – көздүн миопиясында лазерди колдонуу аркылуу көрүүсүн коррекциялоо.

**Лакриматоры или слезоточивые вещества** – көздү каптаган былжыр челине уулуу таасир берип жаш агызуучу заттар.

**Латентный период болезни** – оорунун белгилери билинбеген көмүскө убакыт.

**Левое предсердие сердца** – жүрөктүн сол дүлөйчөсү.

**Легочно-сердечная недостаточность** – өпкө-жүрөк жетишсиздиги клиникалык синдром абалы ( жүрөктүн оң карынчасынын гипертрофиясы, өпкө кан айлануу гипертензиясы жана кан айлануунун жетишсиздиги менен мүнөздөлөт).

**Лекарства аналоги** *гр.* **–** аналог дарылар (окшоштук, далма-дал келүү, бирдейлик).

**Лекарства дженерики** *англ.* **–** женерик дарылары. Дарыны алгач иштеп чыккан компания тарабынан патенттелген дарыга бирдей далма-дал келген, активдүү фармацевтикалык курамдуу химиялык заттардан турган дары каражаты.

**Лекарственная чувствительность –** дары сезимдүүлүк, дары көтөрүмдүүлүк.

**Лекарственное растение арнебия –** эндик *(Arnebia)* дары өсүмдүгү; 2500-3000 м. бийиктикте тоолордо өсүүчү эндик

дары гүл өсүмдүгү, жарааттарды, күйүктү, сезгенүүлөрдү дарылоочу дары жана витамин каражаттары жасалат; тамырынан косметикалык эндик дагы жасашат.

**Лечебная физическая культура (ЛФК) –** дарылоочу дене тарбиясы (ДДТ).

**Лимон, лучший цитрусовый оксидант –** лимон, эң мыкты окидант цитрус өсүмдүгү, курамында органикалык лимон кычкылдыгы, алма кычкылдыгы, пектин заттары, кант, каротин, флавониддер, фитонциддер, витаминдер – рибофлавин, тиамин, аскорбин кычкылдыгы, рутин, лимондук эфир майы (α-лимонен, терпен) көп болуп, организм үчүн дарылык таасири баалуу.

**Логичность доводов врача обследовать больного –** доктурдун оорулууну текшерүү жүйөлөрүнүн логикалуулугу.

**Локальное (местное) кварцевание отдельных участков тела (ухо-горло-нос, кожа) –** дененин айрым бир жерлерин (бөлүктөрүн: кулак, мурун тамак, тери) кварц лампасы (ультрафиолет нуру) менен зыянсыздандыруу.

**Локальный статус после операции –** денедеги операция болгон жердин абалы. М: операция болгон жердеги теринин түсү кадимкидей, тигиштер терини жакшы кынап турат, тигиштердин айланасы кызарбаган, тери шишимиги байкалбайт.

**Лоскут кожи для пересадки –** көчүрүп жалгоо үчүн теринин ичке тилке кесиндиси.

# М

**Магнезия широкоприменяемое лекарство –** магний кычкылы кеңири колдонулуучу дары. Негизинен медициналык токтоосуз жардам көрсөтүүдө, акушерлик практикада, кардиологияда, гастроэнтерологияда эң таасирдүү дары каражаты. Магний сульфаты организмге кирери менен өтө тездикте кан тамырлардын булчундарын, скелет булчунда-

рын, жатын булчуңдарын, ичеги-карын булчуңдарын бошоңдотуу менен кан тамырлар кеңейип кан басымы төмөндөйт, тамыр кагымы оңолот, аритмия азаят, булчуңдарда чыңалуу азайып, тырышуу жана ооруу сезими басаңдайт.

**Мазохистическое расстройство личности** – жашоо турмушунда өксүк жагдайлар болуп, кемсинүү, азап чегүү, өзүн өзү кыйноо сезими басымдуулук кылып көбүнчө мазохизм (өзүн кыйнап жыныстык кумардан кануу) менен коштолот.

**Маниакально-депрессивный психоз** – маниакалдык-депрессиялык психоз; тегеренме, айланма коёнчук, дартмандуу басынуу жана кумардануу, алмашып турган психикалык оору.

**Медико-статистический показатель, определяющий число заболеваний** – оорулардын санын аныктоочу медициналык-статистикалык көрсөткүч.

**Медицинская карта больного** – оорулуунун медициналык картасы, бейтап баяны.

**Медицинские работники борются за жизнь больного** – медициналык кызматкерлер оорулуунун өмүрү үчүн күрөшөт.

**Медицинский персонал, работающий с кровью, обязательно должен использовать средства индивидуальной защиты** – кан менен иштеген медициналык персонал милдеттүү түрдө өздүк коргонуу каражаттарын колдонуусу керек.

**Медицинский справочник для пациентов** – бейтаптар үчүн медициналык маалымдама.

**Медицинский термометр ртутный** – медициналык сымаптуу термометр; адамдын денетабын өлчөөчү медициналык шайман (прибор).

**Медсестра готовит стерильный стол в стерильном халате, маске и перчатках** – толук таза залалсыздандырылган столду, залалсыздандырылган халат, беткап, кол кап кийген медайым даярдайт.

**Международная научно-медицинская конференция** – эл аралык медициналык илимий конференция.

**Минеральный состав арбуза –** дарбыздын минералдык курамы: фолиева кычкылдыгы, ошондой эле витаминдерге, кант, белок, пектин, калий, кальций, магний, натрий, фосфор, темир жана башка минералдарга бай.

**Миома матки (фибромиома, лейомиома)** – жатындын булчуң катмарынын (миометрия) залалсыз шишиги; жатын фибромиомасы (лейомиома).

**Младший медицинский работник** – кенже медициналык кызматкер.

**Молекулярно-генетические исследования в медицине** – медицинадагы молекулалык-генетикалык изилдөөлөр.

**Мониторинг процесса диспансеризации –** диспансеризациялоо процессине мониторинг жүргүзүү.

**Мужские половые клетки (сперматозоиды) –** эркектин уругу, жыныстык клеткасы, эрендик.

**Мукоцеле лобной пазухи** – маңдай кобулунун ыйлаак сымал кеңейиши.

**Мультиформная экссудативная эритема** – теринин көп түрдүү исиркектүү кызарышы.

# Н

**Набухание молочных желез при беременности –** кош бойлуулук учурунда эмчектин шишимек тартышы, чоңоё башташы.

**Нагревание перманганата калия –** калий перманганатын жылытуу; лабораторияда калий перманганатын жылытуу процессинде таза кычкылтек бөлүнүп чыгат.

**Наиболее полноценно изученные витамины в организме человека: A, D, E, K, C, $B_1$, $B_2$, PP, $B_{12}$ –** адамдардын организминде жетиштүү деңгээлде изилденген витаминдер: A, D, E, K, C, $B_1$, $B_2$, PP, $B_{12}$.

**Нанопластырь для восстановления миокарда, повреждённого инфарктом –** инфарктын кесепетинен жабыркаган миокардды калыбына келтирүүчү нанопластырь.

**Напряженный живот у беременной** – кош бойлуу аялдын чыңалган ич-курсагы; курсактын тарамыш булчундарынын чыңалышы.

**Нарушение ритма сердца** – жүрөктүн ыргактуу согушунун бузулушу.

**Нарушение сенсорной интеграции** – сенсордук интеграциянын бузулушу; мээнин рецепторлордон бурмаланган маалыматтарды алышы же туура эмес кабыл алышынын негизинде баланын физикалык жактан өсүшүнүн бузулушу.

**Научная медицинская конференция** – медициналык илимий конференция.

**Недостаточность двухстворчатых клапанов** – жүрөктүн кош капкалуу тосмолорунун жетишсиздиги.

**Нейро-гуморальная регуляция** – нейро-гуморалдык тейлөө, нервдик суюктукту жөнгө салуу.

**Нейропатия тройничного нерва одонтогенная** – одонтогендик (тиштин) жолдун таасири менен үчилтик нервдин иннервациялык чегинде, кыймыл-аракеттик жана сезгичтик бузулуулары.

**Нейроциркуляторная дистония** – нейроциркулятордук дистония; организмде нервдик жана эндокриндик жөндөө функциясынын бузулушу, жүрөк-кан тамыр, вегетативдик жана дем алуу системаларынын бузулушу менен мүнөздөлөт.

**Необратимый процесс течения болезни** – оорунун өтүшүнүн кайтарылгыс процесси.

**Неотложная операция при инвагинации кишок** – ичегилердин бири-бирине түйрүлүп кирүүсүндө токтоосуз операция жасоо.

**Непроходимость кишечника** – ичеги-карын ооруларынын же шишик ооруларынын, айрым учурларда ич көңдөй органдарына операция жасоодон кийин, ич катуудан ичегилердин жин өткөрбөстүгү. Оору, ичтин көөп чыгышы, кусуу, катуу бурап оорушу симптомдору менен мүнөздөлөт.

**Нефробластома, опухоль Вильмса** – эмбриондук бөйрөк ткандарынан өсүп чыккан, ымыркай балдардын өтө залалдуу шишик оорусу (Вильмс шишиги).

**Никотиновая кислота (витамин РР)** – никотин кислотасы (РР витамини); организмде кычкылданууну калыбына келтирүү аракеттеринде катышат.

**Нуждаемость медицинских учреждений на вакцины** – саламаттык сактоо мекемелеринин вакциналарга болгон муктаждыгы (керектик, зарылдык).

# О

**Облегчить психологическое состояние больного** – бейтаптын психологиялык абалын жеңилдетүү.

**Обмен веществ или метаболизм, это химические реакции, поддерживающие жизнь в живом организме** – зат алмашуу же метаболизм – бул тирүү организмде жашоону камсыз кылуучу бардык химиялык реакциялар процесси.

**Обоснование выбранного метода операции** – операциянын тандап алынган ыкмасын негиздөө.

**Обработка промежности перед проведением вагинального исследования** – кынды текшерүү алдында алааны гигиеналык жууп тазалоо.

**Обращаемость врачам** – дабагерлерге кайрылуулар (статистикалык көрсөткүчү).

**Обрезание крайней плоти** – сүннөткө отургузуу; баланын жыныс мүчөсүнүн бүрүгүнүн учундагы терисин кесүү операциясы.

**Обсервация медицинская** – жугуштуу оорулардын таралышын алдын алууга багытталган атайын чектөөчү, медициналык (доктурдук) байкоо, дарылоо, алдын алуу иш чараларын медициналык-санитардык көзөмөлдөө, обочолонтуп медициналык байкоо.

**Обследование хорионических ворсинок** – түйүлдүктүн абалын билүү үчүн хориондук түкчөлөрдү текшерүү: кош бойлуулуктун сегизинчи – он биринчи жумалары аралыгында түйүлдүктүн өнүгүүсүндөгү кандайдыр бир мүчүлүштүктөрдү табуу үчүн хромосомдук жана биохимиялык изилдөөлөр.

**Обтурационная кишечная непроходимость** лат. – обтурациялык ичеги өтпөстүгү (тыгындалуу); ичеги ичиндеги заттардын механикалык тыгындалышы (кыймылсыз токтолушу) себептеринен ичеги өтпөстүгү. Ичеги инвагинациясы дагы өзүнчө нозология катары кирет.

**Объем легких остаточный –** демди толук сыртка чыгаргандан кийин өпкөдө калып кала турган аба көлөмү.

**Общее кварцевание – всё тело человека –** кварц лампасы (ультрафиолет нуру) менен кишинин бүт денесин жугушсуздандыруу.

**Онихомикоз грибковое поражение ногтевых пластин –** онихомикоз, тырмактын кычыткы микробактерияларынын таасиринен жабыркашы.

**Оперативный штаб по предупреждению инфекции** – инфекциянын алдын алуу боюнча ыкчам штаб.

**Операционный блок – это совокупность помещений предназначенных для подготовки и проведения оперативных вмешательств** – операциялык блок – бул операциялык кийлигишүүлөргө даярдоо жана аларды жасоого ылайыкталган бөлмөлөр тобу.

**Операция увулопалатофарингопластика –** увулопалатофарингопластика операциясы – коңурук тартууну дарылоо таңдайдагы кичине тилди, таңдайдын жумшак бөлүгүн жана бадам сымал бездерди алып таштоо үчүн жасалуучу хирургиялык операция.

**Оплодотворение искусственное вне организма матери –** жасалма жол аркылуу эненин организминен тышкары (ЭКО, *In vitro fertilisation, Ivf*) уруктандыруу; кошумча тукум улоочу технология: келечекте жатынга отургузуу үчүн зиготаны бластоциста баскычына дейре (пробиркада) өстүрүү. Мындай процедура болочоктогу эненин жатын түтүкчөлөрүндө сперматозоид менен урук клетканын биригүү мүмкүнчүлүгү болбогон учурда колдонулат.

**Определение высоты прикуса в положении центрального соотношения челюстей** – жаактардын борбордук (түз

ортодо) катышы абалында, тиштердин кабышуу бийиктигин аныктоо.

**Организовать санитарно-просветительную работу перед осенне-зимней вспышкой острых инфекций** – күз-кыш мезгилдеринде курч мүнөздөгү жугуштуу оорулардын күчөшү алдында санитардык-агартуучу иштерди уюштуруу.

**Ортопедия челюстно-лицевая** – жаак-бет ортопедиясы.

**Осложнения язвенной болезни желудка и двенадцатиперстной кишки** – ашказандын жана он эки эли ичегинин жарасынын өтүшүп кабылдап кетиши.

**Основные (жизненно важные) лекарственные средства** – негизги (жашоо үчүн маанилүү) дары-дармек каражаттары.

**Острая кишечная непроходимость (синдромная категория)** – курч мүнөздөгү ичеги өтпөстүгү (оорунун синдромдук категориясы).

**Острое лёгочное сердце, клинический симптомокомплекс, возникающий, прежде всего, вследствие развития тромбоэмболии лёгочной артерии** – өпкөдөн катуу чаалыккан жүрөк-өпкө артериясында тромбоэмболия пайда болуусунун негизинде клиникалык симптомдордун комплекси.

**Острый и хронический одонтогенный периостит нижней челюсти** – астыңкы жаактын курч жана өнөкөт мүнөздөгү одонтогендик сезгениши.

**Охрана материнства и детства** – энеликти жана балалыкты коргоо.

**Охрана репродуктивного здоровья** – тукум улоочу саламаттыкты сактоо.

## П

**Падение кровяного давления** – кан басымдын төмөндөшү, түшүп кетиши.

**Паралитическая кишечная непроходимость** – параличтик ичеги өтпөстүгү; ичеги миоциттеринин тонусунун (чыңалуусунун) начардыгы (алсыздыгы) себебинен ичеги өтпөстүгү.

**Парасимпатическая нервная система** – парасимпатикалык нерв системасы, вегетативдик нерв системасынын бир бөлүгү; уктоо убагында организмдин иштөөсүн көзөмөлдөө фунциясы бар. Симпатикалык нерв системасы менен байланышкан өз алдынча вегетативдик нерв системасынын бир бөлүгү.

**Парентеральное введение лекарственных средств** – дары каражаттарын ичеги-карындан сырткары берүү; дарыны тамак сиңирүү мүчөлөрүнөн башка жолдор аркылуу денеге киргизүү.

**Париетальный листок брюшины** – ич челдин, киричтин кереге каптамы.

**Паровая стерилизация** – бууландырып залалсыздандыруу.

**Первая медицинская помощь на месте** – жеринде биринчи медициналык жардам көрсөтүү.

**Первичная обработка раны** – жараатты алгачкы тазартуу.

**Первичный туберкулезный очаг** – кургак учуктун алгачкы очогу, чордону.

**Перед назначением больному лекарства не забудь поговорку: «Семь раз отмерь, один раз отрежь»** – бейтапка дарыларды дайындоо алдында «Жети өлчөп, бир жолу кес», – деген макалды унутпа.

**Перечень перевязочных материалов перевязочного кабинета** – жараат таңуучу бөлмөдөгү таңуучу материалдардын тизмеги.

**Перед стерилизацией все предметы медицинского назначения, подлежащие стерилизации, должны быть упакованы** – толук таза залалсыздандыруу алдында залалсыздандырыла турган медициналык бардык предметтер таңгакталышы керек.

**Перечень инфекций, на ликвидацию очагов которых должны расходоваться средства Эпидемиологического фонда** – оору очокторун жоюу үчүн Эпидемиологиялык

фонддун каражаттары сарптала турган инфекциялардын (жугуштуу оорулар) тизмеги.

**Периферическая нервная система** – четки (перифериялык) нервдер тутуму.

**Персонализированная медицина** – персоналдаштырылган медицина; бейтапка медициналык жардам көрсөтүүдө, адамдын организминин биохимиялык, физиологиялык жана генетикалык өзгөчөлүктөрүнүн негизинде, тандалып алынган дарт аныктоо, дарылоо жана алдын алуу аракеттерин уюштуруунун жаңы модели.

**Перфорация язвенной болезни желудка –** ашказан жарасынын жайгашкан жеринин жарылып тешилиши.

**Планирование семьи – как образовательная, комлексная медицинская и социальная деятельность –** үй-бүлөнү пландаштыруу – билим берүүчү, комплекстүү медициналык жана социалдык ишмердик катары.

**Плевральная аспирация** – плевралык аспирация – плевралык көңдөйчөдөн жел (газ) же кан аралашкан ириңдүү суюктукту сордуруп салуу.

**Подвздошно-лонное возвышение –** жамбаш-чат дөмпөгү.

**Подкожно-жировая клетчатка** – тери астындагы май чарым.

**Подчелюстные лимфоузлы способны чутко реагировать на любые изменения в организме человека –** жаак астындагы лимфа тамыр түйүндөрү адамдын организминдеги ар кандай өзгөрүүлөргө сактык менен жооп кылууга жөндөмдүү.

**Полиморфизм клеточных хромосом –** клеткалык хромосомдордун көп түрдүүлүгү; эуокариотиддик клеткалардагы хромосома же кандайдыр бир генетикалык белгилердин организмде бир канча түрдүү формада болушу.

**Полиморфизм некоторых химических веществ –** айрым бир химиялык заттардын химиялык курамы өзгөрүлбөгөнү менен кристаллдык түзүмүнүн ар түрдүү болушу.

**Поставить лёд на ушиб** – көгөргөн жерге муз коюу.

**Постинъекционный инфильтрат** – булчуңга жана тери алдына жасалган ийне саюудан кийин пайда болуучу кабылдоо (сезгенүү, берчтенүү).

**Предохранение от беременности** – бойго бүтүп калуудан сактануу.

**Преимущества грудного вскармливания** – эмчек эмизүүнүн артыкчылыктары.

**Препараты от коронавируса** – таажы вирустан дарылоочу дары-дармектер.

**Препараты при ревматоидном артрите** – ревматоиддик артритти дарылоодо колдонулуучу негизги тутуму алтын болгон дары-дармектер (ауорофин, ауротиоглюкоза жана уротиомалат натрий).

**Преэклампсия, гипертензия развившаяся во время беременности** – преэклампсия, кош бойлуулук учурунда пайда болуучу гипертензия; кээ бир аялдардын мурда-кийин кадыресе абалда жүргөн кан басымынын кош бойлуу мезгилинде, организмдеги бузулуулардын (оорулардын) таасиринде көтөрүлүп кетиши.

**Прививка от дифтерии** – кептөөр оорусуна каршы эмдөө.

**Приемное отделение клинической больницы** – клиникалык оорукананын кабыл алуу бөлүмү.

**Приоритетные методы лечения** – дарылоонун артыкчылыктуу методдору.

**Проведение медицинской баллистической экспертизы** – медициналык баллистикалык экспертизаларды жүргүзүү.

**Прогрессивный паралич, паралитическая деменция, паралитическое слабоумие или болезнь Бейля – психоорганическое заболевание сифилитического происхождения** – прогрессивдүү шал, параличтик деменция, параличтик кем акылдык же Бейл оорусу – котон жара тектүү психоорганикалык дарт.

**Продромальный период болезни** *гр.* – оорунун инкубациялык мезгили менен оорунун өтүшүнүн аралыгындагы оору белгилери.

**Противовирусные препараты** – вируска каршы дары-дармектер. М: Абавир, АИВди дарылоодо колдонулуучу түздөн түз таасир бере турган вируска каршы дары-дармектердин бири.

**Профилактика внутрибольничных инфекций в отделениях реанимации и интенсивной терапии** – интенсивдүү (күчөтүлгөн) терапия жана жандандыруу бөлүмдөрүндө оорукана ичиндеги инфекциянын алдын алуу.

**Профилактика инфекции мочеиспускательного канала и мочевого пузыря** – Заара чыгуучу түтүктү жана табарсыкты инфекциядан алдын алуу.

**Процедуры получения зубных оттисков, определение прикуса и протезирования** – тиш калыптарын алуу, тиштегенин аныктоо жана протездөө процедуралары.

**Проявления вагинизма у женщин** – адатта, жыныс кынына (вульвага) тийип коюудан улам, аялдын жыныс мүчөсүнүн ички көңдөйчөсүндөгү булчуң эттин оорушу; бул оору сезими, аялдын жыныстык катнашка болгон коркунуч сезимин жогорулатып, ал тургай жек көрүүсүн жаратышы мүмкүн.

**Пульпит хронический гипертрофический** – тиш өзөгүнүн гипертрофиялык (ашыкча өсмө) өнөкөттүү сезгениши.

**Пульсоксиметрия (определение степени насыщения крови кислородом)** – пульсоксиметрия (кандын кычкылтек менен каныгуусун аныктоо) процедурасы.

# Р

**Развернутый анализ крови** – кандын кеңири маалыматтуу анализи.

**Реабилитационное (восстановительное) лечение** – калыбына келтирип, толук сакайтып дарылоо.

**Рекомендация по лечению –** дарылоо боюнча сунуштамалар.

**Репаративные процессы тканей** – ткандардын кайрадан өсүү процесси.

**Репродуктивная система человека –** адамдын тукум улоочулук (репродуктивдүү) системасы.

**Рефлексная терапия –** рефлекстик терапия, теридеги белгиленген жерге ийне саюу; мында гипофиз жана жүлүн нервдеринин таасиринде көп өлчөмдө, ооруу сезимин басуучу табигый зат эндорфинди бөлүп чыгаруусуна шарт түзөт.

**Рефлюкс везикоуретеральный –** везикоуретералдык рефлюкс – табарсыктан чыккан сийдик агымынын кайра заара түтүкчөлөрүн көздөй багытталышы.

**Ригидность мышц шеи** – моюн булчуңдарынын зыңкыюусу.

**Родильный зал, где находятся роженицы и протекают роды должен быть особенно чистым –** төрөй турган аялдар болгон жана төрөт өткөрүлүүчү (кабыл алуучу) кенен бөлмө өзгөчө таза болушу керек.

**Родовой канал матери и отца – нить, которая связывает человека с его линией –** атанын жана эненин укумтукуму (ата теги, эне теги), адамды, анын түпкү теги менен байланыштырган улануучу сызык.

# С

**Санитарно-гигиенические условия рабочего места** – иш ордунун санитардык-гигиеналык шарттары.

**Сатурация** – это измерение насыщенности **крови кислородом** с помощью специального прибора, **пульсоксиметра** – Сатурация – бул, кандын кычкылтек менен каныгуу деңгээлин, пульсоксиметр аталган атайын прибор менен өлчөө.

**Санитарно-профилактическое просвещение** – санитардык-алдын алуучу агартуу.

**Сахарная болезнь (сахарный диабет) –** кант оорусу (кант диабети), организмде уйку безинин гормону жетишсиздигинен бардык зат алмашуунун бузулушу менен мүнөздөлгөн эндокрин оорусу.

**Секреты желез внешней секреции называются ферментами –** тышкы секреция бездери иштеп чыккан заттар ферменттер деп аталат.

**Сенсорное лечение (интеграция) –** сенсордук дарылоо; сенсордук интеграция; курчап турган чөйрөнү туура кабыл алып, адекваттуу жооп берүүгө багытталган дарылоо.

**Септическое заражение крови –** кандын сепсистик бузулуусу; септицемия, инфекциялык бактериялар аркылуу бөлүнүп чыккан токсиндер тарабынан кандын ууланышы, ириңсиз канзилдөө.

**Сердечно-сосудистая недостаточность** – жүрөк-кан тамыр жетишсиздиги.

**Сильнодействующее лекарство** – таасири күчтүү дары.

**Симпатическая нервная система –** симпатикалык нерв системасы; вегетативдик нерв системасынын бир бөлүгү катары организмде зат алмашууну күчөтөт, ткандарда дүүлүгүүнү жогорулатат.

**Симптомы трубной беременности –** жатын түтүкчөсүнө бойго бүтүп калуу (эктопиялык бойго бүтүү) белгилери.

**Синдром приобретенного иммунного дефицита –** кабылданган иммуну жетишсиздик синдрому (КИЖС).

**Синдром раздражения кишечника, синдром раздраженной толстой кишки –** ичегилердин дүүлүгүү синдрому, дүүлүгүүгө учураган жоон ичеги синдрому. Ичегилердин нервдик-рефлектордук, эмоционалдык, психологиялык (стресстик), бактериалык жана табиттик таасирлерден дүүлүгүүгө учурагандыгы себептеринен, өнөкөт ич оору, мезгил-мезгили менен ич катуу же ич өтүү жана ыңгайсыздыкты сезүү, ичке жел толуу менен коштолуучу функционалдык мүнөздөгү оору.

**Синергизм лекарственных средств –** дары каражаттарынын көмөктөштүгү, күчөтүүчүлүк таасири.

**Система для переливния крови** – кан куюу үчүн ылайыкташтырылган атайын медициналык көмөкчү катетерлештирилген прибордук түзүм.

**Система лимфатическая часть сосудистой системы** – лимфа системасы кан тамыр системасынын бөлүгү – организмдеги ткандык суюктуктан кан айлануу нугуна лимфа менен бирге суу, электролит, белок заттарын ташуучу кыл тамырлар, лимфа тамырлар жана лимфа түйүндөр жыйындысы.

**Служба санитарной авиации** – санитардык авиация кызматы.

**Смещение костных отломков** – сөөк сыныктарынын жылышып кетиши.

**Смягчение кожи втиранием мази** – терини майлуу дары сыйпап жумшартуу.

**Смягчение кашля амброксолом у детей** – балдардын жөтөлүн амброксол дарысы менен басаңдатуу.

**Сомнамбулизм (лунатизм, снохождение)** *лат.* – сомнамбулизм (уктоо мезгилинде басуу). Уктап жаткан мезгилде басуу, ар кандай кыймыл-аракеттерди жасоо; түш көрүп уктап жатканда басуу; сомнамбулизм – ноктамбулизм – лунатик – уйкудагы элирме психикалык абалы.

**Сопротивляемость организма болезням** – организмдин ооруларга туруштук берүүсү.

**Сосудорасширяющие средства** – кан тамыр кеңейтүүчү каражаттар.

**Спасибо Вам за спасенные жизни** – адамдардын өмүрүн сактап калганыңыздар үчүн Сиздерге ыраазычылыгымды билдирем (ыракмат).

**Спастическая кишечная непроходимость** – спастикалык ичеги өтпөстүгү; ичеги тонусунун (чыңалуусунун) күчөшү себебинен ичеги өтпөстүгү.

**Средства эрадикации бактерии хеликобактер пилори** – хеликобактер пилори бактериясын (Helicobacter pylori) эрадикациялоо дары каражаттары (кларитромицин, амоксициллин, омепразол, метронидазол, висмут каражаты).

**Средство лекарственное, повышающее содержание гемоглобина в крови** – кандагы гемоглобин курамын жогорулатуучу дары каражаты.

**Стерилизации должны подвергаться все изделия, соприкасающиеся с раневой поверхностью** – жаракатка тие турган медициналык бардык предметтер толук таза залалсыздандырылышы керек.

**Стерилизация под паром и под давлением** – басым астында бууландыруу жолу менен толук таза залалсыздандыруу.

**Стоматит язвенно-некротический** – ооздун жара чирим оозулу, стоматит.

**Странгуляционная кишечная непроходимость** *лат.* – странгуляциялык (тумчугуу, кысуу) ичеги өтпөстүгү; ичегини сыртынан кысуу себептеринен ичеги өтпөстүгү; ичеги салпынчагынын ичегини кысышы, ичегинин түйүлүшү, ичеги «шишиктери», ичеги берчтери (операциядан кийин) себептеринен ичеги өтпөстүгү, ичегинин буулушу.

**Студенистое вещество – расположено по всей длине спинного мозга, продолговатого мозга и моста в виде непрерывного скопления серого вещества** – килкилдек зат *(substantia gelatinosa, substantia Rolandi gelntinnsu)* сүйрү мээ, мээ көпүрөсү (Боролия) жана жүлүндүн бүткүл узундугу боюнча үзгүлтүксүз жайгашкан мээнин боз заты.

# Т

**Талон на прием врача** – доктурга кирүү үчүн талон.

**Тарифы заработной платы медицинских работников** – медициналык кызматкерлердин эмгек акысынын (маяна) акчалай түрүндө белгиленген баасы (тарифи); ченемдик аткарылган жумушун кызмат акы катары акчалай чендик баалоо.

**Телерентгенография черепа** – баш сөөктүн телерентгенографиясы, анын бет маңдай жана каптал жактарын проекцияда шоолалантуучу рентгендик изилдөө ыкмасы.

**Терапии сенсорной интеграции** – нерв системасынын бардык сезүү органдарынын рецепторлорунан (сезүү, вестибулярдык аппарат, жыт билүү, көрүү, угуу, даам билүү) маалымат алуусунун негизинде дарылоо.

**Термин «Дезинфекция» применяется исключительно в отношении неодушевленных предметов** – «Дезинфекция» термини жансыз предметтерге карата гана колдонулат.

**Типовой проект больницы** – оорукананын бирдей, окшош, б.а. типтүү долбоору.

**Тонизирующий алкалоид в листьях чая** – чай жалбырактарындагы кубаттандыруучу алколоид.

**Торакоцентез при плеврите** – плевритте ириңди троакардын жардамы менен чыгаруу, плевритте торакоцентез жасоо.

**Туберкулёз периферических лимфатических сосудов** – денедеги четки (перифериялык) лимфа тамырларынын кургак учук дарты.

**Туберкулёз костей и суставов** – сөөк жана муундардын кургак учук дарты.

# У

**Убедительные признаки болезни** – оорунун ынандырарлык белгилери.

**У больного перекошенное лицо** – бейтаптын бети башы (оозу-мурду) кыйшайган.

**Уборка палат хирургического отделения** – хирургиялык бөлүмдүн палаталарын тазалап жыйнаштыруу.

**Увеличить число групп семейных врачей (ГСВ)** – үй-бүлөлүк доктурлар тобунун (ҮДТ) санын көбөйтүү.

**Увеопаротит, лихорадка увеопаротидная** – увеопаротит, увеопаротиддик безгек; көздүн карегинин, кан тамырлуу кыртышынын жана кирпик денечесинин сезгениши, кулак түбүндөгү шилекей безинин шишип кетиши, ошондой эле бет нервинин сезгичтик абалынын жабыркашы, көзүнө кош көрүнүү менен коштолгон оору.

**Уверенность в выздоровлении** – айыгууга ишенимдүүлүк, сакайып кетүү ишеними.

**Увулопалатофарингопластика** *англ.* – увулопалатофарингопластика – коңурук тартууну дарылоодо таңдайдагы кичине тилди, таңдайдын жумшак бөлүгүн жана бадам сымал бездерди алып таштоо үчүн жасалуучу хирургиялык операция.

**Углекислотный лазер в хирургии –** хирургияда көмүр кычкылдыктуу лазерди колдонуу.

**Угрожающее состояние больного –** оорулуунун коркунучтуу абалы.

**Удельный вес мочи –** сийдиктин салыштырма салмагы.

**Удовлетвориться результатом лечения –** дарылоонун натыйжасына канааттануу.

**Удостоиться уважения пациентов –** бейтаптардын сыйурматына татыктуу болуу.

**Уздечка крайней плоти –** кертмектин (каса) жүгөнчөсү.

**Уксусная кислота, применение для получения лекарственных веществ** – уксус кислотасы, дары каражаттарын жасоодо пайдаланылышы.

**Улитка внутреннего уха** *анат.* – ички кулактын үлүлү.

**Ультравысокочастотная терапия** (УВЧ терапия) – ультра жогорку жыштыкта (УЖЖ) дарылоо.

**Ультразвуковое исследование (УЗИ) органов брюшной полости** – ич көңдөй органдарын ультра үндүү изилдөө (УҮИ), ультра үн толкундарынын жардамы менен аппараттык изилдөө.

**Умопомрачительный –** акылдан адаштырарлык, эстен тандырарлык.

**Умственная деятельность человека** – адамдын акыл-эс ишмердиги.

**Умственная отсталость легкой степени** – жеңил даражадагы кем акылдык.

**Уничтожение или подавление роста потенциально опасных микроорганизмов на коже** – териде потенциалдуу

коркунучтуу микроорганизмдердин өсүшүн жок кылуу же токтотуу.

**Уровни обработки (деконтаминации) рук: обычное мытье, гигиеническая антисептика и хирургическая антисептика** – колду тазалап иштеп чыгуунун (деконтаминация) деңгээлдери: адаттагы жууп тазалоо, гигиеналык антисептика жана хирургиялык антисептика.

**Уролитиаз (мочекаменная болезнь) –** уролитиаз (сийдик таш дарты); организмде минералдык зат алмашуунун бузулушунан, сийдик иштеп бөлүп чыгаруучу жана сийдик чыгуучу органдарында таш (фосфаттык, оксалаттык, ураттык) пайда болуу дарты.

**Успешная операция по пересадке кожи после ожога –** күйүктөн кийин терини жалгаштыруу ийгиликтүү операциясы.

**Утвердить должностную инструкцию главного врача** – башкы доктурдун кызмат оруну жөнүндө нускаманы бекитүү.

# Ф

**Фаза пролиферации клеток –** клеткалардын пролиферация мезгили (фаза) – клеткалардын көбөйүп, ткандардын өсүшүн камсыздашы.

**Факторы риска сердечно-сосудистых заболеваний** – жүрөк-кан тамыр ооруларынын кооптуу факторлору.

**Фельдшерско-акушерский пункт для животноводов** района – райондун малчылары үчүн фельдшердик-акушердик пункт.

**Фиброиома матки (миома, лейомиома) – это доброкачественная опухоль, возникающая в мышечном слое матки – миометрии** – жатын фибромиомасы (миома, лейомиома) – бул жатындын булчундуу катмарынын ткандарынан пайда болгон залалсыз шишик.

**Физиологические отправления в норме** – физиологиялык бошонуу (заара ушатуу, табарсыкты бошотуу, заң чыгаруу, ичти бошотуу) демейдегидей.

**Физиологические функции целостного организма, так и отдельных его частей** – бүткүл организмдин жана анын өз өзүнчө бөлүктөрүнүн физиологиялык функциялары.

**Финансовый менеджмент медицинских учреждений** – медициналык мекемелердин каржылоо иштери боюнча менеджменти.

**Флюороз зубов (эндемический флюороз зубов)** – флюороз – айрым географиялык жерлердеги ичүүчү сууда фтордун көптүгүнөн, ал жерде жашаган адамдардын тиш эмалынын өнөкөттүү бузулушу.

**Форменные элементы крови взрослого человека** – чоң адамдын канынын курамдык элементтери.

**Фронтальная сторона тела** – дененин бет маңдай жагы.

# Х

**Характерные признаки артериального кровотечения** – артериалдык кан агуунун мүнөздүү белгилери.

**Химическая лаборатория и ее оснащение** – химиялык лаборатория жана анын жабдылышы.

**Химическая стерилизация инструментов** – аспаптарды химиялык залалсыздандыруу.

**Хирургическая антисептика рук перед операцией** – колдун операция алдындагы хирургиялык антисептикасы.

**Хирургическая операция является радикальным методом лечения** – хирургиялык операция дарылоонун радикалдуу методу болуп саналат.

**Хирургический диатермический нож** – хирургиялык диатермиялык бычак (электроддук илмек).

**Ход брюшины в женском тазу** – ич челдин париеталдык бөлүгүнүн аялдын жамбаш чарасынын ичинде өтүү жолу.

**Ходы желчного пузыря** – өт баштыгынын жолдору.

**Холецистоэнтеростомия с межкишечным анастомозом по Микуличу –** микуличтин ыкмасы менен холецистоэнтеростомия операциясы – ичке ичеги менен өт баштыкчасынын ортосуна анастомозду коюу үчүн жасалуучу хирургиялык операция.

**Хозяйственные задачи больницы –** оорукананын чарбалык ишиндеги милдеттери.

**Хромосомная теория наследственности –** тукум куучулуктун хромосомдук теориясы.

# Ц

**Целостность живого организма –** тирүү организмдин бүтүндүгү.

**Централизованное стерилизационное отделение больницы –** оорукананын борборлоштурулган залалсыздандыруучу (стерилдөөчү) бөлүмү.

**Центральная нервная система –** борбордук нерв системасы.

**Центральное венозное давление (ЦВД) –** борбордук веналык кан басымы, жүрөктүн оң толтосундагы кан басымы, атайын катетеризациялоонун жардамы менен аныкталат.

**Центральное промежуточное (серое) вещество –** борбордук мээ аралык (боз) зат.

**Центростремительные нервы –** борборго ташыгыч нервдер, борборго умтулуучу нервдер.

**Цереброспинальная жидкость –** мээ, жүлүн суюктугу.

**Церебральная недостаточность –** мээнин диффуздук жабыркашынан борбордук нерв системасынын дисфункциясынын таасиринен болгон абалдык синдромдор топтому.

**Цикл Кребса –** Кребс цикли – бул организмдеги биохимиялык процесс; Кребс цикли өз кезегинде, углевод, май жана белоктордун кычкылдануусундагы акыркы баскыч болуп саналат.

**Цикл менструальный, цикл овариально-менструальный** – этек кир цикли (айыздык цикл), овариалдык-айыз цикли. Аял организминдеги мезгил-мезгили менен кайталанып туруучу физиологиялык функция; бул учурда урук клетка толук жетилип, граафтык көбүкчө жарылат, клетка фаллопий түтүкчөсү аркылуу жатынга келип түшөт. Айыздык процесс уланып, прогестерон гормонун бөлүп чыгаруучу убактылуу эндокриндик без – сары денече пайда болот. Бул денече урук клетка уруктанбаса, сүрүлүп чыгарылат, урук клеткасы уруктанган маалда сары денече прогестеронду бөлүп чыгаруусун уланта берет.

# Ч

**Частота пульса в физиологических условиях зависит от многих факторов** – тамырдын кагышынын тездиги физиологиялык абалдагы көп факторлорго көз каранды.

**Челюстноподъязычная борозда** – жаак-тил астындагы жылга.

**Червеобразный отросток слепой кишки** – мөөндүн (сокур ичегинин) учундагы өсүндү.

**Черпаловидные хрящи гортани** – колконун чөмүч сымал кемирчектери (кыймылына карата аталышы); колконун үч кырдуу пирамида сыяктуу жуп кемирчеги.

**Четверохолмие среднего мозга** – ортолук мээнин төрт дөбөчөсү.

**Чечевицеобразное ядро полосатого тела головного мозга** – мээнин таргыл денечесинин буурчак сымал өзөгү.

**Чревное сплетение нервов** – ичтин нерв чатышы.

**Чрезвычайное положение по гриппу** – сасык тумоо боюнча чукул кырдаал.

**Что сказал врач пациенту перед операцией** – операция жасоо алдында доктур бейтапка эмне деп айтты.

**Чуткое отношение к людям** – элге камкор мамиле кылуу.

# Ш

**Шанс на выздровление** – айыгуу мүмкүндүгү.

**Шейка молоточка среднего уха** – ортоңку кулактын балкачасынын моюнчасы.

**Шейно-грудной узел (звёздчатый)** – моюн-көкүрөк (жылдызча) түйүнү (нервдер түйүнү).

**Шина транспортная** – транспорттук шакшак. М: Крамердин шакшагы, зым шакшак (шина Крамера); Дитерихстин кыймылдатпай бекитүүчү шакшагы (шина Дитерихса Иммобилизационная).

**Шины пластмассовые для челюстей** – жаак сөөктөрү үчүн пластмасса шакшагы.

**Широкая связка матки** – жатындын жазы байламтасы.

**Широкие возможности для развития больницы** – ооруканаңы өнүктүрүү үчүн кеңири мүмкүнчүлүктөр.

**Широко открытие глаза младенца** – **«лагофтальм»** – ымыркайдын чоң ачылган көздөрү. Кээ бир учурларда ымыркай көзүн ачып уктайт, бул медицинада «лагофтальм» деп аталган физиологиялык процесс.

**Широкоплечий парень помог поднять тяжелую физиотерапевтическую аппаратуру** – кең далылуу жигит оор физиотерапиялык аппаратураны көтөрүүгө жардам берди.

**Широчайшая мышца спины** – бел арканын эң жайык булчуңу.

**Шишковидное тело промежуточного мозга** – аралык мээнин тобурчак сымал өсүндүсү.

**Штатная должность врача** – доктурдун штаттык кызмат орду.

# Щ

**Щадить психику больного** – оорулуунун психикасын аёо.

**Щадящая химиотерапия в онкологии** – онкологиядагы аяр химиотерапия.

**Щетина на коже спины новорожденного** – ымыркайдын арка далысындагы жоон кылдар.

**Щипцы хирургические клювовидные** – куштумшук хирургиялык кыпчуур.

**Щипцы хирургические для мягких тканей** – жумшак ткандар үчүн хирургиялык кыпчуур.

**Щипцы экстракционные стоматологические** – тиш жулуучу кыпчуур, тиш сууруучу кычкач.

# Э

**Эвакуация жидкости из брюшной полости при асците** – асцитте ич көңдөйүнө топтолгон суюктукту чыгаруу.

**Эгоцентрическая речь** – бирөөнүн оюн эсепке албай өзүмчүл сүйлөө.

**Эзофагогастродуоденоскопия позволяет быстро и точно поставить диагноз, в том числе и на самых ранних стадиях развития болезни** – эзофагогастродуоденоскопия дарт атын тез арада, анын ичинде оорунун алгачкы башталган күндөрүндө дагы, так (анык) коюуга жардам берет.

**Эквивалентность лекарственных средств** – дары каражаттарынын бирдей таасирдүүлүгү; дары каражаттарынын альтернативдүүлүгү.

**Экзокринные железы** – сыртка бөлүп чыгаруучу бездер.

**ЭКО ИКСИ (ICSI) процедура, интрацитоплазматическая инъекция сперматозоида в яйцеклетку** – ЭКУ ИКСИ (ICSI) процедурасы. Экстракорпоралдык уруктандыруудагы ыкма; сперматозоидди жумурткалыкка интрацитоплазматикалык сайып киргизүү ыкмасы *(Intra Cytoplasmic Sperm Injection)*.

**Экстракорпоральное оплодотворение (ЭКО)** – экстракорпоралдык уруктандыруу; ЭКО – бул тукумсуздуктагы (төрөбөстүктө) жардамчы тукум улоо технологиясы.

**Экстренная помощь** – шашылыш жардам, токтоосуз жардам, өтө тез жардам.

**Экстрофия мочевого пузыря** – табарсыктын алдыңкы париеталдык катмарынын тубаса жоктугу же аңтарылып

калуусу, курсактын үстүңкү бетинин тубаса ачык кемтиги менен коштолушу.

**Эластическая хрящевая ткань** – чоюлма, солкулдак кемирчек тканы.

**Электрокардиограмма отражает электрическую активность всех отделов сердца** – электрокардиограмма жүрөктүн бардык бөлүктөрүнүн электр активдүүлүгүн көрсөтөт.

**Электротерапия электрическими токами высокой частоты** – жогорку жыштыктагы ток күчү менен ткандын тереңин атайын аппарат менен ысытуу; бөлүнүп чыккан жылуулук кан агымын жогорулатуу менен булчуң сезгенүүлөрүн басаңдатат; периферийлык нерв системасынын ооруларын, өткүр кызыл жүгүрүк безгегин жана айрым ички мүчө ооруларын физиотерапиялык дарылоодо сунушталат.

**Энтеральный путь введения лекарств: через рот (орально); под язык (сублингвально); через прямую кишку (ректально)** – дарыларды ичеги карын аркылуу киргизүү; ооз аркылуу; тил астына коюп шимүү; түз ичеги (көтөн чучук) аркылуу.

**Эрадикационная терапия:** пилорекс (Кларитромицин/ Омепразол/ Амоксициллин) противоязвенный препарат, оказывающий бактерицидное действие на Helicobacter pylori – эрадикациялык терапия: карындагы жаранын айыгуусуна таасир берүү үчүн, анын былжыр челиндеги Helicobacter pylori бактерияларын дарылап жок кылуу – пилорекс ((Кларитромицин/ Омепразол/ Амоксициллин).

**Эффективность лекарственных средств** – дары каражаттарынын таасирдүүлүгү.

# Я

**Явные признаки тромбоэмболии сосудов** – тромбоэмболия – кан тамырлардын ичинде уюган кан тыгындалып калышынын ачык белгилери.

**Я знаю какое лекарство вам поможет** – сизге кандай (кайсы) дары жардам берерин мен билем.

**Я утром и вечером втираю мазь на колени, как вы мне сказали** – мен эртең менен жана кечинде сиз айткандай кылып, тиземе май сүйкөп жатам.

**Явление (процесс) фагоцитоза** – фагоцитоз кубулушу (процесси); бактерия жана башка тектүү бөлүкчөлөрдүн атайын клеткалар тарабынан сиңирилиши.

**Явные признаки беременности** – бойго бүтүүнүн анык белгилери.

**Язвенная болезнь желудка и двенадцатиперстной кишки** – ашказандын жана он эки эли ичегинин жарасы. Карындын былжырлуу катмар бетине нейрогуморалдык таасирлердин, helicobacter pylori бактерияларынын, кычкылдык, пепсин жана өттүн таасир этүүсүнөн улам жаранын пайда болуусу; пепсин жана туз кычкылдыгынын кыйраткыч таасиринен болгон тамак-аш сиңирүү системанын былжырлуу кыртышынын жабыркашынан болгон пептикалык жара.

**Языкоглоточный нерв** – тил-кулкун нерви.

**Яичниковая беременность является одной из редких форм эктопической беременности** – жумурткалык безиндеги бойго бүтүү эктопиялык кош бойлуулуктун сейрек кездешүүчү түрү болуп саналат.

**Яремная ямка височной кости** – чыкый сөөктүн моюнтурук чуңкуру.

**Яремное отверстие черепа** – баш сөөгүнүн моюнтурук тешиги.

**Яремный бугорок затылочной кости** – кара куш сөөгүнүн моюнтурук дөмпөкчөсү.

## СҮЙЛӨМ, ТЕКСТТИК ТҮШҮНДҮРМӨ

**Аналоги, дженерики, генерические препараты – всё это заменители оригинальных лекарств** – аналог дарылар, жeнериктер, генерикалык дары-дармектер – булардын бардыгы оригинал (нактай) дарыларды алмашырууга болчу дарылар.

Аналог дарылар түзүмдүк жагынан, курамында активдүү заттардын бирдей таасирдүүлүгү жана дарынын формасы оригинал дарыга окшош болот.

**Абсолютная влажность воздуха – количество водного пара, его плотность в воздухе в** г/м$^3$ – абанын абсолюттук нымдуулугу – суу буусунун көлөмү, анын абадагы тыгыздыгы, г/м$^3$.

**Абсолютная тупость сердца** – **область сердца, плотно прилегающая к грудной стенке и не прикрытая легочной тканью, поэтому перкуторно определяется абсолютно тупой звук** – жүрөктүн абсолюттук караңгылыгы – жүрөктүн көкүрөк төшкө, өпкө тканы менен жабылбаган бөлүгүнүн тыгыз жандашкан жери, ошондуктан каккылаганда күңүрт үн чыгат.

**Горная болезнь – болезненное состояние организма человека, поднявшегося на значительную высоту над уровнем моря, которое наступает вследствие гипоксии (недостаточного снабжения тканей кислородом), гипокапнии (недостатка углекислого газа в тканях)** – түтөк оорусу – бул, деңиз деңгээлинен бир канча бийиктикке көтөрүлгөн адамдын (бийик тоого чыккан) организминин гипоксиядан (ткандардын кычкылтек менен жетишсиз камсыздалышы) жана гипокапниядан (ткандарда көмүр кычкыл газынын жетишсиздиги) ооруксунуу абалы.

**Грипп** – сасык тумоо. Грипп вирусу (А,В жана С) себепкер болгон курч респиратордук вирустук инфекциялардын (КРВИ) катарына кирген дем алуу жолдорунун инфекциялык оорусу. Сасык тумоо оорусу кез-кезде эпидемия жана пандемия түрлөрүндө жайылат. 200дөн ашык штаммдары табылган: «Испан сасык тумоосу же «испанка», «Чочко сасык тумоосу $A/H_1N_1$»; «Куш (канаттуулар) сасык тумоосу $H_5N_1$», аденовирустар, риновирустар, респиратордук-синцитиалдык вирустар, коронавирустар ж.б.

**Железы внешней секреции** – тышкы секреция бездери. Тышкы секреция бездери ферменттер деп аталат; дене

сыртына чыгарылуучу секреттер (жаш чыгаруу, тер чыгаруу, жыныстык бөлүп чыгаруу, май бөлүп чыгаруу); дене көңдөйлөрүнө (шилекей бөлүп чыгаруу, боор (өт); уйку безинин секреттери, карын бездеринин бөлүп чыгаруусу, ичеги бездеринин бөлүп чыгаруусу.

**Железы внутренней секреции человека** – адамдын ички секреция бездери (эндокриндик бездер). Организмдин эволюциялык өсүшүндө пайда болгон орган. Бул ички без органдары, организмде ички секреция кызматын, өзгөчө физиологиялык активдүү заттарды (гормон) органдардын функционалдык иштөөсүн жөнгө салуу таасирин берет. Гормон бөлүп чыгаруучу органдар булар: гипофиз, калкан бези, уйку бези, бөйрөк үстүндөгү без, калкан безинин жанындагы без, жумурткалык бези.

**Жидкие лекарственные формы для приема внутрь:** к жидким лекарственным формам относятся растворы, настои, настойки, экстракты, эмульсии, суспензии, микстуры, слизи – ичиле турган суюк дарылар: ичиле турган суюк дарыларга, эритмелер, тундурмалар, маңыздар, ширелер, суспензиялар, эмульсиялар, майлуу эритиндилер кирет.

**Искусственная вентиляция легких.** Аппарат искусственной вентиляции лёгких (ИВЛ) – жасалма жол менен дем алдыруу. Жасалма жол менен дем алдыруу аппараты (ЖЖДА) – канды кычкылтек менен толук камсыздандыруу максатында медициналык аппараттын жардамы менен байытылган абаны (кычкылтек жана кургак аба) өпкөгө күчтөп берүү жана өпкөдөгү көмүр кычкыл газын чыгаруу. ЖЖДА жандандыруу жана интенсивдүү терапия бөлүмүндө, операциядан кийинки бөлүмүндө (палатада), амбулаторияда, ошондой эле наркоз берүү учурунда колдонулат.

**Карантинные инфекции** – карантиндик инфекциялар (жугуштуу оорулар). Бул, кайсы бир өзгөчө деңгээлде карантин табышталган жугуштуу оорулардын шарттуу тобу. Бул оорулар, өзгөчө коркунучтуу жугуштуу оорулар (ӨКЖО) сыяктуу бирдей болбогону менен ушул эки шарттуу топтогу

инфекцияларга мындай илдетти потенциалдуу түрдө жуктурган адамдардын карым-катнашын чектөө, жабыркатуучу очокту тосуу максатында күч түзүмдөрдү (аскердик) тартуу менен катуу тартиптеги мамлекеттик карантин киргизүүнү талап кылган башка көп жугуштуу оорулар кирет. Мындай инфекцияларга холера, кара тумоо (чума), сары калтыратма илдеттери кирет.

**Кислородный концентратор.** Аппарат для выделения молекул кислорода из окружающей атмосферы, их концентрации и выдачи в виде потока чистого кислорода – кычкылтек менен байытуучу аппарат. Курчап турган атмосферадан кычкылтек молекулаларын ылгап алып, байытылган таза кычкылтекти берүүчү аппарат.

**Коронавирусная инфекция COVID-19**, *англ.(**CO**rona **VI**rus **D**isease 2019)* – коронавирус инфекциясы COVID-19. SARS-CoV-2 коронавирусунун таасиринен болгон потенциалдык оор мүнөздөгү курч респиратордук вирустук инфекция. Өзгөчө кабылдоолору, вирустук пневмония, курч респиратордук дистресс-синдрому жана өлүм тобокелчилиги (коркунучу) коштогон дем алуу алсыздык абалына алып келүүчү жеңил же оор клиникалык формада өтүүчү коркунучтуу курч респиратордук вирустук инфекция.

**Одуванчик лекарственный** – какым-кукум. Какым-кукумдун тамырын кургатып майдалап, гүлүн, жалбырагын, гүлүнүн өзөгүн, маңызын чийки түрүндө тундурма дары катары колдонууга болот. Бул өсүмдүк өт айдап чыгаруучу, дене табын түшүрүүчү, ич бошотуучу, какырык чыгаруучу, тынчтандыруучу, спазм бошоңдотуучу жана жеңил уйку келтирүүчү таасир берет. Какым-кукумдун, вирустарга, кургак учукка каршы таасири, фунгициддик, антигелминттик, антиканцерогендик, антидиабетикалык сапаттары аныкталган. Какым-кукум диабет оорусун, аз кандуулукту жана дене тонусун көтөрүү үчүн дагы сунушталат. Кургатылган тамырын денедеги жагымсыз заттарды тердетип тер менен жана сийдик менен чыгаруучу, склерозго каршы, подагра-

ны, ошондой эле өткүр кызыл жүгүрүк безгегин дарылоо үчүн колдонууга болот.

**Особо опасные инфекции** – өзгөчө коркунучтуу инфекциялар – эпидемиялык өзгөчө коркуныч туудурган жугуштуу оорулардын шарттуу бөлүнгөн тобу. Бул топтогу оорулар капилеттен пайда болуп, өтө тездик менен жайылат (таралат). Клиникалык өтүшү оор абалда өтөт жана өлүм менен коштолот. Мындай жугуштуу ооруларга, күйдүргү, туляремия, бруцеллез, кутурма, Ку калтыратмасы, КИЖС, КОРС, коронавирус илдеттери кирет.

**Остеогенон, показания к применению** – остеогенонду колдонуу боюнча көрсөтмө: ар кандай этиологиядагы остеопорозду дарылоо жана алдын алуу, анын ичинде, биринчиден (аялдардын климакс алдындагы жана климакс учуру, карылык мезгил), экинчиден (муун-аксак артрити, гипертиреоз, гиперпаратиреоз, сөөктөнүүнүн жетишсиздиги, боор жана бөйрөк ооруларын дарылоого, ошондой эле гепарин, ГКС, колдонуу); кальций-фосфордук теңдештигинин бузулуусун коррекциялоо, сөөк сыныгынын бүтөлүшүн тездетүү.

**Открытие XXI века. Новый орган в теле человека** – XXI кылымдын ачылышы. Адамдын денесинде жаңыдан табылган орган. 2020-жылы голландиялык радиолог В. Фогел (Вогель) кесиптештери менен бирге буга чейин илимде белгисиз болгон шилекей безин баштын ортосунан, кекиртек менен мурундун түтүктүү дөңчөсүнүн (евстахий түтүгүнүн кемирчеги) артынан табышкан. Шилекейдин көпчүлүк бөлүгүн бездердин негизги үч топтому бөлүп чыгарат: кулак түп бези, жаак астындагы без жана тилдин астындагы без. Адамдын организминде дагы миңге жакын шилекей бездери бар, алар бүтүндөй ооз көңдөйүндө дем алуу жолдорунда жайгашкан, бирок аларды өтө майда микроскоп менен гана көрүүгө болот.

**Побочные действия лекарств** – дары-дармектердин организмге жагымсыз таасир берүүсү. Дарынын дарылоо өлчөмүндөгү организмге каалабаган жагымсыз таасири, дарынын организмге тийгизген уулуу таасири.

**Побочные эффекты отдельных лекарств** – айрым бир дарылардын жагымсыз эффекти.

**Применение кукурузных рыльцев** – жүгөрү чачысын колдонуу. Жүгөрү чачысынан жасалган дары каражаты сийдиктин жана өттүн иштелип чыгуусун күчөтүүчү таасир бергендиктен, өт баштыкчасы, боор жана бөйрөк ооруларында колдонулат.

**Провизорный госпиталь** – дарыгерлик госпиталь. Дарыгерлик, инфекциялык госпиталдар жана обочолонгон бөлмөлөр жугуштуу оорулар же көп тармактуу ооруканалардын базасында уюштурулат; кара тумоо (чума), холера жана I топтогу вирустар жуктуруучу өтө жогорку жугуштуу калтыратма ооруларына шектүү бейтаптар дарыгердик госпиталга жаткырылат.

**Санация влагалища и шейки матки** – жатын моюнчасын жана жыныстык кынды тазалоо. Жатын моюнчасын жана жыныстык кынды антисептикалык тазалоо кош бойлуулук учурунда, төрөт алдында, гинекологиялык операция жасоо алында, операциядан кийинки мезгилде жасалат.

**Состояния способствующие развитию шока** – шоктун келип чыгуусуна жана өөрчүүсүнө түрткү болгон абалдар. Ички жана сырткы кансыроо, күйүк, организмде суунун азайышы, нейро-гуморалдык реакциянын бузулушунан гемодинамикалык бузулуу жана ткандардын гипоксиясына алып келүү патологиялык процесс абалы; психикалык күчтүү таасирдин, же катуу мертинүүнүн натыйжасында организмдин функцияларынын жалпы катуу бузулушу; тынымсыз катуу кусуу жана ич өткөк оорусунун натыйжасында кан өлчөмүнүн кескин азайып кетүүсү, ошондой эле көптөгөн кан тамырлардын кеңейиши, дары каражаттарды ашыкча ченемде кабыл алуу, катуу эмоционалдык жабыркоо, курч мүнөздөгү оорунун өтүшүп кетиши кан айлануу жолдорунда бактериялардын (бактериемия) пайда болуусу себепкер.

**Терапевтическое воздействие занятий «Тайцзи и цигун»** – Тайцзи-цигун көнүгүүлөрүнүн терапиялык таасири.

«Тайцзицюань» организмдин энергетикалык меридиандарына жана анын тарамдарына атайын кыймыл ыкмаларын жасоо аркылуу тулку бойду жана организмди атайын психофизикалык даярдоонун негизинде болгон борбордук нерв системасынын өзгөчө абалында, ооруларды дарылоо, ооругандан кийинки сакайтуу, ден соолукту калыбына келтирүү жана оорулардын алдын алуу принциптерин жүзөгө ашыруудагы механизмдердин бири болуп саналат.

## БЕЙТАП БАЯНЫН ЖАЗУУ БОЮНЧА МИСАЛДАРДЫ КЕЛТИРҮҮ

*(бир оорунун белгилери эмес, ар кандай мисалдар)*

**Бейтаптын даттануулары:** бейтаптын доктурга (медициналык мекемеге) кайрылгандагы (көпчүлүк учурдагы) даттануулары. Бейтаптын ден соолугунун абалына болгон даттануусун толугу менен угуп, ошону менен катар жалпы кездешүүчү бардык башка даттанууларга да көңүл буруп, андан кийин мүнөздөп талдап, толуктап жазуу.

*Бейтап медициналык тез жардам тобундагы доктурдун коштоосунда ооруканага жеткирилген. Бейтаптын алгач кайрылгандагы даттануулары төмөндөгүдөй: башы чыкый өйдө мыкчыгандай ооруганы; жүрөк токтой калгансып, булкуп кетип, баш аламан согуусу; дене табынын көтөрүлүп чыйрыккандыгы; көзү тунарып ачык көрө албагандыгы, кулагы тунуп чуулдагандыгы; көзүнүн агынын саргаргандыгы, көңүлү айланып, кускусу келип, ичи бурап ооругандыгы; ичинин оң тарабы кабырганын астынан тартып ооругандыгы; ичине учтуу бир нерсе менен сайгандай туюлгандыгы; арка белинин сол тарабы ылдый табарсыкты көздөй тартып, жан коёрго жер таппай ооруткандыгы; колунун билек муун-тарамыштарынын манжаларынын муундары сыздатып, кичине эле кыймылдатса ооругандыгы жана баш бармагынын муундары шишип, катуу ооругандыгы жөнүндө даттанды.*

**Оору таржымалы *(Anamnesis morbi)*.** Оору качан, эмнеден, кандайча башталган? Кандай болгон: кескин (курч мүнөздө, катуу кармап, бат, тез) же болбосо жай (акырындан, билинип-билинбей, илең-салаң болуп билинбей) мүнөздө; оорунун өтүшү, оорунун күч алып кармаганы же басандоосу канчага созулат, жылдын кайсы мезгилинде көбүрөөк кармайт? Оору себебин эмне менен байланыштырат? Дарттын толук жана болжолдуу себептери. Арыктаган жокпу, дене-табы көтөрүлбөйбү, колу-буту шишибейби. Башы ооруп, бат чарчабайбы? Мурун алган дары-дармектер менен дарылануунун (антибиотиктер, гормондор, тамыр кеңейтүүчү ж.б.) натыйжалары кандай болгон? Лабораториялык анализдер жана аспаптык негизги изилдөө ыкмалардын натыйжалары.

*Бейтаптын айтуусу боюнча колдордун муундары ооруганына бир жылдан ашык убакыт болуп калган. Оор жүк көтөргөндө ооруксунуп калчу, бирок ага анчалык деле маани берген эмес, көңүлүнө албаган. Мурун саламаттыгына даттануу болбогон, ден соолугуна байланыштуу доктурга кайрылган эмес. Айылда жашагандыктан эртели-кеч мал карашат, эгин эгишет, түшүм жыйнашат, айрым учурларда аба ырайынын суук күндөрү жыйым-терим менен алек болушат. Өз кезегинде, мындай учурлар ден соолукка таасир берерин эске албаган, муундары бир аз ооруп басылып калгандан кийин эске албаган. Эми болсо кыймыл жумуш аткарган учурда ооруганы көбүрөөк сезиле баштаган. Колунун билек муун тарамыштары жана манжаларынын муундары сыздатып, кичине эле кыймылдатса ооругандыгы жана баш бармагынын муундары шишип, катуу ооругандыгынан доктурга кайрылган.*

**Жашоо таржымалы *(Anamnesis vitae)*.** Бейтаптын төрөлгөндөн тартып (1-3 жашка чейин, бала чагы, өспүрүм учуру, бой тарткан жаштык кези, эр жетип толгон) жаш курагын чагылдырган өмүр таржымалы. Туулган, өсүп чоңойгон жери (дарт себеби болушу мүмкүн, м: эндемиялык богок оорусу). Эмчек (эне сүтүн) эмгенби же тежемел багыл-

ганбы? Физикалык өсүп чоңоюусу (качан баскан, тили качан чыккан?) Жыныстык белгилери (аялдардын этек кири канча жашынан келе баштаган, анын мүнөзү); жаман адаттары: тамеки, ичимдак ичүү, нашаа ж.б. Мурун кандай оорулар менен ооруган: бала чактагы (итий, кызамык, скарлатина) жана чоңойгондогу оорулары.

*Бейтап сугатчы дыйкандын үй-бүлөсүндө бешинчи бала болуп төрөлгөн, кичинекей кезинде кызамык, суу чечек менен ооруган, итий менен ооруган эмес. Бир туугандарынын төрөлүү аралыгы 2 жылдан, бир жарым жашка чейин эне сүтү менен чоңойгон. Бала бакчага, мектепке өз теңтуштарындай эле убагында барган. Мектепти бүткөнгө чейин орто бардар үй-бүлөдө тарбияланып, айылда чоңойгон. Ач калган учурлары болгон эмес. Жаман адаттарга берилбеген. 12 жашынан кыргыз күрөшү боюнча машыгып келүүдө.*

**Тукум куума таржымалы.** Жакын тууганларынын (ата-эне, ага-ини, эже-сиңди, таяке-жээн, бөлө ж.б.) ден соолуктары жөнүндө маалымат; тукум куучулук шектүүлүгү: бир тууганларда (бир ата, жети ата өткөнгө чейин же андан да нары) ушуга окшош оорулар кездешеби? *Туугандар арасында тукум куучулук оорулар менен эч ким оорубайт. Жакын бир тууганларынын саламаттыгы таза. Тукум куучулук ооруларга шектүүлүгү бар аталаш, чоң аталаш, таяке-жээндер арасында жок. Урук-туугандар жашаган айрым жерлерде тукум куума оорулардын келип чыгышына себеп болчу зыяндуу факторлор катталган эмес.*

**Аллергиялык таржымалы.** Иммундук тутумдардын таасири (реакциялары).

*Айыл таза суу менен камсыздалган. Айылдын көчөлөрүнө асфальт төшөлгөн. Адамдардын саламаттыгына терс таасир берүүчү өнөр жай таштандылары жана өндүрүштүк чаң каптабайт.*

**Бейтаптын азыркы абалы.** Бейтаптын абалы: аң-сезими таза, тунук, кадимкидей (жакшы), түзүк, канааттанарлык, оодук (сопор), оор, тилден калган (ступор) ж.б. Дене

түзүлүшү: келбетин (конституционалдык) мүнөздөө: бою, салмагы (орто, илбигий), туура (нормостеник); чымыр, толук (гиперстеник); арык, кынжыгый (астеник). Бейтаптын маанайы: куунак, мелтирейт, элөөрүү, кыйналыштуу, кейиштүү, делпектөө.

*Бейтаптын жалпы абалы канааттанарлык, дене түзүлүшү чымыр, нормостеник. Аң-сезими тунук, маанайы бир аз чөгүңкү, аргасыз; берилген суроолорго так жооп берүүдө.*

**Тери.** Иреңи (өңү-түсү): куба, купкуу, кызаруу, тамылжуу, керсары, пигментациясы. Теринин дүүлүгүүсү, кычышуу: мүнөзү, кайсы убакта; теринин чымырдуулугу жана жумшактыгы: кадимкидей, катуу чымыр, начар, серпилгич, былбырак; терчилдиги: терчил, тердебейт, терсиз кургак, куудурап тери кабыгы күбүлүп турат; териге чыккан темгилдер, тактар жана бүдүрлөр, алардын мүнөзү: кызгылт, майда, чыбырчыктар, бөрү жатыш, учук (шишиктүү, ириңдүү, карт баскан), дененин кайсы жерлеринде жайгашкан. Тери (эт) оюлуп ырбап кетүүсү. Денедеги көгала жана берчтер. Чач: түшүү (алопеция), агаруу. Тырмак: сынуусу, бузулуусу.

*Өңү-түсү жакшы, күнгө тотуккан, денесинде тактар жок, оң балтырында эски жаракаттын тырыгы байкалып турат, терисинин чымырдуулугу жана жумшактыгы кадимкидей, серпилгичтүү. Колдорунун муундарын кармалаганда ооруксунуу сезилгени менен тери сыртынан өзгөрүүлөр билинбейт. Денесинде эске алынуучу өзгөчө белгилер жок.*

**Былжыр кабыктар.** Былжыр кабыктардын иреңи, тактар, шишиктүү жерлери. Тери алдындагы майчарым катмарлары, жалпы семирүү, арыктоо.

*Эриндеринин былжыр катмарлары таза, кесилбеген, туурулгандык белгилери байкалбайт. Көздүн астыңкы кабыктары тартылуу, шишимек жок, калталанбаган. Майчарым калыңдашы билинбейт, семиздик белгилери жок.*

**Дем алуу тутумунун абалы.** Дем алуусу: эркин, кыйналып; түрү (тиби), тереңдиги, жана дем алуу ыргагы (ритми).

Мурун менен дем алышы. Мурун кургап калуусун сезүү, мурундан суу куюлуу, мурун каноо. Үнү: жоон, ичке, таза, чыйылдак, үн такыр чыкпай калышы. Көкүрөк-көөдөндүн формасы, ооруксунуу, үн дирилдөөсүн аныктоо. Омуртка түркүгүнүн абалы: кифоз, лордоз, сколиоз. Дем алганда өпкөнүн экскурсиясы. Бир мүнөттөгү дем алуунун саны. Дем кыстыгуу – күйүгүү: экспиратордук, инспиратордук демигүүлөр. Жалпы каракөк тартуу (диффуздук цианоз). *Жөтөл* – кургак же какырык чыгып күч алуусу (ургаалдуулугу), жөтөл такай болобу же мезгил-мезгили менен болобу? *Какырык* – мүнөзү: ак көбүк, ириң аралаш, жыты, өңү, оңой, жеңил эле, кыйналып, канча бөлүнүп чыгат. Кан түкүрүү – мүнөзү, көлөмү, өңү-түсү. Перкуссия – каккылоодо чыккан үндөрдү мүнөздөө: таза өпкө үнү: күңүрт, түпөйүл, көңдөйдөн чыккандай ачык зыңкылдап (тимпаникалык), Жайгашышын (топографиялык) билүүчү каккылоо. Өпкөнү тыңшоо (аускультациялоо): везикулярдык, өпкө кирилдеги, өпкө чели сезгенишинде өзүнчө сүрүлүү дабышы (шуулдагы). Бронхофония, агофония.

*Мурун менен жакшы дем ала албай кыйналууда, мурундан суу куюлуп, жыт сезүүсү начар. Өткөн жумада мурду канап, мурун ичине тыгынчык коюп токтоткон. Үнү каргылданып, жакшы чыкпайт. Көөдөн-көкүрөгү суу чакадай формада, дем алууга катышы билинип турат. Акыректин асты-үстүндөгү чуңкурлары даана билинип турат, далысы куушурулбаган. Кабыргалары кармаламайынча билинбейт, арасындагы аралыкты аныктоого болот. Дем алуусу толук эмес, дем алуу ыргагы бузулган. Бир мүнөттөгү дем алуунун саны 22-24. Жалпы каракөк тартуу (диффуздук цианоз) белгилери жок. Демигүүсү инспиратордук демигүүлөр. Жөтөлү какырык чыгып, мезгил-мезгили менен кайталанып турат. Какырык ак көбүк аралаш, бир аз каңырсык жыттанат, жеңил эле бөлүнүп чыгууда. Кан түкүрүү учуру болбогон. Көп жөтөлгөндүктөн көкүрөк ооруксунуусу сезилгендигин айтууда. Көкүрөктү*

*каккылоо: өпкөнүн астыңкы бөлүгүндө дабышы күңүрт, түпөйүл, үстү жагында болсо көңдөйдөн чыккандай ачык зыңылдайт (тимпаникалык). Өпкөнү тыңшоо: Көөдөндүн ар кайсы жеринде жай жана терең дем алуу учурунда өпкөнүн астыңкы бөлүгүндө кирилдеген үн угулууда, үстүңкү учу тушунда шуулдаган үн бар.*

**Кан айлануу тутумунун абалы.** Кан басымын өлчөө. Жүрөк согуу күчү, түкүлдөп катуу согуусу (мүнөзү, күч келгенде, ачууланып толкунданганда, тынч отурганда). Жүрөк ооруу, жүрөк кысылуу, демигүү, токтой калгансып, булкуп кетип, иретсиз согуусу; жүрөк тушунда ар кыл деңгээлде оору пайда болуусу: такай же кез-кезде уюп, өйүп, кысылып, мыжыгып, сайгылашып, сыздап, жүрөк опколжуп, коркуп; жүрөк учунун колго урунуусу, жүрөктүн согуусу, «мышыкча кырылдоосу», систолдук жана диастолдук мүнөзү, моюн күрөө тамырларынын кагуусу «каротид бийи» (туйлоосу). Перкуссия: жүрөк чектерин аныктоо. Аускультация: демейдеги (нормадагы) үнү (тондору), кошумча дабыштар, күүлдөп ышкыргандай, жүрөк баштыгы (перикард) сүрүлгөндөн чыккан шуулдактар; эки бут шишүү. Тышкы артерия тамырларынын көзгө көрүнөө кагуусу, тамыр кагуусунун саны, ирээттүүлүгү, толугу, чыңалуусу, тездиги, жайлыгы, алсыздыгы. Моюнтурук (яремдук) вена тамырлардын кагуусу. Вена тамырларын карап-кармалоо.

*Жүрөгү көптөн бери ооруйт, жүрөктүн иштеши түкүлдөп катуу согууда. Жүрөгү ооруганда төш сөөгүнүн арты кысылгандай болуп, демигүү пайда болот. Мезгил-мезгили менен жүрөк лакылдоосу сезилип, 3-4 саатка созулат. Жүрөктүн катуу согуусу кээ бирде күч келгенде же кубанып же ачууланып толкунданганда пайда болот. Айрым учурларда, жүрөгү токтой калгансып, булкуп кетип, баш аламан ыргагы бузулуп иретсиз соккону жөнүндө эсине түшүрдү. Жарым жыл мурда жүрөгү кысылып, мыжыгып, сайгылашып ооруганда, жүрөгү опколжуп, корккондугун айтты. Жүрөк кароо жана кармалоо: жүрөктүн учу, анын*

*катуу согуусунан колго урунууда, моюн күрөө тамырларынын кагуусу көрүнүп турат, акырек чуңкурундагы жүрөк толтосунун (аортанын) кагуусу даана көрүнүүдө. Жүрөктү тыңшоодо кошумча үндөр, шуулдап – ышкыргандай дабыштар угулууда, дене кыймылдап олтуруп-туруп, күч келгенде, дабышы өзгөрүп шуулдаганы күчөгөндөй угулууда. Буту-колдогу, моюндагы, чыкыйдагы артерия тамырларынын кагуулары түпөйүл, чыңалуусу начар. Буттары шишигендигин көрсөттү. Кан басымы 105/65 мм. сым. мам.*

**Тамак сиңирүү тутумунун абалы.** Ооз көңдөйү: тиштер, алкым (тамагы). Тил: таза, кургак, нымдуу. Тиштери. Тамакка болгон табит: жакшы, начар, такай ачкалыкты сезүү, суусоо, ооз кургоо. Даам сезүү. Тамакты жутуу, окшуу, кусуу. Эртең менен ооздун ичи кургап, ачуу же «чыла» даамдануу. *Зарына*: канча жолу, кандай шартта. *Кекирүү*: аба кекирүү, тамак кекирүү, кычкыл-ачуу кекирүү, сасык (бүксүгөн жумуртка сыяктуу) кекирүү. *Окшуу*: тамак ичкенде же тамактын мүнөзүнө жараша. *Кусуу*: тамак ичкенден кийин же бир топ убакыт өткөндөн кийин, ооздон кара суу келүү, кара курум кусуу, зил кусуу, кан кусуу, кусундунун жыты. Төштүн кечиринин астынын оорушу (катуу, уюп, түйүлүп, мыжыгып). Ич көбүү. Заңдоосу. Ич катуу. Ич өтүү: эмнеге байланыштуу? Геморрой, каноо, кычышуу, оорутуу. Курсакты кароо жана пальпациялоо. Чурку, алардын жайгашкан жери жана кармалаганда ооруксунушу. Оң сүбөнүн алды ооруксунушу. Боор: абалы (консистенциясы). Дене кычышуу: бейтап мурун сарык (Боткин оорусу) менен ооруганбы? Өт баштыгы: аны кармалоо, ооруган жерлерин аныктоо. Көк боор: чоңоюу деңгээли, абалы.

*Бейтаптын айтымында, анын тамакка болгон табити көңүлгө аларлык өзгөрүүсүз болгону менен, куурулган майлуу тамактардын аш болумдуулугу оордогон сыяктуу. Бир аз шамалдаганда ооздон кара суу келип, төш кемирчегинин асты талыгандай сезилет. Тамактангандан кийин чай ичкенди жакшы көрөт. Тамактын даамын кадим-*

*кидей сезет, бүкүлү, коюу тамактарды ылгабайт, бирок чийки (сызгырылбаган) ак майга жасалган тамактарды жегенде зарна кылат. Айрым учурларда, тамактын түрүн ылгабай аралаштырып, курсактын тойгонуна карабай көп жеп алганда сасык (бүксүгөн жумуртка сыяктуу) жана ачыган тамак сыяктуу кекирип, кээ бирде окшуган учурлары болгон. Диетаны сактабаган учурларда тамак ичкенден 3-4 сааттан кийин кычкыл даамдуу кусканын танбайт. Эки айдан бери майлуу, бүкүлү тамак жегенден кийин төштүн кечиринин алды ооругандыгына даттанууда. Бүгүн түн ортосунан бери, катуу түйүлүп, сайгылашып, мыжыгып, мезгил-мезгили менен чыдатпай, улам күч алып, ичи көөп ооруганынан медициналык тез жардамга кайрылган. Оозун ачтырып караганда, маңдай тиштери бүтүн, азуу тиштерин курт жеген, сол акыл азуу тиши жок, тамагы (алкымы) таза, сезгенбеген, стоматит байкалбайт. Тили кургак, ак өңөр баскан. Ичинде ич сарысуу (асцит) жок. Бейтап чалкасынан жатканда ичтин дем алуу актысына катышуусу жакшы. Бейтаптын ичин кармалаганда оң сүбөнүн алды ооруксунууда. Дене саргаюусу жана кычышуусу жок, сарык (Боткин оорусу) менен оорубаган. Өт баштыгынын тушун кармалоодо ооруксунууну сезүүдө. Боордун үстүңкү чеги 5-оң кабырганын жана төш кемирчек учунун (биринчи точканын) тушунда, ал эми төмөнкү чеги эң астыңкы оң кабырганын догосунун тушунда, катуураак басканда ооруйт. Көк боордо ооруксунуу билинбейт.*

**Заара бөлүп чыгаруу тутуму.** Сийдик бөлүп чыгаруу: кандай убакыт менен, заара кылганда ачышып (кычышып) ооруксунуу жана кысылып, кыйналып бүргөнөктөп чыгуу, түнкүсүн заара кылуу. Шишик басуу, көбүнчө эртең менен көздүн асты бөлтөйүп, бел уюп же түшө калып чыдатпай түйүлүп ооруу. Суткада бөлүнүп чыккан сийдиктин көлөмү. Сийдиктин түсү – тунук, кочкул кан же ириң аралаш ж.б. Бел оору (такай, кез-кезде, узакка чейин), каккылоодо

ооруксунуу (бар, жок). Табарсык: каккылоо жана кармалоодогу белгилери.

*Көбүнчө эртең менен көздүн асты бөлтөйүп шишимек тартып калат. Бейтаптын заара ушатуусу күндүз 4-5 жолу, заара кылганда ачышып, ооруксунуу менен кээ бирде кыйналып бүргөнөктөп коштолгонун айтууда. Түнкү убакта дагы 3-4 жолу заара ушатып бушайман болгондугун кошумчалады (никтурия белгилери). Сийдиктин түсү кочкул кайнаткан чай сымалдай көрүнөт. Кез-кезде арка белдин сол тарабы оорлошуп ооруйт. Учурдагы карап, какккылоодо Пастернацкий белгиси аныкталууда.*

**Жыныс органдары.** Сырткы жыныс органдарынын түзүлүшү. Жыныстык мамилеси: күчөгөн, кадимкидей, начарлаган, жарамсыз. Аял: этек кири (менструациясы) канча жаштан, такай, же жаңылыш келет, көп же аз, нормалдуу мөөнөткө же узакка созулат, жок келбей калган. Этек кири келгенде (же келбесе деле) ич оору, жыныстык органдан, аялдын жан жеринен бөлүнүп чыккан ак (саргыч) суюктук (бели).

*Этек кири жаңылыш келет, 17-20 күндө кайталанган учурлар, ошондой эле этек кири келгенде ич оору тынчын алат. Жыныс органынан – аялдын жан жеринен бөлүнүп чыккан ак суюктук лабораториялык анализге жөнөтүлдү. Жыныстык мамилеси бузулбаган.*

**Эндокрин (ички бездер) тутуму.** Калкан бези: анын чоңдугу, формасы, жумшак же катуулугу. Жыныс органдарынын абалы, экинчи кезектеги жыныстык белгилери, ички бездердин башкача бир өзгөрүүлөрү. *Адеп караганда калкан бези көрүнбөйт (билинбейт). Алкымдын асты жагын кармалап көргөндө колго урунат, жумшак, оорубайт. Бейтаптын экинчи кезектеги жыныстык белгилери туура өнүккөн.*

**Нерв – психикалык тутуму.** Көңүлү: ачык, көтөрүңкү, куунак, ээликкен, маанайы чөгүңкү, туталангычтыгы. Акыл-эс, аң-сезим: ачык, айкын, бүдөмүк, басынган, ынды-

ны өчкөн, айлана чөйрөнү боолголоосу. Баш оору: мүнөзү, күч алуусу, жайгашы, пайда болгон убагы, узактыгы, баш тегеренүү, көзгө ар нерселер көрүнүү (галюцинация), эси ооп калышы, «талма оору». Рефлекстер, дермографизм. *Көрүү органы:* кадимкидей, начар көрүү, убактылуу же такай көрбөй калуу, көз чанагынан чыкчудай чакчаю, нистагм. Көздүн астынын тери шишимик тартуусу. *Угуу:* кадимкидей, каңырыш угуу, кулак ооруусу, шуулдоосу, кулактан ириң агуу, такыр укпоо ж.б. *Лимфа* бездеринин жайгашкан жерлери, алардын чоңдугу, катуу-жумшактыгы, кармаганда ооруксунушу. *Булчуңдардын* кадимкидей жетилиши, же өспөй калышы, чыңдыгы, тырышуусу. *Сөөк* ооруксунуусу, мүнөзү, жайгашкан жери, сырткы келбетинин бузулушу (деформация), манжаларынын формасы. *Муун*: кыймылы жандуу, алсыз, тырышуу, сенектиги, оорушу, жылып оорушу, кайсы маалда, качан катуу күчөп ооруйт, муун терисинин өзгөрүшү, шишүүсү. Муунду кармалап көрүп ооруксунган жерин аныктоо, кыймылдатканда муун кычыроосун сезүү, ооруган муун кээ бир учурда жанаша ткандардан ысык болуп сезилеби.

*Ызы-чуу чөйрөдө, көбүрөөк чарчаганда башы ооруп калмайы бар, баш тегеренүү адаты жок. Аң-сезими ачык, басынган, ындыны өчкөн адамдарга окшобойт. Айлана-чөйрөнү боолголоосу даана. Рефлекстери жайында, кадимкидей. Көздөрү көз чанагынан чыкчудай чакчайган, жакындан көрүүсү начар. Сол кулагы каңырыш угат, жаш кезинде кулактан ириң агып, дарыланган. Астыңкы жаактын түбүн кармалаганда колго урунган лимфа бездеринин ооруксунуусу аныкталды. Булчуңдардын жетилиши, чыңдыгы (тонусу) орто, атрофиялык белгилер байкалбайт. Кыймыл-аракет, сөөк түркүктөрү жана муун аппаратынын ооруксунуусу билинбейт. Муундарынын кыймылы жандуу.*

**Лабораториялык жана технологиялык изилдөөлөр.** Лабораториялык изилдөөлөр: кандын жалпы анализи; С реактивдүү белокко кан алуу; какырык микрофлорага жана

антибиотиктерге сезгичтигин аныктоого бактериологиялык анализге жөнөтүлдү; сийдик диастазаны аныктоого жөнөтүлдү; ткандын чырпымы гистологиялык изилдөөгө алынды. Технологиялык (аппараттык, аспаптык) изилдөөлөр: баш мээни магниттик резонанстык томографиялык изилдөө; ашказанды видеоэндоскопиялык изилдөө; жатынды гистеросальпингографиялык изилдөө; жүрөккө электрокардиограмма жасоо.

*Мисал келтирүү: бир оорунун белгилери эмес, ар кандай мисалдар; пайдалануу: Жээналиев Мейманжан, Дарттапма, Бишкек, 2011*

## ООРУНУН ДАРТЫнын АТЫН КОЮУ (ДАРТ ТАБУУ) ЫРААТЫ

*(Муун-аксак «Ревматоиддик артрит» дартынын мисалында, бейтап аттары ойдон чыгарылган)*

1. Бейтап (оорулуу) жөнүндө жалпы маалымат.

Теги, аты, атасынын аты: *Жакш . . . ов Т . . . ди Эсен . . . вич*

Туулган жылы: *1962-ж.* Кесиби: *инженер-куруучу.* Иштеген жери: *Айыл курулуш мекемеси*

Үй-бүлөлүк абалы: *үй-бүлөлүү* Жашаган жери: *Өзгөрүш айылдык округу, Курбу-Таш айылы, Жашасын көчөсү, 51.*

1.1. Бейтаптан алынган маалыматтар. *6-7 жылдан бери колу-буттарынын муундары ооруп жүрөт. Адегенде, көбүрөөк жумуш аткарганда, күндүн суук мезгилдеринде ооруксунуп калчу, бара-бара себепсиз ооруп калчу болду. Эки жыл мурда доктурга кайрылып, 3-4 ай бою дары ичкен.*

1.2. Бейтапты коштоп келген адамдан, оорулуу баланын ата-энесинен алынган маалыматтар. *Бейтап өзү келип кайрылган.*

1.3. Тастыктоочу документтерден алынган маалыматтар. *Бейтап мурда кайрылган эмканада жасалган лабора-*

*ториялык анализдердин, рентгендик изилдөөнүн маалыматынын жана дарылоосу жөнүндөгү көчүрмөлөрү бейтап баянына тиркелип коюлду.*

2. Бейтапты көрүп текшергендеги маалыматтар. *Бейтатын жалпы дене түзүлүшү - нормостеник, сырт денесинде жана терисинде орчундуу патологиялык өзгөрүү байкалбайт. Акыл-эси тунук, астыңкы жаак, кулак түбүндөгү лимфа түйүн колго урунууда, оорубайт. Өпкөсүн тыңшоодо дем алуусу бирдей ыргакта, бирок өпкөнүн үстүңкү уч тушунда шуулдаган үн бар. Какырык чыкпайт. Кан басымы 140/90 мм.сым.мам. Кан тамыр кагымы мүн. 80. Жүрөктү тыңшоодо кошумча үндөр угулууда, дене кыймылдап олтуруп-туруп, күч келгенде, дабышы өзгөрүп шуулдаганы күчөгөндөй угулууда. Таяныч-кыймыл аппаратында, тизе муунда ооруксунуу бар, ошондой эле манжа муундарында шишимек байкалат.*

3. Болжолдуу дарт аты: *Полиартрит.*

3.1. Бейтаптын ооруусун текшерүү (изилдөөлөр) мерчеми. *Кан анализдери, РФ, С-РБ, рентгенорафия.*

3.2. Ооруканага жаткыруу, бейтапты байкоо күндөлүгү жана ооруканадан чыгаруу. *Бейтап эмканага келип-кетип дарыланууда.*

4. Бейтаптын алгачкы (алдын ала) дарт атын коюу *Ревматоиддик артрит*

5. Лабораториялык-аспаптык жана аппараттык (технологиялык) изилдөө маалыматтары: *лейкоцитоз, ЭЧЫ ылдамдаган, тромбоцитоз, эозинофилия, анемия, диспротеинемия, ревматоиддик фактору (++), IgG, С-РБ (+), АЦЦП жогору +, Синовиалдык суюктук илээшкектиги азайган, нейтрофилез; рентгенологиялык белгилер - муунга жанаша эпифизардык остеопороз байкалат, муун көзөнөгүнүн тарышы, сөөк четтеринин эрозиясы жок.*

6. Клиникалык дарт аты: *Тизе, чыканак жана кол манжаларынын ревматоиддик артрити_DAS 28 2,6 - 3,2;*

Негизги дарт ___*Ревматоиддик артрит*___

Кабылдоосу *жок*

Коштогон оорулары *Өнөкөт бронхит*

7. Айырмалап (дифференциалдап) дарт табуу. *Муундардын симметриялык жабыркашы, кан изилдөөдө С-РБ жана РФ аныкталышы, ошондой эле муундардын рентгендик өзгөрүүлөрү ревматоиддик артрит дарты экендигин тастыктайт.*

8. Оорунун корутунду – клиникалык дарт аты

Негизги дарты *Тизе, чыканак жана кол манжаларынын ревматоиддик артрити*

Кабылдоосу *жок*

Коштогон оорулары Өнөкөт бронхит

9. Бейтаптын оорусунун корутунду таржымалы (эпикризи). *Бейтап 6 ай мурда муундары какшатып ооругандыгы, эртең менен өзүн ыкшоо сезиши, жөтөлү күчөп чыйрыккандыгына даттанып келген. Анын ооруган жерлерине, даттануураларын жана анализдик текшерүүлөрдүн негизинде «тизе, чыканак жана кол манжаларынын ревматоиддик артрити» дарт аты коюлуп, метотрексат дарысы дайындалып дарыланды. Азыркы күндө бейтаптын абалы жакшы, муундарында оору белгилери байкалбайт, өзүн жакшы сезет.*

10. Эмгекке жарамдуулугу жана жарамсыздыгы жөнүндө маалымат. *Физикалык күч келбеген жумуштарды аткарууга болот.*

## ООРУНУ ИЗИЛДӨӨ АЛГОРИТМИ

1. Оорунун себеби (этиологиясы). Аутоиммундук факторлорго тукум куучулук ыңгайлашуу бар, көбүнчө MHC II: HLA – DR1, DR4 түрүндөгү антигенин алып жүргөндөрдө; инфекциялык (вирустук, Т-лимфотроптук) себептери да четке кагылбайт; Түрткү берүүчү факторлор: суук тийүү, организмдин интоксикациясы, мутагендик дары-дармектер таасири, эндокринопатиялар (гормондук бузулуулар), стресстик абал ж.б. факторлор.

2. Оорунун өөрчүшү (патогенези). Организмдеги коргоочу иммундук клеткалардын, лимфоциттердин, бөтөн антигендерди жок кылуунун ордуна өздүк клеткаларды жабыркатуу менен алектенет: синовиоциттер сезгенүүгө каршы цитокиндерди бөлүп чыгарат (ФНОα, интерлейкин1) →1 типтеги Т-хелперлердин пайда болушу → макрофагдардын активделиши, *интерферон* → *ИЛ-1*, *ИЛ-6*. цитокиндери → синовиалдык суюктукта ИЛ-8 көбөйүшү → ИЛ-1 дене табынын жогорулашы жана остеопороз, гепатоциттердин көбөйүшүнөн С-РБ пайда болушу, В-лимфоциттердин плазматикалык клеткаларга айланышы → IgM и IgG көбөйүшү жана РФ таасири менен организмде иммундук комплекс пайда болуусу → микроциркулятордук бузулуулардан РА висцералдык жабыркоолор.

3. Оорудан дене бузулуусу (патанатомиясы, морфологиялык өзгөрүүлөр). Морфологиялык өзгөрүүлөр адегенде, муундар менен чектешкен бириктиргич ткандардан жана майда муундарды каптаган катмарлардын мукоиддик шишимек тартуусунан, ошондой эле артериолит болуп жабыркоодон башталат. Дарт өнүгүшүнөн фибриноиддик некроз (ревматоиддик түйүн) пайда болот.

4. Ооруну дарылоо (терапия). *ФНО-альфа ингибитору метотрексат менен дайындалат. Метотрексат дарысын дайындаганга каршы көрсөтмө (же аны кабыл албагычтык) болсо, кийинки БПВП каражаттары (лефлуномид, сульфасалазин, туздуу алтын (инъекция) дары каражаты) стратегиялык биринчи кезекте болушу керек.*

5. Оорунун түпкүлүк жагдайы (прогнозу). *Муун – аксак оорусунун (РА) түпкү жагдайы, биринчиден бейтаптын, оору башталгандан качан, кайсы убакта доктурга кайрылуусунан (өз убагында кайрылдыбы же оору күчөгөндө кайрылганбы) себептүү болот. Экинчиден дарылоонун стратегиялык тууралыгы жана бейтаптын дары каражаттарына резистенттүүлүгү себепкер. Көбүн эсе РА оорунгандар жүрөк оорулары менен оорушу кошумча фак-*

*торлорду (диабет, алкоголизм, семиздик) эсепке албаганда эки эсеге көбөйөт, жалпысынан өмүр сүрүүсү, орто эсепте 6-10 жылга кыскарышы мүмкүн. Муундардын анкилозу, контрактура жана булчуң-муундук кахексия болушу күтүлөт.*

6. Ооруну алдын алуу (профилактика). *Оорунун алдын алуу иш-чаралары: сергек жашоо адатын калыптандыруу, ден соолукту чыңдоо көнүгүүлөрүн адат кылуу, өз убагында тамактануу, өнөкөт оорулардын түпкү себептерин (тиш кариесин, тамак ооруларын) жоготуу, жугуштуу ооруларды өз убагында дарылоо, жумуш ордунда шарт түзүү. Муун-аксак оорусун дарылоону талаптагыдай жүргүзүү, оорунун өтүшүп кетүүсүнө бөгөт коюу, дары каражаттарынын организмге таасирдүүлүгүнө көз салуу, муундардын атрофиялык деформацияланып контрактура, кыймылсыз болушун болтурбоо максатында дене тарбиялык көнүгүүлөрдүн комплексин уюштуруу менен бейтаптын ишке жөндөмдүүлүгүн сактоо жана өмүрүнө өбөлгө түзүү.*

**Кан айлануунун алсыздык классификациясы**

А. Кан тамыр алсыздык.

Б. Өткүр жүрөк алсыздык (өткүр «сол» карынча алсыздык, өткүр «оң» карынча алсыздык).

II. Кан айлануунун өнөкөт алсыздыгы (КӨА).

А. Тамырдын өнөкөт алсыздыгы (ТӨА).

Б. Жүрөктүн өнөкөт алсыздыгы (ЖӨА)

*I стадиясы:* Кан айлануу алсыздыгынын (башталышы, билинбей) объективдүү жана субъективдүү белгилери демейде жөн турганда билинбейт, алсыздыктын белгилери денеге күч келгенде гана пайда болот да, күч келүүнү токтоткондо 2-3 мүнөттө калыбына келбейт.

*II стадиясы:* А мезгили: а) сол карынчага кичине эле оор күч келсе, б.а. жумуш кылса, анын өнөкөт алсыздыгында демигип жүрөк лакылдайт. Кичине кан айлануу тутумун-

да (өпкөдө) да, кан толо баштайт. Боор чоңоюп оң сүбөнүн астынан 2 см.ге (2 эли) чейин чыгып, колго урунат. б) башынан оң карынча өнөкөт алсыздыгы кармаса эле, оор күч келип демигип, жүрөк лакылдайт, боор чоңоюп, оң сүбөнүн астынан 3 см.ге чейин чыгып, тиреп калат.

Б мезгили: жөн турганда деле демигип жүрөк лакылдайт. Чоң кан айлануу тутумунда кан толуу белгилери пайда болот. Боор андан дагы чоңоюп оң сүбөнүн астынан 3 см.ден көбүрөөк чыгып турат, бутта шишик пайда болот.

*III стадиясы:* жеттиккен (терминалдык) жалпы жүрөк алсыздыкта, кан толуу белгилери даана билинет; денеде, органдарда түзүмдүк-морфологиялык жактан калыбына келгис өзгөрүүлөр, бузулуулар пайда болот. Денедеги башка органдардын функциялары же зат алмашуулары бир кыйла өзгөрөт. Арыктап, булчундары былбырап калат.

**Жүрөк булчуң ооруларынын классификациясы. Миокарддын озгөчө оорулары.**

I. Инфекциялык: вирустук, риккетсиоздук, бактериялык, грибоктук, асперилездук, протозойдук.

II. Жүрөк булчуңунун зат алмашуунун (метаболизмдин) бузулушунан – тиреотоксикоз, гипотиреоз, бөйрөк үстүнкү бездердин начарлыгы, феохромацитома, акромегалия, гемохроматоз, анемия (аз кандык, магний жетишсиздиги, бери-бери, калий зат алмашуусунун бузулушу, амилоидоз ж.б. ооруларга байланыштуу.

III. Системалуу оорулар: коллагеноздор, саркоидоз, лейкемиялар ж.б.

IV. Оорулардын түрлөрү (формалары); дистрофиялар, нерв-булчуң байланыштарынын бузулушу.

V. Аллергиялык жана алкогол, антибиотиктер, сулфаниламиддер, радиация жана башкалардан.

VI. Себеби аныкталбаган жүрөк оорулары – кардиомиопатиялар: (кеңейген (дилятациялык), калың өскүлөң (гипертрофиялык), реструктивдик).

**Таяныч-кыймыл аппаратынын, муун жана муун-чектеш (муундан сырткары) жумшак ткань ооруларынын классификациясы.**

А. Омуртка түркүк жана муун ооруларынын формалары

I. Сезгенүүдөн (артриттер).

1. Ревматоиддик артрит (Стилл, Фелти, өспүрүм ооруларын кошуп).

2. Ревматизмдик (кызыл жүгүрүктөн) полиартрит (Сокольский - Буйо оорусу).

3. Сенектелүүчү (анкилоздолуучу) спондилартрит (Бехтерев оорусу).

4. Өзгөчө инфекциялык артриттер, полиартриттер, артроз-артриттер (кургак учуктан, бурцеллёздон, сүзөктөн ж.б.).

5. Инфекциялык-аллергиялык (рективдүү) полиартрит.

6. Псориаздык полиартрит (Рейтер оорусу).

II. Дегенеративдүү артроздор.

1. Баштапкы бузулма (деформацияланууучу) остеоартроз.

2. Кийин бузулма остеоартроз. Сынып-жанчылуу (жаракаттан) же тубаса кемтикке (аномалияларга) байланыштуу артриттери.

3. Омуртка түркүк остеохондрозу.

4. Бузулма (деформацияланууучу) спондилёз, спондилартроз.

5. Остеохондропатия.

III. Муун аксак оорулардын өзгөчө формалары.

1. Тубаса оорулары жана синдромдору.

2. Муун-эт (ткандын) шишик оорулары.

3. Психогендүү артропатиялар.

Б. Ачык жана жабык сыныктан (жаракаттан) муун жабыркоо.

В . Башка ооруларга байланыппуу артриттер жана артроздор:

1. Аллергиялык ооруларга.

2. Туташтырма ткандан таралган (диффуздук) ооруларга.

3. Зат алмашуу бузулууларынан (подагра ж.б.).

Г. Муундан сырткары болгон жумшак эттин жана таяныч-кыймыл аппараттарынын оорулары:

1. Синовиалдык баштык жана тарамыш кабынын (бурситтер; тендовагиниттер же көбүк).

2. Берч (фиброз) ткандын пайда болушу – периартриттер (ийин-далынын ж.б.).

3. Соматикалык жана вегетативдик нервдер: невриттер, невралгиялар ж.б.

**Өткүр кызыл жүгүрүк безгеги (ӨКЖБ)**

Өткүр (курч мүнөздөгү) кызыл жүгүрүк безгеги – бул, сезгенүү процесси көбүнесе жүрөк-кан тамыр системасын жабыркаткан, бириктиргич ткандардын системалык сезгенүүсү; оору А тобундагы β гемолитикалык стрептококктун назик адамдардын организмине (негизинен 7-15 жаштагы балдар) жугуштуу болуп, ушул жуккан стрептококктун антигенине аутоиммундук жооптун өнүгүүсү менен мүнөздөлөт. Стрептококк организмге түшкөндөн кийин кардиотоксикалык таасирдүү жана фагоцитозду басаңдатуучу, лизасомалык мембрананы жана бириктирүүчү ткандардын негизги затын жабыркатуучу М-протеин, пептидо-гликан, стрептолизин – О, гиалуронидаза, стрептокиназа, дезоксирибонуклеазаны бөлүп чыгарат. Өткүр кызыл жүгүрүк безгегиндеги (ӨКЖБ) гумоpалдык жана клеткалык иммунологиялык өзгөрүүлөр антистрептококктук бөтөн денечелердин (бөтөн зат), атап айтканда антистрептолизин – О (АСЛ – О), антистрептогиалуронидаза (АСГ), антистрептокиназа (АСК) титринин жогорулашы менен мүнөздөлөт.

**ӨКЖБ клиникалык өтүшүндө дарт атын коюудагы түркүмдөө (критерийлери). Анык далилдери**

1. Кардит (систоликалык үн (тон) бузулушу, тахикардия, кардиомегалия, аритмия, жүрөк тушунун ооруусу, жүрөк алсыздыгы, «галоп ритми», оң жана сол карынчалардын миокардийинин гипертрофиясы).

2. Полиартрит (муундардын симметриялык оорусу, муундардын шишүүсү, сырткы терисинин кызарышы, кыймылынын чектелиши, ооруу сезиминин алеп-желеп болушу).

3. Хорея (булчуң алсыздыгы, гиперкинездер, эске тутуунун начарлашы, баш ооруу, эмоционалдык кош көңүлдүүлүк, кол жазмасынын бузулушу); бул белгилер дарылоонун натыйжасында жоголуп кетет.

4. Эритемалар (шакек сымал тегерек кызыл тактар), дене боюнда, тизелерде.

5. Тери алдындагы берчтер (кызыл жүгүрүк түйүндөрү муундардын ички бүктөмдөрүндө пайда болуп, орточо катуулукта, кармалаганда анчалык оорубайт), дарылоонун таасири менен көрүнгөн белгилер кайтып кетет.

**Эске алынуучу майда далилдери.**

А. Клиникалык:

1. Кызыл жүгүрүк мурда болгон же андан (ревматизмден) жүрөктүн бузулушу.

2. Муун ооруу (артралгия).

3. Калтыроо, дене ысуу (лихорадка).

Б. Лабораториялык:

1. Эритроциттердин чөгүү ылдамдыгынын (ЭЧЫ) күчөшү.

2. «С» реактавдүү белоктун пайда болушу.

3. Лейкоцитоз.

4. ЭКГ да PQ аралыгынын (интервалынын) узарышы.

Кошумча белгилер: Мурун стрептококк инфекциясы болгондугун далилдөө (канда АСЛ-0, АСК, АСГже башка стрептококктук каршы (анти) денече (антителдердин) көбөйүшү; денеден (таңдай бакалоордон) А тобундагы стрептококкту табуу; жакын арада скарлатина оорусу менен оорушу.

*Эреже катары эске түйүү:* Ооруп калуу алдында, сөзсүз 2 «анык», же 1 «анык» жана 2 «майда» далилдер жана стрептококк инфекциясы менен ооругандыгы чын болуп айкалышса, анда кызыл жүгүрүк (ревматизм) болгону шексиз.

**Өткүр кызыл жүгүрүк безгегинин классификациясы** (жаңы).

I. Клиникалык формалары: Өткүр кызыл жүгүрүк безгеги; Кайталанган өткүр кызыл жүгүрүк безгеги.

II. Клиникалык билинүүлөрү (өтүшү): негизгилер (кардит, артрит, хорея, эритемалар (шакек сымал тегерек кызыл тактар), кызыл жүгүрүк түйүндөрү); кошумча белгилер: артралгия, безгек (калтырама), абдоминалдык синдром, серозиттер.

III. Оорунун аякташы: айыгуу жана (же) кызыл жүгүрүктөн жүрөктүн өнөкөт оорусу (жүрөк кемтиги менен же жүрөк кемтиги жок).

IV. Кан айлануу алсыздыгы.

Кызыл жүгүрүктүн классификациясы (*колдонулуп келген*)

| Оорунун фазалары | Клиникалык жана анатомиялык мүнөздөмөсү | | Оорунун өтүүсү | Кан айлануу абалы |
|---|---|---|---|---|
| | Жүрөк | Башка органдар жана тутумдар | | |
| Активдүү | Баштапкы ревмокардит. | Полиартрит, серозиттер (плеврит, перитонит). | Өткүр солгун. | $H_0$ $H_1$ |
| Активдүүлүк деңгээли I, II, III | Кайталанма ревмокардит жүрөк клапанынын кемтиги, пайда болуу. Жүрөктө ачык билинбеген өзгөрүүлөрү бар ревматизм. | Хорея, энцефалит, менингоэнцефалит, церебралдык васкулит, нерв-психикалык бузулуулар. | Солгун үзгүлтүксүз кайталанып билинбей (латенттүү). | $H_{IIA}$ $H_{IIB}$ $H_{III}$ |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Активдүү эмес | 1. Миокардиосклероз.<br>2. Жүрөк кемтиги. | Васкулиттер, нефрит, гепатит, пневмония, ирит, иридоциклит, тиреоидит тери бузулуу. Жүрөктөн башка органдарга ревматизм тийгизген таасири. | | |

## Кызыл жүгүрүктүн клиникалык жана лабораториялык активдүүлүк деңгээлин мүнөздөө

| Активдүү-лүк деңгээли | Ооруну далилдөө (баамдоо) чендери, клиникалык далилдери | ЭКГ, ЭхоКГ, ФКГ жана рентген белгилери | Лабораториялык көрсөткүчтөрү |
|---|---|---|---|
| I деңгээл (минималдуу төмөнкү) | Оору белгилери ачык эмес денеде сезгенүүнүн экссудативдик курамдары (компоненттери) жок. Ооруга бир белгилүүлүк (моносиндромдуулук) мүнөздүү | Жүрөктүн ЭКГ, ЭхоКГ, ФКГ жана рентгендик сезгенүү белгилеринин динамикалык өзгөрүүлөрү ачык эмес бүдөмүк. Өпкө ж.б. чел кабыктарында (жүрөккап – перикард, өпкө чел кабы – плевра, ич чели – брюшина) экссудативдик сезгенүүлөрү жок. | Нормалдуу же бир аз (минималдуу) көтөрүлгөн С-РБ (+) стрептококко каршы денечелердин титрлери нормалдуу |
| II деңгээл (орточо) | Оору белгилери орточо билинет, ревматизм температурасыз же бир аз дене табы көтөрүлөт, органдарда сезгенүүнүн экссудативдик курам-дары ачык даана билинбейт, полисиндромдуулук болот. | Сезгенүү белгилери экссудативдүү перикардит, жалпы жабыркаган (диффуздук) өткүр миокардит, плеврит: ЭхоКГ, ЭГК, ФКГ жана кардиттин ЭКГ белгилери орточо билинет. | Орто көтөрүлгөн лейкоцитоз, ЭЧЫ 20-40 мм/саат, С-РБ (++) стрептококко каршы денечелердин титрлери жогору. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| III деңгээл (максимал-дуу жогорку) | Оорунун белгилери даана, ачык, органдарда сезгенүүнүн экссудативдик курамы басымдуулук кылат (өткүр полиартрит, жалпы жабыркаган (диффуздук) өткүр миокардит, ревматизм пневмониясы, көп белгилүүлүк мүнөздүү | Кызыл жүгүрүктөн (ревматизмден) даана бузулган жүрөк, өпкө, чел кабык оору белгилери ачык көрүнүп турат. | Сезгенүү жана активдүүлүктүн көрсөткүчтөрү жогору. Канда нейтрофилдүү лейкоцитоз, ЭЧЫ 40 мм/ саат, С-РБ (+++) гиперфибриногенемия, гиперглобулине-мия АСЛ-0, АСТ, АСК титрлери өтө жогору |

**Код МКБ 10 М06.9. Ревматоиддик артрит (РА, муун аксак оорусу)**

**Ревматоиддик артрит** *(англ.) rheumatoid arthritis* – көбүнчө майда муундардын, белгилүү бир себеби болбогон татаал аутоиммундук өөрчүүсү, эрозивдик – деструктивдик жабыркоосу менен мүнөздөлгөн полиартрит түрүндө өтүүчү бириктирүүчү ткандардын системалык сезгенүү оорусу.

Оорунун аталышы *(грек.) ῥεῦμα* – өтүү, өөрчүү, *суффикс – оиддик* – окшогон, окшош, *ἄρθρον* – муун жана *суффикс – um itis* – сезгенүү абалы дегенди түшүндүрөт. РА мультифактордук гетерогендик дарт.

**Клиникалык өтүшү боюнча классификациясы** (стадиялары)

***Эң алгачкы:*** узактыгы 6 айга чейин; өзгөчөлүү эмес сезгенүү жана органдык өзгөчөлүү эмес аутобөтөн денече иштеп чыгаруу, ревматоиддик фактор (РФ) жана АЦЦПга тышкы факторлордун таасири, (айрыкча тамеки тартуу).

***Эрте башталган:*** 6-12 ай ичинде;

Таралган (жайылган): 1 жылдан ашык; сезгенүүнүн өнөкөт түрүнө өтө башташы, клеткалардын сезгенүү зонасына көчө башташы, CD4+ Т клеткаларынын көбөйүшү, сезгенүүнү жандаган цитокиндердин, простогландиндердин, коллагеназанын жанданышы.

***Кечиккен:*** 2 жылдан ашкан; синовиалдык клеткалардын апоптозунун бузулушу жана соматикалык мутациялардын пайда болушу.

**Оорунун активдүүлүгү боюнча (DAS28)**

Жабыркоого учурашы мүмкүн болгон бардык муундар – 28 (2 ийин, 2 чыканак, 2 билек, 10 алакан-манжа, 10 проксималдык – манжалар аралык жана 2 тизе муундары), DAS28 баштапкы мааниси (чени) 2,6 < (аз).

0 (ремиссия): DAS28 < 2,6дан аз;

1 (төмөнкү): DAS28 2,6 — 3,2;

2 (орточо): DAS28 3,2 — 5,1;

3 (жогорку): DAS28 > 5,1ден көп (оорунун активдүүлүгү жогору).

**Инструменталдык мүнөздөмө**

Эрозиялык өзгөрүү бар

Рентгенологиялык стадиясы: I, II, III, IV.

**Иммунологиялык мүнөздөмө**

Ревматоиддик фактору: серо-позитивдүү/серо-негативдүү.

Анти-ЦЦП: серо-позитивдүү/серо-негативдүү.

**Функционалдык (жөндөмдүүлүк) классы боюнча**

I кесиптик эмес жана кесиптик ишмердүүлүгү жана өзүн-өзү тейлөө толугу менен сакталган.

II кесиптик ишмердүүлүгү жана өзүн-өзү тейлөө сакталган, кесиптик эмес ишмердүүлүгүн аткаруу бузулган.

III кесиптик жана кесиптик эмес ишмердүүлүгү чектелген, өзүн-өзү тейлөө сакталган.

IV Бардык ишмердүүлүк жөндөмү чектелген.

**МКБ-10 боюнча**

М05. Серопозитивдик ревматоиддик артрит.

М05.0. Фелти синдрому (спленомегалия жана лейкопения бар ревматоиддик артрит).

М05.3. Башка органдар жана системалар кошо жабыркаган ревматоиддик артрит.

М05.8. Башка ревматоиддик артриттер.

М05.9. Такталбаган серопозитивдик ревматоиддик артрит.

М06. Башка ревматоиддик артриттер.

M06.0. Серонегативдик ревматоиддик артрит.

M06.1. Жашы жетилген курактагы адамдар ооруучу Стилл дарты.

M06.2. Ревматоиддик бурсит.

M06.3. Ревматоиддик түйүндүү.

M06.8. Такталган башка ревматоиддик артриттер.

M06.9. Такталбаган ревматоиддик артрит.

M08.0. Өспүрүм курактагы ревматоиддик артрит.

Ревматоиддик артриттин (РА, муун аксак оорусу) классификациясы

| Клиникалык-анатомиялык мүнөздөө | Клиникалык-иммунологиялык мүнөздөө | Оорунун өтүүсү |
|---|---|---|
| I. Ревматоиддик артрит, полиартрит, олигоартрит, монартрит. | Серопозитивдүү.<br>Серонегативдүү. | 1 . Жай күчөп.<br>2. Тез күчөп. |
| II. Ревматоидцик артрит ички органдардын жүрөк – кан тамыр, өпкө, бөйрөк, нерв тутуму жана ретикулоэндотелиалдык тутумдардын, (жүрөк, ич көңдөй, көөдөн, өпкө челдеринин) жараланышы (же висцерит) менен ооругандардын амилоидозу. Өзгөчө синдромдор: зилдеген сымал, Фелти синдрому. | | 3. Солгун күчөп (арты жеңил). |
| III. Ревматоиддик артрит, бузулма артроз, кызыл жүгүрүк ж.б. менен кошо кездешет. | | |

| Активдүүлүк деңгээли | Артриттин рентгендик стадиялары | Бейтаптын эмгекке жөндөмдүүлүгү. |
|---|---|---|
| 1. Айыккан (ремиссия).<br>2. Минималдуу. | 1. Муунга жакын остеопороз.<br>2. Остеопороз, муун жылчыгы тарыган бирин-серин учурлар. | А. Сакталган.<br>Б. Начарлаган.<br>1. Кесиптик эмгекке жөндөмдүүлүк сакталган. |
| 3. Орточо.<br>4. Жогору (максималдуу). | 3. Остеопороз, муун жылчыгы тарыган учурлар көп.<br>4. Муун сенек (анкилоз) болот. | 2. Кесиптик эмгекке жоголгон жөндөмдүүлүк.<br>3. Өзүн-өзү тейлей албайт. |

**Ревматоиддик артриттин клиникалык түрдүү мүнөздө өөрчүп өтүүсү**

Оорунун кайтып (айыгып) кетүүчү (синовит) жана кайра кайтпас (эрозия, анкилоз) жабыркоолору белгилүү.

● Муундардын жабыркашы: классикалык түрдө (вариант) жай өнүгүп өсүп өтүүчү, майда муундардын жана чоң муундардын дагы симметриялык жабыркашы.

● Моно же олигоартрит: алгачкы стадиясында көбүнчө майда муундардын, кол-бут манжаларынын муундары жабыркашынан, кийин чоң муундардын жабыркоосу басымдуу болгон (көбүнчө тизе мууну) түрү.

● Псевдосептикалык синдромдуу ревматоиддик артрит (гектикалык калтыратма безгек, каны аздуулук, чыйрыгуу, гипергидроз (терчилдик), арыктоо, амиотрофия (булчуң эт алсыздыгы, ичкерүүсү) васкулит, висцерит менен коштолот, айрым учурларда артриттин белгилери экинчи планга жылат).

● Фелти синдрому (спленомегалия жана полиартриттин бирге болушу; лейкоцитопения, нейтропения, висцерит менен, бирок спленомегалиясыз).

● Стилл синдрому.

● Ювенилдик ревматоиддик артрит (оорунун башталышы 16 жашка чейин): аллергосептикалык синдром.

● Чектелген висцерит менен болгон муун-висцералдык (ички органдар – муундук) формасы.

● Муун – висцералдык формасы:

● Ревматоиддик васкулит

● Жүрөк, өпкө, бөйрөк жана тамак сиңирүү органдарынын жабыркашы.

● Нерв системасынын жабыркашы.

**Белгилери (симптомдору).**

Алгачкы стадиясында көбүнчө майда муундардын, кол-бут манжаларынын муундары жабыркашынан, кийин чоң (ири) муундардын жабыркоосу басымдуу болгон белгилери, 1-1,5 айда кайрадан тарап жок болуп кетүүчү, башталы-

шында катуу башталган оору (жылып ооруган артралгия) мүнөздүү. Ревматоиддик артрит кайсы бир болбосун муундун жабыркашынан, көбүнесе колу-буттун майда муундарынан (адегенде манжалардын), башталышы мүмкүн. Демейде муундардын жабыркашы симметриялык түрдө: башкача айтканда сол колдун мууну ооруса, оң колдун муундары да жабыркайт. Муундардын ооруусу кыймыл-аракет жасаганда, эртең менен турганда уюп калышы жана бир аз шишимек болушу менен мүнөздөлөт. Рентгенологиялык өзгөрүүлөр жок, сезгенүүгө каршы дары каражаттарынын таасирдүүлүгү бар, убакыт өткөн сайын ревматоиддик артритке мүнөздүү бардык белгилер (симптом) пайда болот. Эртең мененки ыкшоолук, чарчоону сезүү, алсыздык, табитинин жоголушу белгилери пайда болот.

Оорунун таралган стадиясында муундардын дефигурациясы, андан кийин деформациясы башталат. Муундардын чектелген кыймылынын натыйжасында жанаша булчуңдардын атрофиясы, ткандардын фиброздук жабыркашынан тарамыштардын, муун байламталарынын, муун чел катмарларынын чүрүшүп жабыркашы байкалат. Канчалык көп муун жабыркаса, оорунун оордугу ошончолук тереңдеген болот. Колдун алакан жана манжалардын муундарынын жабыркашынан манжалардын кыйшайышы жана муун булчуңдарынын алсыздыгы «моржлун сүзүү калакчасы», ал эми ийрейген манжалар «каздын моюну» деген аталышка ээ болгон. Ийин, чыканак, билек, тизе, муундарында контрактуранын кесепетинен кол-бутту бүгүп-жазуу кыйындайт. Оору процесси тереңдеген сайын жамбаш – сан муундары жана астыңкы жаак муундарына чейин жабыркайт.

**Көп кездешкен башка белгилер:**

- Кызыл жүгүрүк (ревматоиддик) түйүндөрдүн сезгенүүгө учураган муундардын жанында пайда болушу (чоңдугу төө бурчак, жаңгактай), кармалаганда оорубайт.
- Астеновегетативдик (нерв системасынын дисфункциясы) синдрому.

● Дене табынын көтөрүлүшү 37,0-37,5 °С.

● Эртең мененки ыкшоолук сезими канчалык узакка созулса, оору ошончолук күчөй берет.

● Сасык тумоонун белгилерине окшогон абал, дене табы бир аз көтөрүлүшү мүмкүн.

● Көп отургандан ар жери ооруксунушу мүмкүн.

● Оору жанданып, кайра басаңдап, оору белгилеринин жоголушу.

● Булчуңдардын ооруксунуусу (миалгия), булчуңдардын атрофиясы (арыктап, салмагынын азайышынын негизги себеби), миозит.

● Депрессия, анемия, алакандарынын жана тамандарынын тер басышы.

● Шилекей жана жаш иштеп чыгуучу бездеринин функционалдык бузулуусу

● Васкулит белгилери майда артерия кан тамырлардын (артериит), сезгенүү болгон жерлердеги теринин кубарыңкы тартып ооруксунушу, кан менен камсыздалышы бузулуп, теринин оюлушу жана ылаңдап ириңдеши.

● Ички кан тамырлардын сезгенишинен болгон висцериттер (өпкөнүн жабыркашы пневмонит, кургак плеврит түрүндө; бөйрөктүн жабыркашы амилоидоз, протеинурия, бөйрөктүн өнөкөт алсыздык дарты; жүрөктүн жабыркашы эндокардит, перикардит, миокардит.

**Дарт табуу (дарт атын коюу).**

Лабораториялык: канды төмөндөгү анализдерге изилдөө: лейкоцитоз, эритроциттердин чөгүү ылдамдыгы (ЭЧЫ), тромбоцитоз, эозинофилия, анемия, диспротеинемия, ревматоиддик фактору, глобулиндердин, IgG, С-РБнын көбөйүшү, Алдыга илгерилеген анализ катары циклдик пептид туткан цитруллин бөтөнзат (антитело, бөтөн денече) титрин (антител к циклическому цитруллин-содержащему пептиду – АЦЦП), анти-ЦЦП (*anti-CCP ), HLA, DR4* аныктоо эсептелет. Синовиалдык суюктук илээшкектигинин азайышы, лейкоцитоз, нейтрофилез жана РФ титринин жогорулашы

**Инструменталдык изилдөөлөр:** Басымдуулук кылган рентгенологиялык белгилер – муунга жанаша эпифизардык остеопороз, муун көзөнөгүнүн тарышы, сөөк четтеринин эрозиясы. Клиникалык жабыркоолордун мүнөзүн тагыраак аныктоо максатында доплердик ультрасонография, компьютердик жана магниттик-резонанстык томография колдонулат.

**Ревматоиддик артриттин (РА, муун аксак оорусу) дарт атын коюу түркүмдөөсү (EULAR, 2010)**

| Эмне аныкталат | Мүнөздүү белгилери | Упай (балл) |
|---|---|---|
| А. Муундардын жабыркашы. | 1 (бир) чоң (ири) муун. | 0 |
| | 2-10 ири муундар. | 1 |
| | 1-3 майда (кичине) муундар. | 2 |
| | 4-10 майда муундар. | 3 |
| | 10дон көп муун (жок дегенде 1 кичине муун) | 5 |
| В. Серологиялык тест. | РФ жана АЦЦП (тест өзгөрбөгөн «терс» « – «). | 0 |
| | РФ жана АЦЦП тести араң эле + | 2 |
| | РФ жана АЦЦП тести жогору + | 3 |
| С. Сезгенүүнүн өткүр фазасынын маркери. | С-РБ жана ЭЧЫ нормалдуу. | 0 |
| | С-РБ жана ЭЧЫ өзгөргөн. | 1 |
| Д. Симптомдордун узактыгы. | 6 жумадан аз. | 0 |
| | 6 жумадан көп. | 1 |

**Дарылоо каражаттары**

1. Оорунун симптомдоруна байланышкан (оору сезимин, ыкшоолукту, муун шишиги симптомдорун басаңдатуу максатында) – дарылоо – сезгенүүлөргө каршы стероиддик эмес дары-дармектер {нестероидные противовоспалительные препараты (НПВП)} – диклофенак, мелоксикам, лорноксикам, нимесулид, целекоксиб, эторикоксиб.

2. Глюкокортикостероиддер – {глюкокортикостероиды (ГКС), (преднизолон, метилпреднизолон, преднизон, триамцинолон, дексаметазон, бетаметазон)} – «пульс терапия» катарында селективдик иммунодепрессант циклоспорин метотрексат аминохинолин туунду каражаты менен.

Метилпреднизолон менен 500-1000 мг.дан 3 күн катары «пульс терапия» жүргүзүлөт. Айрым учурларда ГКСдер (триамсиналон) муун ичине да берилет.

3. Негиздик (базистик) сезгенүүгө (кызыл жүгүрүккө) каршы дары-дармектер – {базисные противовоспалительные препараты (БПВП)} – метотрексат, лефлуномид, сульфасалазин, туздуу алтын дары-дармектер, пеницилламин. Базистик дары-дармектер РА менен ооруган бардык бейтаптарга дайындалат жана узак мөөнөттү камтыйт, дарынын натыйжа бергенин 3-6 айдан кем эмес колдонгондон кийин эсептөөгө болот. Метотрексат монотерапия катарында, оорунун активдүүлүгүнө, канча убактан бери ооругандыгына карабай дайындалат, эгерде таасирдүүлүгү жакшы болбосо, анда башка дарылар менен кошо дарылоо жүргүзүлөт. Алтын дарылык каражаттары башка базистик дарылардын таасирдүүлүгү болбогондо же аларга каршы көрсөтмө болсо парентералдык жол менен берилет.

4. Гендик-инженердик биологиялык дары-дармектер (ГИБП), цитостатикалык иммунодепрессанттар:

А). Цитокин/хемокин тоскучу (блокатору) жана алардын рецепторлору (антицитокиндик каражаттар): ингибитор (процессти басаңдатуучу) ФНО (фактор некроза опухоли) – цитокиндерге таасир берүүчү жасалма синтезделген молекулалар;

● ФНО ингибитору (ФНОго каршы зат жана ФНОго «эрүүчү» рецепторлор): – Адалимумаб («Хумира»); – Голимумаб («Симпони»); – Инфликсимаб («Ремикейд»);

● Цертолизумабапэгол («Симзия»); – Этанерцепт («Энбрел»); – Моноклоналдык бөтөн заты рецепторлорго, интерлейкин 6 (sIL-6R, mIL-6R) гатоцилизумаб («Актемра 2);

● Моноклоналдык бөтөн заты интерлейкин 1ге – анакинра («Кинерет»);

● Моноклоналдык бөтөн заты интерлейкин 12 жана 23кө – устекинумаб («Стелара»).

Б). Антилимфоцитардык дары каражаты:

Моноклоналдык бөтөн заты мембраналык CD20 рецепторлорго, В-лимфоциттердин бөтөн зат иштеп чыгуу дареметинин алсыздыгына – ритуксимаб («Мабтера»)

Гибриддик белоктор CTLA-4 + $F_c$-Ig$G_1$, Т-лимфоциттеринин активдүүлүгүнө тоскоолдук кылуучу – абатацепт («Оренсия»)

В). Ооз аркылуу ичилүүчү төмөнкү молекулярдык ингибиторлор *Jak- STAT* – тофацитиниб («Яквинус»).

Дарылоонун DAS28 боюнча натыйжалуулугунун түркүмдөлүшү: Эгерде DAS28 боюнча дарылоонун натыйжасында < 3,2 де > 1,2 көп азайса жакшы эффективдүү деп эсептелет, ал эми < 0,6 аз болсо эффективдүүлүгү жок деп эсептелип, дарылоонун башка таасирдүү ыкмасы менен дарылоо аракети жасалат. DAS28 < 2,6дан аз болсо оору ремиссия абалына өттү деп бааланат.

Азыркы мезгилде, ревматоиддик артрит оорусун дарылоонун негизги принциптери Европалык ревматизмге каршы лигасынын (*European League Against Rheumatism* - EULAR) жана Америкалык ревматологдор коллегиясынын (*American College of Rheuma-tologists* - ACR), 2010-жылы биргелешкен эл аралык «Максатка жеткенге чейин дарылоо – *Treat to target* (T2T)» программасы (дарылоо эрежеси) катары кабыл алынган.

**Ревматоиддик артритти T2T дарылоо эрежесинин жалпы принциптери**

**А.** Ревматоиддик артритти дарылоону дабагер-ревматологдун жана бейтаптын биргелешкен чечиминин негизинде жүргүзүү.

**В.** Ревматоиддик артрит менен ооруган бейтапты дарылоонун негизги максаты – саламаттыгы менен байланышкан оору симптомдорун көзөмөлдөө, муундарынын тизимдик жабыркашын мүмкүн болушунча азайтуу, муундарынын функциясын жана социалдык мүмкүнчүлүктөрүн нормалдаштыруу аркылуу, жогорку сапатта жашоосун максималдык узак убакытка камсыздоо.

**C.** Максатка жетүүнүн эң зарыл болгон керектүү жолу – сезгенүүнү басаңдатуу.

**D.** Оорунун активдүүлүгүн туура баалоонун жардамы жана ылайык келген дарылоону тандоо аркылуу, максатка жеткенге чейин дарылоо, РА акыры оптималдуу болушуна түрткү берет.

**T2T боюнча дарылоого сунуштар**

1. Ревматоиддик артритти дарылоодо эң биринчи максат – клиникалык ремиссия абалын камсыз кылуу.

2. Клиникалык ремиссия сезгенүү активдүүлүгүнүн урунттуу белгилеринин жок болушу катары аныкталат.

3. Негизги максат ремиссия абалын камсыз кылуу болгону менен, илимий булактардын негизинде, дарылоонун альтернативдик максаты катары оорунун эң төмөнкү активдүүлүк абалына жетишүү деп эсептөөгө жол берилет, айрыкча туруктуу абалында жана узак убакытка созулган ооруда.

4. Дарылоонун максатына жеткенге чейин, дары-дармектер менен дарылоону 3 айда бир жолу кайра карап көрүү жүргүзүлөт.

5. Оорунун активдүүлүгү боюнча маалыматтарды тынымсыз баалоо жана документтештирүү: ремиссия абалында – сейрек (3-6 айда бир жолу).

6. Күндөлүк клиникалык практикада, дарылоо жөнүндө чечим кабыл алууда жабыркаган муундардын абалын эске алган оорунун активдүүлүгүнүн бардык комплекстик көрсөткүчтөрүн талдоого алуу.

7. Клиникалык чечим кабыл алууда, оорунун активдүүлүгүнүн бардык комплекстик көрсөткүчтөрүн талдоого алуудан сырткары, организмдеги тизимдик өзгөрүүлөрдүн жана функцияларынын бузулушун эске алуу.

8. Дарылоодо каалаган максатка жетишүү үчүн ооруну бардык убакытта токтотпой дарылоо.

9. Оорунун активдүүлүгүнүн бардык (комплекстик) көрсөткүчтөрүнө жана максат кылган ченемди тандоого,

ооруну коштогон оорулар, дары-дармектерди пайдаланууга байланышкан бейтаптын жеке өзгөчөлүктөрү жана тобокелчиликтери таасир бериши мүмкүн.

10. Ревматологдун көзөмөлү астындагы дарылоонун максаты жана ушул максатка жетүү үчүн пландаштырылган стратегиясы жөнүндө бейтап жетиштүү деңгээлде маалымат алып турушу керек.

**Ревматоиддик артритти EULAR боюнча дарылоо сунушу**

1. Бейтапка РА дарт аты коюлары менен, ага базистик сезгенүүгө каршы синтетикалык дары каражаттарын (БПВП) дайындап, дарылоону баштоо.

2. Дарылоонун максаты – мүмкүн болушунча ар бир бейтаптын саламаттыгын оорунун басылган абалына (ремиссия), жок дегенде оору белгилерин мүмкүн болгон абалга чейин төмөндөтүү; эгерде бул максатка жетишилбесе, түздөн-түз мониторинг жүргүзүү (ар бир 1-3 айда) менен дарылоонун алгылыктуу жолун тандоо.

3. Активдүү РА менен ооруган бейтаптарды дарылоодогу баштапкы стратегиялык түрүнүн (схемасы) бөлүгү метотрексат болушу керек.

4. Метотрексат дарысын дайындаганга каршы көрсөтмө (же аны кабыл албагычтык) болсо, кийинки БПВП каражаттары (лефлуномид, сульфасалазин, туздуу алтын (ийне) дары каражаты) стратегиялык биринчи кезекте болушу керек.

5. Базистик сезгенүүгө каршы дары каражаттарын мурда албаган бейтаптарга айкалыштырылып-бириктирилген синтетикалык БПВП табышталбай, монотерапиялык дарылоо дайындалат.

6. Глюкокортикоиддер, синтетикалык БПВПлар менен кошо биринчи кезектеги дарылоодо (кыска мөөнөттүк) пайдалуу болушу мүмкүн.

7. Эгерде базистик сезгенүүгө каршы дары каражаттары менен биринчи иреттеги дарылоодо натыйжа болбосо

(сакайтууга негиз болбогон факторлор: РФ жана антицируллиндик бөтөнзат аныкталса, эрозия пайда болсо, оорунун активдүүлүгү токтолбосо), ГИБП кошууну талкуулоо керек. Сакайтууга негиз болбогон факторлор жок болгон учурларда башка синтетикалык БПВПга өтүү сунушталат.

8. Метотрексат же/жана синтетикалык БПВП жардам бербеген бейтаптарга ГИБП дайындалышы керек. Учурдагы практикада ФНО-альфа ингибитору метотрексат менен дайындалат.

9. ФНО-альфа ингибитору менен дарылоодо натыйжа болбосо (же кабыл албастык аныкталса), анда башка ФНО-альфа ингибитору же бөлөк класстагы дарылар (абатацепт, ритуксимаб же тоцилизумаб) сунушталат.

10. Клиникалык өтүшү оор ревматоиддик артритти дарылоодо дайындалган дары каражатын сезбеген (рефрактердик), же болбосо ГИБПга же мурда колдонулуп жаткан синтетикалык БПВПга каршы көрсөтмөлөр болсо, монотерапия же айкалыштырып бириктирүү жолу менен азатиоприн, циклоспорин А, циклофосфамид дайындоону карап көрүү.

11. Ургаалдуу дарылоо стратегиясы ар бир бейтапка, биринчи кезекте айыгууга жагдайсыз болжолдоо факторлору барларга колдонулушу керек.

12. Эгерде бейтап оорунун туруктуу басылган абалында болсо, ГК өлчөмү азайтылышы керек, мүмкүн ГИБПын дагы дарылоо өлчөмүн азайтууну, айрыкча синтетикалык БПВП менен кошо дайындалган болсо, карап көрүү.

13. Оорунун узак убакытка туруктуу басылган абалында БПВПын колдонуу өлчөмүн, доктур менен бейтаптын биргелешкен чечими катарында, учурга карата өзгөртүү сунушталат.

14. Мурда БПВП албаган, айыгууга жагдайсыз болжолдоо факторлору бар бейтаптарга, биринчи кезекте метотрексат жана ГИБП кошо айкалыштырып дайындоону карап көрүү.

15. Дарылоо жолун тандоодо оорунун активдүүлүгүнөн башка дагы рентгенологиялык өзгөрүүлөрдү, коштолгон ооруларды жана дарылоо коопсуздугу факторлорун эсепке алуу керек. РА дарылоо боюнча клиникалык сунуштар, негизги басым мүмкүн болушунча күчтүү таасири бар дары каражаттарын (М: метотрексат жана ГИБП) дайындоодон башталганы жакшы.

**Пайдаланылган адабияттар:**


1. Атоолордун (терминдердин), сөз айкаштарынын орусча-кыргызча сөздүгү. Терминкомдун курамы: Ахматов Т.К., Кожобаев А.К. ж.б. – Бишкек, 2006.
2. Ахунбаев И.К. Медициналык терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү. – Фрунзе, 1964.
3. Жээналиев Мейманжан. Дарттапма диагностика. – Бишкек, 2011.
4. Насонова В.А., Астапенко М.Г. Клиническая ревматология: руководство для врачей – Москва, «Медицина» 1989.
5. Мамасаидов А.Т. Внутренние болезни (Учебник для студентов медицинских вузов). – Ош, 2014.
6. Чакиев Т., Жумабаев А. Медициналык- энциклопедиялык түшүндүрмө сөздүк. – Бишкек, 2013.
7. Юдахин К.К., Русско-кыргызский словарь. – Москва, 1957.
8. Энциклопедиялык окуу куралы. Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору. – Бишкек, 2004.

**Түзүүчүлөр:**

**А.А. Эшбаев**, м.и.к., доцент, РАЕ профессору, С.Б. Данияров атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык кайра даярдоо жана квалификацияны жогорулатуу институтунун түштүк филиалынын педиатрия адистиги боюнча ординатура жетекчиси,

**Ч.А. Эшбаева**, ОшМУнун дипломдон кийинки жана үзгүлтүксүз медициналык билим берүү борборунун бөлүм башчысы, Ош облустар аралык бириккен клиникалык ооруканасынын ревматолог-дабагери.

# МЕДИЦИНАДА КӨП КЕЗДЕШҮҮЧҮ ТЕРМИНДЕРДИН ОРУСЧА-КЫРГЫЗЧА ТҮШҮНДҮРМӨ СӨЗДҮГҮ


Редактору *Кадыров Ы.*
Тех. редактору *Довлоталиев Б.*
Корректору *Үркүнбаева Л.*
Компьютердик калыпка салган *Салиев Э.*

Басууга 19.03.2024-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 60х84 $^{1}/_{16}$.
Көлөмү 18 б.т. Нускасы 1000.

«Кут-Бер» ЖЧК басмаканасында басылды
Бишкек ш., Медеров көчөсү, 68.